**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Б. ЕЛЬЦИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-РОССИЯЛЫК СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 09.14.003**

**Кол жазма укугунда**
**УДК 39:008:130**

**КАЛМАМАТОВА Замира Абдырахмановна**

# ААЛАМДАШУУ ШАРТТАРЫНДА КЫРГЫЗДАРДЫН ЭТНОМАДАНИЯТЫНДАГЫ МАРГИНАЛДУУЛУК ФЕНОМЕНИ

**Адистиги: 09. 00. 11 – Социалдык философия**

**Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

**Д И С С Е Р Т А Ц И Я**

**Илимий жетекчиси: философия илимдеринин доктору, профессор ҮТҮРОВ К. Ү.**

**Бишкек – 2014**

# М А З М У Н У

**КИРИШҮҮ …………………...…...…………………………….............3 – 10**

**1-бап. ПРОБЛЕМАНЫ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ................................................11 – 75**

1.1. Этномаданий маргиналдуулукту анализдөөнүн социалдык-эпистемологиялык ыкмалары .....................................................................11 – 32
1.2. Этномаданий маргиналдуулуктун маңызы жана мазмуну .............…32 – 51
1.3. Маргиналдуулуктун этноцивилизациялык негиздери ……................52 – 75

**2-бап. КЫРГЫЗДАРДЫН МАДАНИЯТЫНДАГЫ МАРГИНАЛ-ДУУЛУКТУН БОЛМУШУ ...................................................................76 – 152**

2.1. Этномаданияттагы маргиналдуулуктун функциялануу формалары ......................................................................................................76 – 98
2.2. Ааламдашуунун контекстинде маргиналдуулуктагы салттуулук менен инновациялардын байланышы .....................................................98 – 128
2.3. Эгемендүү Кыргызстандын маданиятындагы маргиналдуулуктун өнүгүшүнүн аксиологиялык мааниси (тенденциялары)..................…..128 – 152

**КОРУТУНДУ ……………………...…………...………................153 – 158**

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ …..….......159 – 166**

# К И Р И Ш Ү Ү

**Изилдөөнүн актуалдуулугу** XX кылымдын аягында адамзаттын этномаданий өнүгүү процессиндеги өтө татаал социалдык проблемаларды чечүү зарылдыгы менен шартталган. Буга чейин адам баласы бүгүнкүдөй болуп бүткүл дүйнөдө болуп жаткан глобалдык процесстерге мынчалык терең жана ар тараптуу тартылган эмес. Дүйнө элдери менен ар кыл мамлекеттердин ортосундагы өз ара алаканын күчөшү, маданияттар ортосундагы пикир алышуунун мурда кийин болуп көрбөгөндөй кеңири кулач жайышы, заманбап дүйнөдөгү миграциялык агымдардын бир кыйла өсүшү ар кыл этномаданий чөйрөгө таандык адамдын болмушун коомдук жашоо-тиричиликтин алдыңкы планына алып чыгууда.

Этномаданияттагы маргиналдуулук проблемасы Көз каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) үчүн өзгөчө маанилүү. Анткени, биринчиден, СССР кулагандан кийин миллиондогон адамдар өздөрүнүн этноулуттук түзүмү жайгашкан аймактардан сырткары жерлерде калып, өз укуктары жетишээрлик деңгээлде корголбогон этникалык азчылыктарга айланган. Мындай жагдайда этномаданий маргиналдардын проблемасын изилдөө алардын жүрүм-турумун түшүнүү жана прогноздоо, о.э. ылайыктуу саясатты иштеп чыгуу үчүн пайдалуу боло алат. Жакын чет мамлекеттердеги этникалык азчылыктардын көп сандаган топторунун болушу КМШ өлкөлөрүнүн өз ара алакаларындагы жана алардын айрымдарынын ички саясатындагы чыңалуунун туруктуу түрдө жана кооптуу маанайда өсүшүнө булак болуп калуусу толук ыктымал. Мындай шарттарда жаңы этникалык азчылыктардын, ири алдыда, КМШ өлкөлөрүндө эмгек мигранты болуп жүргөн кыргыздар жаңы башкаруу күчтөрүнүн саясий оюндарында барымтага же курмандыкка айланып кетүүсү толук мүмкүн. Же болбосо, этникалык азчылыктар КМШ ичиндеги мамилелерди стабилдештирүүгө мүмкүндүк берген интеграциялык элементке айлана алышат. Экинчиден, мурунку СССРге кирген мамлекеттердеги жалпы социалдык-экономикалык

жана социалдык-саясий жагдайлардын начарлашы, калктын жашоо-тиричилигинин деңгээлинин этностор ортосундагы жаңжалдар жана кылмыштуулуктун өсүшү менен байланыштуу төмөндөшү постсоветтик жарандардын эмиграциясынын ири агымынын болушун шарттаган. Берилген диссертациялык иште дал ушул адамдардын жашоо-тиричилигинде пайда болгон айрым бир өзөктүү проблемалар каралмакчы.

Батыш саясат таануусунда ааламдашып бара жаткан дүйнөдөгү чыңалуунун фундаменталдуу булагы болуп идеологиялык же экономикалык эмес, дал ушул маданий мүнөздөгү факторлор эсептелмекчи деген божомолдор келтирилет. Чындыгында эле, глобалдык масштабдагы маанилүү жаңжалдардын кыйла бөлүгү бири биринен маданияты менен кескин айырмаланган топтор же социумдар ортосунда пайда болууда.

Этномаданий маргиналдуулук проблемасы практикалык-саясий өңүттө гана эмес, илимий-теориялык маанайда да өзгөчө мааниге ээ. Себеби, аталган көйгөй маданият, этнос, инсан сыяктуу заманбап коом таануунун эң талуу жеринде орун алган. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк саясий процесстерде, этностор аралык жана маданияттар аралык мамилелерде болуп жаткан терең өзгөрүүлөр ата мекендик коом таануу үчүн салыштырмалуу жаңы болуп саналган түшүнүктөрдү киргизүүнү, маданияттардын өз ара алакасынын механизмдери тууралуу маселени тактоону, заманбап дүйнөдөгү этностор ортосундагы мамиленин жаңы кырлары менен өңүттөрүн изилдөөнү талап кылат.

Этномаданий маргиналдуулук проблемасынын анализи эмпирикалык реалдуулукту изилдөөнүн зарыл жана маңыздуу шарты болуп саналат. Көп кырдуу кубулуш болуп эсептелүү менен социогуманитардык изилдөөнүн предмети катары этномаданий маргиналдуулук айрым бир жеке илимий дисциплинанын чегине гана кирбейт. Бүгүнкү күндө маргиналдуулук тууралуу билимдердин комплекси "маргиналистика" деп аталып, ал кандайдыр бир илимий дисциплинанын статусуна ээ болбосо да, дисциплиналар аралык изилдөөлөрдүн натыйжасы болуп саналат. Ушуга

байланыштуу анын терең социалдык-философиялык негиздеринин милдеттери актуалдуу болуп саналат. Мында "маргиналдуулук" түшүнүгүнүн публицистикалык адабиятта кеңири пайдаланылып, мааниси уламдан улам өсүп бара жаткан мифологизациясы менен метафоризациясы аны олуттуу илимий изилдөөлөрдөн оолак кармап келет.

Этномаданий маргиналдуулук проблемасын изилдөөнүн актуалдуулугу саясий теория жана саясий практиканын бүгүнкү күнгө карата бышып жетилип, эми кечиктирилбестен чечүү зарыл болгон милдеттери менен да шартталган. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин заманбап дүйнөдөгү ар кыл саясий системалар менен идеологияга ээ өлкөлөрдө улуттук мамлекет концепциясы бекем орногон. Бирок, бүгүнкү күндө дүйнөнүн көп бөлүгүндө мындай мамлекет калктын маргиналдуу топторунун социалдык-саясий проблемалары менен мүдөөлөрүн канаттандыруу ишинде өз максатына жетпей келет. Дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө байкалган этномаданий түзүмдөрдүн жогоруда айтылган активдүүлүгү мамлекет менен бул түзүмдөрдүн ортосундагы мамилелердин жаңы тибин пайда кылып, бир катар татаал саясий суроолорго жооп берүү зарылдыгын жаратууда. Айтсак, айрым бир этномаданий түзүмдү (этнокультурное образование) коргоо принцибине негизделген мамлекет жашап кетүү мүмкүндүгүнө ээби? Мамлекеттеги туюк жана жалгыз этномаданий түзүмдүн логикасы кандай социалдык-саясий кесепеттерге алып келүүсү ыктымал? Мамлекет тарабынан бул процесстерди жөнгө салуу жана заманбап калктын ар кыл топторунун этномаданий изоляциясын четке кагуу мүмкүнбү? Ошентип, маргиналдуулук проблемасы социалдык-философиялык жобонун гана эмес, социалдык-саясий теория менен практиканын көз карашында да актуалдуу болуп саналат.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп ааламдашуу шарттарындагы кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феномени эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп заманбап доордун антропологиялык жана маданий феномени катары кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук саналат.

Ошентип, *диссертациялык изилдөөнүн темасын* тандап алуу, анын *максаты* менен *милдеттери* аталган проблемалардын актуалдуулугу, о.э. алардын илимий адабиятта жетишээрлик деңгээлде иштелип чыкпагандыгы, алардын зор теориялык-методологиялык жана социалдык-саясий мааниси менен шартталган.

**Берилген иштин негизги максаты** болуп ааламдашуу шартында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулуктун маңыздуу социалдык-философиялык мүнөздөмөлөрү менен анын конкреттүү көрүнүштөрүн аныктоо эсептелет. Изилдөөнүн жүрүшүндө маргиналдуулук проблемасын изилдөөдөгү социалдык-саясий жобону негиздөөгө жана өнүктүрүүгө аракеттер жасалды. Мындан сырткары, автор тарабынан бул жобо айрым бир мамлекеттин чегиндеги жана мамлекеттер ортосундагы ар кыл этномаданий түзүмдөрдүн өз ара алакасынын көп жактуу процесси катары чечмеленди.

Диссертацияда коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй бир катар **милдеттер** коюлуп, аларды чечүү аракеттери жасалды:

- Этномаданий маргиналдуулукту анализдөөнүн социалдык-эпистемологиялык ыкмаларына кыскача обзор берүү;
- Этномаданий маргиналдуулуктун маңызы менен мазмунун аныктоо;
- Маргиналдуулуктун этноцивилизациялык негиздерин архетиптер жана стереотиптер аркылуу ачып берүү;
- Кыргыздардын этномаданиятындагы орусташтыруу процесси менен байланышкан маргиналдуулуктун функциялануу формаларын тастыктоо;
- Ааламдашуунун контекстинде маргиналдуулуктагы салттуулук менен инновациялардын байланышын анализдөө;

- Эгемендүү Кыргызстандын маданиятындагы маргиналдуулуктун өнүгүшүнүн аксиологиялык маанисин (тенденцияларын) ачып берүү.

Коюлган максат менен милдеттерди ишке ашыруу берилген изилдөөнүн илимий жаңычылдыгын шарттап, ааламдашуу шарттарында кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феноменине карата төмөнкүдөй **теориялык-методологиялык анализ** жүргүзүлдү:

1. Маргиналдуулук түшүнүгүн пайдалануу чектери такталды; социалдык, статустук-ролдук жана этномаданий маргиналдуулук түшүнүктөрү бири биринен айырмаланды.

2. "Маргиналдуу инсан", "маданияттар ортосундагы өз ара алака", "этникалык маданият", "аномия", "ассимиляция", " этномаргинал" терминдеринин категориалдык- түшүнүк аппараты такталды. Мында маргиналдуу инсан инсандын өзгөчө тиби, маданий гибрид, эки ар башка элдин маданияттары менен каада-салттарынын ортосунда чалынып, аң-сезиминин дуализми (эрежелери менен кабыл алууларынын кош маанайы), так кесе аныкталган маданий параметрлеринин жоктугу, пикирлери менен иш-аракеттеринин туруксуздугу жана карама каршылыктуулугу менен мүнөздөлгөн адам катары каралды.

3. Маргинализация процессинде маданияттагы жатыркоонун (отчуждение культуры) ролу изилденди.

4. Башка маданияттар менен алакалашуунун ачык жана жабык формаларынын проблемасы изилденди.

5. Этномаданий маргиналдуулук феномени туруктуулук (статика) менен өзгөрмөлүүлүктүн (динамика) биримдиги катары ачылып берилди. Динамикалуулуктун көз карашында этномаданий маргиналдуулук субъекттин (топтун, жамааттын) бир маданий-тилдик чөйрөдөн экинчисине өтүү процесси катары аныкталды. Этномаданий маргиналдуулукту статикалык өңүттө изилдөө аркылуу анын субъектисинин маңыздуу касиеттерин аныктоо аракеттери жасалды.

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси** болуп анын негизги жоболору менен корутундулары маданияттын, инсандын социалдык-философиялык теорияларын, о.э. дүйнөлүк саясий процесстин теорияларын андан ары иштеп чыгуу ишинде пайдалануу мүмкүндүгү эсептелет. О.э. диссертациянын материалдары маданияттар аралык жана этностор аралык мамилелердин чөйрөсүндөгү бышып жетилип, чечилүүнү күтүп жаткан көйгөйлөрдүү чечүү ишинде практикалык сунуштарды иштеп чыгуу үчүн да пайдаланыла алат. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жалпы мазмунун аныктаган теориялык жоболор социалдык философия, социология, саясат таануу (политология) жана маданият таануу (культурология), дүйнөлүк саясий процесстин теориялары, о.э. этностун теориясы жана инсандын теориясы менен байланышкан атайы курстар боюнча дарс окуу, окуу куралдарын даярдоо ишинде пайдаланыла алат.

**Коргоого алынып чыгарылган негизги жоболор**. Изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде төмөнкүдөй корутундулар коргоого сунуш кылынат:

1. Ар бир этноулуттук маданият географиялык, тарыхый, технологиялык жана турмуш-тиричилик сыяктуу спецификалуу чөйрөлөрдө калыптануу менен өз тилин, маданий коддорун, дүйнө көрүмүн, өзүнө гана таандык дүйнө элесин (картина мира) иштеп чыгат.

2. Дүйнөнүн элеси кубулуштар менен окуяларды кабыл алуу менен интерпретациялоонун спецификалуу ыкмасын аныктап, дүйнө кабыл алуунун пайдубалы болуп саналат. Дүйнөнүн элеси тарых менен шартталган мүнөзгө ээ болуу менен коомдун тарыхый өнүгүшүнүн жүрүшүндө субъекттердеги дүйнө тууралуу түшүнүмдөрдүн дайыма өзгөрүлүп туруусун мүмкүн кылат. Дүйнөнүн элесинин маанилүү компоненттери болуп маданий нормалар, баалуулуктар, образдар менен түшүнүмдөрдүн системасы, дүйнөнү кабыл алуунун ыкмалары, маданий архетиптер менен каада-салттар эсептелишет.

3. Маданият менен байланышкан психологиялык өзгөчөлүктөрдү изилдөөдө этникалык стереотиптерди айырмалап алуу ишти бир кыйла жеңилдетет. Этникалык стереотип деп кандайдыр бир этникалык топтордун

же жамааттардын ар бир өкүлүнө ыйгаруу жеңил болуп саналган, жөнөкөйлөштүрүлгөн, схемалаштырылган, эмоционалдуу боекторго каныккан жана абдан туруктуу мүнөздөгү образдары аталат. Демек, этникалык стереотиптер деп башка улуттук топтордун көз карашында кандайдыр бир улуттук топтун өкүлдөрү тууралуу туруктуу түшүнүмдөрдү атоого болот.

4. Соодадан алыс болуп, руханий дүйнө менен жашап, кең пейили, түз сүйлөгөнү менен айырмаланган Кыргызстандын түндүгүндөгү номаддардын кулк-мүнөзү менен тарыхый жагдайлардан улам Кокон хандыгы менен өзбек туугандардын таасирине чалдыгып калган түштүк туугандардын соода цивилизациясына таандык спецификалуу кулк-мүнөзү менен тилинин ортосундагы айырмачылык кыргыздардын түндүк-түштүк болуп бөлүнүүсүнө негиз болуп калган.

5. Маданияттар аралык өз ара алаканын тогуз жолдун тоомундагы, же фокусундагы индивиддин (топтун, жамааттын) абалын мүнөздөгөн маргиналдуулук түшүнүгү алгачкы жолу XX кылымдын биринчи жарымында америкалык социалдык илимде европалык эмес дүйнөгө таандык инсанды туюнтуу максатында пайда болгон.

6. Социумдун мезгил мезгили менен кайталанып туруучу флуктуациясынын (термелүүсүнүн) себеби катары маргиналдуулук коомдук болмушту жападан жалгыз, балким, туңгуюкка алып келүүчү жол боюнча өнүгүүдөн алдын алып, анын жашоосунун коргонуч механизми да, өз алдынча кайра жаралып (жанданып) туруучу көп түрдүүлүктүн механизми да болуп саналат.

7. Колдо болгон илимий адабияттын анализи төмөнкүдөй эки корутунду жасоого мүмкүндүк берет. Биринчиси, советтик изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде бир катар баалуу байкоолор кездешет, маанилүү көлөмдөгү тарыхый-политологиялык материал жалпыланган, бирок, теориялык жактан маргиналдуулук жана маргиналдуу инсан түшүнүктөрү, о.э. этномаданий маргиналдуулук феномени жетишээрлик иштелип чыккан эмес. Экинчи корутунду КМШ аймагы менен ата мекендик илимий адабияттагы

маргиналдуулук феноменин изилдөө тажрыйбасы анча чоң эмес, о.э. изилдөөнүн объектисинин татаалдыгы менен көп кырдуулугу бул кубулушту социалдык-философиялык өңүттө изилдөө зарылдыгын жаратат.

8. Ааламдашуунун заманбап шарттарында этникалык, же этномаданий маргиналдуулук салттуу маданияттардын этникалык спецификалары менен кагылышкан Батыштын унификацияланган урбанисттик (латынчадан urbanus – шаардык) маданиятынын экспансиясы менен тыгыз байланышкан. Кыргыз этномаданиятынын шарттарында мындай кубулуш СССРдин орусташтыруу жана орусташтыруу саясатынын формасында көрүнгөн.

9. Ар кыл объективдүү жана субъективдүү факторлордун таасири астында кыргыздар XX жана XXI кылымдарда ири масштабдагы миграциянын таасирине чалдыгып, дүйнө өлкөлөрүнө чачырап, дисперсия жана диаспора формасында өнүгүүгө мажбур болгон. Этномаданият проблемалары боюнча илимий адабияттын анализи көрсөткөндөй, кыргыздар дүйнөдөгү эң байыркы этнос болуп саналганы менен алардын дисперстүүлүгү менен диаспоралдуулугунун классикалык маселелерин изилдеген эмгектер азырынча жокко эсе.

**Иштин апробацияланышы**. Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары Ж. Баласагын атындагы КУУ (2014), КР ИУАнын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институту (2014), И. Арабаев атындагы КМУ (2014) өткөргөн республикалык илимий-теориялык конференциялардын материалдарында, 12 илимий макалада, анын ичинде «Высшая школа Казахстана» (Алматы, 2014) илимий журналында чагылдырылган.

Диссертациянын темасы боюнча 12 илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин структурасы**. Иш киришүүдөн, эки баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык иштин структурасы изилдөөнүн максаты менен милдеттерин толук чагылдырат.

# 1-бап.
# ПРОБЛЕМАНЫ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Этномаданий маргиналдуулукту анализдөөнүн социалдык-эпистемологиялык ыкмалары

Дүйнөлүк маданияттар адамзаттын жалпы мурасындагы биримдиктүү бүтүндүктү түзгөндүктөн, айрым элдердин маданий өз алдынчалуулугу коомдук жаңылануу менен башка элдердин каада-салттары, баалуулуктары менен болгон алаканын натыйжасында жаңыланып жана анын мазмуну уламдан улам байып турат. Маданият ар кандай элдердин ортосундагы диалог, ойлом менен тажрыйба алмашуу, башкалардын каада-салты менен баалуулуктарын өздөштүрүү болуп саналат да, туш тараптан корулган (изоляцияланган) шартта ал алдан-күчтөн тайып, акырындык менен өлүп жок болот.

Бир дагы маданият универсалдуу боло албайт, маданияттын универсалдуулугу ар бири өз алдынчалуулук менен уникалдуулукка ээ дүйнөнүн ар башка элдеринин тажрыйбасынан куралат. Маданий өз алдынчалуулук менен маданий айырмачылыктар өз ара тыгыз байланышкан. Ар кыл каада-салттар жанаша жашап, өз ара тыгыз алакада болуп турган маданий көп түрдүүлүк дүйнө элдеринин маданий өз алдынчалуулугунун негизин түзөт да, маданий өзгөчөлүктөр элдердин өз ара бириктирип турган жалпы баалуулуктардын биримдигин буза албайт.

Албетте, айтылгандардын баары ар бир элдин маданий өз алдынчалуулугу менен мурастарын коргоого, өнүктүрүүгө жана байытууга мүмкүндүк берген, улуттук азчылыктардын маданияты менен дүйнөнүн башка элдеринин маданий баалуулуктарын толук түрдө урматтап-сыйлоону камсыз кылган маданий саясатты талап кылат. Анткени, тигил же бул топтун маданиятын билбестик же аны талкалап, жок кылуу жалпы адамзатка таандык болгон мурастар менен дөөлөттөрдү орду толгус мүнөздө жакырлантат. Бардык маданияттардын артыкчылыктарынын тең укуктуулугу

менен ар бир элдин, маданий жамааттын маданий өз алдынчалуугун орнотууга, сактоого, коргоого жана ага карата урмат-сыйды камсыз кылууга болгон укугун моюнга алуу зарылдыгы – бүгүнкү күндүн талабы.

Ошентип, маданият илимий жетишкендиктер, ачылыштар, көркөм чыгармалар, адамзаттын философиялык дүйнө көрүмүндө чагылдырылган рухий тажрыйбасы түрүндөгү маданий натыйжа гана болуп саналбайт. Маданият адамды жакшырткан, анын зоболосун көтөргөн, бүткүл адамзаттын алдында турган маселелер менен милдеттерди чечүү үчүн зарыл болуп саналган инсандын идеялык жана чыгармачыл (жаратман) мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүргөн жандуу коомдук форма болуп саналат. Ошону менен катар эле маданият өткөндөн келе жаткан салт-санаалардын негизинде адамды келечекке талпындырат: салттуу маданиятка таянуу менен адам дүйнөлүк тарыхтын перспективаларын калыптандырат.

Айтылгандарга карабастан, илимий адабиятта философиялык жана дүйнө көрүмдүк өңүттөрдө (аспекттерде) улуттук же этникалык маданият эч кимге түшүнүксүз, абстракттуу, ал бир дагы илимге таандык болбогон түшүнүк деген пикирлер да кездешет. Ал тургай, мындай феномен менен түшүнүктөн баш тартуу сунуштары да болгон.

Түзүлгөн жагдай «улуттук маданияттын» түшүнүгү илимий категориялардын катарына киреби деген резондуу суроону пайда кылат. Албетте, адабияттын, өнөрдүн (искусствонун), диндин ж.б. «улуттук формасынын» болушу буга айкын мисал. Маданияттын улуттук формасы ар кандай илимдер тарабынан ар кыл көз караштын чегинде изилденгендиктен, ал эми ар бир илим улуттук форманы изилдөөнүн негизине аталган илимдин спецификалуу предмети жана ал үчүн конкреттүү болуп саналган изилдөө объектиси менен байланышкан тигил же бул белгини атагандыктан, «маданияттын улуттук формасы» түшүнүгүн илимий жана философиялык категориялардын катарына киргизүүгө мүмкүн деген авторлор менен макулбуз.

Мисалы, адабиятчылар улуттук форма түшүнүгү аркылуу элдин көркөм күч-кубатын, образ жаратуунун улуттук маданиятүн туюнтушат. Актерлор үчүн сахна өнөрүндөгү улуттук форма болуп сахнада улуттук маданияттын кайталангыс, өзгөчө каражаттарын чагылдыруу эсептелет.

Улуттук форманын мындай аныктамалары сөз болуп жаткан өнөрлөрдүн предметтүү спецификасы менен байланышкан. Тигил же бул улуттун өкүлүнүн образы менен ички дүйнөсүн улуттук маданият аркылуу ачып берүү мүмкүн. Сахна өнөрү менен көркөм адабияттагы мындай өзгөчөлүккө алгачкылардан болуп көңүл бургандардын бири Н. Г. Чернышевский мындай деп жазат: «Улуттун жергиликтүү боекторусуз, каада-салттарысыз, ой-пикирлерисиз, каармандардын улуттук маданиятысыз аткарылып жаткан оюнда реалдуулук менен чындык жокко чыгып, каармандар нукура сезим-туюмдардан айрылышат» [Чернышевский Н. Т., 1949. - Т. 2. - С. 129].

Эстетиктер маданияттын улуттук формасы деп башка элдердин өнөрүндөгү (искусствосундагы) чагылдыруу каражаттарына карата өзүнүн спецификалуу формасы менен айырмаланган чагылдыруу каражаттарын түшүнүшөт.

Тарыхчылар маданияттын улуттук формасынын аныктамаларынын негизине башка белгини коюшат: алар улуттук деп элдин тарыхын чагылдырган, анын тарыхын сактоочу, коргоочу каражат катары улуттук баалуулуктардын арсеналына айланган материалдык маданияттын эстеликтерин аташат.

Этнографтарды болсо улуттук маданияттын таптакыр башка өңүтү (аспектиси) кызыктырат. Алар улуттук өз алдынчалуулуктун (самобытность) табиятын, б.а. улут этнос катары дүйнөлүк цивилизациянын тарыхына кандай жаңылык, өзгөчөлүк киргизгенин, тигил же бул эл, улут цивилизациянын өнүгүүсү үчүн кандай салым кошконун, улут тарабынан дүйнөлүк маданиятка киргизилген жаңылыктын, өзгөчөлүктүн ролу менен маанисин изилдешет. Ошондой эле аларды маданияттын улуттук

формасынын пайда болуу, калыптануу тарыхын жана социалдык функцияларды аткаруу жөндөмдүүлүктөрүн иликтөө кызыктырат.

Тилчилер тилдин тарыхын элдин тарыхы менен байланыштыруу аркылуу улуттук тилдин өзгөчөлүктөрүн аныкташат.

Улуттук маданиятты жана анын критерийлерин аныктоонун жалпы методологиясы төмөнкүдөй жоболор менен шартталат: 1) берилген элдин тарыхын тигил же бул формада чагылдырган кубулушту, же көрүнүштү улуттук деп атоого болот; 2) берилген элдин тарыхындагы кубулуштардын, же көрүнүштөрдүн баарын эле улуттук деп атоого негиз жок; 3) нукура улуттук маданият бүткүл элге таандык болуп, бул элдин жашоо-тиричилигинин бардык чөйрөлөрү үчүн жалпы болуусу абзел. Мисалы, каалагандай каада-салт, же үрп-адат улуттун күнүмдүк жашоо-тиричилигинде активдүү функцияланып жана аталган улуттун бардык мүчөлөрү тарабынан колдонулган учурда гана улуттук маданияттын формасына ээ болот. Дал ушул маанисинде улуттук маданият адабияттагы, өнөрдөгү (искусстводогу), этникалык жашоо-тиричиликтеги ж.б. чөйрөлөрдөгү улуттук деп аталган элементтерди таанып-билүү менен изилдөөнүн негизги принцибине айланат.

Маданияттын өнүгүшү белгилүү бир формалар боюнча жүрөт. Эгер аны схема түрүндө элестете турган болсок, анда рухий процесс маданияттын уруулук формасынан улуттук формасына карай багыт алган кыймылды туюнтат. Демек, «маданияттын улуттук формасы» адамдардын этникалык жамаатынын маданиятынын өнүгүшүндөгү жогорку этап болуп саналат. Улуттук маданият менен этникалык, же уруулук маданияттын ортосундагы байланыштар, жалпы жонунан, философиядагы жөнөкөйдөн татаалга, төмөнтөн жогоруга карай прогрессивдүү өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баш иет.

Улуттун, улустун (народностъ), этникалык топтун чарбалык болобу, рухий болобу, бүтүндөй турмуш-тиричилиги «улуттук формага» ээ. Айыл чарбасынын бир тармагы болгон кой чарбасын мисалга алсак. Бүткүл

дүйнөнүн айыл чарбасы, анын ичинде мал чарбасы жана анын бир тармагы болгон кой чарбасы өнүгүүнүн интенсивдүү жолдоруна которулуп, өз ишмердүүлүгүндө илим менен техниканын, селекциянын жетишкендиктерин колдонот, бекем тоют базасына таянат ж.б. Мындай иш-аракетттер кой багуунун бүткүл дүйнөгө таандык маданиятынын жалпы формасы болуп саналат. Бирок, Кыргыз Республикасында кой багуунун, айталык, австралиялык формасынан кескин айырмаланган жана өз методдору, ыкмалары боюнча Кыргыз Республикасына гана мүнөздүү формалары колдонулат. Эгерде, Австралияда, жалпы жонунан, ар бир кой атайылап бөлүнүп коюлган жайда, өнөр жайлык негизде асыралса, Кыргызстандын кой чарбасы жайлоо, жаздоо, кыштоо, күздөө деп аталган жайыт которуштуруп мал багуу ыкмасын кеңири колдонот. Мындай ыкма тоюттук база, чөлкөмдүк географиялык шарттар, кыргыз элинин байыртадан келе жаткан экологиялык, экономикалык ж.б. билимдери, каада-салттары, үрп-адаттары, ал тургай, селекционерлер менен агротехниктердин илимий-практикалык жетишкендиктери менен да шартталган.

Акыркы 20 жыл ичинде ата мекендик гуманитаристика этностун, улуттун (нация), элдин этномаданий жана характерологиялык өзгөчөлүктөрүнүн анализи менен байланышкан ар кыл жана көп кырдуу маселелерди интенсивдүү изилдөө үстүндө. Өзүнүн мазмуну да, формасы да жагынан кыргыздардын этномаданияты Чыгыш цивилизациясынын маданий баалуулуктарына кирсе да, кыргыздар коңшу элдер менен активдүү алакада болуп, алардын маданиятын өзүнүкүнө жуурулуштуруп, эч бир элге окшобогон уникалдуу этникалык аң-сезимге, иденттүүлүккө, кулк-мүнөзгө, менталдуулукка, маданиятка, көчмөндөргө мүнөздүү кайталангыс архетипке, баалуулук системасына, чарба жүргүзүү ыкмаларына ээ экендиги философиялык адабиятта Г. К. Аалиева [Караңыз:Аалиева Г. К., 2013], А. А. Айтбаев [Караңыз: Айтбаев А. А., 2007], Ш. Б. Акмолдоева [Караңыз: Акмолдоева Ш. Б., Ниязова Ж. К., 2005], К. Ибраев [Караңыз: Ибраев К., 2001], К. Б. Ибраимов [Караңыз: Ибраимов К. Б., 2000], А. Ч. Какеев

[Караңыз: Какеев А. Ч., 1995], Ы. М. Мукасов [Караңыз: Мукасов Ы. М., 2000], Х. Незихоглу [Караңыз: Незихоглу Х., 2013], Ч. Өмүралиев [Караңыз: Өмүралиев Ч. – 1992. 5-март.], Д. И. Сарыгулов [Караңыз: Сарыгулов Д. И., 2002], О. А. Тогусаков [Караңыз: Джусупбеков А. К., Тогусаков О. А., 2011], С. М. Абдрасулов жана Ж. К. Урманбетова [Караңыз: Урманбетова Ж. К., Абдрасулов С. М., 2009], М. М. Эдилова [Караңыз: Эдилова М. М., 2001] ж.б. кыргызстандык изилдөөчүлөр тарабынан илимий анализдерге тартылган.

Ошондой болсо да, 20 кылымдан ашуун тарыхый өнүгүүгө ээ кыргыз этносунун маданиятына зор таасир көрсөтүп жаткан ааламдашуу процесстеринин тигил же бул өңүттөрүн анализге тарткан бир катар илимий жана башка мүнөздөгү эмгектердин ичинен постсоветтик мезгил аралыгында бүгүнкү күндө дүйнөнүн ар кыл мамлекеттеринде жүргөн кыргыздар менен кыргыз улутундагы мигранттарынын этномаданиятына комплекстүү илимий анализ берген бир да эмгекти бөлүп көрсөтүү азырынча мүмкүн эмес. Бул багытта ааламдашуунун (глобализациянын) шарттарында исламды модернизациялоо маселелерин талдоого алган Т. Ч. Абдылдаева [Караңыз: Абдылдаева Т. Ч., 2008], Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы Чыгыш-Батыш маданияттарынын диалогу проблемасын изилдөө аркылуу маргинализм түшүнүгүнө токтолгон Д. К. Шакированын [Караңыз: Шакирова Д., 2011] жана Кыргыз Республикасындагы түрк-месхетин диаспорасынын этникалык маданиятын анализдеген М. Дж. Гусейнованын [Караңыз: Гусейнова М. Дж., 2013] эмгектери бир кыйла айырмаланып турат.

Өзүнө гана таандык этномаданиятка ээ ар бир элдин басып өткөн тарыхый жолу бар. Байыркы кыргыздар жазуу маданиятын жоготуп алгандыгына байланыштуу, кыргыздар менен Кыргызстанда историографиялык салт болгон эмес. Кытайдын династиялык хроникаларында («Тан-шу» - «Тан династиясынын тарыхы») [Караңыз: Бичурин Н. Я., 1950], монголдор доорунда Орто Азияга саякат жасаган персиялыктардын тарых-намаасында [Караңыз: Рашид-ад-Дин., 1952]

байыркы кыргыздар менен алардын этномаданияты тууралуу алгачкы маалыматтар кездешет.

Кыргызстандын Орусияга кошулушуна байланыштуу кыргыздар менен алардын этномаданиятын этнографиялык изилдөөгө тартуу XIX кылымдын 2-жарымында бир кыйла жанданат. Бул мезгилде Ч. Валиханов [Караңыз: Валиханов Ч. Ч., 1958], жогоруда сөз болгон «Тан-шу» деп аталган тарыхый кытай булагын орус тилине которгон Иакинф ата (Н. Я. Бичурин) [Караңыз: Бичурин Н. Я., 1950], В. В. Радлов [Радлов В. В., 1963. – С. 7-8] сыяктуу чыгаан орусиялык изилдөөчүлөрдүн кыргыздар жана алардын этномаданияты боюнча жазылган алгачкы этнографиялык эмгектери жарык көрөт. Революцияга чейинки Кыргызстан тууралуу этнографиялык маалыматтар Б. Солтоноевдин «Кыргыз тарыхында» [Караңыз: Солтоноев Б., 2003] жана немец окумуштуусу К. Риттердин «Азиянын жер таануусу. Орусия менен тыгыз алакада болуп турган өлкөлөрдүн географиясы» [Караңыз: Риттер К., 1860] деп аталган эмгегинде да кеңири кездешет. Аталган авторлордун ичинен кыргыздардын этномаданиятын окуп-үйрөнүүдө Ч. Ч. Валихановдун этнографиялык изилдөөлөрү зор мааниге ээ. Ал тарабынан чогултулган материалдар кыргыздардын чарбасын, турмуш-тиричилигин, административдик түзүлүшүн, динин жана маданиятын ар тараптан мүнөздөгөн.

Советтик этнография менен антропология үчүн С. М. Абрамзондун [Караңыз: Абрамзон С. М., 1990], М. Т. Айтбаевдин [Караңыз: Айтбаев М. Т., 1957], Д. О. Айтмамбетовдун [Караңыз: Айтмамбетов Д. О., 1967.], К. И. Антипининанын [Караңыз: Антипина К. И., 1962], А. Алтмышбаевдин [Караңыз: Алтмышбаев А., 1985], Б. Аманалиевдин [Караңыз: Аманалиев Б., 1963], А. Байбосуновдун [Караңыз: Байбосунов А., 1990], Т. Д. Баялиеванын [Караңыз: Баялиева Т. Д., 1981] Ф. А. Фиельструптун [Караңыз: Фиельструп Ф. А., 2002] эмгектериндеги маалыматтар зор мааниге ээ.

Көз карандысыз Кыргыз Республикасынын шарттарында кыргыздардын эмгек салттарын, жамааттын чарбалык жана социалдык

функцияларын, коомдук аң-сезимин, элдик түшүнүмдөрүн, социалдык психологиясын тарыхый, этнографиялык, фольклордук, архивдик материалдардын негизинде илимий анализге тарткан С. К. Алымкулова [Караңыз: Алымкулова С. К., 1999], А. А. Асанканов [Караңыз: Асанканов А. А., 1997], С. А. Аттокуров [Караңыз: Аттокуров С. А., 1998], А. К. Илебаев [Караңыз: Илебаев А. К., 2007], Ч. Исраилова-Харьехузендин [Караңыз: Исраилова-Харьехузен Ч., 1999], О. Э. Капалбаев [Караңыз: Капалбаев О. Э., 2007], О. К. Каратаев [Караңыз: Каратаев О. К., 2004], Ө. Ж. Осмонов [Караңыз: О. Дж., 2005], Э. Ж. Токтакунова [Караңыз: Токтакунова Э. Ж., 2008] өңдүү окумуштуу-этнографтардын, о.э. Ч. Өмүралиев [Караңыз: Өмүралиев Ч. – 1992. 5-март], Д. Сарыгулов [Караңыз: Сарыгулов Д. И., 2002] өңдүү ойчулдардын эмгектери өзгөчө орунду ээлешет.

Этникалык, же этномаданий маргиналдуулук деген эмне?

Ата мекендик изилдөөчүлөр "Маданияттын ар бир тиби өзүнүн негизги өндүрмөсү (продуктысы), демек бул өңүттө, өзүнүн башкы максаты катары адамдын белгилүү бир тибин түшүнөт. Чыгыш жана Батыш маданияттарынын багыттары бирин бири толуктоого жөндөмдүү болгондуктан, изилдөөгө тартылып жаткан диалогизм тематикасынын чегинде инсан проблемасы жаңыча боекторго ээ болот. Аталган өзгөчөлүктү Ч. Айтматов чыгармаларында тигил же бул деңгээлде кыйыр жана тике чагылдырылган «маргиналдуу инсан», «манкурт» жана «бүтпөс адам» («неоконченный человек») түшүнүктөрү менен байланыштыруу зарыл деген пикирдебиз" [Шакирова Д., 2011. – 115-бет], - дешет.

Илимий адабиятта «маргинал», «маргиналдуу маданият», «маргиналдуу инсан» түшүнүктөрү менен аларга берилген аныктамалар кездешет [Хоруженко К. М., 1997. – С. 287-288]. Аталган булакка таянуу менен бул түшүнүктөрдү төмөнкүчө аныктоого болот:

1. Маргинал (французчадан marginal – кошумча нерсе, артык баш нерсе, чеке-белде калган жазуу) – 1) бул мурдагы социалдык байланыштардан ажырап, бирок, жашоо-тиричиликтин жаңы шарттарына

көнө албай, кандайдыр бир социалдык топтордун ортосунда, арасында калган адам (мисалы, эмигранттар); 2) коомдун чеке-белинде калган адам (мисалы, люмпен[1], селсаяк, бомж[2]) [Хоруженко К. М., 1997. – С. 287].

2. Маргиналдуу маданият – элет жерлеринен шаарларга карай багытталган массалык миграция шаардык маданияттын салттуу өзгөчөлүктөрүн гана «кыйратпастан», элет менен шаардын маданияттарынын ортосундагы маргиналдуу маданияттын пайда болушуна да түрткү берген [Хоруженко К. М., 1997. – С. 287].

3. Маргиналдуу инсан – бул эки ар кыл элдердин маданиятынын, жашоо-тиричилигинин жана каада-салттарынын ортосунда жашаган, аларга аң-сезимдүү түрдө аралашкан адам. Мындай адам берилген мүмкүнчүлүктөрдүн болгондугуна карабастан эч качан өзүнүн өткөн тарыхы менен каада-салттарынан кол жууй албайт, ошол эле учурда ал өзү азыр татыктуу орунду ээлөөгө тырышып жаткан жаңы коомго да өз башын толук кандуу батыра албайт. Бул бири бири менен эч качан жуурулушпаган эки маданият менен эки коомдун ортосундагы ара жолдуу жагдайда калган инсан болуп саналат. Маргиналдуу инсан калктын миграциясы сыяктуу адамды кандайдыр бир маданиятты таштоого, өзү үчүн чоочун болуп саналган маданий баалуулуктарды, социалдык ролдорду, жашоо образын өздөштүрүүгө мажбурлаган ар кыл процесстердин натыйжасы же өндүрмөсү (продуктысы) болуп саналат [Хоруженко К. М., 1997. – С. 287-288].

Эреже катары, этникалык, же этномаданий маргиналдуулук аккультурация[3] жана ассимиляция[4] процесстери менен коштолот да,

---

[1] Люмпен (немец тилинен lumpen – тамтыгы кеткен, самсаалаган кийим) – бул К. Маркс тарабынан пролетариаттын (жумушчу табынын) эң эле төмөнкү катмарларын белгилөө үчүн киргизген түшүнүгү. Кийинчерээк «люмпен» деп калктын эч бир тапка таандык болбогон катмарларын (селсаяктарды, кайырчыларды, кылмыштуу элементтерди ж.б.) атай баштаган. «Коомду люмпенизациялоо» термини социалдык кризистердин шарттарында калктын мындай катмарларынын арасында люмпендик психологиянын кеңири жайылып кетишин туюнтат.

[2] БОМЖ – Лицо Без Определенного Места Жительства – туруктуу баш маанеги жок адам.

[3] Аккультурация (англисчеден acculturation, латынчадан ad – багытты көрсөтүүчү сөз, cultura – билим, өнүгүү) – маданияттардын өз ара таасир берүү процесси, бир эл тарабынан башка элдин маданиятын толугу менен же анын кандайдыр бир бөлүгүн өзүнө кабыл алуусу // [Большой энциклопедический словарь, 1998. – С. 27].

[4] Ассимиляция (латынчадан assimilatio – окшошуу, сиңип кетүү, өздөштүрүү) – этнографияда бир элдин башка элге кошулуп, ага сиңип кетүүсүнүн натыйжасында ошол элдин өз тилинен, маданиятынан, улуттук

этникалык аралаш никеден төрөлгөн адамдарга, о.э. башка этникалык чөйрөгө сиңип кеткен этникалык азчылыктардын өкүлдөрүнө мүнөздүү.

Эреже катары, этникалык, же этномаданий маргиналдуулук маданияттардын социалдык статусунун тең эместиги тууралуу түшүнүм менен коштолуп, психологиялык жактан индивид статусу боюнча «бийик» болуп саналган чоочун маданиятка ык коюп, ага жакындаганы менен «төмөн» катары бааланган өз маданиятынан кол үзө албайт. Мындай учурда этникалык, же этномаданий маргиналдуулук өздөрүнүн этникалык статусу менен байланышкан терең жана субъективдүү сар-санааларга баткан тигил же бул улуттук жамааттын өкүлдөрүнүн этнопсихологиялык «кош маанайы» менен мүнөздөлөт.

Этникалык, же этномаданий маргиналдуулук этникалык иденттүүлүктүн ички жаңжалы үчүн себептерди жаратып, адамдардын улуттук аң-сезиминин эмоционалдык чөйрөсүнүн интенсивдүүлүгү, башка маданияттардын таасирине карата негативдүү мамиленин жаралышы менен коштолот. Маргиналдуу топтун экинчи мууну өзүнүн көөнө маданиятынан тезирээк эле кол үзүүнү самаса, үчүнчү мууну салттык маданиятка кайра кайтып келүүнү көксөп, мурдагы СССРдин ассимиляцияга дуушар болгон көп сандаган элдери сыяктуу этникалык спецификаны активдүү жана интенсивдүү түрдө кайра жаратууну ниет кылышат.

1928-жылы Чикагодогу социологиялык мектептин негиздөөчүлөрүнүн бири Роберт Э. Парк илимге "маргиналдуу инсан" ("marginal man") терминин киргизип, мындай инсан катары заманбап дүйнөнүн ар кыл локалдуу маданияттарынын чектешкен жеринде калган адамды түшүнгөн. Мындан соң маргиналдуу инсан жана андан да кеңири мааниге ээ болгон маргиналдуулук түшүнүктөрү Батыштын социологдору, саясат таануучулары (политологдору), маданият таануучулары (культурологдору) ж.б. тарабынан арбын колдонула баштаган. Илимий

өздүк аң-сезиминен айрылып калуусу. Ассимиляциянын табигый (этникалык жактан ар тектүү калктын алакашынын, аралаш никелердин натыйжасында пайда болот) жана зомбулук (мындай ассимиляция улуттар өз ара тең укукка ээ эмес өлкөлөргө мүнөздүү болгон) жолдору менен пайда болгон түрлөрү бар // [Большой энциклопедический словарь, 1998. – С.76].

адабиятка карата жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, Батыш изилдөөлөрүндө маргиналдуулук проблемасына арналган эмгектерди шарттуу түрдө төмөнкүдөй үч топко бөлүүгө болот:

Биринчи топ – буга басымдуу түрдө америкалык социологдордун этномаданий маргиналдуулук проблемасын инсандын социологиялык теориялары менен этнорасалык азчылыктардын коомдогу орду менен ролун изилдеген концепциялардын чегинде караган эмгектери [Караңыз: См.: Park R. - 1928.- Vol. 33. - P. 881-893; Stonequist Б., 1961; Golovensky D. - 1956. - Vol.30. - P. 333-339; Antonovsky A. - 1956. - Vol.35. - P. 57-62]. Бул эмгектерде маргиналдуулук түшүнүгү маргинал менен социум бири биринен оолактап, алардын ортосунда кандайдыр бир бош мейкиндик калган абал менен байланыштырылат. Ошону менен катар эле бул эмгектерде маргиналдуу инсандын, анын жүрүм-туруму менен аң-сезиминин социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнө басым жасалат.

Экинчи топко эл аралык миграцияга, өнүккөн индустриалдык өлкөлөрдөгү чет жердик жумушчулардын абалын түшүнүүгө арналган эмгектер кирет. Биринчи топтогу эмгектерден айырмаланып, бул топтогу изилдөөлөрдө негизги көңүл Батыштын көп улуттуу жана полиэтникалык мамлекеттериндеги иммиграциянын тарыхый жана практикалык-саясий маселелерине бурулат. Ошону менен катар эле жаңы этникалык азчылыктардын калыптанышына, алардын эволюциясына, алардын улуттар аралык мамилелер системасындагы орду менен ролуна атайы арналган эмгектер жокко эсе. Акыркы жылдары гана бир катар чет элдик изилдөөчүлөр, алардын ичинде М. Гордон менен А. Чандан өз эмгектеринде заманбап доордун курч мүнөздөгү социалдык-саясий проблемаларынын таасири астында ар кыл маданияттардын өз ара алакасынын көз карашында этномаданий түзүмдөр темасын бир кыйла актуалдаштырып жиберишкен.

Акыр аягында, үчүнчү топко эркиндикке чыккан өлкөлөрдүн саясий, социалдык жана маданий проблемаларын изилдөөгө байланыштуу маргиналдуу инсан түшүнүгү илимий анализге тартылган эмгектер кирет

[Караңыз: Нэсбитт Д., Эбурдин П., 1992; Мюрдаль Г., 1973; Baneijee N., 1985. - Vol.13.-№ 149/150. - P. 48-7I]. Ар кыл маданияттардын, айрыкча, эркиндикке чыккан өлкөлөрдүн салттуу маданияты менен Батыш (европалык-түндүк америкалык) маданияттардын ортосундагы диалогдун өзгөчөлүктөрүн анализдөө аркылуу бул топтогу эмгектердин авторлору өз көңүлүн Батыш баалуулуктарынын, жашоо стилинин ж.б. маданий элементтеринин пайдасына салттуу маданияттын нормалары менен баалуулуктарынан жеңилирээк баш тарта алган социалдык катмарларга (биринчи кезекте, интеллигенция менен жаштарга) бурушат.

Советтик илимий адабиятта маргиналдуулук ("маргиналдуу адам", "маданияттар чегиндеги инсан") түшүнүгүн алгачкы жолу америкалык социологиялык концепцияларды сынга алган В. П. Тугаринов [Караңыз: Тугаринов В. П., 1965] пайдаланган. Маргиналдуу инсандын кеңири мүнөздөмөсү маданияттардын өз ара алакасынын Батыш концепцияларын анализге тарткан С. Н. Артановский тарабынан берилген [Караңыз: Артановский С. Н., 1967]. 1960-1980-жылдары советтик илимий адабиятта маргиналдуулук проблемасы жалпы жонунан 1) коомдук өнүгүүнүн буржуазиялык концепцияларын сындоонун, 2) капиталисттик же эркиндикке чыккан өлкөлөрдүн социалдык-таптык структурасын изилдөөнүн, 3) “үчүнчү дүйнөнүн” өлкөлөрүндөгү модернизация процесстерин анализдөөнүн, 4) социализмдин дүйнөлүк системасына кирбеген мамлекеттердеги этностор аралык мамилелерди иликтөөнүн негизинде изилденген. Бирок, XX кылымдын 80-жылдардын экинчи жарымынан тартып коомдук өнүгүүдөгү маргиналдуулук проблемасы Н. В. Андреенкова, В. И. Ильин, Е. Н. Стариков, С. А. Арутюнов, А. А. Галкин, К. Г. Мяло, М. И. Семиряга, Т. В. Таболина сыяктуу изилдөөчүлөр тарабынан активдүү иликтене баштайт.

Айтылгандардын негизинде ааламдашуу шарттарында кыргыз этномаданиятындагы маргиналдуулук феноменин жараткан кандай факторлор бар деген суроо жаралат.

Ааламдашуу процессине терең тартылып бара жаткан дүйнө ар кыл векторлордогу социалдык процесстердин өнүгүүсүнө алып келүүдө. Бир жагынан, ар кыл социалдык топтордун кросс-маданий алакалары, алардын ичинде, этностордун эволюциясынын заманбап доорго мүнөздүү болгон жаткан чоң жана кичи этностордун арасындагы фузия[5] жана диффузия (латынчадан diffusion – жайылуу, чачыроо, туш тарапка агып кетүү), миграциялык агымдар сыяктуу маанилүү элементтер уламдан улам күч алып бара жатканы байкалууда.

Экинчи жагынан, этностун эволюциясынын чегинде өздүк этномаданий иденттүүлүктү түшүнүүгө болгон умтулуу күчөп, этномаданий иденттүүлүгү "ойгонуп", же динамикалуу өсүүгө ээ болуп жаткан этникалык топтордун өздүк маданияты менен жарандык укуктарын коргоо кыймылдары активдешүүдө.

Коомдо болуп жаткан кардиналдуу өзгөрүүлөр менен XX кылымдын аягы - XXI кылымдын башына таандык «этникалык кайра жаралуу» феномени улуттук мамилелердин чөйрөсүнө таандык реалдуу процесстерди илимий анализге тартуунун жана теориялык иликтөөнүн негизинде мурда мурда терс маанайдагы стереотип, же догма катары көңүл бурулбай, четке кагылып келген көп сандаган маселелерди терең илимий изилдөөнүн зарылдыгы менен маанилүүлүгүн баса белгилөөдө.

Маданият чөйрөсүндө транснационалдык уюмдар тарабынан глобалдык масштабдагы «давос бизнес-маданияты», «интеллектуалдар маданияты», массалык жана сектанттык маданияттар активдүү жанданганына карабастан, көөнө тарыхый доорлордо калыптанган этникалык маданияттардын архетиптеринен суурулуп чыккан этномаданий каада-салттар жана заманбап коммуникативдик технологияларга негизделип, заманбап адамдын руханий табиятын көз көрүнөө өзгөрткөн инновациялык

[5] Фузия (латынчадан fusio – эрип кетүү) – уланды сөздөрдүн (аффикстердин) негизги сөздөргө кошулуусунун өзгөчө ыкмасы. Мында уланды сөздүн (аффикстин) айтылышы менен негизи өзгөрүп кетет. Агглютинациядан айырмаланып, фузия учурундагы фонетикалык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында морфемалардын ортосундагы чектер жоюлуп кетет // [Большой энциклопедический словарь, 1998. – С. 1299].

маданий феномендер сыяктуу бири бирине карама каршы келген социомаданий өзөктөргө таянган дифференциациялануу процесстери ачык байкалууда. Күнүмдүк социомаданий практикада социалдык жашоо-тиричиликтин этностор же этникалык топтор сыяктуу формаларынын мааниси өсүүдө. Мындай формалар кандаш-туугандыктын, коңшулуктун, жердештиктин архаикалык принциптерине, өзгөчө, күнүмдүк турмушту ааламдаштырууга (глобалдаштырууга) багытталган инновациялык Интернет –технологияларга таяна алышат.

Заманбап ааламдашуу процесси тарабынан жаралган миграциялык процесстер мурда кийин болуп көрбөгөндөй ири масштабдарга ээ болгондуктан, XX кылымдын аягында гана социалдык антропологдордун, философтордун, маданият таануучулардын жана этнологдордун эмгектеринде этномаданиятты изилдөө иши теориялык статуска ээ боло баштады.

Батыш Европа жана АКШ мамлекеттерине эмгек мигранттарынын активдүү тартылышына байланыштуу аларды кабыл алып жаткан өлкөлөрдүн өкмөттөрү менен коомчулугу пайда болуп жаткан жаңы жана трансформацияга дуушарланып жаткан эски диаспораларга карата өзгөчө саясатты иштеп чыгууну мажбурлаган зарылдыктан улам этномаданий дисперсиялар менен диаспоралардын пайда болуу процесстерин изилдөө проблемасы 1970-жылдары илимпоздордун көңүлүн бура баштаган. Өзүнүн тарыхый өнүгүүсүндө этномаданий дисперсиялар процесси маңыздуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Эгер мурдагы тарыхый мезгилдерде этномаданий дисперсия аскердик же табигый катастрофалардын натыйжасында репатриацияга же ассимиляцияга алып келген пассивдүү кодулоонун кесепети болуп келсе, дүйнөлүк тарыхта XIX кылымдын ортосунан тартып дисперсия индивиддин же этномаданий топтун экзистенциалдык болмушунун эмгек миграция формасындагы моделине өткөн.

Дж. Армстронгдун артынан эле эмгек миграцияларын жана миграциялык процесстердин негизинде пайда болгон диаспораларды изилдеген Р. Кохен диаспораларды айырмалоонун негиздүү критерийлерин аныктаган [Караңыз: Armstrong J. A. – 1976 - № 20 (2). - P.32-44]. Р. Кохен ааламдашуу процесстери менен этникалык дисперсиялар (латынчадан dispersio – чачыроо, чачкындоо) бирин бири күчөтүү аркылуу параллелдүү жүрөт деп боолгологон. Р. Кохен тарабынан мегадиаспораны чөлкөмдүк (регионалдык) диаспоралардын системалуу жыйындысы катары айырмалоосу өзгөчө көңүл бурууну шарттайт.

Америкалык окумуштуу Х. Тololян дүйнөдөгү эң чачкын болуп саналган армян жана еврей этносторунун классикалык диаспораларын диаспоралдуулук кубулушуна системалуу анализдин позициясында салыштыруу методу аркылуу изилдеп, дискреттүүлүктүн (латынчадан discretus – бөлүнүп калган, үзүлүп калган) формаларын алардын системалуу эволюциясынын процесстери аркылуу аныктоого аракет жасаган [Караңыз: Tololiyan Kh., 1991].

А. Ашкеназинин концепциясынын өзөгүндө «классикалык» еврей диаспорасынын интуитивдүү, универсалдуу, коммуникативдүү коду тууралуу жобо коюлган. Р. Кохен сыяктуу эле ал мегаеврей диаспорасы менен чөлкөмдүк (регионалдык) еврей диаспораларын айырмалоо мүмкүн деген пикирде болгон [Караңыз: Ashkenazi A., 1993. - S. 106-116].

Г. Шеффер, анын артынан эле немец изилдөөчүсү М. Ларюэль айым менен америкалык окумуштуу Э. Смит системалуу этномаданий түзүм (этнокультурное образование) катары диаспора өздүк этникалык спецификаны (б.а. диаспоранын субмаданий иденттүүлүгүн) түшүнүүсү, диаспоранын башын бириктирген социалдык институттардын болушу жана этномаданий очок менен формалдуу болсо да алакалашып туруусу аркылуу айырмаланып турат деген пикирди жакташкан [Караңыз: Шеффер Г. — 2003. - № 4. - С. 162-164; Ларюэль М., 2006; Smith A. D., 1987].

Дж. Клиффорд эмгек мигранттарын кабыл алып жаткан мамлекеттерге келип жаткан диаспоралардын эволюциясындагы стадиялуулуккка өзгөчө көңүл бурат. Бул изилдөөчү тарабынан этнодисперстүү процесстер диаспоранын жашоо-тиричилик циклиндеги система түзүүчү бирден бир детерминанттар катары каралат. Дж. Клиффорддун пикиринде дал ушул детерминанттар, б.а. этнодисперстүү процесстер диаспоралардын пайда болуу булагы жана алардын андан ары өнүгүшүнө таасир эткен фактор болуп саналышат [Clifford J. - 1994 . - № 9 (3). - P. 303].

Дж. Клиффорддун жолун жолдоочулардын бири болуп саналган З. Левин диаспоранын 4 стадиялуу жашоо-тиричилик циклин сунуш кылган. З. Левиндин моделинен көрүнүп тургандай, диаспоранын өнүгүүсү бир векторлуу түз сызыкты элестетет да, бул сызыктагы алгачкы үч тепкичтин ар бири кийинкиси үчүн себеп, шарт болуп саналат. Тилекке каршы, бардык оң сапаттарына карабастан, З. Левиндин линиялуу моделинде кросс-маданий өз ара алаканын жана маданияттардын гибридизациясынын негизинде жаралып, системалуу түзүм болуп саналган диаспоралардын өнүгүүсүнүн модернизациялык сценарийи орун-очок албай калган [Левин З., 2001. - С. 47].

Диаспоралардын этникалык дисперсиялары менен алардын жашоо-тиричилик процесстерине арналган советтик окумуштуулардын алгачкы эмгектери XX кылымдын 70-жылдары пайда болгон. Алардын басымдуу көпчүлүк бөлүгү армян диаспорасына арналып, армян тилинде жарык көргөн. Алардын катарына армяндардын чөлкөмдүк (регионалдык) диаспораларын, же А. Абрамяндын терминологиясы боюнча “келгиндердин очокторун” («переселенческие очаги») сыпаттоонун тарыхый өңүтү үстөмдүк кылган А. Абрамяндын “Армян келгин очокторунун тарыхынын кыскача очерки” («Краткий очерк истории армянских переселенческих очагов») деп аталган фундаменталдуу 2 томдук эмгегин киргизүүгө болот [Караңыз: Абрамян А. Г., 1964; Абрамян А. Г., 1967 (на армянском языке)].

Орусиялык илимде этникалык дисперсия менен диаспорага карата төмөнкүдөй 2 жобо бар: 1) Г. Шеффердин илимий мектебин андан ары уланткан В. Дятлов, Ж. Тощенко жана Т. Чаптыкова, Т. Илларионова, В. Колосов, Т. Галкина жана М. Куйбышев [Караңыз: Дятлов В. И. - 1999. - № 1. - С. 7-12; Тощенко Ж. Т. Чаптыкова Т. И. - 1996. - № 12. - С. 32-46; Илларионова Т. С., 1994; Колосов В. А., Галкина Т. А., Куйбышев М. В. - 1996. - № 5. - С. 34-46.] жана 2) В. Тишков жана А. Милитаревдин эмгектеринде чагылдырылган конструктивисттик жобо [Караңыз: Тишков В. А., 2001. - С. 18-52; Милитарев А. - 1999. - № 2-3. - С. 42-45].

Орусиялык илимий адабиятта диаспора түшүнүгүнө кеңири аныктама берүү аракеттери В. Колосов, Т. Галкина, М. Куйбышев тарабынан жасалган. Алардын көз караштарын В. Дятлов, Ж. Тощенко менен Т. Чаптыкова, Т. Илларионова ж.б. тең бөлүшөт [Караңыз: Арутюнов С. А. - 2000. - № 2. - С. 34-47; Илларионова Т. С., 1994; Попков В. Д., 2003; Семенов Ю. И. - 2000. - № 2. - С. 48-59; Котин И. Ю., 2007. - С. 19; Бабаков В. Г., 1993]. Аталган авторлор диаспоралдык процесстерди этностордун эволюциясындагы табигый кубулуш катары карашат.

Социалдык конструкция түзүү теориясына таянуу аркылуу А. Милитарев менен В. Тишков диаспора этникалуулукка эмес, көп жагынан корпоративизмге негизделген кандайдыр бир социалдык-маданий топтордун социалдык түзүлүшү болуп саналат, ал эми диаспора институттарын болсо системадан сырткары жашаган институционалдуу түзүмдөргө киргизүү зарыл деп эсептешкен [Караңыз: Тишков В. А., 2001. - С. 18-52].

Этномаданияттагы маргиналдуулук феноменин жараткан этностордун дисперстүүлүгү жана жаңы диаспоралардын калыптануусу тууралуу маселеде этникалык иденттүүлүк жана өздүк иденттүүлүк проблемасы маанилүү орунду ээлейт. Өз кезегинде «Советская этнография» жана «Этнографическое обозрение» деп аталган этнологиялык журналдарда этникалык иденттүүлүк проблемалары боюнча илимий дискуссиялар өткөн. Этномаданий иденттүүлүккө арналган эмгектердин ичинен Э. Гидденс, Дж.

Мид, Э. Эриксон [Караңыз: Giddens A., 1991; Эриксон Э., 2006; Terner J. C., 2003], советтик авторлордон В. Авксентьев, С. Арутюнов, Ю. Бромлей, В. Тишков сыяктуу илимпоздордун эмгектери айырмаланып турат [Караңыз: Авксентьев В. А., 2001; Арутюнов С. А. - 1995. - № 5. - С. 14-35; Бромлей Ю. В., 1987; Тишков В. А. - 1997. - № 3. - С. 1-18]. Дискуссиялардын материалдары конкреттүү этностордун жана тарыхый эволюция менен этномаданий дисперсия процесстеринин натыйжасында алардан бөлүнүп чыккан диаспоралдык топторду изилдөө үчүн категориалдык аппаратты жана инструментарийди иштеп чыгуу ишинде зор мааниге ээ.

Этникалык дисперсия процесстеринин жана этникалык диаспоралардын өнүгүүсүнө ааламдашуу феномени да жаңы импульс менен жаңы сапат берүүдө. XX кылымдын аягында Европа мамлекеттеринин экономикасында, саясатында, маалымат агымдарында активдүү формада пайда болгон ааламдашуу процесстери дүйнөлүк коомчулуктун өнүгүүсүндөгү гомогенизация (грекчеден homogenes – бир тектүү, бирдей) векторунун үстөмдүк кылуусуна алып келген [Галкин А. А. - 2005. - № 4. - С. 52-68].

Бул процесстердин бардыгы тең окумуштуулардын жаңы тарыхый шарттардагы ааламдашуу, дисперстүүлүк, диаспоралдуулук жана иденттүүлүк кубулуштарынын өз ара байланышынын проблемаларына өзгөчө кызыгуусун пайда кылып, П. Бергер, М. Кастельс, С. Хантингтон, С. Холл [Караңыз: Бергер П. Л., 2004. - С. 8-24; Кастельс М., 2000] ж.б. изилдөөчүлөрдүн фундаменталдуу эмгектеринин жаралышына алып келген. Ааламдашуу проблемасын изилдөөнүн жүрүшүндө бизди кызыктырып жаткан көйгөйлөрдүн ар кыл өңүттөрү философиялык анализге тартылган.

Гомогенизация векторуна байланыштуу ааламдашуу дүйнөлүк өнүгүүнүн алдыңкы тенденциясы катары Э. Азроянц, В. Алтухов, Г. Анионилис, В. Афанасьев, Б. Буянова, М. Делягин, Н. Зотова, Н. Иванов, А. Иглицкий, В. Иноземцев, Л. Клепацкий, Н. Косолапов, М. Лебедева, А. Мельвиль, В.Михайлов, В. Оболенский, А. Панарин, В. Пефтиев, К. Рожков,

А. Уткин, М. Пешков, А. Чумаков [Караңыз: Азроянц Э. А., 2002; Алтухов В. - 2000. - № 7. - № 12; Анилионис Г. П., Зотова Н. А., 2005; Иванов Н. - 2001. - № 2, 3; Лебедева М. М., Мельвиль А. Ю. - 1999. - № 10; Пефтиев В. - 2000 - № 7; Рожков К. - 2001. - № 1; Чешков М. А., 2007] ж.б. орусиялык илимпоздор тарабынан изилденген.

Ааламдашуунун шарттарындагы этномаданий дисперсия менен этномаданий иденттүүлүктүн проблемаларынын спецификасын изилдөөдө 1) жалпы цивилизациялык жана 2) этномаданий деп аталган эки негизги жобо аныкталды. Эгерде, биринчи жобонун чегинде экономика, саясат, маалымат, технология чөйрөсүндө жүрүп жаткан процесстерге көңүл бурулса (Д. Макализдин, Ф. Фукуяманын, С. Хантингтондун, М. Делягиндин, А. Мельвилдин, В. Пантиндин, В. Перскаянын, В. Хоростун, М. Чешковдун ж.б. эмгектери), экинчи жобонун чегинде изилдөөчүлөр өз көңүлүн басымдуу түрдө маданият чөйрөсүндөгү гана процесстерге бурушат (П. Бергердин, М. Кастельстин, Э. Хобсбаумдун, Х. Эрманстын, Д. Кемпендин, Х. Барлыбаевдин, И. Пригожиндин, Ю. Рыжовдун ж.б. эмгектери). Эки жобону тең синтездөөгө аракет кылган  эмгектерге Э. Гидденс менен А. Чумаковдун изилдөөлөрүн киргизүүгө болот.

Философиялык антропология менен маданият философиясындагы этномаданий дисперсия проблемасын изилдөө негиздерин КМШ аймагындагы жана чет өлкөлүк атактуу философтордун, антропологдордун, маданият таануучулардын (культурологдордун), социологдордун, этнологдордун жана социалдык психологдордун эмгектеринен кезиктирсе болот. Бирок, ааламдашуу шарттарында этностордун иденттүүлүгү менен өздүк иденттүүлүгү маселесинин философиялык, антропологиялык, культурологиялык, социалдык-психологиялык жана социологиялык өңүттөрү көп сандаган окумуштуулар тарабынан илимий анализге тартылса да, философиялык-культурологиялык жобонун чегинде этникалык дисперстүүлүк проблемасы азырынча илимий иликтөөгө тартылбай келет. Кыргыздардын этномаданий дисперсиясына, о.э. ааламдашуу доорунда

объективдүү жана субъективдүү себептерден улам ар кайсы өлкөлөрдө жүргөн кыргыздардын диаспораларын илимий иликтөөгө тарткан фундаменталдуу изилдөөлөр азырынча жокко эсе.

Айтылгандардан төмөнкүдөй корутундулар жаралды:

1. Дүйнөлүк маданияттар адамзаттын жалпы мурасындагы биримдиктүү бүтүндүктү түзгөндүктөн, айрым элдердин маданий өз алдынчалуулугу коомдук жаңылануу менен башка элдердин каада-салттары, баалуулуктары менен болгон алаканын натыйжасында жаңыланып жана анын мазмуну уламдан улам байып турат. Маданият ар кандай элдердин ортосундагы диалог, ойлом менен тажрыйба алмашуу, башкалардын каада-салты менен баалуулуктарын өздөштүрүү болуп саналат да, туш тараптан корулган (изоляцияланган) шартта ал алдан-күчтөн тайып, акырындык менен өлүп жок болот.

2. Бир дагы маданият универсалдуу боло албайт, маданияттын универсалдуулугу ар бири өз алдынчалуулук менен уникалдуулукка ээ дүйнөнүн ар башка элдеринин тажрыйбасынан куралат. Маданий өз алдынчалуулук менен маданий айырмачылыктар өз ара тыгыз байланышкан. Ар кыл каада-салттар жанаша жашап, өз ара тыгыз алакада болуп турган маданий көп түрдүүлүк дүйнө элдеринин маданий өз алдынчалуулугунун негизин түзөт да, маданий өзгөчөлүктөр элдердин өз ара бириктирип турган жалпы баалуулуктардын биримдигин буза албайт.

3. Маданият адамдын ой жүгүртүүгө, анализ жүргүзүүгө болгон дараметтерин чагылдырат да, адамды моралдык жоопкерчилик менен парзды аткарууга жөндөмдүү, гумандуу, акыл-эстүү, сынчыл ой жүгүрткөн жандыкка айландырат. Маданияттын жардамы аркасында гана адам өзүн өзү таанып билет, өз ийгиликтери менен жетишкендиктерин баалайт, сындайт, жашоонун маңызын тынымсыз издейт жана бул маңызды чагылдырган чыгармаларды жаратат.

4. Улуттун рухий турмуш-тиричилигинин ар кыл чөйрөлөрүндөгү улуттук өзгөчөлүктөрдүн табияты ар кандайча көрүнөт: 1) философия

илимдери тарабынан изилденген жалпы өзгөчөлүктөрдүн чөйрөсү; 2) конкреттүү коомдук илимдердин изилдөө объектиси болуп саналган спецификалуу өзгөчөлүктөрдүн чөйрөсү (тилдин, же өнөрдүн (искусствонун) улуттук өзгөчөлүктөрү, ар кыл ырым-жырымдардын спецификалуу белгилери ж.б.).

5. «Маданияттын улуттук формасы» универсалдуу, көп кырдуу, ошону менен катар эле жалпы түшүнүк болгондуктан, бир эле учурда социологиялык категориялардын бир катар топторуна кирет.

6. Ири алдыда, бул түшүнүк адамдардын рухий турмуш-тиричилигин мүнөздөйт да, «маданият», «улуттук маданият», ошондой эле «этникалык жамааттардын маданияты» (уруу, улус (народность)) түшүнүктөрү менен тыгыз байланышкан. Маданият адамдардын каалагандай формадагы жамааттарынын материалдык да, рухий да турмуш-тиричилигинде жашайт. Демек, адамдардын жамаатынан сырткары жашаган бир да маданият жок. Маданият бул жамааттардын рухий турмушун чагылдырган интеллектисининин чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналат.

7. Теманын спецификасына жана илимий адабияттагы жогоруда айтылгандай жагдайларга байланыштуу диссертацияны жазууда биз илимий адабиятка (философиялык, этнографиялык, социологиялык, тарыхый, географиялык, экономикалык ж.б.), Кыргыз Республикасында жана дүйнө өлкөлөрүндө жарык көргөн басма сөз маалыматтарына, архивдик материалдарга таяндык.

8. Заманбап доорго мүнөздүү болгон ааламдашуу (глобализация) процесстеринин контекстинде кыргыздардын этномаданиятындагы маргиналдуулук феноменин философия-маданият таануу (культурология) жана философия-антропология өңүтүндө изилдөө бир катар илимий жана практикалык зарылдыктар менен шартталган.

9. Этникалык, же этномаданий маргиналдуулук деп кош табиятка ээ этникалык аң-сезимди жаратуу менен субъекттин бир эле учурда эки башка

этникалык маданияттарга таандык болушун туюнткан феноменди айтабыз. Этникалык, же этномаданий маргиналдуулук адамдын башка этникалык жамааттардын арасында узак мезгилдер бою жашоосунун натыйжасында пайда болуп, аны курчап турган этникалык жаматтардын дос, же кас маанайынан көз каранды.

## 1.2. Этномаданий маргиналдуулуктун маңызы жана мазмуну

Идентификациялык принциптин өзү социалдык-маданий кайра жаратуунун, б.а. акыр аягында келип эле маданий өнүгүүнүн салттарына, социалдык жана руханий константаларга ээ адамдардын базалык баалуулуктары менен туруктуу шык-жөндөмдөрүн кайра түзүүнүн диахрондук (муундан муунга) касиетине ээ болгондуктан, каалагандай цивилизациялык системанын жашоо-тиричилигинин негизи болуп өздүк идентификация эсептелет. Албетте, тигил же бул цивилизациянын структуралык уюмдашуусунун деңгээли канчалык жогору болсо, андагы идентификациялык түзүмдөрдүн (мамлекеттик, улуттук, этникалык жана конфессионалдык) саны да ошончолук көп болот. Айтылгандардын негизинде цивилизациялык жаматтардын өздүк идентификациясынын критерийлери менен негиздери айырмаланып, артыкчаланып, өзгөрүлүп турушу толук ыктымал.

Эгерде идентификация тигил же бул даражада бузулса, анда ал социалдык структуранын (этникалык, конфессионалдык ж.б.) кризисинен кабар берет. Качан гана кризистик кубулуштар радикалдуу мүнөзгө ээ болгондо, маданияттын деградациясынын, цивилизациялык биримдиктин талкалануусунун реалдуу механизми түзүлөт, жок эле дегенде идентификациянын деңгээли ылдыйкы тепкичке төмөндөйт (мисалы, цивилизациядан улутка же этноско карай). Айта кетчү жагдай, жарандык коомдун чегинде өзүн өзү тескей алууга жана өз алдынча кайра жаралууга (жанданууга) жөндөмүн сактап калган структуралар болгон учурда гана сөз болгон акыркы вариант ишке аша алат. Мындай болбогон учурда социумдун

атомизациясына орун берилип, анын бүтүндүгү жок кылынып, анда кайра жаралууга (жанданууга) жөндөмсүз, жүрүм-турумдун стабилдүү социомаданий стереотиптерине ээ эмес убактылуу структуралар гана жаралышат.

Иденттүүлүктүн кризисинин себептери болуп төмөнкүдөй ар кыл факторлор болушу мүмкүн:

- этностор аралык контакттардын натыйжасында башка цивилизациянын таасири;
- этномаданий контакттардын асимметриясы, о.э. этникалык жактан бир тектүү эмес коомдогу салттуу жана заманбап социализациянын ар кыл моделдеринин айкалышуусу;
- басымдуу түрдө көнүмүш маданий жана жүрүм-турумдук стереотиптердин кесилишкен жериндеги кысымдан сырткары жүргөн социализация менен шартталган миграция жана урбанизация;өз ара алакалашкан социумдардын маданий дифференциациясы, дал ушул дифференциациянын негизинде ассимиляция процесси менталдуулуктун спецификасына таасир берет [Караңыз: Коул М., Скрибнер С., 1997];
- саясий күрөштүн, маданий жаңжалдардын ж.б. натыйжасында, төмөнкү деңгээлдеги системалардын структураларына кирген негативдүү комплиментардуулуктун (французчадан compliment – кимдир-бирөөнүн дарегине айтылган мактоо сөз) негизинде бүлүнүп, чачыраган социумдагы жаңы социалдык структураларды калыптандырууда мамлекет тарабынан ишке ашырылган максаттуу иш-чаралар;
- маданий көп түзүмдөрдү (культурная многоукладность) киргизүү аркылуу социумдун бүтүндүгүн жоготуу;
- бекем орноп калган маданий стереотиптерге ылайык келбеген жүрүм-турум нормаларын киргизүү;
- салттуу маданиятка ылайык келбеген өзгөчө маанайдагы нормативдик-баалуулук системасына ээ жаңы доминанттуу (үстөмдүк кылган) топтун пайда болушу;

- көндүм болгон маданияттан кол үзүү жана анын натыйжасында адамдардын ири топторунун индивидуалдык деңгээлинде баалуулук ориентацияларынын, ишмердик мотивдеринин, жүрүм-турум жана ойлом стереотиптеринин алмашуусу.

Топтук же индивидуалдык иденттүүлүктүн кризисинин натыйжасы жана индикатору болуп төмөнкү деңгээлдерде актуалдуу мүнөз күтө алган маргиналдуулук эсептелет:

- статустун деңгээли (жашоо формасы);
- кубулуштун деңгээли (ар кыл социалдык топтордун өз ара алакасынын чөйрөсүндөгү өзгөчө субмаданият);
- социалдык турмуш-тиричиликтин өз ара тил табышпаган формаларынын чегинде пайда болгон кырдаалдар;
- жүрүм-турумду социалдык жөнгө салуунун дискреттүүлүгү;
- акыр аягында, этномаданий стандарттардын бузулушу. Изилдөөнүн кийинки жүрүшү көрсөткөндөй, этномаданий стандарттардын бузулушу амбиваленттүү (латынчадан ambo – экөө тең, valentia – күч; бир эле нерсенин бир эле учурда карама каршылыктуу сезимдерди жарата билүү жөндөмдүүлүгү) мүнөзгө ээ: бир жагынан ал социалдык жана маданий чөйрөлөрдөгү жаңычылдыктардын пайда болушуна шарт түзсө, экинчи жагынан ал деструктивдүү жүрүм-турумдун негизи боло алат.

Чөйрөнүн деңгээлинде же жеке персоналдуу деңгээлде этномаданий деп аталган маргиналдуулуктун акыркы тибине кеңири токтолсок.

Сөздү алгач дефинициядан баштайлык. Изилдөө ишинин мурунку параграфында айтылгандай, эки же андан көп этностордун ортосундагы ара жолдо калып, алардын биринин да маданиятын өз маданиятым деп атай албаган инсанды этномаргиналдуу инсан деп атадык. Демек, этномаргиналдуу топко же катмарга социализациясы эки маданияттын, жүрүм-турумдун эки башка стереотиптеринин чегинде жүргөн адамдар, кыскартып айтканда, жүрүм-турумдун ар кыл баалуулук-маданий стереотиптерине ээ субъекттер киришет. Маргиналдуу инсан сыяктуу эле

маргиналдуу топ эки маданияттын ортосунан орун алат, алардын ар бири менен идентификацияланат жана ошол эле учурда өзүнө гана таандык нормалар менен баалуулуктардын системасын калыптандырат.

Анык эмес статуска жана туруксуз абалга ээ мындай топ үчүн тышкы жана ички карама каршылык, о.э. анын натыйжасында жаралган потенциалдуу поливектордуу иш-аракеттер мүнөздүү. Мындай топтор суицидге (өз жанын өзү кыюуга) болгон ык сыяктуу негативдүү жана жогорку деңгээлдеги чыгармачыл активдүүлүк сымал позитивдүү маанайдагы экстремалдык параметрлери менен айырмаланышат [Попова И. П. - 1999. - № 7. - С. 68].

Этномаргиналдуу инсандын дүйнө таанымынын өзгөчөлүгү төмөнкүдөй: ал бир эле учурда эки маданий-баалуулук системаларына таандык болуу менен психологиялык кош табиятка ээ. Иш жүзүндө мындай адамдар жүрүм-турумдун кош мүнөздүү стереотиптерин пайдаланышат, ар кандай, ал гана турсун, бири бири менен кайнаса каны кошулбаган каада-салттарды тутунушат да, субъективдүү кабыл алуунун деңгээлинде дүйнө көрүмдүк жоболор менен ориентациялардын лабилдүүлүгүнө (латынчадан labilis – жылма, токтобос, туруксуз) жана туруксуздугуна алып келет. Мындай жагдайда калган инсан психоэмоционалдуу кош жүздүүлүктөн арылууга умтулат; ал социалдык-саясий маселелер боюнча активдүү позиция менен байланышкан коомдогу кандайдыр бир идеалга умтулат (ошол себептен, этномаргиналдар улуттар арасындагы жаңжалдарда маанилүү ролду ойношот).

Иденттүүлүктүн кризисинен жапа чегип, оң маанидеги комплиментардуулукту[6] жараткан топко кошулууга умтулган инсандагы этникалык көрсөткүчтөрдүн лабилдүүлүгү менен туруксуздугунун айкалышы

[6] Комплиментардуулук (французчадан compliment – кимдир-бирөөнүн дарегине айтылган мактоо сөз) деп айрым адамдардын, этностордун жана суперэтностордун ортосундагы кандайдыр бир себептер менен шартталбаган, аныкталбаган, логикалуу түшүндүрүү кыйынчылыктарды жараткан өз ара симпатия, жылдыздуулук же сүймөнчүлүк аталат. Элдердин психоэмоционалдык деңгээлдеги жылдыздарынын келишинин синоними катары бул термин алгачкы жолу илимий адабиятка Л. Гумилев тарабынан анын "Этногенез и биосфера земли" деп аталган эмгегинде киргизилген // [Дергачев В. А. - 1995. - Вып. 3. - С. 29].

анын кризистүү социалдык-саясий кырдаалдардагы жүрүм-турумун шарттайт. Мындай жүрүм-турумдун негизги төрт вариантына токтолсок:

- ашкере күч келип кеткен учурларда психологиялык коргончтун жана ооздукталуунун механизми катары пайдаланылган апатия. Мындай абал инсан туңгуюкка капталып, жол таппай, карайлап калган учурларда жаралат. Ошондой болсо да, апатия персоналдуу конформизмдин индикатору катары убактылуу абал болуп саналат;
- жеке ички карама каршылыктарды өзүн өзү этникалык эмес, мамлекеттик-саясий деп аталган бир кыйла жогору турган социалдык структура менен тең мaанилештирүү (айтсак, кыргыз менен орустун, казак менен молдовандын ортосунда тандоо жүргүзбөстөн эле, өзүн өзү бирдиктүү совет элинин өкүлү деп таануу). Тилекке каршы, мамлекеттик жалпылык кулаган шарттарда этномаданий маргиналдар кандайдыр бир этноско таандык экенин тандоо маселеси табигый жол менен пайда болот;
- кандайдыр бир этнос менен болгон иденттүүлүктү ошол этностун ичиндеги маргиналдар менен "нукура өзөктүн" ортосундагы аралыкты четке кагуу жолу менен калыбына келтирүү. Мындай ыкманын эң кыска жолу болуп артыкча делген этномаданияттын атрибуттарын ошол адам үчүн өзгөчө мааниге ээ экендигин демонстрациялоо эсептелет (ошол себептен, этностун структурасында өтө ашынган улутчул жана агрессивдүү маанайдагы топторду дал ушул этномаданий маргиналдар түзүшөт);
- үстөмдүк кылган этностун өкүлдөрүнө тек-жайы бөлөк этникалык, метаэтникалык жана цивилизациялык системалардын маданий-баалуулук нормаларынын артыкчылыктары тууралуу идеяларды таңуулоо аракети жана мындай жол аркылуу аны трансформациялоо (жаңы системага инкорпорациялануу же ага ассимиляциялануу).

Күнүмдүк реалдуулукта жүрүм-турумдун төртүнчү тибинин натыйжасы болуп өздүк этникалык, ал тургай, цивилизациялык негиздердин талкаланышы саналып, зарыл болгон эволюциялык өзгөртүп түзүүлөрдүн ордуна хаос келип калышы толук ыктымал. Белгилей кетсек, этникалык

(улуттук, цивилизациялык) структуралар абдан татаал, дайыма эле прогноздоо мүмкүн болбогон ички өнүгүү логикасына ээ. Көп деңгээлдүү кризистик процесстер биринин үстүнө бири катталып кеткен учурларда (б.а. социалдык резонанстын кандайдыр бир бышып жеткен чекитинде) деструктивдүү процесстерди “кое берип жиберүү” жетишээрлик оңой болсо да, этникалык (улуттук, цивилизациялык) структуралардын алмашуусу үчүн субъективдүү каалоо-тилектин, экономикалык максат ченемдүүлүктүн же саясий жактыруунун болушу эле жетиштүү болуп саналбайт. Албетте, система талкалангандан кийин реструктуризация процесси табигый түрдө пайда болот. Ал эми каалагандай деструкция төмөнкү деңгээлдеги системачалардын фрагменттери кайрадан жаңыча топтоло баштаган кыймыл болуп саналат. Бирок, деструктивдүү абалдан чыгуу менен коомдук система (этнос, цивилизация) биз каалаган, же биз күткөн багытта эмес, мурункудан принципиалдуу айырмаланган жаңы жана көп жагынан түшүнүксүз болуп саналаган багытта кайрадан түзүлүп, жандана баштайт. Дал ушундай жагдай, эреже катары, кайра өзгөртүп түзүү процесстеринин башында дайыма эле эске алына бербейт.

Төртүнчү варианттын дагы бир өзгөчөлүгү болуп аны ишке ашыруу башка этномаданий шарттарда калыптанган институтташтырылган структураларды пайдалануу менен гана болушунун мүмкүндүгү. Башка чөйрөгө көчүрүлүп же ишке киргизилип жаткан мындай чоочун структуралар өздөрү таңууланып жаткан чөйрөнүн структураларынан күчтүү болгон шартта гана ошол чөйрөнү трансформациялай алат. Эгерде “талкаланып бара жаткан” этностун (цивилизациянын) жарандык коому күчтүүлүк кылса, анда новацияларды ишке ашыруу кыйынга туруп калат. Бири биринен кескин айырмаланган маданий чөйрөлөрдүн тең маанилештигинин, тең укуктуулугунун учурунда коомдун атомизациясы менен хаосун жараткан алардын өз ара талкалануу варианты толук ыктымал. Кыскартып айтканда, индивидуумдун экинчи, үчүнчү, өзгөчө төртүнчү варианттары көрсөткөндөй, маргиналдуу инсан социумга таасир берүү менен аны

реструктуризациялоого, же анын тарыхый мейкиндиктеги субъективдүүлүгүн ликвидациялоого алып келет[7].

"Комплиментардуулук" термини адамдардын ортосундагы эле эмес, адамдар менен руханий формалардын ортосундагы да мамилелер, же алакалар сыяктуу бир кыйла кеңири мааниде карала алат. Айтсак, А. Лосев "миф" жана "инсан" өз ара комплиментардуу жана бири биринен көз каранды түшүнүктөр, алар биринин негизиде гана экинчиси реалдуу мазмунга ээ боло алат деген [Лосев А. Ф., 1991. – С. 525].

Мындай контекстте этномаданий маргиналдардын социалдык активдүүлүгүнүн вектору тууралуу маселе бир кыйла мааниге ээ. Берилген проблеманы илимий анализге тарткан изилдөөчүлөр этномаданий маргиналдардын жүрүм-турумун прогноздоодогу бир топ кыйынчылыктар менен кездешкендиктен, анын негативдүү, деструктивдүү өңүттөрүнө гана көбүрөөк көңүл буруп келишет. Бирок, бардыгы эле сыдыргыга тизгендей эмес. Мисалы, америкалык социолог Р. Парк бир нече маданий дүйнөлөр чектешкен жерде турган жана алардын бирине да таандык болбогон индивидуум көпчүлүк жоболору менен эрежелери шарттуу болуп саналбаган инновациялык ишмердүүлүккө шыктуу келет. Этномаданий маргиналдуулук феноменин түшүнүү үчүн аны төмөнкүдөй эки негизги ракурста кароо керек: 1) индивидуум менен социалдык структуралардын өз ара алакалашуу позициясында жана 2) инсандын дүйнөнү кабыл алуусунун, дүйнө таануусунун көз карашында.

Албетте, социумдун маргиналдарга карата саясаты ал өзү үчүн маанилүү деп тандап алган максаттардын контекстинде маанилүү роль аткарат. Мындай саясат төмөнкүдөй бир катар туруктуу багыттардан турат:

- социум маргиналдуулук менен келишпес душман катары күрөшөт. Мындай шарттарда маргиналдар толугу менен бул социумдун

[7] Айта кетчү жагдай, балким ушундай жагдайдан улам маргиналдар проблемасына болгон кызыгуу бүгүнкү күндө эле эмес, өткөн тарыхта да болгон. Айтсак, байыркы грек философу Платон б.з.ч. IV кылымда эле сөз болуп жаткан проблеманын айрым өңүттөрүнө токтолгон [Караңыз: Платон., 1972. – С. 180]. Бул болсо тээ байыркы замандарда эле коом өз иденттүүлүгүн жеңил жана тез алмаштырган адамдардан оолак болууга аракеттерди жасаган дегенди билдирет. Анткени, мындай адамдар кандай маданий программага ээ жана тигил же бул кырдаалдарда ал өзүн кандай алып жүрөөрү байыркы адамдар үчүн түшүнүксүз эле.

чегинен жарандык таасир берүү механизмдеринин да, репрессивдүү аппараттын да жардамы аркасында сыртка сүрүлүп салынат. Индивидуумдар менен топтордун маргинализация процессине каршы атайы система иштелип чыгарылат. Маргиналдуу инсандар легалдуу (мыйзамдуу) статуска ээ эмес; эгерде маргинал адам кандайдыр бир нерсеге ээ болууну же аны өзүнө ыйгарып алууну каалаcа, анда ал өзөктүү коомдун мыйзамдары менен адат укугуна карама каршы иш кылганга тете болот[8];

- коом өзүнүн айрым мүчөлөрүнүн маргиналдуулугун мыйзамдаштырат (легитимдештирет), аларды өзүнүн социалдык-саясий структурасына киргизет, аларды экономикалык ж.б. институттардын функцияланусуна катыштырат. Бирок, ошол эле мезгилде берилген социумдун маданий баалуулуктарына карата индивидуумдун ара жолдо экендиги ачык байкалып турат. Анткени, ошол социумдун чегинен чыгаар замат эле индивидуум түккө турбас жандыкка айланат. Айтсак, жарандык коом жана социалдык структуралар менен өзүн өзү идентификациялоонун ачык, так критерийлери болбогондуктан, коомдо жашаган баалуулуктардын институтташтырылган системасын кабыл албоого, жактырбоого негизделген негативдүү идентификация пайда болушу мүмкүн. Ошону менен катар эле маргиналдуулук нормага, ал эми анын эрежелерин кабыл алуудагы негативизм антимаданияттын баалуулугуна айлануусу толук ыктымал (анти-,

[8] Өз ара алакалардын мындай модели конфуцийлик Кытайга мүнөздүү. Ал жерде, биринчиден, наристе өзүн кытай деп билсе, демек, анын ата-энесинин бирөө кытай. Конфуцийлик каада-салт менен мамлекеттик-укуктук деңгээлде бекитилген коомдук жобо ушундай. Экинчиден, кытай коому өзүнүн мандарин деп аталган "иммундук системасын" бузган индивидуумдар менен топтун маргинализация процессине каршы турган механизмди иштеп чыккан да, бул механизм адистерди (кадрларды) тандоонун спецификалык методу болуп саналган. "Мандарин" термини санскрит тилиндеги "мантрин", б.а. “кеңешчи” деген сөзүнөн алынган (ушул термин менен чет жерликтер кытай чиновниктерин аташкан, ал эми кытайлар болсо аларды "гуань" дешкен). Кытай коомунун социадык структурасы европалыктардыкынан бир кыйла жөнөкөй болгон. Падышага таандык үй-бүлөлөрдүн тууган-туушкандары гана мамлекеттеги ашкере дөөлөттүү тапты түзгөн. Падышанын туугандары жакын (сары бел боочондор) жана алыс (кызыл бел боочондор) болуп бөлүнүшкөн. Бийликте турган династияны негиздөөчүнүн уулдары сары бел боо тагынса, анын ага-тууганынын укум-тукумдары кызыл бел боо тагынышкан. Мындан сырткары, падышалык титул бир гана уул тарабынан мурасталып, эгер ал кылмыш жасаган болсо, анда бул титул андан алынып салынган. Ошентип, бул дөөлөттүү социалдык топтун кеңири кулач жайып кетишине тоскоолдуктарды жараткан атайы механизм иштелип чыккан. Калктын калган бөлүгү чиновниктер менен карапайым калк деген таптарган ажыраган. Мамлекеттик сынактан (экзаменден) ийгиликтүү өткөн каалагандай адам чиновник боло алган. Мында ошол адамдын кызмат тепкичиндеги абалы (кызматы, ошол кызматтын абройлуугу, айлык акысы) экзаменде алган баасынан тике көз каранды болгон. Толук укуктарга ээ эмес катмардын (өмүр бою башкаларга кызмат өтөп келген актерлордун, кароолчулардын, малайлардын) балдары мамлекеттик экзамендерге киргизилген эмес [Брокгауз и Ефрон, 1894. – С. 190-191].

анткени, анын үстөмдүк кылган принциби тануууга, четке кагууга негизделген). Мындай учурда позитивдин боштугу (вакууму) башка чөйрөдөн ооп келген маданий-баалуулук системасы менен алмашылат.

Берилген системанын натыйжасында жок эле дегенде теориялык билим алган каалагандай адам мамлекет тарабынан талап кылынат, б.а. ал мамлекетке керек. Мындай жагдайда социум тарабынан маргиналдуулук четке кагылат; маргиналдуулуктун өнүгүүсү коомдук-мамлекеттик жөнгө салуусуз, стихиялуу процесс түрүндө жүрөт да, люмпен-интеллигенция катмарынын түзүлүү ыктымалдыгы минимумга жеткирилет. Эгерде мындай кубулуш айрыкча акыл эмгегинин өкүлдөрүнүн арасында жогорку деңгээлге жетсе, анда ал коомдун руханий маданий турмушуна зор таасир эте баштайт.

Мындай таасир сөзсүз түрдө эле негативдүү болушу зарыл эмес: алгач бекем орноп калган социалдык структураларды талкалоонун механизми катары пайда болгон маргиналдуу чөйрө өзүндөгү бир катар позитивдүү потенциалдын болушу менен бөтөнчөлөнөөрүнө берилген иштин аягында кеңири сөз кылмакчыбыз. Бирок, коомдун позициясы кандай болгонуна карабастан, коом маргиналдар тарабынан пайдаланылган өздүк самореализациянын жалпы кабыл алынган социомаданий механизмдерине дайым бөгөт коюп келсе, маргиналдуу адамдар дайыма жаңы механизмдерди жаратып турушат. Коом болсо жаңы жаратылган механизмди жүрүм-турумду жөнгө салуунун бузулуусу, десоциализация, деформация, эрозия катары кабыл алат.

Жогорку билим жана социалдык өзгөрүүлөрдун бийик деңгээли, өнүккөн зарылдыктар жана зор саясий активдүүлүк мүнөздүү болгон интеллигенция катмарынын маргинализациясы бир кыйла мааниге ээ социалдык кесепеттер менен коштолот. Коомдун стабилдүү өнүгүү шарттарында интеллигенция маданиятты, базалык нормативдик жана баалуулук стереотиптерин муундан муунга өткөрүүнү камсыз кылуу менен социумдун биримдигин, бүтүндүгүн кармап турууга көмөктөшөт.

Коомдун башка социомаданий, социалдык-экономикалык жана саясий системага карай жакшы башкарылбаган кыймылынын шарттарында дал ушул интеллигенция маргиналдүү чөйрөнүн спецификасы аркылуу жаралган социалдык жүрүм-турумдун жаңы типтерин калыптандырат жана негиздейт. Интеллигенциянын өкүлдөрүнүн басымдуу көпчүлүк бөлүгүнүн төмөн карай багыттагы социалдык кыймылы анын социалдык-экономикалык жана саясий процесстердеги мурдагы таасиринин начарлоосу, о.э. көнүмүш позициялардын, статустун, беделдин (престиждин), мурдагы жашоо-тиричилик деңгээлинин жоголуусу менен коштолот. Маргиналдуу жана люмпен-интеллигенция салттуу маданияттан, цивилизациялык каада-салттардан тезирээк кол үзүүгө ашыккандыктан, талкалоочу процесстердин кыймылдаткыч күчү болуп калат.

Баалуулуктардын мындай алмашуусу, ири алдыда, маргиналдуулукту, өтмө-кетмелүүлүктү, кайнаса каны кошулбаган нерселердин баш кошуусун символдогон гротескке[9] көбүрөөк кайрылган искусстводо бир кыйла ачык байкалат. Гротеск биримдикке эмес, коркунуч туудурган талкаланууга көңүл бөлөт; үстүртөн гана биримдик, бүтүндүк сыяктуу көрүнүп турган нерселер талкалануунун чегинде тең салмактуулук (баланс) сактап тургансыйт, образ реалдуу эмес реалдуулукту түзүү менен реалдуулук менен ирреалдуулуктун ортосунда илинип, араң эле турат [Рюмина М. Т. - М., 1999. – С. 77-78]. Мындай учурларда адабият басымдуу түрдө "келе жаткан адепсиздик" феноменологиясына (феноменология "грядущего хама") кайрылат. Кетип жаткан системанын чектүү регламентациясы (анын ичинде маданий, социалдык, экономикалык), бардык түрдөгү регламентациялардан баш

[9] Гротеск (французчадан grotesque – тири укмуш, комедиялуу) – 1) декоративдүү жана көркөм мотивдер (өсүмдүктөр, жаныбарлар, адамдардын келбети, беткап маскалар) тири укмуш, фантастикалуу формада айкалышкан оймо-чийме (орнамент); 2) турмуштук мамилелерди реалдуулук менен фантастика, чындык менен карикатура формаларынын тири укмуш жана контрасттуу айкалышуусунун жардамы аркасында жалпылаган жана курч мүнөздө чагылдырган көркөм сүрөт өнөрүнүн түрү. Жашоонун өздүк формаларын кескин түрдө аралаштырып жиберүү аркылуу гротеск тике эмес, бурмаланган, аллегория формасында кабыл алуу мүмкүн болгон кандайдыр бир көркөм дүйнөнү түзөт. Ушундай ыкмалардын жардамы аркасында гротеск адамдын жашоо-тиричилигиндеги негизги жана кардиналдуу проблемаларды бүтүн жана көп кырдуу кылып чагылдырууга умтулат. Байыртан эле гротеск мифология, Ф. Рабленинин, Н. В. Гоголдун, Ф. Кафканын, М. А. Булгаковдун, Х. Босхтун, П. Брейгелдин, О. Домьенин, М. Шагалдын чыгармалары сыяктуу көркөм ойломго таандык болуп келген // [Большой энциклопедический словарь, 1998. – С. 315].

тартуунун жана учурдагы системанын чеги жок социалдык эксперименттеринин ортосунда таалайга жазган тандоону жүргүзүп жаткан моментте гана "келе жаткан адепсиздик" феноменологиясы жаралуусу толук ыктымал. Ошол себептен, дал ушундай кырдаалдарда бийлик структураларына саясий, психологиялык, руханий “буктурмада” ("подполье") жаткан адамдар келишет.

XX кылымдын башында Д. Мережковский берилген кубулуштун белгилерин аныктоо менен аны коомдун маргинализациясынын шарттарындагы өткөөл мезгилде жок жерден пайда болгон Адепсиз адамдын үстөмдүгү (господство Хама) деп атаган. Адепсиз адам (Хам) моралга караганда карандай акыл-эстин үстөмдүк кылуусу, максаттарга жетүүнүн каражаты катары уятсыздык (наглость) менен цинизмди тандап алуу, күчкө жалпаңдап баш ийүү, саясий конформизм ж.б. баалуулуктарга ээ субъект катары персонификацияланат [Кондаков И. В., 1999. – С. 163]. Конкреттүү коомдун өнүгүшүнүн мындай мезгилинде көп нерсе интеллектуалдардан көз каранды: айтсак, берилген цивилизация үчүн салттуу болуп саналган маданияттын, моралдын, менталитеттин, баалуулук-нормативдик системанын базалык идеологиясынын талкалануусунун пайдалуулугун теориялык жактан эске алуу интеллектуалдар Адепсиз адамды (Хамды) кубатташат, же төмөн карай кулап бара жаткан цивилизациялык динамиканын мүмкүндүктөрүн цивилизациянын баалуулук-маңыздык өзөгүнө карата саясий-экономикалык новацияларды колдонуу аркылуу Адепсиз адамды колдон келишинче локалдаштырып, минималдаштырат.

Айтылгандардын бардыгы маргиналдуулук социалдык мобилдүүлүктүн белгиси катары төмөн карай (таптарды жоюу, социалдык байланыштардын системасынан түшүп калуу), же жогору карай (жаңы структураларды жана надструктуралык деңгээлдерди калыптандыруу) кеткен багыттарга ээ. Төмөн карай багыттагы маргиналдуулукка жарандык коомдун, анын байланыштарынын жана салттуу деп саналган социалдык институттарынын талкаланышы; маданий баалуулуктар менен аларга

жетүүнүн институтташтырылган каражаттарынын ортосундагы айкалышпоочулук мүнөздүү. Бул болсо социумдун аномиясына алып келет. “Аномия” (французчадан anomie – мыйзамдын, уюмдашуунун жоктугу) түшүнүгү Э. Дюркгейм тарабынан киргизилип, аномия теориясы Р. К. Мертон тарабынан иштелип чыккан. Аномия деп коомдогу кризис, жар салынган максаттар менен аларды ишке ашыруунун мүмкүн эместигинин ортосундагы карама каршылыктар менен шартталган баалуулук системасынын талкаланып жок болуусу менен мүнөздөлгөн жеке жана коомдук аң-сезимдин адеп-ахлактык жана психологиялык абалын туюнткан социологиялык жана социалдык-психологиялык түшүнүктү айтабыз [Большой энциклопедический словарь, 1998. – С. 55]. Аномия адамдын коомдон жатыркашы, апатиясы, жашоодон көңүл калгандык, кылмыштуулук менен мүнөздөлөт да, көп учурда миграциялык же урбанизациялык процесстердин, таптык структуралардын диффузиясынын, алардын аныксыздыгы жана агымынын (салттуу элеттик жана шаардык субмаданиятты, алардын салттуу баалуулуктары менен ориентирлерин талкалоо менен коштолгон дыйкандан жумушчуга же жумушчудан дыйканга өтүү) натыйжасы болуп саналат. Бир эле учурда башка маданияттын нормалары менен салттарын өздөштүрүү үчүн маанилүү коддор четке кагылып салынгандыктан, мындай учурда социалдык маргиналдуулук этномаданий маргиналдуулукка өтүп кетүүсүнө ыңгайлуу шарттар түзүлөт.

Аналогиялуу кубулуштар трансформацияга дуушар болуп бара жаткан социумдун шарттарында, айрыкча, анын бекем орноп калган структураларында декомпозиция процесси байкалып, ал салыштырмалуу көз карандысыз фрагменттерге ажырап бара жатканда пайда болот. Бул процесс иденттүүлүктүн мурунку формаларынын унификациясынан баш тартуу жана баалоо пикирлеринин жогорку динамизми менен мүнөздөлөт. Мындай процесстин алдында көп жылдар бою үстөмдүк кылган идеологиялык стереотиптерден баш тартуу, социалдык иерархиянын жаңы системасын калыптандыруу, ар кыл коомдук таптардын социалдык статусунун

туруксуздугу, жүрүм-турумду жөнгө салуунун бекем орноп калган механизмдеринин жоголушу сыяктуу ошол коомдун динамикасын чагылдырган кубулуштар болуп өтөт [Голенкова З. Т., Игитханян Е. Д., Казаринова И. В. - 1996. - № 8. – С. 12].

Ошол эле учурда маргиналдуулук, өзгөчө, этномаданий маргиналдуулук автономияга, формалдуу эмес статуска, жашоо-тиричилик менен функцияланууунун мыйзамдуу эмес (легалдуу эмес) методдоруна, өнүгүүнүн өздүк логикасы менен динамикасына, жогорку даражадагы ийкемдүүлүк менен ыңгайланышуу жөндөмүнө ээ болгондуктан, жогоруда каралып өткөн кубулуштардын өнүгүшүнүн башкача да вектору болушу мүмкүн. Эгерде коомдо субмаданияттын социалдык кайра жаралуусунун (жанданuусунун) механизми иштелип чыгып жатса, маргиналдуу топ цивилизациянын бир бөлүгү же цивилизацияны түзгөн өзөк болуп саналган этнос катары өнүгүү потенциалына ээ субэтноско айланат. Социалдык структураны деградациялабай, талкалабай, тескерисинче, аны альтернативдүү, атаандаш системачалардын эсебинен татаалданткан маргиналдуу мобилдүүлүктүн мындай тиби жогору карай багыттагы деп аталат. Мындай жаңы социумдун чегинде ага ылайык келген социалдык жана экономикалык формалар түптөлүшү толук мүмкүн. Ошол себептен, жаңы социум ички татаал карама каршылыктардан моноструктурага, социалдык, экономикалык жана маданий жашоо-тиричиликтеги базалык баалуулук-нормативдик стереотиптерди иштеп чыгууга өтөт. Ошентип, социомаданий эклектика катары пайда болгон жаңы социум өзүн өзү кайра жаратуунун (жандандыруунун) адекваттуу механизмин иштеп чыгуу аркылуу монолитке айланат.

Четке кагылган социумга карата бул структуралык да, мазмундук да жөнөкөйлөштүрүү болуп саналбайт. Жалпы жонунан, бир карама каршылыктуу жана татаал системадан (этностон, цивилизациядан) экинчисине өтүүнүн схемасы ушундай. Мында маргиналдуулук өнүгүүнүн поливектордуулугун шарттайт да, көпчүлүк учурларда бул социалдык

организмдин өсүүсүндөгү оору, дарт, же социалдык мозаиканы реструктуралаштыруу аркылуу ишке ашкан социумдун талкалануусунун белгиси болуп саналат. Мындай процесс социалдык кеселдерди жашоо-тиричиликтин нормасына айландыруу, коомдук аң-сезимдеги "аномия норма дагы, идеал дагы болуп саналат" деген идеологиялык клишенин үстөмдүгү, мурда аномалдуу же девианттуу[10] деп саналган жүрүм-турумдун эл массалары тарабынан оң мааниде кабыл алуусу менен мүнөздөлөт.

Белгилүү болгондой, "индивидуалдуу адам системалар координатына, канчалык дүйнө кыдырсаң да айланып келип эле кайра байланчу кандайдыр бир казыкка муктаж: ал эркин кулоо шартында жашай албайт". Ар бир адамга өз элинин маданияты, мейли ал трансформацияланган формада болсо да, системалар координаты же ошого окшош, ошого жакын нерсе болуп саналат [Торопова Е. Л. - 1999. - № 2. – С. 9]. Ошол себептен, кайрадан калыптанган социум дайыма идентификациянын туруктуу механизми менен кийин либералдашуу мүмкүндүгүнө ээ так кесе аныкталган баалуулук-нормативдик системасын иштеп чыгууга умтулуу менен мүнөздөлөт. Өзүнөн мурдагы маргиналдуу статуска реакция катары жана кийинки маргинализацияны алдын алууга багытталып, “чү” дегенде эле башталган мындай принципиалдуулук социум үчүн өтө коркунучтуу да, кооптуу да болуп саналат.

Маргиналдуу топту, чөйрөнү, зонаны бирдиктүү жана бүтүн түзүмгө айландырууда оң маанайдагы комплиментардуулук өзгөчө мааниге ээ. Маргиналдуу комплиментардуулуктун өзү эле “өз” чөйрөдөгү өз ара алаканын алдын алат, ара жолдо калуу феноменин шарттайт да, бөгөттүү (барьердүү) жана контакттуу деп аталган карама каршы эки функцияны аткарат. Позитивдүү жылдыз келишүүчүлүк контакттын тиби катары маргиналдуулуктун бүтүндүү биримдик деп аталган сапаттык жаңы абалга

---

[10] Девианттуу жүрүм-турум (англисчеден deviant латынчадан deviatio – четтеген, алыстаган) деп кризистүү коомдогу аракечтик, наркомания, сойкулук, өз жанынан аша кечүү (суицид) сыяктуу адамдардын, же алардын тобунун жалпы милдеттүү деп таанылган эрежелери менен нормаларын бузуп, алардан четтеп, социалдык топтор, же коом тарабынан ага иренжүү, жийиркенүү, эскертүү, уяткаруу, тыюу салуу, жоопкерчиликке тартуу ж.б. белгилүү бир формада жооп берүү, же реакция кылуу зарылдыгын жараткан жагымсыз көрүнүш аталат.

өтүүсүндө чечүүчү мааниге ээ. Мындай мааниде этномаданий маргиналдуулук аймактык жактан локалдашып (жергиликтүү гана мааниге ээ болуп), социумду мейкиндик боюнча кайра өзгөртүп түзүү жана анын негизги параметрлерин өзгөртүү аркылуу өнүктүрүүгө алып келген табигый, экономикалык жана этникалык процесстердин өз ара алакасынын интенсивдүү зонасында жайгашуусу абдан жагымдуу абал болуп саналат. Оң маанидеги комплиментардуулуктун контакттуу зоналары менен катар эле жаңжалдуу зоналар деп аталган терс комплиментардуулуктун зоналары да бар. Маргиналдуу этномаданий чөйрөдө экономикалык, саясий жана социалдык жаңжалдар менен коштолгон мындай терс зоналардын болушу социумду атомизация жана деградация багытында төмөн карай жүргөн социалдык процесстердин динамикасын шарттайт.

Этномаданий маргиналдуулук Homo sapiens түрүнө кирген жандыктын жашоо-тиричилигин камсыздоо ишинде эбегейсиз зор мааниге ээ. Мындай маргиналдуулук бүткүл дүйнөнү бирдей туңгуюк жол менен өнүгүүдөн сактайт да, социумдун мезгил мезгили менен байкалып турган флуктуацияларынын (латынчадан fluctuatio – термелүү) себеби болуп саналат. Дал ушундай флуктуациялык термелүүлөр социалдык жана экономикалык өнүгүүнүн аймактык контрасттарында, табигый чөйрөгө таасир берүү менен алакалашуунун ар кыл типтеринде байкалып, мейкиндик-убакыт уюлдашуусу (поляризациясы) менен мүнөздөлгөн ар кыл масштабдагы процесстердин бир мезгилдеги өз ара алакасын камсыз кылат. Дал ушундай этномаданий, экономикалык жана табигый процесстер кездешкен чекте этностор, улуттар, цивилизациялар сыяктуу келечекте жаралуучу социомаданий системалардын маргиналдуу чөйрөлөрү, областтары, локалдуу моделдери калыптанат.

Маданий жана этникалык маргиналдуулук баалуулук ориентацияларынын алмашуусунун алгачкы этабы болуп саналат. Бул жерде башкача маанайдагы мотивациялык ишмердүүлүк, жүрүм-турум менен ойломдун башкача стереотиптери менен мүнөздөлгөн келечектеги

реалийлердин контурлары жаралат. Көп сандаган муундардын мурда калыптанган жана иш жүзүндө апробацияланган жүрүм-турум ориентирлери менен стереотиптерин пайдаланбагандыктан, алгач мындай түзүм өтө мажес, чабал табиятка ээ.

Ошол эле учурда калыптануусунун алгачкы мезгилдеринде мурдагы идеалдар толугу менен жок кылынып, жаңы идеалдар туруктуу мүнөздөгү позицияга ээ боло албай, улам мүдүрүлүп, жыгылып, тайгандыктан улам мындай социумга өзүнө өзү ишенбестик, өксүк комплекси, апкааруу, коркуу менен коштолгон ара жолдо калуу синдрому мүнөздүү болгондуктан, анын индивиддеринин ачуусу чукул, көңүлдөрү чөгүңкү, маанайлары агрессивдүү келет. Ошол себептен, мындай жагдайларда жаңы же көчүрүлүп алынган турмуш-тиричилик стандарттарына, манераларга, сүйлөө өзгөчөлүгүнө, лексикага, кыскартып айтканда, социалдык имитация сыяктуу тышкы атрибутикага өзгөчө көңүл бурулат. Айтылгандардан улам туруктуу өнүгүү менен кайра жаратуу (жандандыруу) механизмдерине ээ эмес туурамчыл псевдомаданият жаралуу коркунучу туулат. Жалган социалдык структуризация деп аталган мындай феномен муундан муунга карай деградация кубулушун тереңдетип, төмөн карай багытталган социалдык динамиканын негизин пайда кылат.

Коомдук өнүгүүнүн ар бир дооруна маргиналдуулуктун кандайдыр бир даражасы мүнөздүү болсо да, ал каалагандай социумдун өткөнү эмес, учуру болуп саналат. Албетте, мындай шартта турмуш-тиричиликтик жана адискөй (профессионалдык) өңүттө чагылган психоэмоционалдык дезадаптациянын деңгээлдери ар кандай болушу мүмкүн. Социалдык жактан дезадаптацияланган инсан жүрүм-турумдун жалпы тарабынан кабыл алынган, жактырылган нормативдеринен четтеген, оолактаган (аддитивдүү) формаларына ык коет да, асоциалдык, криминогендик жүрүм-турумга жеңил өтүп кетет. Мындай кубулуштар терс маанайдагы комплиментардуулукка таянгандыктан, инсандын индивидуалдуу өнүгүүсүнүн деңгээли төмөндөй баштайт. Бул болсо баалуулуктардын структурасы төмөндөп, алардын

убактылуу мүнөзгө ээ инструменталдык, күнүмдүк блогу үстөмдүк кылып калат дегенди туюндурат. Өзүнүн инструменталдык (предметтик) жана социалдык мамилелердеги орду тууралуу функционалдык-ролдук түшүнүмдөрү толук өнүкпөйт, же бузулат. Социалдык ролдор бурмалана баштайт [Плюскин Ю. М., 1995. – С. 23]. Маргинализациянын мындай тиби бүтүн бир биримдикке айланып, өз алдынчалуулукка ээ оригиналдуу социум боло албайт. Анын үстүнө, архаикалык коомдордо цивилизациялар (этностор) аралык өз ара алакалашууда пайда болгон талкаланууулардан коргоочу, же аларды алдын алуучу социомаданий чыпкалар (фильтрлер) жок. Тескерисинче, калыптанып бүткөн каалагандай заманбап коом сырткы таасирлерге карата туруктуу болуп гана саналбастан, өзүнө сактоочу, күнүмдүк жана маргиналдуу субмаданияттарды камтыгандыктан, өз алдынча трансформациялануу потенциалына ээ.

Сактоочу субмаданият өткөндүн баардык баалуулуктарын кайрадан жаратып (жандандырып), жаңы нерселерди кабыл албайт; күнүмдүк (үстөмдүк кылуучу) субмаданият маданий-баалуулук стереотиптерин пассивдүү кайра жаратып (жандандырып) турганы менен этномаданияттагы тазалыкка карата өзгөчө кызганыч мамилеси менен айырмаланбайт; маргиналдуу субмаданият милдеттүү болуп эсептелбеген, бирок, пайдаланылып жаткан баалуулуктар менен идеалдардын калыптанып бүткөн системасын четке кагууга негизделген. Ар бир субмаданият жетишээрлик деңгээлдеги массалык мүнөзгө ээ, бирок, дал маргиналдуу субмаданият ара жолдогу маданияттарды өз ара айкалыштыруу аркылуу жаңы маданиятты түзүүгө карата көбүрөөк шанска ээ. Инновациялардын мазмуну адамзат үчүн ашкере баалуу болуп саналат. Айтсак, дүйнөлүк диндер, философиялык системалар, илимий концепциялар, дүйнөнү көркөм чагылдыруунун ар кыл формалары сыяктуу руханий тарыхтын көп сандаган базалык компоненттери маргиналдуу социомаданий чөйрөлөр менен алардын өтө активдүү өкүлдөрү тарабынан жаралышкан [Упорова Г. И., 1992. – С. 78].

Бирок, этномаргиналдар тарабынан түзүлгөн “жаңы нерсе” өз маңызы боюнча дестабилизациялуу болушу мүмкүн. Айтсак, тынч жаткан коомду дүрбөткөн С. Рушди тарабынан ишке ашырылган исламды кайра чечмелөө аракети буга ачык мисал. Индиядагы өтө дөөлөттүү жана бардар мусулмандардын үй-бүлөсүндө туулган С. Рушди 13 жашынан тартып Англиядан билим алган да, окуусун аяктаган соң кыска мезгил аралыгында Индияда иштеген. Ал мусулман тарбиясынын салттары менен рационалисттик-прагматикалык Батыш Европа маданиятынын күчтүү таасирине чалдыккан. Анын натыйжасында исламды мусулмандар үчүн кемсинтүү формасында, бирок, илимий жактан мыкты адабий тилде, тарыхый фактылардын чөйрөсүн бир кыйла кеңейтүү менен фактологиялык жактан өтө так берилген сынга алуусу чагылдырылган китеп жаралган [Петров Н. Я. - 1990. № 5. – С. 71-76]. Курчап турган чөйрөгө мынчалык катуу таасир берген мындай китеп диний этиканын айынан мусулман тарабынан да, исламды үстүртөн билүүнүн натыйжасында европалык адам тарабынан да жазыла алмак эмес[11]. Айтылгандардан көрүнүп тургандай, көндүм болгон адаттарды солкулдатып, термелтүү ишинде маргиналдар менен эч ким теңеле албайт. Дал ушул сапатын эске алуу менен маргиналдар саясатчылар тарабынан тигил же бул социалдык структуралар менен институттарды талкалоонун куралы, бекем орноп калган дүйнө көрүмдүк стереотиптерди жок кылуучулар катары регулярдуу түрдө пайдаланылып келет.

Жогоруда айтылгандардан байкалгандай, СССР бийлигинин башына ВКП(б)нын маргиналдуу катмарга жакын лидерлер келип, Орусиядагы большевиктердин жеңишин камсыз кылган Н. Бухарин жана А. Рыков

[11] Эгерде билимдер терең жана адискөй болсо, анда окумуштуу мындай формадагы эмгекти жазууга эч качан жол бербейт. Айтылгандарга байланыштуу бир катар мисалдарды келтирсек. Этномаданий маргиналдар, б.а. мулаттар менен квартерондор АКШдагы негрлерди эркиндикке чыгаруу ишинде маанилүү ролду ойношсо, креолдор Испаниянын Латын Америкасындагы колонияларында көз карандысыз мамлекеттерди калыптандыруу ишинде эбегейсиз зор эмгек сиңиришкен. Орус тарыхына кайрыла турган болсок, Петр I нин реформаторлук ишмердигине маргиналдардын кошкон салымын эстен чыгаруу эч мүмкүн эмес. О.э. 1917-жылдагы Октябрь революциясынын учурунда большевиктер партиясынын жетекчилигинде манилүү позицияларды маргиналдуу элементтер ээлегени баарыбызга белгилүү факт болуп саналат; маргиналдуу жана люмпен-интеллигенция советтик бюрократиялык машинанын негиздерин орноткону да баарыбызга жакшы маалым.

сыяктуу чыгаан фигуралар, тескерисинче, жеңилүү ызасын тартууга мажбур болгону толук мыйзам ченемдүү көрүнүш. Келечектеги изилдөөчүлөр үчүн XX кылымдын башы менен XX-XXI кылымдардын чегиндеги Кыргызстандагы мамлекеттик башкаруу эшелонунда турган адамдардын этно- жана социалдык-маданий маргиналдуулугунун деңгээлдерин аныктоо өтө кызыктуу илимий ишти жаратат деген божомолду сунуш кылууга болот.

Ошентип, айрым адамдар менен топтордун маргиналдуулугу социалдык структураларды кайра өзгөртүп түзүү процессинде аларды алмаштырган эмес, алардын шалкылдап бошоп, туруксуз абалга алып келишин шарттаган катализатор болуп саналат. Маргинализация коомдун өнүгүүсүнүн көп варианттуулугун шарттайт да, аны ашынган детерминация менен алдын алуу мүмкүн болбогон шарттардан оолак кылат. Ошол эле учурда бул процессте тарыхый өнүгүүнүн маанилүү факторуна айланып кеткен кокустуктун ролу кескин өсөт. Өз алдынча турганда каралып жаткан феномен сапаттык жактан жаңы этносоциомаданий топтор менен системалардын пайда болушун шарттабайт, бирок, ошол эле учурда, мындай топтор менен системалар сөз болуп жаткан феноменсиз пайда боло алышпайт. Маргинализация келечекте тарыхый туруктуулукка, трансляция менен өз алдынча өнүгүүгө жөндөмдүүбү, же жөндөмү жогуна карабастан, жаңы идентификациялык принциптин элементтеринин биринин калыптануусунун негизинде жаралат. Коомдун этно- жана социомаданий маргиналдуулугу цивилизациялык системалардын өнүгүүсүндөгү мурунку бүтүндүк талкаланып, бирок, бул талкалануу азырынча ачык байкалган мүнөздөмөлөргө ээ боло элек кезинде билинээр, билинбес байкалган этап болуп саналат.

Ошол эле мезгилде коомдун этно- жана социомаданий маргиналдуулугу өнүгүүнүн жаңы детерминанттарын, башка системаны түзүүнүн жаңы принциптерин издөөнүн акылга сыйбаган, хаостуу, системанын ичине мүнөздүү болгон процессти туюндурат. Стабилдүү цивилизациялык структура бул процессти минималдаштыра алат, бирок,

маргиналдуу элементтер начар, чабал, талкаланып бара жаткан система үчүн баалуулук-дүйнө таанымдык "вирус" жуктуруп алганга тете. Маргиналдуулук феномени мындай чабал структуранын талкаланышын тездетип, ошол эле учурда, альтернативдүү структура түзүүнүн варианттарын тандай баштайт.

Параграфты төмөнкү корутундулар менен жыйынтоого болот:

1. Маргиналдуулук коомдун адамзат тарыхынын бүтүндөй жүрүшүндөгү каалагандай тибине тигил же бул деңгээлде мүнөздүү болуп саналат.

2. Маргиналдуулук жеке адам мейкиндик-убакыттык локализациядагы кандайдыр бир доордогу этникалык, экономикалык, социалдык жана маданий мамилелердин персонификациясы болуп калган коомдук өнүгүүдөгү объективдүү карама каршылыктардын кесепети жана натыйжасы болуп саналат.

3. Маргиналдуу чөйрө ара жолдо калуусу, анда жашаган индивидуум тарабынан өзүнүн нукура этномаданий жалпылыкка объективдүү таандык болуудан айрылып калуусу, ошол жалпылык менен субъективдүү идентификациянын жоктугу, четке кагылган маданияттардын нормалары жана баалуулуктарынын кумга сиңген суудай жоголушу, социалдык байланыштардын үзүлүшү менен мүнөздөлгөн бөтөнчө бир белгилерге ээ социум болуп саналат.

4. Маргиналдуу субъекттердин, чөйрөлөрдүн, локустардын андан аркы өнүгүү векторлору бекем орноп калган социумдарды деформациялоо жана талкалоо сыяктуу негативдүү да, микро- жана макро деңгээлдерде сапаттык жактан жаңы болуп саналган социомаданий структураларды калыптандыруу сымал позитивдүү да багыттарды шартташы мүмкүн. Мындай ар кыл багыттардын ишке ашуусу коомдук болмуштун ар кыл чөйрөлөрүндөгү инновациялык ишмердүүлүк жана мындай ишмердүүлүктү трансляция механизминин жардамы аркасында бекемдөө аркылуу жүрөт.

## 1.3. Маргиналдуулуктун этноцивилизациялык негиздери

Маданий каада-салттар деп муундан муунга өтүп, кандайдыр бир коом менен социалдык топтун чегинде узак мезгилдер аралыгында кайрадан жаралып (жанданып) турган социалдык жана маданий мурастар аталышат. Маданий каада-салттар өз кучагына социомаданий мурастын объекттерин (материалдык жана руханий баалуулуктарды); социомаданий мурастоонун процесстерин; мындай мурастоонун ыкмаларын камтыйт. Маданий каада-салт болуп кандайдыр бир маданий үлгүчөлөр, институттар, нормалар, баалуулуктар, идеялар, ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр, стилдер ж.б. саналышат.

Каада-салттар бардык социалдык жана маданий системаларда кездешет да, алардын жашоосунун зарыл шарты болуп эсептелет. Айрыкча, маданий каада-салттардын чөйрөсү кыргыздардын этномаданияты сыяктуу архаикалык жана капиталисттик доорго чейин калыптанган коомдордо өтө кеңири. Маданий каада-салттар маданияттын ар кыл чөйрөлөрүнө мүнөздүү болсо да, бул чөйрөлөрдүн ар биринде алардын үлүшү ар кандай болушу мүмкүн. Маданий каада-салттар өзгөчө динде маанилүү орунду ээлешет. Дүйнөдө жашап турган маданияттардын көп түрдүүлүгү, басымдуу түрдө, аларга ылайык келген маданий каада-салттардын ар кандайлыгы менен шартталган.

Маданий каада-салттар коом менен социалдык топтордун “коллективдүү эс тутумун” түзүү аркылуу алардын өздүк идентификациясы менен өнүгүүсүндөгү ырааттуулукту камсыз кылат. Коомдун айрым топтору, таптары, катмарлары өздөрүнө гана таандык каада-салттарга ээ. Бул болсо салттуу маданий формалар менен аларды интерпретациялоо ишиндеги көп түрдүүлүк менен карама каршылыкты жаратат. Коом менен социалдык топтор бир эле мезгилде социомаданий мурастоонун айрым элементтерин кабыл алуу менен башка элементтерди четке кагып турат. Ошол себептен, маданий каада-салттар позитивдүү (эреже катары мындай элементтер кабыл

алынып, өз жашоосун улантууга мүмкүндүк алат) же негативдүү (булар салттуу түрдө четке кагылып турат) болушу мүмкүн.

Каада-салттардын жыйындысы берилген маданияттын спецификалуу кодун аныктайт. Маданияттын өзүн өзү таанып-билүүгө жана өзүн кандайдыр бир каада-салттын жыйындысы деп эсептөө жөндөмү маданий өздүк иденттүүлүк (культурная самоидентичность) деп аталат. Бул түшүнүккө коомдун өзү, өз тагдырынын өзгөчөлүктөрү жана тарыхый “миссиясы”, өзүн өзү кандайдыр бир маданият менен тең маанилештирүүсү тууралуу субъективдүү түшүнүмдөрү кирет.

Дээрлик узак мезгилдер бою маданий каада-салттар ата бабалардын муундан муунга кандайдыр бир мурасынын же керээзинин формасында муундан муунга берилип келе жаткан жөрөлгөсү катары каралып келген. Бирок, маданий каада-салттарда швейцариялык окумуштуу К. Г. Юнг (1875-1961) тарабынан маданияттын архетиби деп аталган пласт (катмарча) да кездешет [Караңыз: Юнг К. Г., 1991]. Ал архетип (грекчеден arche – баштапкы, биринчи, көөнө, эски, алгачкы, týpos – из) деп индивидуалдуу жана коллективдүү көмүскө аң-сезимде жашап, маданият жараткан субстанцияларды атаган [Караңыз: Юнг К. Г., 1991]. Окумуштуунун пикиринде архетип өз алдынча маданий ишкер активдүүлүктү гана жаратпастан, коллективдүү жана индивидуалдуу этносоциалдык эс-тутум менен байланышкан конкреттүү сар-санаалар менен убайым чегүүлөрдү да камтыйт. К. Г. Юнгдун теориясынын негизинде илимий адабиятта адамдардын түшүндө, фантазияларында жана фобияларында (коркууларында), о.э. адабий чыгармачылыгында чагылдырылган маданий архетиптер кеңири изилденген.

Ошентип, архетип инсандын жалпы структурасын калыптандырып, аны маданият системасында өз алдынча улуттук же тарыхый-маданий тип катары мүнөздөгөн алгачкы образ, маданий жүрүм-турум түзүмү болуп саналат. Архетиптер адамдын аң-сезимине символдун формасында гана жете алат. Ошол себептен, архетиптер мурдагы муундардын жашоо тажрыйбасы

менен бушаймандыктарын жалпылап, муундан муунга генетикалык жол менен берилүү аркылуу ар бир цивилизацияны, маданиятты өз алдынча жана кайталангыс кылган табигый, тарыхый жана саясий факторлордун таасири астында калыптанган көмүскө аң-сезимдүү образдар болуп саналышат.

Маданий архетиптер руханий турмуштун константалуу (туруктуу) моделдерин калыптандырган маданияттын базистүү элементи болуп эсептелишет. Маданий архетиптердин мазмуну маданияттагы типтүү формаларды түзүү менен бирге объективдүү мүнөзгө ээ келет. Маданияттын курамындагы 1) универсалдуу маданий архетиптер жана 2) этникалык маданий архетиптер (этномаданий архетиптер) фундаменталдуу болуп саналышат.

Универсалдуу маданий архетиптер коллективдүү тажрыйбаны иштеп чыгуунун, сактоонун жана репрезентациялоонун күтүүсүз (спонтандуу) аракетке келген туруктуу структуралары түрүндө көрүнүп, жалпы маданий өнүгүүнүн ырааттуулугу менен биримдигин камсыз кылат. Чындыгында эле, Чыгыш менен Батыштын маданияттарын өз ара салыштыруу практикасы (өзгөчө Макс Вебер тарабынан жүргүзүлгөн чыгыш жана батыш диндеринин ортосундагы айырмачылыктар багытындагы изилдөөлөр [Караңыз: Шакирова Д., 2011. – 21-22-беттер.]) Чыгыш менен Батыштын ортосундагы мурда эч кимдин оюна келбеген төмөнкүдөй маани-мазмундук антиномиялар жашаарын көрсөткөн:

| ЧЫГЫШ | БАТЫШ |
| --- | --- |
| Деспотизм | Демократия (эркиндик, теңдик) |
| Мистика | Аскеза |
| Интуиция, дүйнөнү көрөңгөлүү сезим менен терең түшүнүү | Илимий билим, карандай акыл-эске сугарылган рационализм |
| Кыймылсыздык, стабилдүүлүк | Динамизм, өнүгүү |
| Каада-салт, ырым-жырым | Модернизация, инновация |
| «Дао» | «Логос» |
| Коллективизм, мамлекет | Индивидуализм, инсан |
| Табият менен таттуу мамиледе болуу жана медитация | Дүйнөнү техникалык жана технологиялык жактан активдүү өзгөртүп, түзүү |
| Коммунизм, тапсыз коом | Капитализм, буржуазия |
| Ызы-чуулуу, ыраатсыз, чар-жайытттуу, берекелүү базар | Рынок, баардык ыңгайлуулуктары менен шарттары бар, ирээттүү маркет |
| Ыйман, рух | Акча, товар |
| Намыс, нарк, уят | Укук, мыйзам, принцип |

Чыгыш менен Батыштын маданияттарынын ортосундагы терең дифференциациянын мисалдарынын тизмесин мындан да узартып, уланта берүүгө болот.

Этникалык архетиптер (этноомаданий архетиптер) этностун негиздүү касиеттерин маданий бүтүндүк катары туюндурган жана орноткон улуттук руханияттын константасы болуп саналат. Ар бир улуттук маданиятта ошол улутка таандык элдин дүйнө таанымынын, көркөм чыгармачылыгынын жана тарыхый тагдырынын өзгөчөлүктөрүн аныктап, ошол элге гана таандык болгон этномаданий архетиптер үстөмдүк кылат.

Этномаданий архетиптерде элдин коллективдүү тажрыйбасы жалпы жонунан чагылдырылат да, бул архетиптер этникалык тарыхтын этникалык маданий тажрыйбанын моделине айлануусунун натыйжасы болуп саналат. Этномаданий архетиптер элдин өткөнүн гана эмес, алардын келечек тууралуу кыялдары менен кооптонууларын да чагылдырышат. Этномаданий архетиптердин активдүү болушу улуттук маданияттын өз алдынчалуулугу менен бүтүндүгүн сактап калуунун маанилүү шарты болуп эсептелет.

Маңызы боюнча өзгөрүүсүз бойдон калган маданий архетиптер мифологиялык образдар менен сюжеттик элементтер, диний окуулар менен ырым-жырым жөрөлгөлөрү, улуттук идеал ж.б. ар кыл формаларда көрүнөт.

Каалагандай этносоциалдык жамааттын маданий өнүгүүсүнүн ар бир тарыхый мезгили бир эле учурда ушул мезгилдин социомаданий символу жана бул жамааттын менталитетинин чагылуусу болуп саналган кандайдыр бир модель менен байланышкан [Пінчук О. - 1994. – С. 192]. Мында калыптанып бүткөн этносоциомаданий системанын сапаты өзүнүн курамындагы кандайдыр маани менен маңызга ээ элементтер аркылуу аныкталышат. Бир эле учурда этноулуттук өздүк аң-сезимдин жалпылоочу символу да, көмүскө аң-сезимдин деңгээлинде этностук аң-сезимдин калыптануусуна импульс берген маданий субстанция да болуп тарыхтагы кыргыз этносунун өзүн калыптандырган архетиптер саналышат.

Эгерде этномаданияттагы архетиптерди проблемасына жогоруда сөз кылынган теориялык позициялардан изилдей турган болсок, анда кыргыздардын улуттук аң-сезиминин табияты менен өнүгүүсүн ар кандайча түшүндүргөн төмөнкүдөй, жок эле дегенде, эки культурологиялык багытты айырмалоого болот.

Айрым изилдөөчүлөр кыргыздардын маданияты менен ага ылайык келген дүйнө таанымын илимий адабиятта “номадизм”[12] деп аталган культурологиялык архетиптин негизинде түшүндүрүү аракеттерин кылышат [Кыргыз тарыхы, 2003. – 307-308-беттер]. Бул авторлор номадизм феноменине карата батыш европалык илимий адабиятта төмөнкүдөй жоболор кездешээрин ырасташат [Караңыз: Аалиева Г. К., 2013. – 129-130-беттер; Ашыралиев Д. А., 2007. – С. 49]:

- номаддар өткөн тарыхы, маданияты менен жазуусу, ал тургай келечеги жок «ферменттүү элдер» [Караңыз: Безертинов Р. Н., 2000; Мусаев К., 2002; Тойнби А., 1991; Хазанов А. М., 2002 ж.б.].
- айрым илимий ишмерлер номаддарды позитивдүү маанайдагы эч нерсени сунуш кылбаган «адамзаттын жатып ичээр жан бактылары» («трудни человечества») деп аташат [Караңыз: Егоров В. К., 2002].
- окумуштуулардын анча чоң эмес тобу, негизинен диссиденттик багыттын өкүлдөрү, илимде догма жана стереотип катары кабыл алынган багыттардан айырмаланып, көчмөндөрдү карандай энтузиазмдын негизинде башкача нукта изилдөө аракеттерин көрүүдө [Караңыз: Безертинов Р. Н., 2000; Егоров В. К., 2002; Мусаев К., 2002; Тойнби А., 1991; Хазанов А. М., 2002].

Автор ата мекендик изилдөөчүлөрдүн айрымдары сыяктуу [Караңыз: Аалиева Г. К., 2013; Ашыралиев Д. А., 2007] номадизмдин диссиденттик деп аталган жобосунун өкүлдөрүн колдоп, тарыхый эволюциядагы номаддардын ролу менен маанисин баса белгилеген тарыхый фактыларды кайрадан карап

---

[12] Номадизм (англисчеден nomadism, грекчеден nomas – көчмөн, көчмөн турмуш, көчмөндүк) деп тигил же бул этностук топтун жашоо тиричилиги мал чарбачылыкка негизделип, дайыма бир жерден экинчи жерге которулуп, көчүп-конуп жүрүүгө шартталган жашоо образын мүнөздөөчү түшүнүк аталат.

чыгуу, көчмөндөр мекендеген эбегейсиз зор мейкиндикти номадизмге мүнөздүү динамика катары кароо, согушчандыкты номаддардын жашоо образы деп түшүнүү, алардын дүйнө таанымындагы баамчылдык менен сакралдуулуктун маңызын ачып берүү, номадизмди адамзат маданияты менен тарыхындагы бир бүтүн феномен катары кароо зарыл деген пикирде.

Тилекке каршы, кыргыз маданиятынын түпкү өзөктөрү менен негиздерине кайра кайрылуу чакырыктары менен коштолгон мындай жобонун көшөргөн архаикалуулугу

- кыргыздардын улут катары калыптана электиги;
- кыргыздардын түндүк-түштүк болуп бөлүнүүсү, жердешчилдик;
- кыргыздарда уруулук түзүлүш менен трайбализмдин сакталып калышы;
- кыргыздар өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө капитализм гана эмес, феодализмдин да классикалык формасын басып өтпөөсү;
- Октябрь революциясына чейин кыргыздарда дыйканчылыктын классикалык формаларынын болбошу;
- жергиликтүү каада-салттардагы, үрп-адаттардагы айырмачылыктардын, күнүмдүк тилдеги диалекттер менен говорлордун болушу;
- коомдун социалдык структурасынын калыптанышындагы этникалык өзгөчөлүктөр, б.а. жумушчу табындагы улуттук отряддын болбошу, шаардык калктын үлүшүндө кыргыздардын санынын аздыгы ж.б. тууралуу көп сандаган негативдүү ой-пикирлердин жаралуусуна негиз болуп калууда [Караңыз: Абдылдабек кызы Ж. – 1993. 19 июня; Асанканов А., 1997; Ачылова Р. – 1994. 20-май; Байгазиев С. – 1994. 26-январь; Жээнбеков С. – 1993. сентябрь; Исмаилов А. И., 2002; Койчуев Т. – 1992. 21 июля; Кулматов Н., 1994; Молдобаев К. – 1992. 18 июня; Осоров З. – 1994. 7 января; Өмүралиев Ч. – 1992. 5-март ж.б.]. Бул жобонун чегинде кандайдыр бир конструктивдүү нерселерди табуу мүмкүн болсо да, ал өткөн заманга кайра кайрылып келүү менен байланышкан маданий регресске түртөт.

Ата мекендик гуманитардык илимге таандык башка авторлор улуттук патриотизмди демонстрациялоо менен советтик коомдун мезгилинде кыргыз социалисттик улуту калыптанып, Кыргызстанда пролетариат диктатурасы орногонго чейин коомдук аң-сезимде орун алып келген эскинин саркындылары толугу менен жок болуп, кыргыз этносу улут (нация) болуп калуптануунун эң акыркы социомаданий этабында турат деп расмий түрдө ырасташат [Кыргыз Совет энциклопедиясы, 1980. – Т. 3. 562-563-беттер]. Алардын пикирин кубаттагандар феодализмден социализмге, көчмөн жашоодон цивилизацияга секирик сымал аттаган кыргыздарды болушунча кыска убакыттын швейцариялыкка, японго айландырып жиберүү, 70 жылдан ашуун мезгил бою эффективдүүлүгү менен айырмаланып келген советтик билим берүү системасына негизделген улуттук билим берүүнү жерип, аны болондук система менен механикалык түрдө алмаштырып жиберүүнү көксөгөндөр четтен чыкты. Айтсак, 1991-жылдын 31-августунда өз алдынча мамлекет катары көз карандысыздыкка жеткен Кыргыз Республикасынын коомдук түзүлүшүнүн проблемасы боюнча республиканын тунгуч Президенти А. Акаев төмөнкүлөрдү белгилеген: «Биз үчүнчүлүк деп аталган жол менен бара жатабыз. Ал капитализм менен социализмдин жакшы жактарына негизделет. Албетте, өзүбүздүн шартыбызды, мүмкүнчүлүгүбүздү, өзгөчөлүктөрүбүздү да эске алуу керек. Бул болсо биздин жолго өзгөчөлүктү жана эч кимге окшош эместик мүнөздү берет» [Акаев А. – 1991. – 9 октября]. Кыргыз Республикасынын Президентинин алдында реформаларды маалыматтык жактан колдоо жаатында түзүлгөн Кеңештин жыйналыштарынын биринде улуттук идея менен идеологиянын маани-маңызын, мазмунун жана негиздерин түзүү тууралуу талкуу болуп өтөт [Кыргыз Руху. – 1997. 5-11 марта]. Анда көпчүлүк тарабынан “Гүлдөгөн Кыргызстан”, “Күчтүү Кыргызстан”, “Кыргыз мамлекети – күчтүү өлкө”, “Жашоону кантип жакшыртса болот?”, “Жакшы жашоого карата багыт”, “Өздүк иденттүүлүк концепциясы” ж.б. идея-ураандары көтөрүлгөн [Кыргыз Руху. – 1997. 5-11 марта].

Кыргыз элинин калыптануу тарыхы б.з.ч. 201-жыл менен байланышкан байыркы тарыхый доордо Чыгыш Түркстандын аймагындагы ландшафттардан (азыркы КЭРдин Синьцзян-Уйгур автономиялуу облусу) башат алган[13]. Гяньгундар (гэгунь, цигу, кигу ж.б. варианттагы аталыштар) деп кытайлар байыркы кыргыздарды аташканын окумуштуулар эч күмөнсүз, толук далилдешкен [Караңыз: Анвар Байтур., 1992; Аристов Н. А., 2001; Бактыгулов Дж. С., Плоских В. М., Мокрынин В. П. - 1990-1991; Бичурин Н. Я. (Иакинф)., 1950; - Т. I, 1953. - Т. II; Бернштам А. Н., 1997-1998. - Т. I; II; Маанаев Э., Эралиев 3., Эсен уулу Кылыч., 1997; Мокеев А., 2001; Омурзаков С., 2002; Чоротегин Т., Омурбектегин Т., 1995. - 251-234-беттер ж.б.]. Ошентип, жалпы түрк тамырынан жайылган заманбап элдердин аталыштарынын ичинен «кыргыз» этноними эң байыркы болуп саналат. «Түркмөн», «өзбек», «казак», «уйгур», «татар», «башкырт» ж.б. түрк этнонимдери кийин гана пайда болушкан.

Кыргыздардын номаддык маданиятына мүнөздүү болгон негизги спецификалуу архетиптер катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

1. *Номадизм философиясы менен байланышкан архетип*. Кыргыз эли башынан кечирип келген көчмөндүк (номаддык) маданият узак мезгилдер бою коом да, коомдук аң-сезим да, анын ичинде илим да тарабынан унутта калтырылып келген. Ошондой болсо да, номаддык маданият менен көчмөндөрдүн менталитети уникалдуу кубулуш болуп саналат. Номадизм өзүнө гана таандык баалуулуктарга, түшүнүктөргө, менталитетке, курчап турган дүйнөгө жасаган өзгөчө мамилеге ээ маданияттын спецификалуу тиби катары Батыш жана Чыгыш маданияттарынан кескин айырмаланса да, чыгыш маданиятына жакыныраак келет. Олтурукташкан элдердин маданиятына караганда номадизм бир кыйла

[13] Баарыбызга белгилүү болгондой, «кыргыз» этноними алгачкы жолу кытай жыл наамаларында жолугат. Кытай тарыхчысы Сыма Цянь (б.з.ч. 145-86-жылдар) өзүнүн «Ши цзы» («Тарыхый хроникалар», б.з.ч. I кылым) деген эмгегинде «б.з.ч. 201-жылы хуннулардын өкүмдары Модэ Шаньюй коңшу жаткан түндүк жана түндүк-батыш аймактарды басып алуу үчүн аттанат. Бул казаттын учурунда ал гяньгундар, динлиндер, синьлилер сыяктуу бир катар көз каранды эмес урууларды өзүнө баш ийдирет», - деп жазат // Караңыз: Кюнер Н. В., 1961; Хрестоматия по истории Кыргызстана (с древности до XX века), 1997; Яхонтов С. Е. – 1970. - № 2.

артыкчылыктарга ээ десек аша чапкандык кылбайбыз деген авторлор [Караңыз: Аалиева Г. К., 2013; Ашыралиев Д. А., 2007] менен толук макулбуз. Мисалы, көчмөндөр дүйнөнүн философиясы менен турмуш-тиричиликтин философиясын айырмалашкан эмес: аларда философиянын аталган эки түрү өз ара тыгыз жуурулушуп кеткен.

2. *Өткөн чак – учур чак – келечек архетиби*. Дүйнөнүн баардык маданияттарында жашоонун пайда болуусу Гармониянын Хаостон суурулуп чыгуусу менен байланыштырылат. Номаддардын маданиятында да ушул эле космологиялык элес, б.а. Адам менен Космостун ортосундагы биримдик адамдардын өз ата-бабалары менен болгон байланышы түрүндө көрүнөт. Кыргыз эч качан ата-энеси менен бала-чакасын талаага, кароосуз, багуусуз, бирөөлөргө түрткүнчүк кылып таштабайт. Ошол себептен, кыргыз менталитетине ата-бабанын арбагын сыйлоо, жети атасын (атасын, чоң атасын, бабасын, бубасын, жотосун, жетесин, тегин) милдеттүү түрдө билүү, улууларга урмат, кичүүлөргө ызаат кылуу сыяктуу муундар ортосундагы өз ара жоопкерчилик жана өткөн чак – учур чак – келечек өңдүү чынжырчага ээ культтук элемент мүнөздүү [Караңыз: Ашыралиев Д. А., 2007].

3. *Эс-тутум архетиби*. Көчмөндөрдүн идентификацияланууу жана менталитеттин калыптануу процессинде адамдын эс-тутуму зор ролду ойнойт. «Эс тутум инсандын биримдигин, толук кандуулугун камсыз кылып турган адамдагы өтө эле терең онтологиялык башат болуп саналат. Анткени адамдын «мен» түшүнүгү учурдагы аң-сезимден гана эмес, өткөн чак менен келечектин өздүк аң-сезимдеринен да калыптанат… адамды эс тутумдан айрып салаар замат, ал адамдык маңызын жоготуп салат… Эс-тутум адамдын «өзүн өзү тескей алуу» жана дүйнөнү өзү суурулуп чыккан тек катары түшүнүү ыкмасы болуп саналат» [Бакиева Г. А., 2001. – С. 89].

4. *Көчмөн кыргыздардын дин менен байланышкан архетиби*. Айрым изилдөөчүлөр кыргыз менталитетинде көчмөн кыргыздар менен казактардын маданий идентүүлүгүнүн негизинде исламга чейинки мурастар, ири алдыда,

теңирчилик[14] каада-салты жатат деп баса белгилешет [Караңыз: Жолдасбеков М. - 1994. - №.9; Мустафаев Н. - 1993. - №№7-8-9. - С.14,18; Сарыгулов Д. И., 2002]. Байыркы түрктөр, алардын ичинде кыргыздар, Теңирди кубаттагандардын, колдогондордун баары Адал, ал эми Теңирге каршы иш жасагандар Арам деп таанууну өз салтына айландырышкан [Сарыгулов Д. И., 2002. – С. 48]. Ошол себептен байыркы түрктөр адамдарга гана эмес, жан-жаныбар, жансыз нерселерге карата да Убал, Кесир, Сооп, Арбак ж.б.у.с. адеп-ахлак императивдерин кеңири колдонушкан. Теңирчиликти ыйык туткандар ыйманды, абийирди, намысты, уятты өтчү-кетчү материалдык дүнүйөдөн, байлыктан, бийликтен, мансаптан, ал тургай өмүрдөн да бийик баалашкан.

5. *Теңирчилик принциптери менен байланышкан архетип*. «Теңди Теңирим сүйүптүр», - деген кыргыздарда гендердик теңдик, тең укуктуулук маселеси да байыртан эле оң жагына чечилип келген. Адамдын кадыр-баркы менен беделине шек келтирген жосунсуз жоруктар кыргызга жакпайт, мындай жүрүм-турум коомчулук тарабынан курч сынга алынат жана келечеги кооптуу деген күдүктүү ойлорду жаратат. Айтсак, көчмөндөрдүн түшүнүмүндө кылмыш аракет гана эмес, аракетсиздик да, туура эмес ой да болуп саналгандыктан, кылмыш жасаган адамды Теңир (Кудай) гана жазалай алган (“жазаңды Кудай берсин!”). Атайылап, кара мүртөздүк жол менен жасалган кылмыш үчүн адам Кудайдын алдында жооп берген, ал эми коом үчүн милдеттүү деп табылган аракеттерди кылгандыгы, же кылбагандыгы үчүн ал адамдар тарабынан иштелип чыккан адат укугунун мыйзамы боюнча

---

[14] Д. Сарыгуловдун пикиринде Теңир кудайынын уңгусун «тең» сөзү түзөт. Философиянын тарыхына кайрылуу аркылуу кыргыздардын теңирчилигин байыркы кытай философиясындагы инь менен яндын, материя менен идеянын, асман менен жердин, жамандык менен жакшылыктын биримдиги жана күрөшүн элестеткен Тай-Цзи (Улуу Бөлгүч, Улуу Теңдегич) окуусу, символу менен салыштырууга болот. Кытайда болмуштун нерселери менен кубулуштарына мүнөздүү ички касиеттер катары каралышкан жарык жана караңгы сапаттар тууралуу түшүнүмдөр пайда болуп, ал эми алардын карама-каршылыгы нерселер менен процесстердеги өнүгүүлөрдү жана өзгөрүүлөрдү пайда кылат деп түшүнүлгөн. Алгач мындай көз караштар төлгө китептериндеги жана жаныбарлардын сөөктөрүндөгү жазууларда чагылдырылган, аларда күн жарык (жакшылык, жашоо), ал эми түн караңгы (жамандык, өлүм) деп аталган. Ушундай жана ушуга окшош түшүнүктөр өнүгүп олтуруп, өтө терең мааниге жана кеңири мазмунга каныга башташат. Эми жарык башталыш “күндү” гана эмес, ошондой эле асмандын, күндүн, күчтүн, бекемдиктин, эркектин ж.б., ал эми караңгы башталыш - жердин, айдын, түндүн, сууктун, алсыздыктын, жумшактыктын, аялдын ж.б. касиетин түшүндүрө баштаган. Акырындык менен жарык жана караңгы башталыштар тууралуу түшүнүктөр абстрактуу мааниге өтүшкөн // Караңыз: Сарыгулов Д. И., 2002. – С. 48.

жазаланган [Уголовное право // Манас и право. - С.284]. Демек, теңирчилик, рухий түшүнүмдөр менен тескегичтер традициялуу коомдун конституциялык фактору катары жамааттын жашоосу, теги, кесиби, мүлкү ар кандай болгон мүчөлөрү үчүн мыйзамы – тең салмактуулук, нормасы – теңдик болуп эсептелген бир системанын универсалдуу бирдиктерине айланган жана жамаат мүчөлөрүнүн бийлик жүргүзүү ишине тең катышуу принцибин түшүндүргөн. Ошол себептен, жамаатта жарандардын теңдиги жана коомдук турмуштун белсемдүү маселелерин коркутуп-үркүтүү методдору менен иррационалдуу мүнөздө талкуулоо өзгөчө мааниге ээ болгон. Көчмөндөрдүн коомдук-саясий чөйрөсүндөгү мындай каада-салттар менен үрп-адаттар интеллектуалдык ишмердүүлүктүн андан ары калыптанышына тигил же бул деңгээлде жагымдуу шарттарды түзө алган эмес.

6. *Көчмөндөрдүн эмгекке болгон мамилесинде байкалган архетиптер*. Бардык элдер менен улуттар өтө оор жана машакаттуу кара күч эмгегин жеңилдетүүнү кыялданып келишкен[15]. Отурукташкан элдердин жашоо-тиричилигин кышка деп камдап койгон кайнатмаларсыз (варенье), туздамаларсыз (соленье), дан-үрөнсүз, о.э. аларды сактай турган жер төлө, жыгач сандык, темир үкөк, шкаф, кампа, сарай ж.б. чарбалык максатта салынган курулуштарсыз элестетүү кыйын. Көчмөндөрдө булар башка жүк - ашка жүк катары бааланган. Г. Гачевдин сөзү менен айтканда, көчмөнчүлүктү өзүн Аалам кеңдигинде унаа катары көчтүрүп, кондуруп жүрүүгө гана эмес, ага тамак-аш да, кийим-кече да болууга да жарамдуу жаныбарларды тапкан кеменгер, кеменгер (гений) адам ойлоп чыккан [Караңыз: Гачев Г., 2002]. Малчылык менен жайыт чарбасы адамдан кара тер төккөн өндүрүш ишмердүүлүгүн талап кылбайт: кыргыздар баккан төрт түлүк мал жайлоонун даяр чөбүн, же кышында туяктары менен карды тээп, оттошот да, адамдан ашкере түйшүктү талап кылбайт. Мал өзүнөн өзү эле адамга керектүү болгон нерселерди өндүрөт. «Көчмөн кыргыз үчүн

[15] Ошол себептен, орто кылымда жашаган **европалыктар** эмгектенүүнүн эч бир кажети жок, асманда даамдуу куурулган каздар учуп жүргөн «Кокань өлкөсү», **орустар** болсо жылуу мешке жатып алып эле «Емелянын каалаганын чортон (щука) балыгы аткарат» деген ырды созолонткон жалкоо Емеля тууралуу ажайып жомокторду жаратышкан // Мисал төмөнкү булак боюнча келтирилүүдө: [Аалиева Г. К., 2013].

жаныбарлардагы, дегеле жандуулардагы (анын ичинде адамдагы) асыл сапат болуп өздүк кыймыл эсептелген да, түшүмдүүлүк, төлдүүлүк экинчилик планда каралган… Койдон алынган май, эт, сүт, каймак, жүн да жогору бааланган. Кой өзү басып жүргөн кампа, үкөк, жер төлө жана кийим-кече катылган сандык болуп саналган» [Гачев Г., 2002. – С. 345]. Өндүрүшкө болгон мындай мамиле жана күн сайын кайталанган жайыт жаюунун бир түрдүүлүгү адамда жайбаракаттыкты, көңүл токтукту жаратат: малды жайытка жайып коюп, кыргыз «жайлоодо, жайдын соңунда, жамбаштап жатсам сонун да», - деп кыңылдап ырдап, күнгө күйүп жата берет[16].

7. *Адамдарга жасаган мамилеси менен байланышкан архетиптер*. Ата мекендик изилдөөчүлөр “кыргыз менталитетинде Ману (Манас) түпкү атабыздын дейбизби, Адам пайгамбарынын дейбизби, тукумдары болуп саналган киши пенделерине, курчап турган жандуу дүйнөгө, өздөрүнүн болмушунун, жашоо-турмушунун негизи болгон төрт түлүк малга карата адамкерчиликтүү мамиле кылуу дароо байкалат” [Аалиева Г. К., 2013. – 489–бет], - деп жазышат. “Манас” эпосунда кыргыз элин баш кошууга, ынтымакка чакырган “Бөлүнсөң бөрү жеп кетет. Бөлүнүп калды кыргыз де, Бөлөк элге кеп кетет”, - деген улуу саптар бер. Курама эл болгон кыргыздардын төмөнкүдөй үч журту бар: 1) Ата Журту, 2) тага журту жана 3) кайын журту. Ата Журт кандай ыйык экени сөз кылынды. Улутубуздун этноэтикетинде аталган журттарга, өзгөчө кийинки эки журтка, о.э куда-сөөккө, күйөө бала менен келинге карата адамкерчиликтүү мамиле кылуунун өзгөчө бир бийик үлгүлөрү сакталып калган. Айтсак, «куда болгуча кулу-бийин сураш, куда болгондон кийин кул да болсо сыйлаш», «таяке – пир», «эр тайын тартат», «күйөө баланы пайгамбар сыйлаптыр», «келин жаман

---

[16] Ушундай эле мисалды бедуиндердин жашоо-тиричилигинен алса болот: «Бедуиндер жалгыз өркөчтүү аравиялык төөнү универсалдуу түрдө пайдаланышат. Төөнүн сүтү менен эти тамак-ашка колдонулса, жүнүнөн сырткы кийим жана каптарды жасашат, терисинен булгары менен курлар даярдалат, кыгы отунга кетет, ал тургай төөнүн заарасы да тиричиликте пайдаланылат: аны менен жуунушат жана «дарылык» каражат катары колдонушат. Төөнүн тайлактарын жылыга сатуу бедуиндерге финиктерди, дан азыктарын, шаардык кол өнөрчүлүк буюмдарын сатып алууга мүмкүндүк берет; бирок, көптөгөн жакыр-жалчылар жалгыз гана төөнүн таза жана ачытылган сүтү менен азыктанышат. Ошону менен катар эле төө бедуиндердин өзү гана эмес, көп сандаган кербендер менен кербен ажыларынын жападан жалгыз унаа (транспорттук) каражаты болуп эсептелген» // [Народы Передней Азии, 1957. – С. 386].

эмес, келген жери – жаман» деп кыргыздар өз Ата Журтунан бөлөк чоочун журттарга таандык адамдарды терең сыйлашат, аларга өзгөчө аздек мамиле кылышат. Демек, улуттук мүнөздө элибизди уруу-урууга, кокту-колотко, түндүк-түштүккө бөлбөй, “бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарган” ынтымак биринчи орунда болууга тийиш.

8. *Жаныбарларга жасаган мамилесинде байкалган архетиптер*. Бүгүнкү күндө Батыш маданиятына таандык делген массалык маалымат каражаттары тарабынан «кыргыздардын элдин бардыгын каратып коюп, мал мууздаганы – ырайымсыздык. Малды атайы дары сайып, уктатып коюп, андан соң союш керек», - деген «тарбиялык» насааттары да толук кандуу ынанымды жаратпайт. Эгер тарыхка кайрыла турган болсок, анда Батышта адам жаныбарларга кулга, малайга, жумушчу күчүнө жасагандай, орой, одоно түрдөгү мамиле кылган. Айтсак, курч бычак менен союлган малдын этин аяр мүчөлөгөн кыргыздардан айырмаланып, Батыш элдеринде ошол этти балталоо салты бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. Өткөн тарыхый доорлордо айбанаттар менен жаныбарларга жасаган «варвардык» мамилесин түшүнүп, мурда «билбей» жасаган күнөөсүн жууш үчүн жандыктарга аяр мамиле кылуу этикасы Батышта XX кылымда гана калыптана баштаган. Номадизмде жаныбарларды сыйлап, кадырлоо тээ илгерки мезгилдерде эле болгонун адамды «Кекиртек мага да кылды, сага да кылды. Менде азык жок, сенде жазык жок. Кечир жаныбарым!» [Салиев А., 1983. – С. 11] сыяктуу күнөөдөн, айыптан «тазалоочу» сөздөрдү айтуу менен малды мууздоого мажбурлаган. Н. Игнатовскаянын пикири боюнча жаратылыштын адамга каршылык көрсөткөн аракеттери утилитардуу мүнөзгө ээ: мындай каршылык аркылуу жаратылыш адамдын жан сактоосун гана камсыз кылбастан, ага «каарын» да төгүшү мүмкүн. Дал ушул жагдай субъекттин жаратылышка карата аяр, сарамжалдуу мамилесин шарттайт [Игнатовская Н. Б., 2003. – С. 140]. Айтылгандарга ынануу максатында алгачкы жамааттык коомдо эч качан азык-түлүккө зарыл болуп эсептелген сандан артык жаныбарларды өлтүрүшкөн эмес деген палеоэтнографтардын маалыматтарына кайрылууга

болот. Мындай жобону бузгандар ырайымсыз жоопкерчилик тартышкан [Соколова З. П., 1972].

9. *Руханий маданияттын материалдуу маданиятка караганда үстөмдүгү менен байланышкан архетиптер*. Жогоруда айтылгандардын негизинде көчмөнчүлүктө соода маданияты да өзгөчөлөнүп турат десек жаңылышпайбыз. Илгертен эле Кыргызстандын аймагы аркылуу өткөн кербен жолдору (Улуу Жибек жолунун бир тармагы) Кытай мамлекети менен башталган Чыгыш жана Рим империясы менен аяктаган Батыш өлкөлөрүн байланыштырып турган. Алыстан келе жаткан кербенчилер Кыргызстандагы кербен сарайларга токтошуп, соода жүргүзүшкөн. Алар товарларын (кездемелерди, зергер буюмдарын ж.б. азем буюмдарын) көбүнчө малга, мал чарба буюмдарына алмаштырышкан. Орто кылымдарда Эне-сайдагы кыргыздардын каганаты аркылуу өткөн Улуу Жибек жолун тарыхчылар Кыргыз жолу деп аташат [Караңыз: Осмонов О. Дж., 2005. – С. 124]. Бул жерде соодагерлер жылкыларды, аң терилерин, жыпар жыттуу заттарды (мускус), баалуу жыгачтарды, күмүш идиш-аякты ж.б. сатып алышкан. А. Мокеевдин пикири боюнча Эне-Сайда тыйын чычкандын терилери алтын жана күмүш акчалар менен катар эле өзгөчө мааниге ээ болгон. Балким, ошол себептен улам, кыргыз тилинде «акча» түшүнүгү «тыйын» («пушнина», ««тыйын чычкан» - «мышь, у которой дорогая пушнина» - А. Г.) [Мисал төмөнкү булак боюнча келтирилүүдө: Аалиева Г. К., 2013. – 271–бет] деген сөз менен байланыштырылат [Осмонов О. Дж., 2005. – С. 124].

Бүгүнкү күндө дүйнөдө ар бири тили менен маданиятында, жашоо образы менен кулк-мүнөзүндө, каада-салттары менен ырым-жырымдарында өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөргө ээ болжол менен 140 мамлекет жана 2000 дей улуттар бар. Дал ушул мурунку сүйлөмдө аталган кубулуштардын негизинде улут, демек, тигил же бул улуттун түшүнүмдөрү тууралуу кандайдыр бир образ калыптанат. Ошондон улам илимий адабиятта “улуттук стереотип” деп аталган түшүнүк пайда болгон. Бул терминди тереңирээк түшүнүү максатында философтор менен тарыхчылардын, лингвисттер менен

когнитологдордун, лингвокультурологдор менен этнопсихолингвисттердин, психологдор менен этнопсихологдордун, этнографтар менен социологдордун көңүл борборунда болуп келген “стереотип” феноменине аныктама берсек.

Узак мезгилдерден бери «стереотип» (грекчеден stereos – денелүү, катуу, көлөмдүү, кеңири, tу́pos – из) түшүнүгүн аныктоо боюнча кызуу талаш-тартыштар жүргүзүлүп, коомдогу улуттук стеретиптердин калыптануу жана жайылуу жолдорун тактоо аракеттери кылынып, алардын элдер менен улуттар ортосундагы мамилелерге тийгизген таасири тууралуу маселе талкууга алынып келе жатат. Илимий адабиятта бир эле кубулушту туюндурууга карата улуттук стереотиптер, этникалык ырым-жырымдар (этнические предрассудки), этникалык түшүнүмдөр (этнические представления), улуттук образдар сыяктуу бир катар терминдердин болгонуна карабастан, илимпоздордун арасында «стереотип» сөзүн пайдалануунун укук ченемдүүлүгүнө карата бирдей пикир жок.

Илимий адабиятта стереотип деп социалдык кубулуш же объект тууралуу эмоциялуу боекторго каныккан жана өтө туруктуулугу менен айырмаланган схемалуу, стандарттшкан, шаблондуу образдар менен түшүнүмдөр аталышат [Большой энциклопедический словарь, 1998. – С. 1150] деген экинчи жобо да кездешет. Мында стереотип кандайдыр бир нерсе тууралуу жаман ойдо болуу формасы катары адамды белгилүү бир аракеттерди жасоого түртүп, адамдык психиканын баа берүүдөгү тактыкка болгон умтулуусу негизинде жаткан өтө татаал кубулуштун жеке көрүнүшү болуп саналат. Демек, стереотип так, таамай чагылдырылган жана чындыгынан эч бир күмөн саноону туудурбаган образ болуп саналат.

Айтылгандарга байланыштуу бир катар мисалдарды келтирсек. Бретан элине карата француздардын этникалык стереотиби болуп “бретондукту” эркиндикти абдан сүйгөн, мажбурлоого такыр чыдай албаган, бетке сүйлөгөн, бирок, укмуштуудай өжөр, көк бет адам катары сыпаттаган стереотип эсептелет. Бретондуктун каада-салтында ата-тегин сүрүштүрүп, алыскы туугандарды деле таяке-жээн (кузен) деп атай берүү салты

кездешкендиктен, француз тилинде “бретондордукундай таяке-жээн” (“кузен по-бретонски”), б.а. “жыты тууган” (“десятая вода на киселе”) деген сөз бар. Дагы бир мисал, Нормандиянын калкы ачык сары чачы, көгүлтүр көзү, бийик бою, чымыр денеси менен айырмаланышат. “Гаскондук менен нормандыктан сак бол: алардын бири мактанчаак көйрөң, экинчиси жалганчы”, - дейт француз макалы. Баардык суроолорго нормандыктар кыйыр жооп берүүнү жактыргандыктан, “кыйыр жооп берүү” деген сөз француз тилинде “нормандыктардын жообу” деп аталат. Алардын ашкере сактыгы менен ишенбөөчүлүгү француздардын фольклорунда курч чагылып, көп учурда нормандыктар анекдоттордун кармандарына айланып кетишкен.

Макалдар менен афоризмдер ар кыл жалпылыктарга таандык стереотиптерди укмуштуудай таамай чагылдырышат. Изилдөөчүлөр улуттук мүнөздүн өзгөчөлүктөрү анекдоттордо таасын чагылаарына токтолушкан [Караңыз: Аалиева Г. К., 2013]. Анекдот – бул соңу күтүүсүз болуп саналган өтө күлкүлүү жана курч комедиялуу аңгеме-миниатюра болуп эсептелет. Мисал катары В. И. Карасиктин “Языковой круг: личность, концепты, дискурс” деп аталган эмгегинен алынып, айрым бир элдер тууралуу стереотиптүү түшүнүмдөр чагылдырылган анекдотту келтирсек: “Бейиш – бул полицейскийлери англичандар, ашпозчулары француздар, механиктери немецтер, көңүлдөштөрү итальялыктар, ал эми менеджерлери швейцариялыктар болгон жер. Тозок – бул ашпозчулары англичандар, механиктери француздар, көңүлдөштөрү швейцариялыктар, полицейскийлери немецтер, ал эми менеджерлери итальялыктар болгон жер” [Караңыз: Карасик В. И., 2002].

Кыргыздар Теңир-Тоодо жашаган, көчмөн жашоо кечирген ата-бабаларынан мураска калган өтө бай жана мазмуну терең каада-салтка, үрп-адатка, ырым-жырымга ээ эң байыркы, уюткулуу жана көрөңгөлүү эл экени айтылды. Кыргыздардын ар кыл тарыхый доорлордо жана социалдык-экономикалык өнүгүү менен маданий прогресстин ар кандай деңгээлдеринде калыптанган каада-салттарынын, үрп-адаттарынын, ырым-жырымдарынын

жыйындысы этномаданий комплекс деп аталат. Дал ушул көп түрдүү жана көп кырдуу мазмунга ээ этномаданий комплекс кыргыздарды улут катары бүгүнкү күнгө чейин аман алып келип, улуттук маданияттагы белгилүү бир стереотиптерди жараткан.

Кыргыз элинде коңшулаш башка этностор менен этникалык топторго карата төмөнкүдөй толеранттуу макал бар:

| | |
|---|---|
| Кыргыз – бабам. | Кыргыз – предок мой. |
| Казак – кандашым. | Казах – мы смазаны кровью одной. |
| Тажик – тагдырлашым. | Таджик – с ним едины судьбой. |
| Өзбек – өз элим. | Узбек – родной народ мой. |
| Түркмөн – бир тууганым. | Туркмен – брат мой. |

Жогоруда келтирилген макалга карабастан, бүгүнкү күндө да эл айрым заманбап саясатчыларга карата «аккан арыктан суу агат, бул тексиз, жетесиз экен», «теги боюнча калмак экен, дунган экен, ата-теги Кытайдан келиптир», «энеси уйгур, өзбек, казак экен, ай, аягы кандай болоор экен», «аялы орус болгондуктан, өзү да, балдары да кайырдин» деп күнүмдүк коомдук пикирди жаратып, алардан күмөн санаган, күдүктүү сөздөрдү айтышат. Мисалы, заманачы акындардын көз караштары менен Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестинин негизинде кыргыздардын дүйнө таанымы модалдуу принциптерден алыстаар замат маргиналдуулук феномени дароо жаралаарын байкай алабыз. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхындагы заманизм багыты ар кыл изилдөөчүлөр тарабынан жетишээрлик терең жана кылдат анализге алынган. Аталган багыттын концептуалдык жоболору ата мекендик окумуштуулардын бир катар олуттуу эмгектеринде чагылдырылган [Мисал үчүн караңыз: Дононбаев А. Д., 1991. - С.157-186]. Ата-бабалар көрбөгөн, билбеген Орусияга («чоочундар») кошулууга мажбур кылган тарыхый шарттарды курч сынга алып, өткөн чакка айланып бара жаткан учур чакты, б.а. жашоо-тиричиликтин париархалдык-феодалдык формасын («биз») колдо кармап калууга умтулган заманачылардын идеяларын консервативдүү деп айтууга толук негиз бар.

Башка факторлор менен катар эле этникалык стереотиптер «жакшы» жана «жаман» элдердин образдарын (союзниктер – өнөктөштөр –

атаандаштар – душмандар) калыптандырууга көмөк берип, этностор ортосундагы коммуникациянын мүнөзүн шартташат да, тике же кыйыр түрдө этникалык комплиментардуулуктун позитивдүү же негативдүү маанайын калыптандырышат. Айтсак, [Мисал төмөнкү булак боюнча келтирилүүдө: Аалиева Г. К., 2013]

| | |
|---|---|
| Аял алсаң казактан, башың чыкпайт азаптан.<br>Аял алсаң орустан, айрыласың конуштан.<br>Аял алсаң дунгандан, жаның тынбайт тургандан. | Кыргыз менен казакты кымыз менен этке кой.<br>Орус келсе, колуна мылтык берип, чепке кой.<br>Татар менен жөөттү (еврейди) эсеп берип, чотко (счет) кой. |

Көрүнүп тургандай, макал-лакаптардагы гетеростереотиптер дайым эле терс мүнөзгө ээ эмес, алар болгону эле «бизден» айырмаланган «чоочундардын» мүнөзүндөгү кандайдыр бир өзгөчөлүктү гиперболизациялап, же бир аз көбүртүп-жабыртып чагылдырышат.

Стереотиптердин өзгөчө катмарын этностун өзү тууралуу түшүнүмдөрү түзөт (автостереотиптер). Кыргыздардын автостереотиптери коллективизмге (меймандостук, кең пейилдик, колу ачыктык, марттык), руханий баалуулуктарга (адилеттик, калыстык, ыймандуулук), кумир тутууга (чоң кызматтагы адамды, улууларды урматтап-сыйлоо) багытталган ориентирлерден турат.

Эреже катары, этникалык автостереотип дайыма өзүнүн оң мүнөзү менен айырмаланат. Кыргыздардын өздөрүнө душман же чоочун болуп саналган башка элдер менен уруулардан шектенүүсү же аларды жактырбоосу негативдүү ассоциациялар менен коштолгон төмөнкү макал-лакаптарда да чагылдырылган [Аалиева Г. К., 2013. – 360-361-беттер]:

| **Автостереотиптер** | **Гетеростереотиптер** |
|---|---|
| Байкүчүктүн (кичи уруу) баары каапыр, теке уулунун (кичи уруу) – теңи каапыр.<br>Көлдүк, көлдүктөн көрдүк.<br>Саяк, башыңа тийген таяк.<br>Өпкөсү жок мактанчаак таластыктар. | Тупые американцы! Ну, какие тупые они, эти американцы!!! (***М. Задорнов***)<br>Незваный гость хуже татарина.<br>Казактын тили – таттуу, дили – катуу.<br>Бөрү баласы ит болбойт. |

Этникалык иденттүүлүктү сактап калуунун кызыктуу механизмин Б. Ф. Поршнев сунуш кылган: «Эң байыркы замандарда чоочундарга, «аларга» карата жүрүм-турумдун үстөмдүк кылган тиби болуп алардан алысыраак жайгашуу саналган. Берилген жамааттан кетүү, бөлүнүү канчалык кыйын

болгон сайын, ошончолук бийик деңгээлде тилдик жана маданий жалпылык менен алардын так кесе аныкталган чектери калыптана баштаган» [Поршнев Б. Ф., 1979. – С. 96]. Б. Ф. Поршневдин пикиринде ар кыл топтогу адамдардын массалык түрдө бири биринен оолактап кетүүсүнө «өз ара түртүлүшүү» көмөк берсе, өз ара этникалык тартылышуу менен биригүү өздү «жатка» карама каршы коюунун бийик деңгээлин туюнткан [Поршнев Б. Ф., 1979. – С. 97]. Ошентип, көчмөн уруулардын этникалык өнүгүүсү, жалпы жонунан, өз эволюциясынын шарттарына ылайык, этникалык диффузия процессине караганда этникалык консолидациянын үстөмдүк кылуусун туюнтуп, көчмөн элдердин калыптануу процессин ылдамдаткан. Бирок, бул процесс өтө узак мезгилге созулуп, бир катар кылымдарды карытуу менен этникалык өнүгүүнүн консолидациялоочу да, диффузиялоочу да факторлорунан турган карама каршылыктуу процесске айланган. Көчмөн этносторун руханий маанайда консолидациялап, этнос түзүүчү факторлорго этникалык идентификация, ири алдыда, жалпы түпкү атадан келип чыгууну түшүнүү зор көмөк берген. Мисалы, өткөн кылымдын башында «кыргыз тарыхынын атасы» наамына татып, кыргыз санжырасын алгачкылардан болуп кагаз бетине түшүргөн О. Сыдыков өзүнүн 1914-жылы Казань шаарында жарык көргөн «Тарых кыргыз Шадмания: Кыргыз санжырасы» деп аталган эмгегинде ал өзүнүн Андижанда жашаган Адигене уруусуна таандык кыргыздарга болгон сапарынын учурунда бул аймактагы бир да кыргыз өзүнүн үчүнчү атасына чейинки санжырасын билбегенин таң калуу менен жазып, автор аларды түндүктө жашаган салттуу кыргыздар «кул» деп атаарын эскерткен [Караңыз: Сыдыков О., 1990. – С. 28]. Айтылгандардан көрүнүп тургандай, этникалык иденттүүлүк эң башкы система түзүүчү этникалык көрсөткүч болуп саналгандыктан, кыргыздар, жок эле дегенде, жети атасына чейинки өзүнүн санжырасын билүүгө эбегейсиз зор маани беришкен. Ошону менен бирге эле, О. Сыдыков өз генеалогиясын билбегендик түштүктөгү кыргыздардын толук түрдө чоочундарга ассимиляцияланып кеткендигин билдирет деп жазат да, алар өздөн биротоло

четтеп, ошол эле учурда жаттын шаардагы отурукташкан жашоо-тиричилигин кабыл албай, маданиятына ээ болбой, билиминен алыстап, өз жолун таба албай, адашып калган кыргыздар экендигин баса белгилейт [Караңыз: Сыдыков О., 1990. – С. 28].

Г. Аалиева кыргыздардын улуттук менталитетинин доминанталарынын бири катары ниетти (намерение) атайт да, ниет деп инсандын өзү жасап жаткан иш-аракетинин маани-маңызы менен жорук-жосундун кесепетин түшүнүү менен коштолгон психологиялык ишмердигин туюндурат [Аалиева Г. К., 2013. – 310-312-беттер]. Изилдөөчүнүн пикиринде ниет тилде таасын чагылдырылып, жүрүм-турумда ачык байкалат. Айтсак, түрк тилдүү башка элдердин лексикасы үчүн нормалдуу болуп саналса да, соода цивилизациясынан алыс, руханий баалуулуктарды туу тутуп жашаган, оюн түз билдирген, жагдай менен сөздүн ылайыгына карап орундуу сүйлөгөн, куйма кулак, адилет пикирин бетке чапкандай түз айткан салттуу кыргыздар үчүн өзбек туугандардын таасирине күчтүү чалдыгып калган түштүктүк туугандардын наздана «Сиз алың», «Сиз келиң», «Ака, чай ичип кетиң» деген «Сиз» менен башталып, «сен» менен бүткөн «сылык» сүйлөмдөрү стереотиптүү түрдө кулакка орой угулуп, сөзү ишине коошпогон эки жүздүүлүк, ак ниеттен эмес, ооз учунан гана айтылган формалдуулук катары кабыл алынат. «Ала кушту атынан ата» («называй вещи своими именами»), «Акты ак, караны – кара деп айт» («белого называй белым, черного черным») деген принципке таянган нукура кыргыз баласынын «Сиз» деп баштаган сүйлөмү «Сиз» менен («Сиз алыңыз», «Сиз келиңиз», «Аке, чай ичип кетиңиз»), «сен» деп баштаган сүйлөмү «сен» менен аяктап («сен алгын, «сен келгин», «иничек, чай ичип кеткин»), ой менен ниеттин тактыгын, түздүгүн туюндурат. Өзүнөн улуу адамга карата айтылган «сен» деген кайрылуу салттуу кыргыздар тарабынан тартипсиздик, тарбиясыздык, одонолук катары кабыл алынып, «Ал кишинин бешигин терметтиң беле. Сенейип, катып кал» деген одоно жооп менен коштолот [Аалиева Г. К., 2013. – 311-бет].

Кийинки кездерде аталган бөлүнүүчүлүк массалык маалымат каражаттарында да, карапайым калк арасында да терс феномен катары кеңири талкууланган маселе болуп саналат [Кыргыздардын **урук-уруулук** жана **чөлкөмдүк (регионалдык) идентификациясынын өзгөчөлүктөрү** тууралуу маалымат төмөнкү булактар боюнча келтирилип жатат: Джусупбеков А. К., Тогусаков О. А., 2011]. Бул багытта көп эле айта да, жаза да берсе болот. Кийинки кездерде түндүк-түштүк кыргыздардын айрым терс жактарын гиперболизациялаган анекдоттор аталган феноменди кыска жана нуска чагылдырганын эске алып, алардын бирөөсүн мисалга алып, бул доминантаны сыпаттоону жалпы жонунан тыянактасак. Белгилүү обончу, ырчы, куудул М. Осмоновдун байкоосунда Кыргызстандын ар кайсы областынын кыздары мүнөзүнүн төмөнкүдөй сапаттары менен айырмаланышат:

| **Түндүктүн түз сүйлөөсүнөн жаралган терс феномен** | **Түштүктөгү «сылыктыктан» жаралган терс феномен** |
| --- | --- |
| Ысык-Көлдүн кыздары турмушка чыкканга чейин ак куу, 2-3 баланын энеси болгондон кийин алар акула.<br>Нарындын кыздарынын беттери турмушка чыкканга чейин кып-кызыл, 2-3 баланын энеси болгондон кийин алардын тили уп-узун. | Түштүктүн кыздары күйөөсү катуу мас болуп келсе, «Сизге мас болгон жүда-а (абдан – А. Г.) жарашат да-а», - деп далыга таптап уктатып коюп, андан соң күйөөсүнүн чөнтөгүн тазалап алышат. Эртеси «пул кана?», - деген күйөөнүн суроосуна, «Сиз пул тууралуу мага эч нерсе айтканыңыз жок эле го-о…», - деп күлүп-жайнап туруп эле, кутулуп кетишет [Мисал төмөнкү булак боюнча келтирилди: Аалиева Г. К., 2013. – 314-бет]. |

Кыргыз этномаданиятындагы мүнөздүү белгилердин бири болуп диндин маргинализациясы эсептелет. Мисалы, кокондук бийликке баш ийсе да, тоо-таштын арасындагы көчмөн уруулар ичинде комплиментардуу маанайга ээ боло албаган өзбектер менен кошо келген ислам дини отурукташкан калкка катуу таасир берсе да, көчмөн шартта жашаган кыргыздар менен казактарга сиңген эмес. XIX кылымдын 2-жарымында өзүнө букара болуп кирген казактар менен кыргыздардын маанайын, жан-дүйнөсүн Орусияга оң жагынан буруу максатында орустар агартуучу ирээтинде татар жана башкырт улутундагы адамдарды атайы алып келип, аларды көчмөндөрдүн арасына кое берет. Дал ошол татар жана башкырт улутундагы келгиндер кыргыздар менен казактарга ислам динин гана

таратпастан, алардын кат-сабатын араб графикасынын негизинде жойгон алгачкы агартуучулар болуп калган. Балким, кыргыз менталитетиндеги Орусия менен орус тилине болгон өзгөчө аздек мамиле ушул тарыхый жагдай менен байланыштуу жаралса керек.

Айтылгандардан төмөнкүдөй корутундулар жаралды:

1. Берилген элдин же адамзаттын дүйнө тууралуу түшүнүмдөрүнүн жыйындысын дүйнөнүн маданий элеси (культурная картина мира) деп аташат. Ал илимий, философиялык, көркөм, диний, мифологиялык, идеологиялык, мистикалык түшүнүмдөр менен элестерден, б.а. дүйнө тууралуу айрым маданий чөйрөлөрдө жашаган түшүнүмдөрдөн куралат.

2. Дүйнөнүн маданий элеси деп дүйнөнүн түзүлүшү жана адамдын бул дүйнөдөн алган орду тууралуу образдардын, түшүнүмдөрдүн системасы аталат. Дүйнөнүн элеси өзүнө дүйнө таанымды (негизги принциптер менен түшүнүмдөрдү), дүйнө кабыл алууну (маданияттын көрсөтмөлүү, элестүү образдары) жана дүйнөнү сезип, туюуну (ойломдун, түшүнүктөрдүн айкалышынын өзгөчө түзүмү) камтыган татаал структуралуу бүтүндүк болуп саналат.

3. Ошентип, социомаданий процесстердин негизинде психика менен маданияттын, коллективдүү көмүскө аң-сезимдин бардык элдер үчүн бирдей болуп саналган жана муундан муунга мурас катары берилген эң алгачкы, байыркы коллективдүү пласты (катмарчасы) жатат. Ушул негизге таянуу менен гана адамдын индивидуалдуу психикасы калыптанат. “Коллективдүү көмүскө аң-сезимдин” мазмунун дал ушул архетиптер түзүшөт. Мындай архетиптер мифтер менен жомоктордо, магия менен сыйкырчылыкта, элдик искусствонун чыгармаларында, кыскартып айтканда, дүйнөгө мамиле жасоонун адам өзүнүн табият менен болгон ажырагыс биримдигин бекем сезип, туйган чөйрөлөрүндөгү бир катар символдор түрүндө чагылышат.

4. Тарыхка байыртан эле белгилүү болгон кыргыздар көчмөн жашоо кечирип, алардын дүйнө көрүмү, ойлому, жүрүм-турум нормалары, каада-

салттары, тили жана маданияты номадизм менен тыгыз байланышкан. Бул болсо 1) кыргыздардын этномаданияты менен улуттук мүнөзүндө байкалган номадизм философиясы менен байланышкан архетиптер, 2) өткөн чак – учур чак – келечек архетиби, эс-тутум архетиби, 3) көчмөн кыргыздардын дин менен байланышкан архетиби, 4) теңирчилик принциптери менен байланышкан архетип, 5) көчмөндөрдүн эмгекке болгон мамилесинде байкалган архетиптер, 6) адамдарга жасаган гумандуу мамиле менен байланышкан архетиптер, 7) жаныбарларга жасаган гумандуу мамиледе байкалган архетиптер, 8) руханий маданияттын материалдуу маданиятка караганда үстөмдүгү менен байланышкан архетиптер сыяктуу өзгөчөлүктөрдү калыптандырган. Демек, кыргыздардын этномаданиятындагы эң негизги символ, же архетип катары дал ушул номадизмди атоого болот.

5. Улуттук жүрүм-турумдун стереотиптери курчап турган чөйрөнү таанып билүү жана чечимдерди кабыл алуу процесстерин ылдамдатууга мүмкүндүк берет. Алардын жардамы аркасында кырдаалдарды типологизациялоону жана жооп катары берилген реакцияларды тандап алуу ишке ашырылат. О.э. улуттук жүрүм-турумдун стереотиптерин билүү конкреттүү этникалык топко же жамаатка таандык болгон индивиддердин иш-аракеттерин, реакцияларын прогноздоого мүмкүндүк берет.

6. Этностор ортосундагы тике пикир алышуудан сырткары этникалык стереотиптер маалыматты берүүнүн атайы уюштурулбаган формалары, айтсак, ушак-айыңдар, макал-лакаптар, анекдоттор түрүндө да өздөштүрүлүшөт. Мисалы, орустардагы «кавказофобия» стереотиби кандайдыр бир деңгээлде ар кыл кылмыштуу топтордо кавказдыктар ойногон роль тууралуу ашкере көбүртүлгөн, так эмес маалыматтарга таянган ушак-айыңдардын негизинде калыптанууда. Мындай ушак-айыңдарды таратуу ишинде «желтая пресса» деп аталган массалык маалымат каражаттары өзгөчө көмөк берүүдө.

7. Түндүк-түштүк географиялык багыттары боюнча чөлкөмдүк бөлүнүүчүлүк кыргыздардын улуттук иденттүүлүгүндөгү алгачкы доминанта болуп саналат. Ошол эле учурда түндүк-түштүк кыргыздарынын этномаданиятындагы стереотиптер заманбап коомдогу бир катар татаал кырдаалдарды жаратып, кыргыздардын ичиндеги этномаданий, саясий ж.б. процесстердеги бирин бири түшүнбөө менен байланышкан деформациялардын негизи болуп калууда.

# 2-бап.
# КЫРГЫЗДАРДЫН МАДАНИЯТЫНДАГЫ МАРГИНАЛДУУЛУКТУН БОЛМУШУ

## 2.1. Этномаданияттагы маргиналдуулуктун функциялануу формалары

Бүгүнкү күндө ар кандай объективдүү жана субъективдүү себептерден улам Батыш өзүнүн ашкере материалисттик мүнөздөгү, карандай эле рационализмге сугарылган жана ач көз маданиятын Чыгыш элдерине таңуулоодо. Алгачкылардан болуп, Чыгыш-Батыш маданиятынын келишпестигин заманачы акындар белгилешкен. Алардын эсхатологиялык (грекче eschaton – акыр заман, logos – окуу) көз караштарында куту төгүлгөн иррационалдуу кыргыз жергесине руханият эмес, карандай рационалдуу жана мерез мүнөздөгү Батыш цивилизациясынын же орус маданиятынын келиши кыргыздарды зар заманга, тар заманга же акыр заманга алып келиши мүмкүн.

Зар заман деп адилетсиздик, ыймансыздык үстөмдүк кылган заман аталат. Кыргыздардын иррационалдуу философиясына ак-кара, убал-сооп, адал-арам өңдүү категориялык императивдер мүнөздүү болгон. Кыргыздар ыгы жок бирөөнүн убалына калган эмес, материалдык пайда көрүү максатында башка бирөөнү кодулап, кордогон эмес. Теңирчилик ишеними боюнча мындай теңсиз аракеттер сөзсүз түрдө улуу рухий күчтөр тарабынан жазаланат. Материалдык пайда убактылуу. Арамдык менен коштолгон иштер адамдын өзүнө же анын балдарына аёосуз жаза түрүндө көрүнөт. Ушундай асыл принциптер бузулган коомду заманачылар зар заман деп атап, заманачылар Арстанбек менен Молдо Кылыч ага төмөнкүдөй мүнөздөмө берет:

Байыркыдан барк кетти,
Каада, нуска, нарк кетти.
Карылардан барк кетти,
Карыдан нуска нарк кетти.

Бейил кетти адамдан,
Береке кетти замандан,
Нуска жорук жоголду,
Жакшы менен жамандан.
[Караңыз: Арстанбек. - С.11]

Караңыз: Дононбаев А. Д., 1991. - С.157-186.

Заманачылар орустардын келиши менен элди башкаруу системасына, жүрүм-турум эрежелерине, турмуш-тиричилик, чарбачылык жагдайына өзгөрүү, жаңылануулардын киришин, эл, жер, суу эсепке түшүп, корукка алынып, эл арасына акча эсебинин жайылышын, о.э. кыргыздардын күчтүү бийликке баш ийип берүүгө мажбур болушун туура жоромолдоп айтышкан:

**ЗАМАНАЧЫЛАРДЫН ОРУСТАРДЫН КЕЛИШИ МЕНЕН ПАЙДА БОЛУУЧУ ПРОЦЕССТЕРГЕ КАРАТА ЖОРОМОЛДОРУ** [Ыр саптары төмөнкү булак боюнча алынды: Кебекова Б. Калыгул Бай уулу, 2009. 268-бет; Кебекова Б. Арстанбек Буйлаш уулу, 2009. 333-бет]

Кара жол кылаар көлүңдү,
Эсепке алаар жериңди,
Кайсаңдаар сенде чама жок,
Капкандай чабаар белиңди.

Ушул заман тар заман,
Азуулуга бар заман,
Бечарага зар заман,
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап

Ой тобо, бир күн көрөөрбүз,
Көрбөсөк, акыр өлөөрбүз,
Жардыгына орустун
Жабыркап жүрүп, көнөөрбүз

Тар заман – бул пейил куруган, кут, ырыскы кеткен, ыйман принциптери эмес, материалдык принциптер үстөмдүк кылган заман. Заманачылардын пикири боюнча, мындай доордо топуктук жоюлуп, ач көздүк орнойт. Бул алган-жулгандардын, керт башын ойлогондордун, өтөөр-кетээр, болоор-болбос материалдык байлыктарга кул болгондордун мезгили.

Акыр заман – бул өз кызыкчылыгы үчүн, жаратылыш байлыктарын толук эксплуатациялап, аны адамдын жашоосу үчүн жараксыз абалга алып келген мезгил. Батыштын демократиясы Чыгышка күч менен таңууланып, патриархалдык коомдун коллективизм, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо, эркек кишини пир тутуу, аял кишиге аяр мамиле кылуу сыяктуу баалуулугу четке толук түрдө сүрүлүп, жеке кызыкчылык үчүн жаратылыш байлыктарын толук эксплуатациялап, аны адамдын жашоосу үчүн жараксыз абалга алып келген мезгил. Заманачылардын пикиринде бул доордо көлдөр, суулар соолуп, көйкөлгөн өрөөндөр чөп өспөгөн такырга айланат. Күн жерди куйкалап, тирүү жандыктын баары курмандыкка учурайт.

**ЗАМАНАЧЫЛАРДЫН БАТЫШ ДЕМОКРАТИЯСЫНЫН КЕЛИШИ МЕНЕН ПАЙДА БОЛУУЧУ ПРОЦЕССТЕРГЕ КАРАТА ЖОРОМОЛДОРУ** [Караңыз: Кыргыз эл ырчылары, 1994. 36-37-беттер]

Аяк баш болоор,
Баш таш болоор,
Тууганың кас болоор,
Короoң бош болоор,
Мингениң жыгач болоор,
Ыгы жокко жан берип,
Ыйманың жат болоор.

Тоо токол болоор,
Токол байбиче болоор,
Уй пул болоор,
Кул бий болоор,
Тегиз жерден тегирмен жүрөөр,
Тексиз жерден бий чыгаар.
Кызыл-кызыл кыялар,
Кыргый талга уялаар,

Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалаар.
Карыядан каада кетээр,
Уулдан урмат кетээр,
Келинден келбет кетээр,
Кыздан кылык кетээр.
Атанын тилин уул албас,
Аганын тилин ини албас.

Заманачылардын көз караштарынан байкалгандай, орустардын келиши менен кыргыз этномаданиятында архетип менен стереотиптен башка “неотип” (грекчеден neos – жаңы, tу́pos – из) деп аталган феномен пайда болгон.

Орусташтыруу деген эмне? Илимий адабиятта русификация (орусташтыруу) термини төмөнкүдөй 2 негизги мааниге ээ деп белгиленет [Караңыз: Земскова Елена., 24 июня 2002 г.; Кудряшев В. Н. – С. 96-101; Миллер Алексей. – 2002. - № 2. – С. 133-148; Смирнов И. Н. - 1992. – Т. 47. - № 3. – С. 752-765]:

1. Русификация (орусташтыруу) – бул Орусия мамлекетине кошулган жерлерде жашаган жергиликтүү калктын арасына орус тилин, маданиятын, чарба жүргүзүү шарттарын, православие динин жайылтуу;

2. Русификация (орусташтыруу) – бул кандайдыр бир аймактагы калкты орусташтырууга багытталып, расмий бийликтер тарабынан жүргүзүлгөн иш-аракеттердин комплекси, о.э. тилдик да, маданий-диний да планда ишке ашкан орусташтыруу процессинин өзү да болуп саналат.

Так кесе аныкталган максатка ээ элдик жана историографиялык саясат катары орусташтыруу XIX кылымда кеңири жайылтылган. Падышалык Орусиянын курамына кирген ар кыл чөлкөмдөрдө (региондордо) орусташтыруу ар кандайча жүрүп, тереңдиги жана узактыгы боюнча ар түрдүү натыйжалар менен кесепеттерди берген. Илимий адабиятта Польшадагы, Финляндиядагы, о.э. Украинадагы анча узакка созулбаган жана ийгиликсиз орусташтыруу аракеттери тууралуу кеңири айтылат [Караңыз: Edward C. Thaden, Ed., 1981; Tuomo Polvinen, 1995].

Британдык тарыхчы Джеффри Хоскинг орусташтыруу орусиялык бийликти борборлоштурууга, жергиликтүү дөөлөттөр (привилегиелер) менен орустар үчүн аномалия болуп саналгандардын баардыгын четке кагууга мүмкүндүк бергендиктен, русификация Орусия империясынын бийлигинин саясатына тике кирген. Анын пикиринде русификация Орусия империясынын баардык элдерине алар Орусияга, анын өткөн тарыхына, анын

каада-салттарына таандык болуу сезимин таңуулоо максатын да көздөгөн [Geoffrey Hosking, 1997. P. 367]. Ошону менен катар эле бир катар изилдөөчүлөр тарабынан русификация саясаты лингвоцид катары каралат.

Башка өлкөлөрдө русификациянын аналогу катары Венгриядагы славяндар менен румындарды мадьяризациялоону, Австрия менен Германиядагы чехтерди германизациялоону, Улуу Британия менен АКШнын колонияларындагы ирландыктарды, француз тилинде сүйлөгөн канадалыктарды, филиппиндиктерди, испан тилдүү чикано жана калифорнио элдерин англификациялоону атоого болот.

Падышалык Орусия менен СССР мамлекети учурунда орусташтыруунун негизги методдору болуп төмөнкүлөр эсептелген:

1. Орусча эмес тилдерди пайдаланууга тыюу салуу жана улуттук азчылыктардын тилдерин өнүктүрүү менен пайдаланууга бөгөт коюу максатын көздөгөн башка иш-чаралар менен бирдикте орус тилин администрация, иш кагаздарын жүргүзүү жана билим берүү чөйрөлөрүндө кеңири жайылтуу.

2. Орус православиесин жайылтуу: башка диндеги элдерди чокундуруу, православие жана католик чиркөөлөрүнүн униясы (биригиши), православие автокефалияларын (грекчеден auto – өздүк, kephale – баш; православиеде административдик жактан өз алдынча болуп саналган чиркөө) жоюу аркылуу Орусия империясынын курамына кирген элдердин жашоо-тиричилигин орус жылнаамасынын, орус майрамдарынын жана каада-салттарынын негизинде жаңыча түзүүгө өткөн.

3. Орус тарыхын героизациялап, тарыхты орус куралынын жеңишинин көз карашында түшүндүрүү.

4. Волга боюндагы Немец элинин АССРи сыяктуу айрым улуттук автономияларды жоюп жиберүү.

5. Адам аттары менен географиялык аталыштарды орусташтыруу. Айтсак, заманбап кыргыздардын элдик фольклору менен анекдотторунда айтылгандай, ата-энеси өмүрлүү болсун деп Өмүрбек атка конгон адам

Умербек (орусча умер – өлдү), же Калича аттуу кыз-келин Катя деп аталган. Волга боюндагы немец колониялары үчүн географиялык аталыштардын тике котормосу (мисалы, Beerenfeld - Ягодная Поляна), же орус өзөктүү кылып кайра жасоо (мисалы, Кёнигсберг - Калининград) аракеттери көрүлгөн. Ушундай эле жагдай кыргыз жергесинде да байкалган. Мисалы, тике которуунун натыйжасында Ак-Суу - Беловодское, Кызыл-Суу – Красная Речка, Жылуу-Суу - Теплоключенка болуп калса, орус өзөктүү кылып жасоодо Кочкор (эркек) Кочкоркага (ургаачы) айланган. Мындан сырткары, Петровка, Юрьевка, Дмитриевка сыяктуу такыр эле орусташкан формадагы топонимика да пайда болгон.

1916-жылдагы көтөрүлүштөн кийин, жүз миңдеген кыргыздар Кытай тоолоруна качышкан [Brower, op.cit., pp. 146, 163] да, Советтер Союзундагы демографиялык өсүүлөр, урбанизация жана орустардын этникалык аймактарга көчүп келүүсү ассимиляция процессин күчөткөн. Айрыкча, Сталин доорунда Кыргызстандын жергиликтүү жашоочулары болуп саналган кыргыздар менен өзбектердин саны кескин түрдө азайган, ал эми башка жактан ооп келген келгин орустардын жана башка этникалык топтордун саны басымдуу түрдө жогорулаган. Мисалы, Түндүк Кыргызстандын Чүй өрөөнүндө орус калкынын саны 15 жылдын ичинде 12,000-50,000 адамга жогорулаган.

Кыргыз менен орус жамааттарынын, падышалык Орусия менен Совет бийлигинин ортосундагы жаңы телчигип келе жаткан маргиналдуу маданиятты мугалим Дүйшөн кыргыздардын мурда кийин түшүнө кирбеген «закон», «Кеңеш өкмөтү», «Ленин», «бай», «кедей», «батрак», «кеңеш» деген жаңы түшүнүктөр аркылуу орнотууга жасаган аракетине басым жасаган изилдөөчүлөр адилет белгилегендей, «башкага» кайрылуу зарылдыгы жок жерден эле чыга калбайт. Өзүн өзү толук кандуу деп эсептеген маданият башка маданияттагы экзотикалуу, же өзүнө түшүнүксүз болуп саналган нерселерге көңүл буруп келгени мыйзам ченемдүү көрүнүш [Караңыз: Шакирова Д., 2011]. Башка маданияттагы «бөтөнчөлүк» «керемет нерсе»

катары кабыл алынат: «Бул эмне дегениңиз. Жетим деген кудайга жазыптырбы! Жетим кыздар окубасын деген закон бар бекен? – Закүн-пакүнүң менен ишим жок. – Байкап сүйлөңүз! Бул кыз сизге кереги жок болсо, кеңеш өкүматына керек! Жооп берип калып жүрбөңүз!» [Айтматов Ч., 2008. 2-том. 64-бет], … «Анан дубал бооруна жармаштырып койгон сүрөттү көрсөтүп, - мына бул киши – Ленин! – деди. – Биз ушул кишинин айткан, көрсөткөн жолу менен окуйбуз» [Айтматов Ч., 2008. 2-том. 65-бет]…, «Мен силерге, балдар, арип жазууну, сөз, сан жазууну үйрөтөм, - деди эле. – Өзүм эмнени билсем, ошону окутам…» [Айтматов Ч., 2008. 2-том. 65-бет], «Анча-мынча арип тааныгандан кийин, «ат», «таканы» жаза албай жатып, кат жүзүндө биздин биринчи оозанган сөзүбүз – Ленин болгон. Биздин саясы алиппебиз «бай», «кедей», «батрак», «кеңеш» деген сөздөрдөн түзүлгөн. Ушунун баарын бизге Дүйшөн колунан келишинче үйрөтүп, түшүндүрүп, окутуп жатты» [Айтматов Ч., 2008. 2-том. 66-бет].

Бирок, бир маданияттын башка маданиятка болгон кызыгуу чектери канчалык кеңейген сайын, анын «башкадагы» «бөтөнчөлүк» менен «керемет нерсени» түшүнүүгө болгон далалаты тереңдеп, аны олуттуу иликтөөгө өтөт. Кызыгуу чөйрөлөрүнүн кеңейиши маданияттар ортосундагы контакттардын санынын өсүшү менен байланышкан. Натыйжада, адамдык жана маданий байланыштардын чектүүлүгү менен шартталган адамзат тарыхындагы «монадалуу» структура акырындык менен бузула баштайт. Бүткүл дүйнөлүк жалпы тарыхтын жана маданияттын акырындык менен калыптануусунун, өнүгүүсүнүн жүрүшү, маданияттардын өз ара байланышы менен алакасынын өсүшү өз ара сүңгүп кирүү, ич ара түшүнүшүү, пикир алышуу зарылдыгынын даражасынын бир кыйла тереңдөөсү менен шартталган. А. Дж. Тойнбинин сөзү менен айтканда «эшекти колго үйрөтүү менен алгачкы кайыкты куруудан» башталган «аралыкты кыскартуунун» жолу бүгүнкү күндө «адамзатка алгачкы жолу бирдиктүү коомго жуурулушууга мүмкүндүктү

ачкандай» [Диалог историков. Письмо А. Дж. Тойнби Н. И. Конраду. – 1967. - № 7. – С. 177] даражага жетти[17].

Маданияттагы мындай стагнациялуу көрүнүштөр маданияттын төмөнкүдөй жагдайлар менен шартталган ички кризистеринин мезгилинде байкалат: 1) «башкадан» ооп кирген жаңы өзгөрүүлөр берилген маданияттан ылайыктуу формаларга ээ боло албай калган учурлар; 2) андан ары өнүгүү үчүн өзүнүн ички резервдеринин баарын сарптап бүтүп, маданият өзүнүн байыркы тарыхынан «унутулган маңызды» издей баштаган чакта (мисалы, XVIII-XIX кылымдардын чегинде Батыш маданияты өзүнүн байыркы грек маданияты менен болгон ички байланышын курч сезе баштаган); 3) же ушундай эле маңызды маданият «чоочундан» издегенде, же ага «чоочун» аркылуу ээ болууга аракет кылган мезгилде (Батыш Чыгыштан, Чыгыш Батыштан).

Кийин СССР мамлекети пайда болгондо, Кремлдин кө карашында Совет мамлекетиндеги улуттук маселе абдан татаал жана машакаттуу көйгөйлөрдүн бири болгон. 100дөн ашуун ар кыл улуттар менен элдердин башын кошуп, тарыхый, маданий жана социалдык баалуулуктардын, о.э. экономикалык кызыкчылыктардын өтө эле ар түрдүү жана көп кырдуу курама элден түзүлгөн коом үчүн советтик лидерлер бардык улуттар менен элдер үчүн жалпы болуп саналган идеалдар менен максаттарды иштеп чыгууга тийиш эле.

1924-1930-жылдардын орто ченинде Орто Азия мамлекеттери совет бийлиги тарабынан өзүнчө мамлекет катары Советтер Союзунун Социалисттик Республикаларынын тизмегине киргизилген. 1924-жылдын 12-июнунда Орусия Большевиктеринин Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитети тарабынан Москва шаарында «Орто Азия Республикаларынын

---

[17] Бирок, мындай ырааттуу, табигый кыймыл кескин түрдө алга карай секирик жасап, же башка маданияттар менен каалагандай контакттарды узак мезгилдер бою токтотуп койгон Япония жана Кытай өңдүү айрым Чыгыш өлкөлөрүнүн маданиятынын тарыхы көрсөткөндөй, бир орундан козголбой, токтоп калышы да мүмкүн. К. Кирквуддун пикири боюнча 1640-жылы Япония өкмөтү тарабынан башка өлкөлөр менен контакттарды жасоого толук түрдө тыюу салынган учурда «бир да философиялык система түзүлгөн эмес, ал эми эң мыкты делген акылмандар классиктердин эмгектерин комментарийлоо менен гана чектелип калышкан» // Караңыз: Кирквуд К., 1988. – С. 85.

улуттук, аймактык жана территориялык делимитациясы (Түркестан, Бухара жана Хорезм)» деген аталыштагы иш пландык сессия өткөрүлүп, Өзбек ССР (Тажик ССР кошуу менен), Түркмөн ССР, Кара-Кыргыз автономиялык областы, Кара-Калпак автономиялык областы түзүлгөн. Түркстандагы казак райондор Казак ССРнин курамына кошулган [Караңыз: Mirzohid Rahimov, 2007, pp. 292-298]. Демек, 1924-жылдан 1936-жылга чейин азыркы Кыргызстан Кара-Кыргыз автономиялык областы катары таанымал болгон[18] жана ал 1926-жылы Кыргыз автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасына айланган, кийинчерээк 1936-жылы Кыргыз Совет Социалисттик Республикасы СССРдин Федерал Республикасы деген статусуна ээ болгон [Chotaeva Cholpon., 2004. - P. 25; Simon Crisp, 1990. - P. 248]. Большевиктердин пикири боюнча Орто Азияны улуттук бирдиктерге бөлүү алардын борбордук башкаруусун жеңилдеткен [Steven Sabol, 1995. - PP. 225, 226]. Бирок, Сталиндин деспоттук саясаты көпкө чейин созулган эмес жана Брежнев убагында эле жергиликтүү кадрлар артыкчылык кыла баштакан.

**КЫРГЫЗСТАНДАГЫ 1926-, 1959-, 2010-ЖЫЛДАРДАГЫ ДЕМОГРАФИЯЛЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨР** [Булактар: Айнура Элебаева, Нурбек Омуралиев, Рафис Абазов, 2000; Перепись населения и жилищного фонда Кыргызской Республики 2009 года. Книга 2 (часть первая), 2010]

| ЭТНИКАЛЫК ТОПТОР | 1926 (%) | 1959 (%) | 2010 (%) |
|---|---|---|---|
| ***Баардык калк*** | **100** | **100** | **100** |
| Кыргыздар | 66.7 | 40.5 | 71,0 |
| Өзбектер | 11.1 | 10.5 | 14,3 |
| Орустар | 11.7 | 30.1 | 7,8 |
| Украиндер | 6.4 | 6.6 | 0,4 |
| Казактар | 0.2 | 0.9 | 0,6 |
| Татарлар | 0.5 | 2.7 | 0,6 |
| Немецтер | 0.4 | 1.9 | 0,3 |
| Башкалар | 3.0 | 6.8 | 0,7 |

Сталиндик тоталитаризмдин шарттарында орусташтыруу процессин шарттаган факторлор катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

[18] Бирок, сталиндик саясат менен салыштырганда большевиктердин 1920-жылдардагы улут маселесине карата мамилеси позитивдүү нукта болгон: Ленин улуттук республикаларды түзүү Советтер Союзуна каршы чыккан оппозицияларды басындыруу жолу катары баалаган. Ошондой эле, ал аймактардагы саясий-административдик аппараттарга жергиликтүү кадрлардын аралашуусуна басым жасап, Москва менен жер-жерлердеги аймактардын ортосундагы институтциянын ичиндеги бийликти бөлүшүү укуктарын жана жергиликтүү тилдерде сүйлөө эркиндигин жогорулаткан // Karen Dawisha and Bruce Parrott, 1994. - PP. 9, 10.

- 1930-жылдардын ортосунда абал дүркүрөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болуп, Орусия улутчулдугу ачык түрдө расмий идеологиянын бир бүтүнү болуп калган.
- 1920-жылдарда Орто Азия республикаларына берилген чектелүү административдик жана маданий укуктар Сталин убагындагы саясий борборлоштурууну чыңдаган массалык террор толкундарынын жардамы аркылуу четтетилген.
- Сталин доорундагы орус кызматкерлер ар бир республикада окшош административдик мекемелерин түзүшкөн жана бирдей түзүлүштөгү, кеңири таралган маданиятты жаратышкан.
- Сталин автократизацияны улантуу аркылуу, акыр аягында, же жыйынтыгында тоталитардык деп аталган системаны түзгөн. Ал Советтер Союзунун саясий системасынын басымдуу органдарына, айрыкча Советтер Союзунун Коммунистик Партиясына, жашыруун полициясына көзөмөл кылган жана ал чексиз бийликтин бирден бир күчтүү лидерин, символун чагылдырган. Жада калса, Сталиндин саясатына каршы көрсөткөн оппоненттер жана жергиликтүү этникалык сезимдердин кымындай көрсөтүлүшү эң жогорку түрдөгү чыккынчылык деген аталышка ээ болгон. Сталин учурундагы 1930-жылдардагы массалык репрессиялардын натыйжасында камалган адамдардын саны Орто Азиянын улуттук лидерлерин, акылмандарын жана интеллектуалдарын кошуу менен миллионго жеткен.
- Орустар «улуу байке» деген аталышка ээ болушуп, башка улуттардын үстүнөн бир нече жеңилдиктерге жана артыкчылык статусуна ээ болушкан. Айрыкча, «Коммунистик Партиянын Борбордук Комитетинин аппараттары жана министрлиги, кадыр-барктуу мекемелердин өкүлдөрү, идеологияны башкаруу мекемелери орустар жана ар түрдүү улуттагы москвалыктар тарабынан артыкчылык кылынган жана орус улуту тарабынын терең аккультировкаланган» [Chotaeva, op.cit., p.30].

Айрым изилдөөчүлөр белгилегендей [Караңыз: Аалиева Г. К., 2013. – 283-285-беттер], “Советтер Союзунун саясий системасын, расмий өзгөчөлүгүн түзүү саясатын, саясий мекемелерин жана социализациясын, пропаганда жана агитациясын, символдорун жана мифтерин жараткан расмий идеология болуп марксизм эсептелген. Марксизмди, жалпы жонунан, пролетариатты эл аралык революция максатынан бөлгөн «жалган аң-сезимдин» көрүнүшү болгон улутчулдук катары да, ошондой эле аны тарыхтын өнүгүүсүнүн убактылуу баскычы катары да кароого болот. Марксизмдин аныктамасы боюнча, улут жана улутчулдук табыгый жаралган феномен эмес, ал капитализмдин натыйжасында пайда болгон тарыхый түзүлүш [Montserrat Guibernau, 1996, p. 16]. Улутчулук сезимдер интернационалисттик социализмди жактоочулар тарабынан иррационалдуу эмоция тибинде үгүттөлгөн. Улутчулдук марксизм риторикасында маргиналдык позицияга ээ жана ал коомдук системаны таптык күрөштүн негизинде жана экономиканын жардамы аркылуу түшүндүрүлөт [G. Kitching, 1985, p. 99].

Сталинден кийинки мезгилде Кремль тарабынан коюлган жогорудагы максатты көздөгөн советтик идеологдор СССР элдеринин улуттук өзгөчөлүктөрүн көмүскөдө калтырып, тескерисинче, алардын бардыгын “улуу ага” деп аталган орус улутуна жакындаштыруу ниетинде биринен бири суурулуп чыккан бир катар концепцияларды иштеп чыга башташкан.

Бул идеологиялык курал төмөнкүдөй негиздүү моменттерден куралган:

- Улуттардын гүлдөп-өнүгүү идеясы (бул идея боюнча СССРдин улуттары менен элдеринин баары мурда болуп көрбөгөндөй прогресске жетишүүгө тийиш эле);
- Жакындашуу идеясы (бул идеяга ылайык бардык улуттар менен элдер үчүн жалпы болуп саналган саясий, экономикалык жана маданий шарттарды түзүү менен аларды бири бирине абдан жакындатса болот);

- Жуурулушуу идеясы (бул идея боюнча акырындык менен СССРдин бардык улуттары менен элдери жалпы бир бүтүндүккө айланып, өздөрүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүнөн арылышат).

Мындай жуурулушуунун натыйжасында “улуу ага” аталышка конгон орус улутунун тескөөсү астында СОВЕТ ЭЛИ деп аталган жаңы тарыхый жалпылык жаралмак эле. Жогоруда сөз болгон иш-аракеттердин бардыгы эле СССРдеги улуттардын «пайдубалынын», «цементинин» ролун ойногон орустардын монополдуу жетекчилиги астында элдер менен улуттар өз артыкчылыгы менен өзгөчөлүктөрүн жоготуусун шарттаган орусташтыруу (русификация) деп аталган максатты көздөгөн.

Кандайдыр бир этноско таандык болуунун маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп улуттук тил эсептелет. Джейкоб М. Ландау менен Барбара Келлнер-Хайнкелдин «Постсоветтик мамлекеттердеги тилдик саясат» [Караңыз: Landau J., Kellner-Heinkele B., 2001. – P. 183–184] деп аталган китебинде Борбордук Азиядагы этникалык иденттүүлүк менен тилдик практиканын чөйрөлөрүндөгү өзгөрүүлөр кеңири социолингвисттик изилдөөнүн предметине айланып, авторлор аталган чөлкөмдө тилдик практиканы пайдалануудагы өзгөрүүлөрдү ар кыл мисалдарды келтирет. Мурдагы изилдөөчүлөрдөн айырмаланып, бул авторлор калктын улуттук аң-сезимине орусташтыруу (русификация) деп аталган советтик саясат анча деле терең таасир берген эмес деген тыянак алардын аталган китебинин борбордук тезистеринин бири болуп саналат. Анын далили катары чөлкөмдөгү бир катар мамлекеттердин латын жазуусуна өтүүсү аталган. Бүгүнкү Борбордук Азия үчүн улуттук тилди колдоого алуу саясий жактан пайдалуу болуп эсептелээрин С. Хантингтон мындайча сыпаттайт: «Тилдик фронтто Вавилон мунарасынын руху универсализм рухунан бир кыйла артыкчалуулуктарга ээ болуп турат да, цивилизациялуу иденттүүлүккө болгон умтулуулардын көтөрүлүүсүн дагы бир жолу күбөлөйт» [Хантингтон С., 2003. – С. 190-191].

Жаңы аймакка өз тарыхый ата мекенинен көчүп келишкен азчылыктын басымдуу мүчөлөрү орус тилин дээрлик күнүмдүк турмушунда жана жалпы колдонуучу тил катары кабыл алышкан. Советтер Союзунун Республикаларынын түркүн курамдагы калкынын арасындагы айырмачылыктардын өсүшү ар түрдүү этникалык топтордун ортосунда орток тилдин пайда болуу зарылчылыгын жогорулаткан да, орус тили аргасыздан жалпы улут аралык сүйлөшүү тили болуп калган.

Мындан тышкары, совет статистикасына ылайык этнос аралык аралаш никелер жылдан жылга өсүп турган. Аралаш үйлөнүү пайызынын көбөйүшү совет элитасы тарабынан бирдиктүү совет элинин прогрессивдүү чыңдалышынын далили катары кабыл алынган. Бул саясат Орто Азиянын салттуу этно-улуттарын модернизациялоо үчүн колдоого алынган [Adrienne Lynn Edgar, 2007, pp. 581-596].

Орус тили привилегиялык статуска ээ болуу менен орустарга тил жана маданият жагынан окшош болуу башка этникалык топтордун өкүлдөрү үчүн саясий жана адискөй (профессионалдык) карьераны камсыз кылып турган. Ошол себептен, өнүгүп келе жаткан советтик элитанын мүчөлөрү орус тилин жана маданиятын привилегиялык статустун белгиси катары кабыл алышып, Орто Азия элдери өз эне тилинде сүйлөөдө көптөгөн кыйынчылыктарга туш боло башташкан.

Тилчи-окумуштуу А. Орусбаевдин пикиринде кыргыздар орус тили - билим кени, жаркыраган келечекке багыт берүүчү жолдомо экенин тез эле түшүнүшкөн: “Буга кыргыздардын тарыхый жагдайлар менен шартталган жапакечтик менталитети гана эмес, алардын кулк-мүнөзү менен дүйнө таанымында ашкере байкалган диний ырым-жырымдардар менен обу жок ашынган улутчулдук саркындаларынын жоктугу, элдин илим-билимге болгон тубаса ынтызарлыгы, о.э. улуттар аралык жана дүйнөлүк пикир алышуу тили болуп саналган орус тилин окутуу ишинин жакшы жолго коюлганы да зор өбөлгө болгон” [Орусбаев А., 1990. - С. 162].

Орус тили бардык улуттук мектептерде милдеттүү түрдө окутулуучу экинчи тил болуп эсептелинген. Мисалы, 1980-жылдары Бишкектеги 69 мектептин ичинен 3 мектепте гана билим берүүнүн эң негизги тили катары кыргыз тили окутулган; калгандарынын бардыгы орус тилин колдонушкан [Gene Huskey, 1997, p.402].

Орус маданияты совет элитасы тарабынан эң даражалуу, жогорку сапаттагы жаңы маданият деп эсептелгендиктен, советтик идентификация, же советтешүү «артта калган» улуттук маданияттарды жогорку совет маданиятына модернизациялоо жана ассимиляциялоо катары түшүнүлүп, ал автоматтуу түрдө орусташтырууну талап кылган. Орус улутуна таандык адамдар Москвада бийлеп турган элиталар тарабынан Союздун сактоочулары катары каралгандыктан, ар түрдүү этникалык топтордун Москвага болгон туруктуулугун чыңдоо жана совет мамлекеттеринин биримдигин сактоо дегенди түшүндүрүп, бул да орусташтыруу процессин шарттаган.

Бирок, советтешүү же орусташтыруу процесси улуттук өзгөчөлүктүн бүт элементтерин жоготууга умтулган эмес, тескерисинче алардын түпкү өзгөчөлүгүтөрүн Совет түзүлүшүнө котоурууга аракет жасашкан. Борборлоштурулган билим системасы, окуу куралдар, жыйнактар, массалык маалыматтар, Коммунистик Партия ж.б. ушул сыяктуу совет доктринасынын жана пропагандасынын бир нече механизмдеринин бардыгы Москванын башкаруусунун астында болгон. Мисалы, совет менталитетин түзүү жана сактоо үчүн Кыргызстандын ар бир айылында маданият үйлөрү курулган; тагыраак айтканда, кыргыздын улуттук (этникалык) өзгөчөлүктөрү «формасы боюнча улуттук, мазмуну боюнча социалисттик» деп аталып советтик түзүлүштүн чегинен чыккан эмес. Совет доорундо калыптанган улуттук өзгөчөлүктөрдө жана тарых жыйнактарында негизги басым «коркунучсуз, коопсуз» фольклордук элементтерге жасалып, совет бийлигине каршы элементтер төмөндөтүлгөн жана четтетилген.

Илимий адабиятта көчмөн кыргыздардын жалпы эле отурукташкан элдер эмес, өздөрүнүн отурукташкан жашоо-тиричилик өткөргөн тууган-

туушкандарына карата жасаган мамилесин чечмелеген мисалды келтирүүгө болот [Караңыз: Урманбетова Ж. К., Абдрасулов С. М., 2009]. Отурукташкан элдер менен туугандарын кыргыздар «жатак», «жатакчылар» деп атаган. К. К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүнө таянуу менен Ж. К. Урманбетова менен С. М. Абдрасулов «жатак» сөзү төмөнкүдөй 2 мааниге ээ дешет [Урманбетова Ж. К., Абдрасулов С. М., 2009. – С. 24]:

- «жатак» - «жаткан жер, жатуу, түн өткөрүү»; «бекерчи, бекерге көнгөн киши, жалкоо» (“место лежания, ночлег”; «лежебока, лодырь») [Кыргызско-русский словарь. В двух книгах. Около 40000 слов / Сост. К. К. Юдахин, 1985. – Кн. 1. – С. 239] маанисин туюнтат. «Жатак» сөзүнөн «жатакчы», б.а. малы жок болгондуктан, жай мезгилин да кыштоодо өткөрүүгө мажбур болгон «жакыр киши» (бедняк, который, не имел скота, вынужден был и лето проводить на зимовке) [Кыргызско-русский словарь. В двух книгах. Около 40000 слов / Сост. К. К. Юдахин., 1985. – Кн. 1. – С. 239] деген зат атооч жасалат. «Жатак» жана «жатакчы» сөздөрүнүн уңгусун «жат» (“лежать”, “ложиться”, «находиться», «пребывать») [Кыргызско-русский словарь. В двух книгах. Около 40000 слов / Сост. К. К. Юдахин., 1985. – Кн. 1. – С. 239] этиши түзөт.
- «жат» сөзүнүн «чоочун, башка» (“чужой, посторонний, чужак”) маанисин туюнткан синоними да бар. Мисалы, “жакшыны жатым дебе, жаманды досум дебе” – «Не называй хорошего чужим, а дурного своим» [Кыргызско-русский словарь. В двух книгах. Около 40000 слов / Сост. К. К. Юдахин., 1985. – Кн. 1. – С. 239]. Демек, отурукташкан тиричилик өткөрүү көчмөн кыргыздар үчүн жат жашоо болуп саналган.

Айта кетчү жагдай, буга чейин деле жакыр кыргыздар жетишээрлик жылуу боз үйлөрүнүн болбогондугуна байланыштуу, кыштын суук мезгилдеринде тоо этектери менен капчыгайларда, б.а. шамалдан далдаланган аймактарда тоо бетин оюп жиберип, түндүк кыргыздар жер там, боз там, ак там, жалпак там, түштүктөгүлөр жер төлө деп атаган турак-жай куруп, жашашкан. Мындай тамдын арткы жана каптал дубалдарынын

милдетин оюлган тоо капталы аткарып, алдыңкы, б.а. оюлган дубал шыргыйлар, бутактар менен тосулуп, алар чым жана чопо ылайынан тоголоктолгон баткак менен бүтөлгөн. Тосмонун ортосуна түтүн чыгаруу үчүн ыңгайлаштырылган тешикче жасалган. Мындай жер тамдар убактылуу турак-жай катары гана пайдаланылып, жаздын келиши менен кедей-кембагалдар өздөрүнүн эскилиги жеткен кара боз үйлөрү менен алачыктарына кайрадан кайрылып келишкен.

Этнографиялык адабиятта кыргыздардын туруктуу турак-жайларын 1) түндүк [Караңыз: Абрамзон С. М., 1990; Абрамзон С. М., 1963; Айтбаев М. Т., 1957] жана түштүк [Антипина К. И., 1962] деп аталган 2 климаттык зонага бөлүнгөн жергиликтүү (локалдуу) өзгөчөлүктөрү жетишээрлик сүрөттөлгөн, сыпатталган жана анализденген [Караңыз: Алымбаева Б., 1979; Алымбаева Б., 2006].

Тамдын пайдубалы тегизделген жерге катар тизилген таштардан турган. Үйдүн дубалы пакса-байса деп аталган тоголоктолгон ылайдын ыкмасы, же чийки кыш менен көтөрүлгөн. Анча чоң эмес терезе боштуктары полдон жарым метр бийиктикте, ал эми айрым учурларда терезенин айнектери рамкасыз, жапкычсыз жана капкаксыз орнотулган. Үйдүн кире бериши ортоңку бөлмөдө орун алган. Ушул эле бөлмөнүн оң, же сол бурчунда тамак-аш даярдалчу очок салынган. Борбордук бөлмөнүн 2 капталында орун алган бөлмөлөр кыш мезгилдеринде ар кандай формадагы темир мештер менен жылытылган. Мештин вертикалдуу жайгашкан темир түтүгү аркылуу түтүн шыптагы тешикке көтөрүлүп, андан соң сыртка чыккан. Мындай үйдүн түштүк кыргыздарга таандык тибин К. И. Антипина шарттуу түрдө ферганалык вариант [Антипина К. И., 1962. – С. 186] деп атаганына карабастан, аталган типтин таралуу ареалдары Ферғананын чектери гана эмес, Түштүк Туркестандын андан сырткары чөлкөмдөрүнө да таандык болгон.

Материалдык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша сөз болуп жаткан типтеги үйлөр от жагуу ыкмасы, кийинчерээк электр тогунун жардамы аркасында

мештер, суу түтүктөрү менен жылытылган. Үй жылытуунун мындай ыкмалары, биринчи жагынан, үйдү ыштоодон сактаса, экинчи жагынан, бөлмөдөгү тигил же бул деңгээлде нормалдуу деп эсептелген температураны сактоого мүмкүндүк берген.

Айрым изилдөөчүлөр адилет белгилегендей, бүгүнкү кыргыз коомуна таандык делген түндүк-түштүк кесиндиси боюнча жиктелүү өз кезегинде “бөлүп алып, бийлик жүргүзө бер!” (“разделяй и властвуй!”) деген принципке таянган колонизаторлор тарабынан иштелип чыккан жана кыргыз коомуна “ичтен таандык” нерсе катары таңууланган [Аалиева Г. К., 2013. – 257-бет]. Бүгүнкү күндөгү Түштүк жана Түндүк Кореянын, Балкан мамлекеттеринин, Египет, Ливия, Сирия өңдүү араб өлкөлөрүнүн ж.б. чөлкөмдөрдүн тарыхы тастыктагандай, түндүк-түштүк кесиндиси боюнча жиктелүү аты аталган мамлекеттер же элдер тарабынан эмес, аларга кас, душман саналган мамлекеттердин саясатчылары тарабынан тымызын колдонулган, келечеги күмөн, жакшылыктан үмүт эттирбеген митайым стратегия болуп саналат.

Мурда сөз кылынгандай, иш жүзүндө Кыргызстанды түндүк жана түштүк чөлкөмдөргө (региондорго) бөлүү XX кылымда, тагыраак айтканда, кыргыздардын жашоо-тиричилиги менен чарбасын кардиналдуу түрдө өзгөрткөн совет мезгилинде пайда болгон. Натыйжада, мурдагы көчмөндөр малчылыктан дыйканчылык менен шаардык жашоо-тиричиликке өтүп, өрөөндөргө отурукташа башташкан. Курултайлар менен уруулук көсөмдөрдүн (манаптардын) башкаруу рычагдары мамлекеттик органдардын колуна оогон да, калк урук, уруу эмес, шаарлар, райондор жана областтар деп аталган жаңы административдик-территориялык бирдиктер боюнча топтошо баштапкан.

Акырындык менен алар райондук жана областтык борборлордо жайгашкан инфраструктурага (электр берүү жана суу менен камсыздоо линияларына, байланыш каражаттарына, автотрассаларга), маданият жана тиричилик объектилерине (ооруканалар, окуу жайлары, кинотеатрлар, балдар

бакчалары, дүкөндөр, китепканалар ж.б.) байланып, алардан көз каранды боло баштаган. Ошентип, карапайым кыргыздардын салттуу жашоосу бийик тоолордон тоо этегиндеги кокту-колотторго ооп, мурда күнгөй-тескейдеги кыргыз урук-урууларынын башын бириктирип турган тоо кыркасы эми алардын пикир алышуусу менен кездешүүсү үчүн тоскоолдук жараткан бөгөткө айланган. Натыйжада, Түндүк менен Түштүк бетме-бет жолугуу мүмкүндүгүнөн айрылып, ар бир чөлкөм (регион) өз алдынча өнүгүп, түштүк областтары Ош жана Жалал-Абад шаарларына, ал эми түндүк аймактары борбор калаа Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарына карай бет алып калган.

Кыргызстандын саясат таануучуларынын Ассоциациясынын докладына ылайык бүгүнкү күндө Кыргызстандын түштүк чөлкөмү өзүнүн күнүмдүк жашоосунун ар кыл тармактарынын өнүгүүсү боюнча түндүк аймактарына (айрыкча, борбор калаа жайгашкан Чүй өрөөнүнө) салыштырмалуу бир кыйла деңгээлде артта калган [Караңыз: Потерянный Юг, 2007]. Ушул негизде айрым саясат таануучулар Кыргызстандын түштүк чөлкөмүнүн артта калуусун республика жетекчилеринин дээрлик көпчүлүгү түндүктөн болгондуктан, түндүк региону алдыга озуп өнүгүп кеткен. Ошол себептен, түштүктү өнүктүрүү максатында түштүктөн чыккандар бийликке келүүгө тийиш деп баса белгилет [Караңыз: Дербишева З., Бишкек – ИА «24.kg»].

Кыргыздардын этномаданиятындагы орусташтыруу менен байланышкан дагы бир неотип катары аракечтикти атоого болот. Айтсак, Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо Министирлигинин профилактика жана медициналык экология илимий-изилдөө институтунун маалыматтары боюнча Чүй областынын Кичи-Кемин жергесинде сурамжылоого тартылган эркектер менен аялдардын экиден үч бөлүгү (73%) алкоголь ичимдиктерин ашкере ичээрин билдиришкен [Асанканов А. А., 1997. – С. 169-191].

Кыргыздардын көңүлүн көтөрүп, черин жазган жана эл ичинде кеңири таралган мас кылчу ичимдиктери болуп кымыз менен бозо эсептелет.

Кымызды эчкинин терисинен тигилип, түтүнгө ышталып жасалган сабага бээнин сүтүн бышыруу (ачытуу) жолу менен жасашат. Бозо чоңдор гана кыш мезгилдеринде иче турган, таруудан, арпадан, же жүгөрүдөн бышырылган ичимдик болуп саналат.

Кымыз менен бозо орточо күчтө мас кылган спирттик ичимдиктерге кирет. Эреже катары, өткөн тарыхта кыргыз элине спирт ичимдиктерин өтө көп өлчөмдө ичүү мүнөздүү болгон эмес. Эгер, мурда көчмөн кыргыздар кымыз менен бозону белгилүү бир мезгилде гана, ошондо да үйлөнүү үлпөтү, аш-той сыяктуу майрамдарга байланышкан салтанаттын шарапаты менен ичишсе, тилекке каршы, изилденип жаткан мезгил аралыгында кыргыздардын алкоголизми катастрофалык масштабдарда болуп [Ночевкин В. – 2004. 21 апреля. – С. 5], бүткүл коомчулукту терең ойго салып, улуттун генофонду менен келечегин кооптондурган маселеге айланган [Асанканов А. А., 1997. – С. 171-172]. Изилдөөчүлөрдүн пикиринде, кыргыздардын массалык түрдө аракечтикке ооп кетүүсү төмөнкүдөй жагдайлар менен шартталган [Аалиева Г. К., 2013. – 364-365-беттер]:

Биринчиден, XIX кылымдын 2-жарымында Кыргызстан Орусиянын букаралыгына өткөн. СССР мамлекетинин тушунда жүргүзүлгөн ар кандай улуттун өкүлдөрү болуп саналган советтик адамдардын ортосундагы интернационалдуу мамилелерди күчөтүү саясаты менен идеологиясы арак ичүү салтына ээ орустар менен кыргыздардын өз ара алакалардын бекем ширелишине көмөк болгон. Улуу Ата мекендик согуштун учурундагы бардык улуттарга орток болгон ачкачылык, жакындардан айрылуу, жокчулук, ошол эле учурда тарыхта мурда болуп көрбөгөндөй күчтүү душманды жеңүү ж.б. менен байланышып, СССРдин башка элдери сыяктуу эле орустар менен кыргыздардын да башын бириктирген согуштун ар кыл кырдаалдары адамдарды психологиялык бушаймандыктары менен эмоцияларын спирттик ичимдиктерди ичүү менен «унутуу», же мактаныч катары «демонстрациялоого» түрткөн. Ушул жана башка факторлордун

таасири астында кыргыздар «оттуу сууну» жетишээрлик көп өлчөмдө жана арбын ичүү өнөкөтүн өздөштүрө башташат.

Экинчиден, аракка тез ооп кетүүчүлүк ар кандай калорияда азыктанган адамдын организминин өзгөчөлүктөрү менен байланышкан социомедициналык феномен болуп саналат. Спирттик ичимдиктерди ичүүнү салтка айландырганына карабастан, калориялуу, ар кандай ассортименттеги тамактар менен азыктанган элдердин организми узакка созулган тарыхый мезгилдер ичинде аталган ичимдиктерге көнүп, организмдеги ферменттер спирттик ичимдикти «таанып», аны көтөрүүгө карата белгилүү бир реакция жасоо жөндөмдүүлүгүнө ээ. Ата-бабасы спирттик ичимдиктерди ичпеген жана жогоруда сөз болгондой, азыктануусу, тамактануусу өтө эле жупунулугу, бир түрдүүлүгү менен айырмаланган кыргыз калкынын калың катмарынын аракты көтөрө албастыгы, ага тез аранын ичинде ооп кетүүсү – мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Үчүнчүдөн, Совет бийлиги үстөмдүк кылган мезгил аралыгындагы кыргыздардын аракечтиги коомдо болуп жаткан социалдык, саясий, экономикалык, өзгөчө, рухий чөйрөлөрдөгү кризис менен тыгыз байланышкан. Аталган кризистин түрлөрү мурдагы баалуулуктар талкаланып, жаңылары адамдардын аң-сезимине орной элек баалуулук системасынын кризиси менен шартталат. Мындай кризис коомдогу аракечтик, наркомания, сойкулук, өз жанынан аша кечүү (суицид) сыяктуу девианттуу жүрүм-турум (англисчеден deviant латынчадан deviatio – четтеген, алыстаган) деп аталып, адамдардын, же алардын тобунун жалпы милдеттүү деп таанылган эрежелери менен нормаларын бузуп, алардан четтеп, социалдык топтор, же коом тарабынан ага иренжүү, жийиркенүү, эскертүү, уяткаруу, тыюу салуу, жоопкерчиликке тартуу ж.б. белгилүү бир формада жооп берүү, же реакция кылуу зарылдыгын жараткан жагымсыз көрүнүштүн өсүшүн шарттаган.

Төртүнчүдөн, экономиканын пайдалуу тармактарынын бири болуп алкоголь ичимдиктерин өндүрүү саналат. Совет мезгилинде республикадагы

алкоголь жана алкоголсуз ичимдиктер өнөр жай ишканаларына «Бишкекликер-арак заводу» акционердик коому, «Бакай» (Кара-Балта) биргелешкен ишканасы, «Кыргызшампан» акционердик коому, «Салкын» (Жалал-Абад пиво заводу) акционердик коому, «Бишкек пивозаводу», «Адис» (Беловодск) акционердик коому ж.б. чакан ишканалар кирген.

Окумуштуу биолог А. Ибраимов кыргыздар тарабынан алкоголдук ичимдиктерди ичүүнүн бүгүнкү күндөгү темптерин өзүн өзү тукум курут кылууга (самогеноцид) салыштырса, өз сөздөрүндө мамлекет жетекчилери аракечтик кыргыздардын генофондуна балта чабаарын баса белгилеп, коомчулуктун бул көйгөй менен күрөшүүдөгү кайдыгерлигин, инерттүүлүгүн, пассивдүүлүгүн күнөөлөшкөн: «эмне үчүн биздин интеллигенция, врачтар, педагогдор, аксакалдар алкоголизмге каршы аеосуз күрөш жүргүзбөй жаткандыктары мага түшүнүксүз… анткени, кеп элдин генофондун сактап калуу тууралуу болуп жатпайбы» [Мисал төмөнкү булак боюнча келтирилүүдө: Асанканов А. А., 1997. – С. 172]. Профессор А. Асанкановдун китебинде келтирилген кыргыздын таланттуу акыны Анатай Өмүркановдун «Ардануу» деген ыры иликтенип жаткан мезгилде кыргыздарга таандык көйгөйдү көркөм чагылдырат деген пикирдебиз:

**“АРДАНУУ”. А. ӨМҮРКАНОВ** [Өмүрканов А. – 1997. 11-17 марта; Асанканов А. А., 1997. – С. 171-172]

| | |
|---|---|
| Үйрөндү кыргыз ичкенди.<br>Ичкендей кылса иштерди,<br>Гүлдөтүп салмак эмгиче,<br>Күнөстүү тоону, бүт жерди.<br>Алдаткан арын аракка,<br>Байкуш деп башка эл карашча,<br>Башыма чокмор тийгенсип,<br>Басая түшөм заматта.<br>Жашаган калктын баарынан,<br>Арт калып баардык жагынан,<br>Жампаңдап ичип баратса,<br>Күл болом, күйүп арыман. | Выпивать кыргыз научился,<br>Если б он к труду приучился,<br>То давно бы заставил цвести<br>Горы солнечные, земли свои.<br>Стал обманывать совесть свою,<br>Тут объявился другой, кто его «бедолагаю»<br>В глаза прозвал откровенно.<br>И словно дубиной по голове получив,<br>Стал кыргыз замолкать мгновенно.<br>Когда среди всех народов земли,<br>Выпивая, плетется он –<br>То от такого стыда<br>В пепель сгораю я… |

Айтылгандар төмөнкүдөй корутундуларга негиз боло алышат:

1. Кыргыздардын этномаданиятындагы орусташтыруу менен байланышкан неотиптик элементтер алгач курамына Түркстан крайы, анын

ичинде Кыргызстандын аймагы да кирген Орусия Падышалыгы менен СССР мамлекетинде өзгөчө байкалган.

2. Кремль жетекчилиги СССРдеги элдер менен улуттар канчалык окшошо баштаса, алардын ортосундагы биримдик менен кызматташтык да ошончолук бекем болот деп боолгологон. Советтик идеологдор бир кездеги падышалык Орусия жергиликтүү элдердин жерин тартып алып, аларды колониялаштыруу үчүн колдонгон интернационалдык зарылдык деген эски идеяны жаңы шартка ылайыкташа башташкан. Бул болсо СССРдин кичи элдерине карата орус шовинизминин чыныгы белгиси болуп калган.

3. Советтер Союзунун расмий басма сөзү менен илимий жыйнактарында, кыргыздардын этно-улуттук окшоштугу совет элитасы тарабынан Советтер Союзуна коркунуч туудурат деп табылган Түркстан жана коңшу Орто Азия улуттарынын «жагымсыз» элементтеринен тазаланган. Орто Азия мамлекеттеринин ортосундагы тилдик өзгөчөлүктөр өзгөртүлгөн тамгалар иретинде расмий түрдө бекитилген.

4. Көчмөн кыргыздардын аң-сезиминде көчпөгөн, б.а. отурукташкан жатакчылар мал-мүлкү жок болгондуктан, кандайдыр бир жерге байланган байкуштар катары кабыл алынган. Совет өкмөтүнүн орусташтыруу жана отурукташтыруу (коллективдештирүү) менен байланышкан саясатынын натыйжасында мурдагы көчмөн кыргыздар там салуу салтына өтүп, алардын убактылуу же стационардуу тамдары верандасыз, же верандалуу 2, айрым сейрек учурларда 3 бөлмөлүү үйлөрдү элестеткен. Жалпы жонунан, мындай тамдар «Г» формасында салынып, «Г» тамгасынын кыска таягы веранда деп аталган. 2,5-2,7 м бийиктиктеги дубалдардын ортосуна жыгач босого орнотулуп, ага жыгач эшик тагылган. Үйдүн төбөсү жалпак жабылып, ага ылай жаткырылган. Андан соң анын устундары 1) 30-45 градус бурч менен жантайыңкы, же; 2) конус формасындагы чатыр сымал чыгарылып, дээрлик көпчүлүк учурда шифер менен жабылган.

5. Баарыбызга белгилүү болгондой, турак-жайдын тибин аныктоодогу алгачкы фактор болуп анын планы саналат. Планынын өтө эле жупунулугуна карабастан, айрым элементтери боюнча мындай тамдар өздөрүнө гана таандык өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Отурукташкан жашоого өткөн кыргыздардын тамдары чөлкөмдүк варианттары боюнча айырмаланган. Кыргызстандын түндүгүндө мындай тамдардын дубалдарын сокмо жолу, чийки, же карылуулары бышкан кыш менен көтөрүшкөн. Сөз болуп жаткан турак-жайдын түндүк вариантынан айырмаланып, түштүктө тамдын дубалын тоголоктонгон ылай топурактын пакса деп аталган ыкмасы боюнча көтөрүүнү артык көрүшкөн. Түштүк кыргыздардын мындай ыкма менен курулган тамдарын, курулуш материалдарын, курулушта колдонулган негизги техникалык ыкмаларды, өз кезегинде, К. И. Антипина кеңири сүрөттөп жазган [Антипина К. И., 1962. – С. 187].

6. Совет бийлиги мезгилинде көчмөн малчылыктан отурукташкан дыйканчылыкка өтүү аркылуу түндүк менен түштүктө жашаган кыргыздар, мурдагыдай бийик тоолуу жайлоодо массалык масштабда жолугуп, куда-сөөк күтүү мүмкүндүгүнөн ажырашкан.

7. Конкреттүү областтар менен райондордогу калкты каттоонун советтик системасы «чүйлүк» жана «оштук», «нарындык» жана «жалал-абаддык», «түндүктүк» жана «түштүктүк», «шаардык» жана «айылдык» деген түшүнүктөрдү жараткан. Ошентип, жалпы жонунан, кыргыздардын чөлкөмдүк (регионалдык) идентификациясы алардын маданий-тарыхый өткөнү же салттуу тиричилиги менен байланыштуу эмес.

8. Орусташтыруунун кесепети болуп саналган аракечтиктин курмандыктары өз этномаданиятынан эле оолактабастан, өзүнүн коомдон алган ордуна, социалдык статусуна, жаш курагына, үй-бүлөсүнө, ата-энесине, улуттук баалуулуктарына кол шилтеп салып, арак ичүүнү шарттаган себептер менен спирттик ичимдиги үчүн акча табуунун ыкмаларын «жакшы-жаман» деп ылгабай калган. Аракка тоюп алып, же алагүү абалында

жасалган кылмыштар кескин өсүп, республикада жасалган жалпы кылмыштардын дээрлик көп бөлүгүн түзгөн.

## 2.2. Ааламдашуунун контекстинде маргиналдуулуктагы салттуулук менен инновациялардын байланышы

XX кылымдын 80-жылдарынан тартып постмодернизм доору «ааламдашуу» («глобализация») процесси менен байланышкан идеяга алмаша баштаган. Жалпы жонунан «ааламдашуу» термини экономиканы интернационалдаштыруу, дүйнөлүк байланыштардын бирдиктүү системасын өнүктүрүү, улуттук мамлекеттердин функцияларын өзгөртүү же начарлатуу, транснационалдык мамлекеттик эмес түзүлүштөрдүн (алардын ичинде этникалык диаспоралардын, диний кыймылдардын, мафиялык топтордун ж.б.) ишмердүүлүгүнүн активдешүүсү менен байланышкан бир катар процесстер менен байланышкан көрүнүш болуп саналат [Кузнецов В. – 1998. - № 2. – С. 13].

Илимий адабиятта ааламдашуунун бир катар өңүттөрүнө басым жасаган бир катар аныктамалар кездешет. Алгачкы жолу «ааламдашуу» («глобализация») термини Т. Левиттин 1983-жылы «Гарвард бизнес ревью» басылмасында жарыяланган макаласында сунуш кылынган. Бул түшүнүк аркылуу автор көп улуттуу корпорациялар (многонациональные корпорации – МНК) тарабынан өндүрүлгөн айрым өндүрмөлөрдүн (продукты) базарларынын (рынки) өз ара кошулуп кетүү процессин атаган. Бизнестин Гарвард мектебинин кеңешчиси (консультанты) К. Омэ 1990-жылы жарык көргөн «Чек арасыз дүйнө» деп аталган китебинде бул терминге бир кыйла терең жана кеңири маани ыйгарылган. К. Омэнин пикири боюнча дүйнөлүк экономиканын сахнасындагы «эң күчтүү актерлор» болуп «глобалдуу фирмалар» эсептелип, дүйнөлүк экономика АКШ, Европа Шериктештиги жана Япония сыяктуу үч борбордон көз каранды болгондуктан, айрым жеке өлкөлөрдүн улуттук экономикасы түккө арзыбаган нерсеге айланып бара жатат [Кузнецов В. – 1998. - № 2. – С. 13]. Аталган китеп жарыкка чыккандан

соң «глобализация» термини ооздон түшпөй, бул тема XX кылымдын 90-жылдарындагы модалуу да, актуалдуу да маселеге айланган.

Ааламдашуу жер планетасындагы бүтүндөй коомдук ишмердүүлүктү интернационалдаштыруу формасында көрүнөт. Интернационалдаштыруу деп адамзаттын социалдык-маданий, коомдук-экономикалык, саясий ж.б.у.с. байланыштардын, өз ара алакалардын, карым-катнаштардын, мамилелердин бирдиктүү системасына кирүүсүн түшүнүүгө болот. Интернационалдаштыруу – бул мамлекеттик өз алдынчалуулукка (суверенитетке) тийиштик кылбаган технологиялык жана маданий стандарттардын акырындык менен өз ара жуурулушуусу.

СССР мамлекетинин кулашы постсоветтик Кыргызстандын экономикасына гана эмес, кыргыз этномаданияты менен кыргыздардын социалдык структурасына да эбегейсиз зор таасир берген. Кыргыздын маданиятына жат материалдык факторлордун үстөмдүк кылуусунун натыйжасында руханиятты бийик баалаган көчмөндүн жан дүйнөсү айыкпас датка чалдыгып, анын рухий дүйнөсү жакырлап, төмөндө кенен кеп боло турган көп спектрлүү маргиналдуулуктун пайда болушуна алып келген.

МАРГИНАЛ КЫЗЫЛ КУЛАККА АЙЛАНДЫРУУНУН ГЛОБАЛИСТТИК МЕХАНИЗМДЕРИ. Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө бир нерсе сатып алуу, акча карыз суроо, бир нерсени буйрутма берип жасатуу, бут кийим оңдотуу сыяктуу күнүмдүк турмуш-тиричилик жагдайын ниет кылган адам еврейге (кытайга, армянга, индуска ж.б.) кайрылуу керек деп айтууну адатка айландырган. Мында этникалык же диний жамааттын өкүлү "соодагер", "кызыл кулак" ("торговец", "торгаш") деген сөздөрдүн синоними болуп калган. Кээде бул сөздөр ушунчалык көндүм болгондуктан, ошол этникалык жамааттын алгачкы аталышы лексикондон жоголуп кеткен учурлар да болгон. Мисалы, өзүнүн "Еврей маселесине карата" ("К еврейскому вопросу") деп аталган эрте макаласында К. Маркс еврейчиликти этнодиний жамаат катары эмес, жүрүм-турумдун "соодагерликти", "кызыл

кулактыкты" туюнткан тиби катары караган [Маркс К., Энгельс Ф. Соч. - Т. 4. - С. 382—413].

XIX кылымдын аягында кыштактар менен шаарлардын, айрыкча Бишкек менен Караколдун пайда болушуна байланыштуу, Кыргызстанда сооданын мурда үстөмдүк кылып келген кыдырма жана айырбаштоо түрү менен катар эле базар жана дүкөн соодасы да өнүгө баштаган. Бирок, соода ишмердүүлүгү көчмөндөрдүн арасында байыркы тарыхка ээ экенине карабастан, кыргыздар бул ишмердүүлүктүн күрөө тамырын таап, маңызын терең түшүнүп үйрөнө алышкан эмес. Ал тургай, алар соода менен кесиптенген адамдарды «кызыл кулак», «митайым», «алдамчы» деп атап, өзүнө керектүү буюмдарды соодагер сураган малга алмаштырып, кете беришкен. Ошол себептен, кыргыздарда «дебет-кредит» мамилелери быякта турсун, «сдача» түшүнүгү да болгон эмес (бул түшүнүктүн кыргызча альтернативасы бүгүнкү күнгө чейин жок) [Аалиева Г. К., 2013. – 271–бет]. Ошол себептен, алар Батыштан келген базар мамилелери үстөмдүк кылган мезгилге чейин сараңдык эмне экенин билбей, тыйын, же майда-чүйдө менен эсептешкен эмес (образдуу айтканда, эреже катары, салттуу кыргыздар сайдын жээгиндеги ташты санаса, соодагер Батыш маданиятынын өкүлдөрү андагы кумду санайт), майда-барат үчүн ашыкча баш оорутуп, ойлонуп олтурбайт.

«Жакшы» жана «жаман» элдердин образдары этностор ортосундагы тике мүнөздөгү пикир алышуу процесинде калыптанаары диссертациялык иштин мурунку бөлүмдөрүндө айтылды. Этникалык стереотип түбү тээ байыркы тарыхый каада-салттарга кеткен шек саноолорду да чагылдырышат. Шек саноолор менен күдүктүү ойлор түрүндө туюнтулган стереотиптер жалпы маданий трансмиссиянын жүрүшүндө тике же кыйыр түрдө жайылып келет. Мисалы, адамга күлүп-жайнап туруп эле, анан анын көзү мындай болгондо ошол эле адамдын өзүнө каршы келген терс кылык-жоруктарды жасап, «пулуң болсо кулуңмун» деп турган өзбек улутунун өкүлдөрүнө салттуу кыргыздар менен казактар ишенбөөчүлүк мамилесин жасап келген.

СССР кулагандан соң дүйнө өзгөрүп кетти. Коомдук мамилелердин социалисттик тибинин ордуна капитализм келди. «Капитализм» деген эмне? «Капитализм – бул өндүрүш менен өндүрүлгөн өндүрмөлөрдү бөлүштүрүүнүн жеке менчикке, ишкердик кылуудагы жалпынын юридикалык теңдиги менен эркиндигине негизделген экономикалык системасы. Экономикалык чечимдерди кабыл алуудагы башкы критерий болуп капиталды көбөйтүү жана пайда көрүүгө умтулуу эсептелет».

Эгерде коомдук мамилелердин социалисттик системасынын өзөктүү принциптеринин бири болуп «эмгек – жумушчунун укуктары – социалдык жыргалчылыктар менен эмгектин натыйжалары адам үчүн – ар бир жумушчунун кызыкчылыктарын эске алуу» болсо, эмгек мамилелеринин капиталисттик системасында ишмердүүлүктүн негизги принциби «максималдуу пайда табуу – чыгымдарды минимизациялоо – укуктар менен эркиндиктерди чектеген кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн жаңыча тиби – жумушчуга талаптарды көбүрөөк коюу» болуп кардиналдуу өзгөрүп кеткен. Мындай өзгөрүүнүн натыйжасында баардыгы теңирден тескери жагына ооп кеткен. Эгерде СССР убагында жумуш берүүчү (мамлекет) – жумушчу (кызыкчылыктары дайыма эске алынган адам!) түшүнүктөрү болсо, эми кожоюн (менчик ээсиники дайыма туура, «падыша») – кул (эч ким эмес, винтик, аныкы дайыма туура эмес) түшүнүмдөрү жаралган.

Өндүрүшү толугу менен талкаланган постсоветтик Кыргызстандын шарттарындагы рынок экономикасы «спекуляция» («кызыл кулактык кылуу») түшүнүгүн жараткан. «Спекуляция» деген эмне? «Спекуляция» деп ортомчу өзү өндүрбөгөн товарларды кайра сатуудан пайда көрүү аталат. Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, «спекуляция» - бул пайда көрүүнүн мителик ыкмасы (паразитический способ получения прибыли) болуп саналат. Коомдук мамилелердин капитализм деп аталган системасында спекуляция киреше табуунун негизги ыкмасы катары белгилүү болгон. Чындыгында, спекуляция бардык жактар үчүн абдан пайдалуу. Анткени, көпчүлүк бизнесмендер товарларды тике өндүрүүнү каалашпайт, же бир катар

себептерден улам мындай өндүрүш алардын колунан келбейт. Өндүрүштү автоматизациялоонун, арзандатуунун жана жөнөкөйлөштүрүүнүн натыйжасында салык төлөбөстөн туруп эле саман алачыктарда күнүнө 1 доллар үчүн товарлардын жүз миллиондогон бирдиктерин өндүргөн миллиондогон кытайларды, индустарды жана бангладештиктерди эксплуатациялаган абдан пайдалуу болуп саналат. Ушундай жол менен өндүрүлгөн продукцияларды сатып алган ортомчулар андан соң бир кыйла чынжырчалардын удаалаштыгы аркылуу бүткүл дүйнөдө жашаган керектөөчүлөргө кайрадан сатышат. Ар кандай эсептөөлөр боюнча мындай спекулятивдүү иш-чарадан түшкөн пайда 50 дөн 100%га чейин жетет! Андан өндүрүш менен алектенүүнүн кажети канча?

Асмандан түшкөн акчанын эсебинен жашаган соодагер (орус тилинде аларды «торгаш», кээде «барыга» деп атап коюшат) өз өлкөсүнүн жыргалчылыгы үчүн эмгектенүүнү тап-такыр каалашпайт. Экономикалык планда митечилик иши катары бааланган мындай ишмердикти кылуу спекулянттар үчүн абдан пайдалуу. Ошентип, спекуляция каалагандай мамлекеттин күч-кубаты менен көз карандысыздыгынын негизи болгон товарларды өндүрүүнү талкалоо менен өлкөнүн экономикасына укмуштуудай зыяндарды алып келээри иш жүзүндө айкындалган.

Мамлекет тарабынан «Спекулятивдик Типтеги Керектөө Экономикасы» саясатын киргизүүнүн натыйжасында мамлекеттик бюджетте акча тартыштыгы дайыма күч алып, өлкө эч нерсе өндүрбөй, заводдор менен фабрикалар жабылып, массалык жумушсуздук күч алып, мурдагы квалификациялуу жумушчулар кызыл кулактык кылуу соодасына өтүп, мамлекеттик казынага салык төлөбөй калышкан. Мындай шарттарда мамлекеттик бюджетти толтуруунун жападан жалгыз варианты катары төмөнкүлөр саналышкан:

- калктан салыктарды, төлөмдөрдү ж.б. милдеттүү акча чогултууларды жогорулатуу;
- чет мамлекеттерге табигый ресурстарды сатуу;

- четтен кредиттерди алуу.

Практика көрсөткөндөй, «Спекулятивдик Типтеги Керектөө Экономикасы» саясатынын таасири астында бюджетти жогоруда аталган үч жол менен толтурган мамлекет автоматтык түрдө өз көз карандысыздыгын жоготуп, мамлекет катары жашоо келечегинен айрылуу коркунучуна кабылат.

Постсоветтик мезгил менен ааламдашуу шарттарында «Спекулятивдик Типтеги Керектөө Экономикасы» саясатын колдоого алган Эл аралык структуралар катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

- Эл аралык Валюта Фонду («үчүнчү дүйнөнүн» өлкөлөрүнүн экономикасын насыя берүү, же кредиттөө жолу аркылуу алсыратууга адистештирилген финансы-кредиттик, глобалисттик уюм);
- Бүткүл дүйнөлүк Соода Уюму (өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн потенциалдуу атаандаштык жөндөмүнө ээ экономикасын бажы тоскоолдуктарын талкалоо жана бүтүндөй бир чөлкөм-региондорго башка өлкөнүн сапатсыз товарларын каптатып жиберүү жолу аркылуу талкалоону көздөгөн глобалисттик, корпоратократиялык уюм);
- Улуу Британия – АКШ – Канада - Израиль – Япония – Еврошериктештик чынжырчасынан куралган Батыш дүйнөсүнүн финансы – кредиттик, корпоратократиялык системалары («пайдасыз» өлкөлөрдүн экономикасын кызыл кулактык кылган соода келишимдери, «башкарылуучу хаос» технологиясы менен саясий туруксуздукту пайдалануу, агрессивдүү согуштарды жүргүзүү жана өлкөнүн табигый ресурстарын ташып кетүү жолу аркылуу бузуп, талкалоо механизмдерин активдүү колдонгон жана колдогон уюмдар).

Жогоруда аталгандар КМШ өлкөлөрүндөгү, алардын ичиндеги Кыргызстандагы эмгек менен камсыз кылуу көйгөйүнө кандай тиешеси бар? Тике тиешеси бар: квалификациялуу жумушчулар кереги жокко чыгарылып, жумушчу орундары кескин кыскарууда; жумушсуздардын саны кескин көбөйүп, эмгек акысынын, социалдык төлөмдөрдүн, жөлөк пулдардын

(пособиелердин) көлөмү күндөн күнгө кыскарууда. Булардын ичинен эң башкы кесепет катары өлкөнүн экономикасынын толугу менен талкаланып калуусун айтууга болот.

Капитализмдин эң башкы принциптеринин бири болуп “минимум чыгаша – максимум киреше!” девизи эсептелет. Кожоюн үчүн бул абдан пайдалуу болгону менен карапайым жумушчу үчүн анын бир тыйындык пайдасы жок. Анткени, өндүрүштүн технологиялары менен процесстери канчалык жөнөкөйлөшкөн сайын көбүрөөк акча төлөө зарыл болгон квалификациялуу жумушчуларга карата зарылдык да ошончолук аз болот! «Спекулятивдик Типтеги Керектөө Экономикасы» саясатына өткөн мамлекеттерде квалификациялуу жумушчунун эч кандай кереги жок. Айтсак, өндүрүштүн кымбат баалуу технологиясын сатып алганча, макарон өндүрүү үчүн Кытайдын химиялык порошогун сатып алып, аны крандан агып жаткан суу менен аралаштырып, даяр массаны кургатып, керектөөчүлөргө сатып, максималдуу пайда көргөн артык эмеспи! Ушундай себептерден улам мурдагы СССРдин жогорку квалификациялуу жумушчулары эч кимге кереги жок болгондуктан улам, жер которуп, жумуш издөөгө арагасыз болгон. Ошентип, океандын ары жагындагы өлкөлөр мурунку СССРдин кадрлары менен “акылдарын” толтурууда.

Жасалма жол менен «Спекулятивдик Типтеги Керектөө Экономикасы» саясатына өткөн мамлекеттердеги «эркин рынок», «либералдуу рынок экономикасы», «корпоратократия» деген аталыштарга конгон глобалисттик капитализмдин натыйжасы төмөнкүлөргө алып келген:

- бүтүндөй өндүрүш-экономикалык база талкаланып, сапатсыз кытай товарларына да атаандаштык түзө албай калган ата мекендик өндүрүш жок болгон; завод-фабрикалар жабылып, мекеме-уюмдарда массалык кыскаруу процесси жүргөн;
- жеке сектор да жашоо айласын таппай, “торгаш” атка конгон маргинал соодагерлер күн көрүү, жан сактоо максатында аз салык төлөө амалын жасап, массалык түрдө “көмүскө” экономикага кетишкен;

- баалар күндөн күнгө өсүүдө;
- керектөө рыногу эбегейсиз сандагы сапатсыз товарларга толуп, сапатсыз кызмат көрсөтүүлөрдүн саны өскөн;
- алдамчылык менен шылуунчулуктун (мошенничество) бардык түрү гүлдөп, өскөн;
- жарандардын негизги массасынын жашоо сапаты менен жыргалчылыктары абдан төмөндөгөн;
- коррупция мурда болуп көрбөгөндөй тамырлап, коом анын курмандыгына айланган.

ШААР МАДАНИЯТЫНДАГЫ МАРГИНАЛДУУЛУК ФЕНОМЕНИ. Шаар деп жашоочулары, эреже катары, басымдуу түрдө айыл чарба ишмердүүлүгү менен алектенбеген ири калктуу пункт аталат. Шаардын түзүлүшү шаардык инфраструктура деген аталышка ээ. Шаарлар бири бири менен транспорт каттаган жолдор аркылуу байланышышат. Шаардын ичиндеги жолдор көчөлөр же проспекттер деп аталат. Көчө бойлой имараттар, турак-жайлар жана башка курулуш объекттери жайгашат. Имараттардын комплекси адамдар жашоочу жана ишкер кварталдарга биригишет. Үйлөрдүн айланасында адамдар жүрүүгө ыңгайлаштырылган тротуарлар жайгашкан.

Тарыхый контекстте заманбап шаарлар элеттеги калктуу пункттардан төмөнкүдөй 10 негизги белгиси менен айырмаланышат: 1) усталар, уздар өңдүү кол өнөрчүлөрдүн өнөрканалары, 2) сооданын белгилери (ташылып келинген товарлар, акчалар), 3) административдик башкаруунун белгилери (айтсак, мөөрлөр), 4) аскердик курал-жарак буюм-тайымдары, 5) ар кандай чептер, 6) ташка чегилген объекттердин болушу), 7) турмуш-тиричиликке колдонулчу кымбат баалуу инженердик жана техникалык буюм-тайымдар, 8) кооздук элементтери, 9) шаардык архитектура, 10) калктын саны.

**ШААРДАГЫ ИМАРАТТАР МЕНЕН КУРУЛУШ ОБЪЕКТИЛЕРИНИН ТИПТЕРИ**

| ӨНӨР ЖАЙ КУРУЛУШТАРЫ | ТУРАК ҮЙЛӨР ЖАНА КАЛКТЫ ТЕЙЛӨӨ | ТАМАКТАНУУ ЖАЙЛАРЫ | ЭС АЛУУ ЖАЙЛАРЫ | КООМДУК ЖАЙЛАР |
|---|---|---|---|---|
| заводдор | | кафе | Парктар | административдик имараттар |
| фабрикалар | үйлөр | ресторан | кинотеатрлар | билим берүү мекемелери |
| порттор | мейманканалар | бар | Музейлер | Поликлиникалар |

складдар дүкөндөр ашкана дискотекалар Ооруканалар
өнөрканалар спорттук жайлар Офистер

Заманбап Кыргызстандагы шаарлар Кокон хандыгынын чептери катары калыптанып, падышалык Орусия жана СССР мамлекеттери учурунда калыптанып жана өнүгүшкөн. Белгилүү болгондой, падышалык Орусия менен СССР мезгилинде активдүү жүргүзүлгөн орусташтыруу процесси көчмөн кыргыздарды отурукташтырса да, аларды шаарларга жакын жолотпой, жашоо-тиричилик кечирүүгө анча ыңгайлуу болуп саналбаган тоолорго сүрүп салган.

Совет мезгилиндеги шаар менен айыл-кыштакта жашаган кандаштары тууралуу түшүнүмдөр менен байланышкан стереотиптер дүйнөлүк адабияттын классиги Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестиндеги токойчу Орозкул менен «Кылым карытаар бир күн» романындагы Эдигейдин шаар менен шаардыктар тууралуу пикирлери төмөнкүчө чагылдырылган [Айтматов Ч., 2008. 3-том. 25-, 36-, 79-,82-, 87-беттер]:

**ШААР ЖАНА ШААРДЫКТАР ТУУРАЛУУ КЫРГЫЗДАРДЫН СТЕРЕОТИПТЕРИ**

| ***Орозкул*** | ***Эдигей*** |
| --- | --- |
| Чыныгы мугалимдер шаарда. Алардын мектеби да жарашкан, жалаң эле айнектен салгандай. Мугалимдеринин тагынганы галстук. Шаар ошонусу менен шаар да… Аерде чоңдор иштейт, машине менен зуулдап көчөдөн чоңдор өтүп турат. Машинелеричи! Капкара болуп күнгө жалтылдап, үнү угулбай жаныңдан жыбылжып өтүп баратса, алдыңкы орунда керилип чоң отуруп баратса, дене боюң дүр этет, зыңкыя катып тура калгың келет. Шаардын эли аны да байкабайт, өз бет алдынча уйгу-туйгу шашып баратканы. Жашоо деп мына ошо шаардагы жашоону айт! Ошоякка жылып, ошерге орноп калсаң. Шаарда кызматыңды, чоңдугуңду сыйлоону билишет. Урматтай турган ишпи, ошол иштеги кишини урматтагын. Кызматың канча чоң болсо, сага келген урмат да ошончолук бийик. Маданияттуу эл да Ал «Орозкул Балажанович, кирүүгө можина? – дегизип жалдыраткандыы», «…микрофонун тумшугуна кармап, соорусун чайпап ырдаган сулуу артис келиндердин бирин алсам», «уулумду прокурор окуусуна киргизип, кызымы рояль чалар өнөрүн үйрөтөт элем», «балдарың: «Папочка, мамочкалап» турушса» деген кыялдарга чөмүлүп, «кымыз менен аракты кана ичип, этти тое жеп», «крым өтүгүн (хром өтүгүн) жылтыратып, үзөңгүнү чирене тээп, ээрде үргүлөп, шыйрагына киши теңебей», «карыган макоонун төбөсүн түшүрө коем!» - деп зызырынып, кайын атасын «улуу экен деп сыйлап койбойт». | Сабитжандын билбеген балээси жок. Баарын билген мартабалуу киши болуп көрүнсөм дегенде уктай албайт бечара. Турган жери областтын борбору болсо. Киши болсун деп окуткан бала ушул ээ? Ээ, несин айтасың, келжирбай чыкты да… Билбеген балээси, укпаган укмушу жок, бирок өзүнө жукканы жок. Интернатка жаткырып окутту, институтка бактырып окутту, эмнени үйрөнүп чыкканын ким билсин, бирок, кишилиги жок чыкты. Мактанганын айтпа, ичкиликтен тартынбайт, тост айта келгенде алдына киши чыгарбайт, а бирок, ишинин мазеси жок… Жок, атасын тартпай калды бул уул … О шордуу башы! Мына эми атасынан айрылып отурат… Анан жаш токтоду. Сөзгө өтүштү, ишке өтүштү. Баарын билген уулу, көрсө, атасын кадырлап көмүүгө эмес, эптеп парздан кутулушка эле келген тура, - мунусу сөздөн улам байкалды. Көмө коюп эле кайра кетиши керек экен… маанилүү иштери калыптыр, убактысы тар экен, чоңдору болсо, албетте, чоң да, бул элдин көрүстөнү алыс-жакыны менен иши жок, Балан күнү түкүн саатта иште болосуң дешкен, ошого жетишип калыш керек экен. Чоң деген чоң, шаар деген шаар да… |

Постсоветтик мезгилдеги социалдык өзгөрүүлөр Кыргызстандагы шаар калкы менен шаар маданиятына зор таасир этип, мурдагыдан да ашып түшкөн бир кыйла жаңы маданий неотиптерди жараткан. Дегеле

постсоветтик мезгил менен ааламдашуунун шарттарындагы Кыргызстан үчүн маргиналдуу образдарды жараткан “ички мигрант” жана “жаңы конуштар” деген түшүнүктөр кандай жаңы феномендердин пайда болушун шартташкан?

Индустриалдык доордун келиши менен комфортабелдүү турак-жайларда жашоону жана жогорку маянаны каалаган элет тургундарынын көчүп келүүсүнө байланыштуу шаар калкы укмуштуудай тездик менен өсө баштаган. XIX кылымда өнөр жай шаарлары массалык түрдө өссө да, XX кылымды урбанизация кылымы деп аташат. Айтсак, 1900-жылы шаарларда жер планетасынын калкынын 13 %ы жашаса, 2000-жылы бул көрсөткүч 47 %ды түзгөн. Бүгүнкү күндө шаарларда дүйнөнүн дээрлик жарым калкы жашайт. Кыргызстандын калкы 4984,4 миң (2003-жыл), анын ичинде түпкү калкы - кыргыздар 3128 миң (1999-жылкы эл каттоонун маалыматы боюнча). Кыргызстандын бардык калкынын ичинен шаардык тургундар 1729,9 миң (же 35%ы), элет калкы 3254,5 миң (65%ы) [Барaталиев Ө., 2004. – С. 7].

Экономикалык оор кырдаалдын натыйжасында 1990-жылдардын ортосунда өлкөнүн ар кыл чөлкөмдөрү менен аймактарынан элеттик калк Кыргызстандын борбор шаары болгон Бишкек калаасы менен бышыкчылыктуу, өнөр жайлуу, прогрессивдүү деп табылган Чүй өрөөнүнө карай жумуш табуу максатында массалык түрдө жер которо баштоосуна байланышкан ички миграция менен коштолуп, бир катар курчуп кеткен. 1989-жылы Бишкектин айланасында мигранттар тарабынан кырк сегиз жаңы конуш пайда болгон. Статистиканын маалыматтары боюнча жаңы конуштардагы 45000 жер үлүшүндө Бишкектин жалпы калкынын 15%ын түзгөн 173000 адам жашайт.

Жаңы конуштардын көпчүлүгүндө салттуу түрдө шаардык инфраструктурага эле эмес, дегеле базалык социалдык кызмат көрсөтүүлөр менен жалпы эле шаар үчүн зарыл деп табылган инфраструктурага да ээ эмес. Ааламдашуунун заманбап шарттарында мындай территорияларга Бишкек шаарындагы калктын жашоо деңгээли өтө төмөн, жумушсуздук

деңгээли өтө жогору, миграциялык келим менен кетим абдан көп аймак болуп саналган жаңы конуштары кирет деп ишенимдүү айта алабыз. 1990-жылдардын аягында өз апогеясына жеткен урбанизациянын темптери ошол кезде да, азыр да мынчалык көп сандагы ички мигранттарды шаардын шарттарына адекваттуу маанайда адаптациялай албай келет. Мамлекеттин борбор шаарынын аймагында орун алса да эч кандай өнүктүрүлбөгөн инфраструктуранын, антисанитариянын, жашоо-тиричилик үчүн зарыл болуп саналган элементардык шарттардын жоктугунун натыйжасында Бишкектин жаңы конуштары социалдык чыңалуунун очогуна айланып, өтө жогору деңгээлдеги криминалдык активдүүлүккө ээ аймак болуп кеткен.

Мындай жагдай жаңы конуштардагы протест көрсөтүү акциялары менен социалдык жана чөлкөмдөр аралык (региондор аралык) жаңжалдардын болушуна алып келүүдө. Ошентип, постсоветтик коомунда объективдүү себептерден улам туруктуу түрдө социалдык чыңалууда болуп турган социалдык катмарлар бар. Албетте, борбор калаабыздагы жаңы конуштардын бардыгы эле ушундай кесепеттер менен натыйжаларга ээ деген натуура болоор. Жаңы конуштар, ири алдыда, алган орду боюнча бири биринен айырмаланышат. Айтсак, Бишкектин түштүк бөлүгүндө жайгашкан жаңы конуштарда курулуштардын сырткы көрүнүшү эле айгинелеп тургандай, кирешеси бир кыйла жогору калк жашайт (алардын көпчүлүгү бизнес кылышат, же базарларда соода менен алек) [Салморбекова Р. Б., Исраилова Н. А., 2010. – 72 с.]. Бүгүнкү күндө жер үлүштөрү жакшы бизнеске айланып, жакшы делген жаңы конушта жер үлүшүнүн баасы 60 миң АКШ долларын түзөт.

Жаңы конуштарда орусча сүйлөй албаган, өмүрү театрга барбаган, көчөлөрдө түкүрүнгөн, заманбап цивилизациядан абдан алыс элеттиктер жашайт деген стереотип калыптанган. Постсоветтик Кыргызстанда социалдык чыңалуунун күндөн күнгө өсүүсүнүн өзөктүү себеби болуп саясат жана экономика чөйрөсүндөгү кризис эсептелет. Коомдук турмушта бул кризис жумушсуздук, жашоо минимумунан өтө төмөн кирешеге ээ калктын

көбөйүшү түрүндө көрүнүп, калктын басымдуу көп бөлүгүнүн маргинализациясына, жашоо образынын, сапатынын жана стилинин, бүтүндөй бир катмарлардын социалдык баалуулуктар шкаласынын өзгөрүүсүнө, калктын ар кыл топторунун ортосундагы ажырымдын күчөшүнө алып келген. Ошондой болсо да, жаңы конуштарда жогорку жана атайы орто билимге ээ тургундар да бар.

Постсоветтик 20 жыл ичиндеги социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр кыргыз бийлиги социалдык жактан компетенттүү эмес экендигин карапайым калкка айтпаса да түшүнүктүү абалга жеткирген. Түзүлгөн жагдайга карата канааттанбагандык, бийликтин бардык тепкичтерине ишенбестик “өлбө, жаным, өлбө” деген принцип боюнча эптеп эле күн кечирүү аракетин көргөн жашоо-турмушунан тажаган калк тарабынын ар кыл формада көрүнүүдө. Бир жагынан, калктын басымдуу көпчүлүгү коомдук турмушка кол шилтеп (игнорирование общественной жизни), болуп жаткан окуяларга кайдыгер (апатия) мамлесин жасап калса, экинчи жагынан, агрессивдүүлүк, паника, протест көрсөтүү жана митинг өткөрүү активдүүлүгү күчөсө, үчүнчү жактан калктын айрым катмарында мистикага, паранормалдуу кубулуштарга, кереметке үмүт артууга болгон ынтызарлык пайда болду. Ошол себептен, жаңы конуштар кыргыз революциясынын бешиги болуп саналат деген пикир да бар. Чындыгында эле жаңы конуштар ар кыл мүнөздөгү революциялардан соң жаралганы – тарыхый факт. Бирок, 2005- жана 2010-жылдарда Кыргызстанда болуп өткөн революцияларга жаңы конуштардын гана эмес, Бишкектин жергиликтүү тургундары, ар кайсы чөлкөмдөрдүн айыл-кыштактары менен шаарларынан келген калк да активдүү катышкан. Албетте, жаңы конуштардын тургундары ар кыл митингдер менен наразычылык акцияларын өткөрүп келишет. Бирок, алардын мындай иш-аракеттери саясий мүнөзгө ээ эмес. Алар болгону эле мектеп куруп берүү, жолдорду оңдоо, транспорт жүргүзүү, электр менен камсыз кылуу сыяктуу социалдык чөйрөдөгү көйгөйлөрдү чечип берүүнү талап кылышат.

Жогоруда айтылгандан шаардыктарда жаңы конуштар шаардын бюджетиндеги акчаны өздөрүнө тартып кетип жатат деген нааразы пикирлер да жаралууда. Шаардын бюджети менен жаңы конуштардын бюджети жалпы болгондуктан, бул чындык. Бирок, көпчүлүк учурларда жаңы конуштар электроэнергиясын өткөрүү үчүн карагайларды өздөрү орнотуп, өз проблемаларын өздөрү чечүүгө аракет кылып келишет.

Жер басып алуу, жаңы конуштардын пайда болушу сыяктуу иш-аракеттер болгону менен изилденип жаткан мезгилдин алгачкы 15 жылында мамлекет тарабынан калкты турак-жай менен камсыз кылуу, же өздүк турак-жай салуу үчүн кандайдыр бир шарттарды түзүү багытындагы иш-аракеттер дээрлик көрүлгөн эмес деп айтууга толук негиз бар. Ошол себептен, мамлекет тарабынан материалдык да, моралдык да жактан колдоого ээ болбогон, финансылык мүмкүнчүлүктөрү өтө чектелген кыргыз улутундагы жаштар жаңы конуштарга кичи «тарыхый мекенинен» ала келген курулуш салттарына, ыкмаларына таянуу менен туруктуу (стационардуу) турай жайдан мурда эл арасында «времянка» деп аталган орусча вариантында таралып кеткен убактылуу турак-жайларды өз күчтөрү менен же жалданып иштеген, өздөрү сымал элеттен шаарга жумуш издеп келген усталарга курдура башташкан. Ошол себептен, жаңы конуштар эч качан шаардын бир бөлүгү боло албайт деген көз караштар да кездешет. Бирок, турмуштук тажрыйба көрсөткөндөй, жаңы конуштардын жаш курагы өйдөлөгөн сайын алардын инфраструктурасы да жакшырып, акырындык менен мындай маргиналдуу райондор шаардын органикалык бир бөлүгүнө айлана алышмакчы.

МАРГИНАЛ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ. Илимий адабиятта интеллигéнция термини төмөнкүдөй эки мааниде колдонулат:

- сөздүн функционалдык (баштапкы) маанисинде латындын intellego, lexi, lectum, ere (сезүү, туюу, кабыл алуу, таанып билүү, ойлоо, ойлонуу, билүү, ажырата билүү) сөздөрү ойлом ишмердигинин кеңири спектрин туюндурган;

- социалдык мааниде бул термин XIX кылымдын ортосунда, же экинчи жарымында ойломдун сын көз карашка ээ тиби, рефлексиянын жогорку даражасы, билимдер менен тажрыйбаны систематизациялоо жөндөмү мүнөздүү болгон адамдардын коомдук табына карата пайдаланыла баштаган.

Көпчүлүк сөздүктөрдө интеллигенция «акыл эмгеги менен адискөй (профессионалдуу) алектенген адамдардын» тобун туюндурат.

Интеллигенцияны жогору баалаган падышалык Орусия менен СССР мамлекетинен айырмаланып, дүйнөнүн көпчүлүк тилдеринде «интеллигенция» термини абдан сейрек колдонулат. Батышта «интеллектуалдар» (intellectuals) термини абдан популярдуу болуп саналат. «Интеллектуалдар» деп «бийик идеалдарга» абдан умтулбаса да, интеллектуалдык (акыл) эмгеги менен адискөй (профессионалдуу) алектенген адамдарды аташат. Мындай топту айырмалоонун негизи болуп жумушчулар ортосундагы коомдук эмгектин акыл жана күч эмгегине бөлүнүшү саналат.

Интеллигенттердин ишмердүүлүк спектри абдан кеңири. Заманбап социолог Галина Силластенин версиясы боюнча XX кылымдын аягындагы орусиялык интеллигенция төмөнкүдөй үч стратка (латынчадан «stratum» - катмарча) ажырап кеткен [Караңыз: Силласте Г. Г., 2009]:

- «бийик интеллигенция» - илимди, техниканы, маданиятты, гуманитардык илимдерди өнүктүргөн чыгармачыл адистиктеги адамдар. Мындай катмарчанын басымдуу көп бөлүгү социалдык жана руханий чөйрөлөрдө эмгектенсе, аз бөлүгү өнөр жайында кызмат кылышат (техникалык интеллигенция);
- «массалык интеллигенция» - врачтар, мугалимдер, инженерлер, журналисттер, конструкторлор, технологдор, агрономдор ж.б. адистер. Аталган катмарчанын көпчүлүгү социалдык чөйрөнүн (саламаттыкты сактоо, билим берүү), 40 %га чейинкиси өнөр жайынын, калгандары айыл чарбасынын же сооданын өкүлдөрү болуп саналышат.

- «жарым-жартылай интеллигенция» - техниктер, фельдшерлер, медициналык айымдар, ассистенттер, референттер, лаборанттар.

Советтик мезгилде кыргыз этносуна таандык адамдар да интеллигенциянын өкүлдөрү боло баштаган. Өзгөчө суктанууну, талпынууну жараткан Ч. Айтматов, И. Ахунбаев, Б. Бейшеналиева, С. Ибраимов, М. Рыскулов, Т. Сыдыкбеков, К. Тыныстанов, С. Чокморов өңдүү нукура жана бийик интеллигенциянын өкүлдөрү менен кыргыз эли чын дилден сыймыктанат.

Илимий адабиятта «люмпен-интеллигенция» деп аталган кызыктуу термин кездешет. Ааламдашуу шартында кыргыздардын арасында таасын байкалган жана аны катмарча, же тап катары аныктоого мүмкүндүк берген төмөнкүдөй бир катар белгилерди айырмалап көрсөтүүгө болот:

1. «Люмпен-интеллигенция» өзүнүн турмуштук тажрыйбасын жалпы эле жашоо-тиричилик тууралуу баардык билимдердин жыйындысы деп билет. Ал өз көз карашын өжөрлүк менен, кара күчкө салып жактоого умтулат да, «люмпен-интеллигенциянын» өкүлдөрү талаш-тартыш учурунда адамдын ишине эмес, инсандыгына орой формада асылганды артык көрүшөт. Жалпы жонунан, «люмпен-интеллигенциянын» өкүлдөрү күнүмдүк турмуш-тиричиликте да, классикалык чыгармалардын көркөм деңгээлин талкуулоого чейин кездешкен майда-барат иштер менен байланышкан болоор-болбос талаш-тартыштарга жакын келишет[19].

---

[19] Айтсак, 2002-жылы ата мекендик жаш авторлор «Философиянын тарыхы. Биринчи китеп. Байыркы философия» жана «Философиянын тарыхы. Экинчи китеп. Орто кылым жана Кайра жаралуу доорундагы философия» деген аталыштагы 2 китепти даярдап, философияны кыргыз тилине сүйлөтүүгө аракеттерди кыла башташкан. Тилекке каршы, китептер жарыкка чыккандан соң айрым аттуу-баштуу делген эже-агайлар тарабынан китептин дареги менен мазмунун чыгармачыл маанайдагы позитивдүү, сергек сындоо эмес, авторлордун инсандыгына асылган, алардын демин басууга, кайратын майтарууга, аракетине бөгөт коюуга көбүрөөк багытталган «бешиктен белиңер чыкпай жатып, эмне китеп жазасыңар?», «эмне үчүн китептин автору катары өзүңөрдүн фамилияңарды жаздыңар? Бул деген плагиатчылык, анткени, философиянын тарыхы боюнча окуу китеби авторго ээ болууга тийиш эмес», «мен деген профессормун, жашым 50дөн өтсө да философиянын тарыхын жазууга дитим барбайт. Дегеле тоодон түшө калып, булардын дымагын кара…», «Ыраматылык Табылды Абдылдаевич жазбаган кыргызча китепти жазгыдай силер ким болуп калыпсыңар? Даже мен мындай китеп жаза албайм. Бир, эки китепти которумуш болуп, автор боло калганыңарга жол болсун… 50-60 жашка чыкканга чейин күтө турсаңар эмне болмок эле?.. Кийин дагы китеп жазсаңар, силердин ишиңер тийиштүү жерлер менен сотто каралып, окумуштуулук даражаңар менен наамдарыңардан айрылып, канатыңар кайрылып, эч жерде иштебей калышыңар толук мүмкүн» ж.б. коркутуп-үркүтүүлөр менен асылуулар күч алып, жаш авторлордун философияны кыргызчалатууга, философия боюнча кыргызча окуу куралдарын жазууга болгон «дымагы» өчүп, «плагиатчыл ишмердүүлүгү» токтоп, социалдык-экономикалык жана коомдук-тарыхый жагдайдын

2. «Люмпен-интеллигенциянын» өкүлдөрүнүн сырткы кебете-кешпири, эреже катары, анча жагымдуу болбосо да, алар өздөрү тууралуу абдан жогорку пикирде болушат[20].

3. «Люмпен-интеллигенциянын» өкүлдөрү бат эле топтошо калууга жөндөмдүү келишет. Дал ушул ыкманын жардамы аркасында алар төбөсү көрүнүп келе жаткан белдүү, таланттуу инсандарды “жеткени жети муштап, жетпегени эки муштап”, аны “өз ордуна” коюп коюу аракетин кылышат.

4. «Люмпен-интеллигенциянын» өкүлдөрү материалдык жашоо-тиричилик жана жашоо сапатын жогорулатуу (б.а. кара курсак менен кызыл кекиртектин муктаждыктары) менен байланышпаган салттуу баалуулуктарды демонстративдүү жерүүнү, четке кагууну жактырышат. Алар өз пикири жалпынын пикирине көз каранды эмес экенин баса белгилеп, өткөн тарых менен баалуулуктарга түкүрүп коюшат. Айтсак, «мен «Манас» эпосун түшүнбөйм, аны жаман көрөм. Мага исламдын эле постулаттары жагат», же «да ну, эти кыргызские традиции. Кыргызстан – примитивная страна, а я продвинутый, прозападный, суперсовременный молодой человек». Айрым учурда алар кимдир-бирөө же кандайдыр бир нерсе тууралуу асты-артын ойлонбостон туруп эле, оозу менен орок оргонду да жактырышат.

5. Эреже катары, «люмпен-интеллигенциянын» өкүлдөрү жогорку билимге ээ. Бирок, алар чанда гана мыкты адис катары айырмаланышат да, кесибин, адистигин, пикирлерин тез эле өзгөртүп турушат. Мындай жагдайда орус тилдүү илимий адабият заманбап реалдуулукту чагылдыруу үчүн эскирип калды дегенине карабастан, А. Солженицындын «образованщина» (“билимдүүсүнүү”) деген аныктамасын таамай айтылган деп билебиз. Ошол себептен алар иш же жумуш тууралуу ойлонууга патологиялуу түрдө

---

өзгөчөлүгүнө байланыштуу оорулуу коомдо жашап жатканыбызды практика жүзүндө көрүп, билген // Караңыз: Аалиева Г. К., Аалиева Н. К., Аалиева Ш. К., 2008. – 409-410-беттер.

[20] Мисалы, жогоруда жаш авторлорго каршы чыккан “интеллигенттердин” бири кыргыз тилин билбейт, ал «тоодон түшө калган айылдыктардан» айырмаланып, орусча окуп, шаарда чоңойгон «киргизка», ал эми экинчиси кыргыз тилинен сырткары бир катар тилдерди мыкты билгенине таянып, байыркы индустардын «Бхагавад-Гитасы» менен Платондун чыгармаларынан бөлөк окумуштуулардын эмгектерин, философия боюнча жазылган баардык окуу китептерин «вода», өзүн «национальное достояние Кыргызстана» деп атап, ар кыл тарыхый доорлордун, мамлекеттердин илимий коомчулугу тарабынан академик, профессор катар таанылган башка философторду теңине албай калган // Караңыз: Аалиева Г. К., Аалиева Н. К., Аалиева Ш. К., 2008. – 409-410-беттер.

жөндөмсүз болгон майда кызматчылар (клерктер), экинчи разряддагы инженерлер, орто заар окумуштуулар, кокусунан чыга калган журналисттер болуп саналышат. Жумуш учурунда алар тынымсыз эле чай ичип, кызматташтардын жеке турмушун талкуулап, job security түрүндөгү ушак-айыңдарды түзүшөт[21].

6. Люмпен интеллигенттердин арасында бизнесмендер да болот. Бирок, алардын бизнеси кокусунан жаралган ийгиликтин, уурдалып алынган идеялардын жана баардыгына асыла берүүнүн натыйжасында жаралат да, мындай бизнес майда ажааткана кооперативдеринин чегинен чыкпайт. Тилекке каршы, кичинекей болсо да бийлигине, беделине, акчасына манчыркап, башкаларды көзгө илбей, киши катарына кошпой, тоотпой калган адамдардын оюна келген жосунсуз жорук-жосундарды жасоосуна көмөк берип, аргасы кеткен эл аларга «оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн», - деп пассивдүү макул болуусуна алып келген дал ушундай адамдар жогору карай укмуштуудай тездик менен карьера жасап, жашоосун тыңдап алышканы абдан кызык.

ДИНИЙ МАРГИНАЛИЗМ. Узак мезгилдер бою жалпы Борбор Азия сыяктуу эле Кыргызстан православдык (кийин коммунисттик) метрополия менен мусулмандык жамаатка ажырап, ал эми христиандар менен мусулмандар расалык жана маданий белгилери боюнча бири биринен кескин бөтөнчөлөнүп келген. Орусташтыруу саясатынын негизинде жаңы советтик адамды жаратууга болгон эбегейсиз зор иш-аракеттердин болгондугуна карабастан, Борбор Азиянын баардык шаарларындагы каалагандай көрүстөндөр советтик коомдун христиан-славяндар (европалыктар) менен жергиликтүү мусулмандарга туруктуу түрдө ажырап келгендигинин унчукпас, үн катпас күбөсү болуп саналат.

[21] Айтсак, изилдөөчүлөр “кыргыз элине гана мүнөздүү болгон тойдон кийин «шыбагасын» баштыкка салып, балдарына алып кетүү салттуу түрдө аялдарга гана таандык делип, билимдүү, окумуштуу, интеллигент эркек үчүн бул нысапсыздык, одонолук, наадандык катары кабыл алынса да, мындай люмпен интеллигент “мырзалардын” аялдардан озунуп, эки жагын карабай, баштыгын толтургуча шашкан жосуунун мурда-кийин эч нерсе көрбөгөн, тоюнбаган, жетинбеген жетим баланын синдрому (синдром «голодного детства») менен байланыштырсак туура болот сыяктуу”, - деп жазышат // Караңыз: Аалиева Г. К., 2013. – 354-бет.

1991-жылдан тартып Кыргызстандын суверенизациясы менен өлкөнүн демократизация жана рынок экономикасына карай болгон ориентациясы мурдагы доорлорго салыштырмалуу тап-такыр башка мүнөздөгү диний жагдайды жараткан. 1993-жылга чейин Кыргызстан мусулмандары өздүк муфтиатка ээ болбой, Ташкент шаарындагы Мавераннахр Руханий башкармалыгына баш ийип келген. Кыргызстандагы Епархия, б.а. Орус православдуу чиркөөсү Москвадагы борборго (Москва жана Бүткүл Русь Патриархына) баш ийүүсүн уланта берсе, республиканын муфтиаты акырындык менен өз алдынчалуулукка жетише баштаган эле.

Кыргызстандын жалпы калкынын 80 %дан ашыгын кыргыздар, өзбектер, татарлар, тажиктер, казактар, уйгурлар, дунгандар өңдүү мусулман элдери түзөт. Орустардын массалык түрдө кетүүсү менен тажикистандык качкындардын келүүсүнө, о.э. мусулман элдерине мүнөздүү болгон төрөлүүнүн жогорку деңгээлдерине байланыштуу жакынкы келечекте Кыргызстанда мусулмандардын саны өсүүнүн гана үстүндө болот деп ишенимдүү боолголоого болот. Анын үстүнө, конфессионалдык өңүттө Кыргызстандын аймагында ар кыл мүнөздөмөлөргө жана өнүгүү траекторияларына ээ үч зонаны айырмалоого болот.

Биринчи топко Бишкек шаары менен ага канатташ жаткан Чүй облусун киргизүүгө болот. Расмий булактар боюнча борбор калаада кыргыздардын саны жалпы калктын санынын 33 %ын түзгөн азчылыкка кирсе, орустар менен украиндер (эреже катары, алардын басымдуу көпчүлүгү православ динин өкүлдөрү) калктын 54 %ын берген көпчүлүктү түзөт. Ушундай эле жагдай Чүй облусунда да байкалат. Бул жерде православ дининин өкүлдөрү кыргыздар, казактар, татарлар, өзбектер өңдүү мусулмандардын санына дээрлик барабар. Демек, Бишкек шаары менен Чүй өрөөнүндө православ чиркөөсүнүн позициясы абдан күчтүү болуп, диний плюрализмдин элементтери ачык байкалат.

Экинчи зона катары калкынын дээрлик көпчүлүгүн кыргыздар (Нарын облусунда 98%, Талас облусунда 87%, Ысык-Көл облусунда 77%) түзгөн

республиканын түндүк райондорун атоого болот. Бул зонада, негизинен, шаманизм жана жергиликтүү культ менен тыгыз жуурулушуп кеткен элдик ислам абдан популярдуу болуп саналат. Ошол эле учурда, постсоветттик мезгил аралыгында олуттуу каршылыктарга дуушарланбастан эле кыргыздардын арасынан жаңы прозелиттерди (жактоочуларды, артынан ээрчичүүлөрдү) өзүнө активдүү тарткан протестанттык миссиялар кеңири жайылууда.

Үчүнчү зона болуп саналган Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарында жашаган өзбөктөр менен кыргыздарга салыштырмалуу мусулман эмес элдердин саны жалпы калктын өтө минималдуу үлүшүн, б.а. 3-4 %ын гана түзөт. Дал ушул зонада Борбор Азиядагы табынуучулар үчүн байыртан эле тарыхый түрдө ыйык деп эсептелген Ош, Жалал-Абад, Өзген, Сафид Булент, Эски-Ноокат өңдүү өтө активдүү мусулман борборлору орун алган. Бүгүнкү күндө Ошто эле 46 мечит иштейт. Эгерде Октябрь революциясына чейин Ош шаарында 154 мечит жана 7 медресе иштегендигин эске алсак, албетте, 46 мечит бир кыйла эле аз.

Жалпы жонунан, постсоветтик Борбор Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандагы мусулмандык "жарылуу" сыртынан мечиттер менен медреселердин, о.э. Меккеге ажылык кылып келген адамдардын санынын өсүшү менен мүнөздөлөт. Айтсак, совет мезгилинин акыркы жылдарында Кыргызстандын түштүгүндө бир нече эле мечит боло турган болсо, азыр алардын саны 2000 ден ашты. Жыл сайын Кыргызстандан болжол менен 3000 дей адам Сауд Аравиясына ажылык сапарын жасашат. Диний маанайдагы өзгөрүүлөр өзгөчө элет жеринде таасын байкалат. Ар бир айыл-кыштак өзүнө гана таандык мечитке ээ болгусу келсе, мурдагы коммунисттер менен партиялык актив өзүнүн кадыр-барктуу жана беделдүү ордун диний салаваты менен айырмаланып, ажыга барып келген адамдарга бошотуп берген. Университеттерде илимий атеизм сабагы окутулбай калганына карабастан, кыргызстандык жаштар дүйнөлүк диндер, алардын ичинде ислам тууралуу

маалыматсыз калуусу ааламдашуу доорундагы парадокстордун бири болуп саналат.

Белгилүү болгондой, тарыхчылардын маалыматы боюнча кыргыздар ислам динин XVI кылымда кабыл алышкан. Дал ошол учурда ордосу Барскоондо жайгашкан түндүк кыргыздарынын «оң канат» деп аталган уруулук федерациясынын башчысы Тагай-бий кыргыздардын «оң» жана «сол» канаттарын бир элге баш ийдирүү максатында исламды кабыл алган. Бирок, өз маданиятынын, каада-салтынын, үрп-адатынын чоң патриоту катары Тагай-бий исламды бүт бойдон эмес, анын оң жактарын гана кабыл алган. Ислам аркылуу кыргыз элинин башын бириктирүүнү ниет кылгандыгы үчүн ал Мухаммед-кыргыз деген атка конгон.

Кыргыздарды исламдаштыруу узак мезгилге созулса да (XVI-XIX кылымдар), алар, өзгөчө, түндүктөгү салттуу кыргыздар, бүгүнкү күнгө чейин “чыныгы” мусулманга айлана алышкан жок. Ислам төмөнкү жагдайларга байланыштуу салттуу кыргыздардын арасына орноп калган:

- исламдын оң элементтери кыргыздардын байыркы ишенимдери менен этикалык нормаларына каршы келген эмес;
- кыргыздар менен арабдар өндүрүш ыкмасында, жашоо образында, тиричилигинде жана моралында көп жалпылыктарга ээ болгон;
- кыргыздардын арасында ислам бутпарастык маанайдагы элдик каада-салт жана ишенимдер менен жуурулуштуруп кетип, элдик ислам деген феномендин жаралышын шарттаган.

Айрым мусулмандар арасындагы исламдын көп түрдүүлүгүн четке кагып, анын кандайдыр бир версиясын гана абсолюттуу түрдө туура деген тенденциясы этникалык чыңалууну тереңдетип жибериши менен кооптуу болуп саналат. "Жакшы" жана "анча жакшы эмес" мусулмандардын ортосундагы карама каршылык 1990-жылдагы Ош коогалаңында таасын байкалганы баарыбыздын эсибизде.

Көчмөн кыргыздарга караганда өзбектер бир кыйла мусулмандашкан деген тарыхый логика ислам динин туткан этностор ортосундагы диний

ажырымга дал келет. Мусульманизацияны тереңдетүүнүн жаңы процесстеринде реисламизация демилгесин көтөрүп чыккан республиканын түштүгүндө жашаган өзбөк калкы маанилүү ролду ойнойт. Анын үстүнө, анча олуттуу эмес маданий өзгөчөлүктөргө негизделген өзбектердин, кыргыздардын, уйгурлардын, дунгандардын мечити деп аталган этникалык мечиттердин пайда болуу тенденциясы да этникалык жалпылыкка эмес, диний жалпылыкка баш ийдирүүнү көздөгөн ислам динине каршы келген диний маргиналдуулуктун көрүнүшү болуп саналат. Мындай топчолордун өтө активдүү лидерлери 1997-жылы " Мусулмандардын укугун коргоо Комитети" менен анын бүткүл республиканын ар кайсы булуң-бурчтарында жайгашкан филиалдарын ачкан. Мисалы, калкынын 95 %ы мусулман болуп саналган Жалал-Абад облусунда эле кыргыздардыкы (67%) жана өзбектердики (25%) деп аталган эки чоң мусулмандык топ бар. Этникалык белгиси боюнча бири биринен кескин айырмаланган мечиттер менен медреселердин дүркүрөп өсүшү бирине бири кайнаса каны кошулбаган ар кыл этностордун башын бириктирген жаңы протестанттык уюмдар менен кескин контрастты түзүп турат.

Күнүмдүк турмушта жаңы улуттук-диний симбиоз катары постсоветтик Борбор Азияда, айрыкча, Тажикистанда дүркүрөп өсүп жаткан "Ваххабизм" кыймылын атап жүрүшөт. Ошол эле мезгилде рынок менен атаандаштыктын шарттарында мусулман лидерлеринин айрым топтору өзүнүн диний атаандаштарын жаман аттуу кылуу максатында "ваххабисттер" деген жаңы аталышты колдонууну ылайык көрүшөт. Айрым топтор чыныгы ислам эмес, Кыргызстандын табигый ресурстарына көз артып, анын элин илимий маанайда сабатсыз, бирок, диний өңүттө агрессивдүү фанатка айландыруу ниетин көздөгөн айрым араб мамлекеттеринин геосаясий стратегиясынын бир бөлүгү болуп саналып, миллиондогон акча каражаттарын талап кылган мечиттер менен медреселерди активдүү курууну жактоодон сырткары, көпчүлүк каада-салт менен үрп-адатты жөнөкөйлөштүрүү, арзандатуу иш-аракетине чакырышат. Эреже катары,

кыргыздын канына сиңген элдик ислам боюнча той өткөрүү же сөөк коюу салтына караманча каршы чыккан мындай топтордун өкүлдөрү салттуу кыргыздардын кыжырын келтирген маанайда, б.а. арабча-өзбекче интонация аркылдуу киңкилдеп дуба окуп, ата-бабадан мураска калган шым, кыска көйнөк[22] менен ак калпакты ыргытып жиберип, арабдар, пакистандыктар сымал оронуп-чулганып алуу «салтын» кармап, жап-жаш эле жигиттер сакал-мурут коюп[23], жүзүнөн нуру төгүлгөн жакшынакай кыз-келиндер кара кийинип, бети-башын чүмкөп[24] алганы салттуу элдин аларды түшүнбөстүгү менен аларга кыжырлануу, каршы чыгуу түрүндөгү реакциясын пайда кылууда. Ошол себептен, жакынкы келечекте салттуу жана жаңы мусулмандар ортосундагы карама каршылык күчөп олтуруп, этникалык мүнөзгө өтүп кетүү коркунучу бар деп айта алабыз.

Анын үстүнө, нефть үстөмдүгү акырындык менен жокко чыгып, табигый ресурстары дээрлик түгөнүп, келечекте манкуртка, билимсиз фанат сымал тил алчаак жана агрессивдүү куралга айланган башка элдин эсебинен жашоону көздөгөн мусулман өлкөлөрүнөн келген миссионерлер жергиликтүү элдин интерпретациясындагы исламды сактап калуу менен өнүктүрүүгө эч кызыгышпайт. Алар кийинүүдөн тартып, жүрүм-турумга чейинки жана динди түшүнүүдөгү өздүк моделин таңуулоо менен кеңири жайылтууда укмуштуудай активдүүлүк менен марттыкты көрсөтүшүүдө. Элдик исламды жактаган салттуу кыргыз эли үчүн "чоочун" болуп саналган жогоруда сыпатталган исламды импорттоо процесстери жашыруун мүнөзгө ээ жана азырынча кеңири изилденбей келет. Импорттук исламдын таасиринин уламдан улам кеңири жайылып бара жаткандыгын диний имараттар менен

[22] Көчмөндөрдө эркектердин негизги салттуу кийимдери болуп кенен бычылган кыска көйнөк жана шымдар эсептелинет. Р. Рахманалиевдин пикири боюнча, согушчан көчмөн түрк элдери (алардын ичинде кыргыздар) тарабынан ат минүүгө, аттын үстүндө жана жөө жүрүп согушууга ыңгайлуу болгон эркектердин кыска көйнөктөрү менен шымдары ойлонулуп табылган. Тарыхый процесстер менен өз ара алакалашуунун жүрүшүндө эркектери узун көйнөк кийген башка цивилизациялардын өкүлдөрү (гректер, славяндар, перстер ж.б.) чыныгы эркектер кийе турган мындай кийимдин артыкчылыгын жогору баалап, кийин алар эркектердин классикалык кийимине айланган // Караңыз: Рахманалиев Р., 2002.

[23] Салттуу кыргыздарда атасынын көзү өтмөйүнчө уулу сакал-мурут койгон эмес – К. З.

[24] Салттуу кыргызда жесир калган аял гана кара кийип, жүзүндө дефектиси болгон, б.а. мурду бучук, ээрди жырык ж.б. "жышааналуу" кыз-келин гана бетин чүмбөттөп, ургаачы кишинин кара кийинүүсү жамандыктын белгиси катары кабыл алынган – К. З.

мекеме-уюмдардын ашкере өсүүсү, элдик ислам менен импорттук исламды жактаган мусулмандардын ортосундагы талаш-тартыштардын, түшүнбөстүктөрдүн арбын байкалышы, кара кийинип, бети-башын чүмкөп алган кыз-келиндердин көбөйүшү түрүндө көрүүгө болот.

Кыргызстанда өтмө мезгил абдан узакка созулуп кетти. Коомдук-саясий система менен экономикалык базисти трансформациялоо процесстери абдан эле жүүнү бош жана баш аламан маанайда жүрүүдө. Ушундай эле шалаакы көрүнүш өлкөдөгү динди кайра жандандыруу чөйрөсүндө да таасын байкалат.

«Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба!», «адалсынган молдонун үйүнөн алты камандын башы чыгыптыр», «өлүм көп жерде молдо семирет, өлөң көп жерде бодо семирет», - дейт ата-бабадан калган акылман сөз. «Бузулган элге бучуктан молдо», «чала молдо дин бузат» дегендей, Кыргызстандагы диндин аксашы өлкөнүн ислам диний башкармалыгы менен люмпен-интеллигенция деп атоого толук мүмкүн болгон улуттук диний интеллигенциянын 20 жылдан берки камаарабастыгын, заманбап коомдон алыс калышын жана аморфтуулугун атоого болот. 1) Кыргыз элинин эң мыкты каада-салттары менен үрп-адаттары менен коштолуп, мазхабдын ханафийлерине негизделген кыргыздардын элдик исламынын фундаменталдуу баалуулуктарын сактап калуу; 2) этностун, жердешчиликтин, уруучулуктун, жамаатчылдыктын, меркантилдүүлүктүн кызыкчылыктарынан кыйла жогору турган кыргыздардын элдик исламынын бекем биримдигин коргой алган, 3) улуттук диний кызыкчылыктарды өз мойнуна алган улуттук диний интеллигенция төмөнкүдөй жагдайлардан улам өтө эле жайбаракат, баш аламан калыптанууда: биринчиден, алар жүргүзгөн иш-чаралардын басымдуу көпчүлүгү натыйжасыз, экинчиден, алардын айрым кылык-жоруктары, жүрүм-туруму менен кылган иштери кыргыздардын элдик исламына тике же кыйыр түрдө тескери таасир берүүдө.

Анын үстүнө, Кыргызстандагы диний иштерге тышкы жана ички факторлор да зор таасир берүүдө. Натыйжада, Кыргызстандагы ислам

башкармалыгында ынтымак жок, башкармачылыктагы дин өкүлдөрү бири бирине карама каршы келген агымдарга ажырап кеткен. Анын натыйжасында, мусулмандардын көз караштарындагы пикир келишпөөчүлүктөр, дин башкармачылыгынын өкүлдөрү тарабынан видеотасмага тартылып алынган муфтийдин акылга сыйбас жоругу сымал интригалар, жаңжалдар элдин кыжырын кайнатып келет. Ислам менен мусулмандардын ыйык делген иш-аракеттерине ыймансыз саясатчылар менен сасык оюндарды ойногон криминалдык күчтөр кийлигише баштап, адалсынган молдолор алар менен табакташ, тамакташ болуп калышкан. Кийинки мезгилде Кыргызстандын ислам башкармалыгында исламды дискредитизациялаган өтө эле ыплас иштер болуп кетти. Акыркы үч жыл ичинде эле коррупция, акча жемей, төрт баланын энеси болгон мыйзамдуу аялы билбеген көңүлдөш менен ыплас формада көңүл ачмай ж.б. жоругу жолдо калган иштерге байланыштыгы бар алты муфтий кызматынан четтетилген. Мындай жагдайларда өлкөнүн мусулмандар жамааты 1) минимум узак мезгилге тап-такыр эле баш-көз болгон жетекчисиз калууда; 2) максимум болсо диний түркөйлүккө, жапайычылыкка, коомду бөлүп-жарууга алып барып, жүргөн-турганы күмөн саноону жараткан даваатчылар менен чала сабаттуу имам, молдолордун үстөмдүгү астында калууда.

Кыргыз протестанттары, же протестант кыргыздар деген кимдер? Кыргыз жергесине Батыш протестантизминин үрөнү падышачылык мезгилде эле себилгени баарыбызга маалым. Баптизм менен евангелизм Борбор Азияга украин, орус жана немец мигранттары менен кошо келген. Эгерде советтик мезгилде Кыргызстанда баптисттер болуп, негизинен, немецтер, орустар, украиндер эсептелсе, алардын кетиши жана чет өлкөлөрдөн келген март жардамдардын келиши менен протестанттар жана Иеговонун күбөлөрү деп аталган протестанттык уюмдар бул диндерге жергиликтүү кыргыздарды да тарта баштаган.

Өтө активдүү миссиялар АКШ менен Түштүк Кореядан келүүдө. Алар Кыргызстан менен Борбор Азиянын өлкөлөрүндө ондогон чиркөөлөрдү

негиздешкен. Мисалы, Эммануил менен Сарандын протестанттык чиркөөлөрү Кыргызстан эле эмес, бүтүндөй Борбор Азия мамлекеттери үчүн келечектеги протестант дин кызматкерлерин даярдаган окуу жайларга, институт менен колледжге ээ.

Протестанттар менен Иегово Күбөлөрүнүн миссиялары жаштар гана эмес, улгайган кыргыздардын арасында да кеңири жайылып бара жатат. Ошентип, постсоветтик Кыргызстанда ислам жана христианство сыяктуу салттуу диндерди туткан мусулмандар менен православдардан башка, расалык жана маданий жактан аралашып кеткен диний топтор пайда болууда. Белгилүү болгондой, совет бийлиги башкача ой жүгүртүүгө тыюу салып келген. Расалык жана маданий жактан аралашкан диний коммуналар менен жаңы диндер көпчүлүк үчүн көнүмүш эмес, "туура эмес" катары кабыл алынган. Ошол себептен, айрымдар дин тандоо эркиндигинде бир кыйла тоскоолдуктарга учураган. Натыйжада, мусулман дининен башка ишенимге өткөн кыргыздар туугандарынын, тааныштарынын же өтүп бара жаткан бейтааныш адамдардын түшүнбөстүгүн, шылдыңын, жекирүүсүн гана жаратпастан, айрым учурда зордук-зомбулукка да кириптер болушууда. Диний негизде жаралган бир топ жаңжалдар болуп келсе да, алардын басымдуу көпчүлүгү сөөктү жерге берүү салты менен байланышкан.

БОМЖДОР МАРГИНАЛДУУ ТОП КАТАРЫ. Орус тилинде бомж [Ефремова Т. Архивировано из первоисточника 31 мая 2012] түшүнүгү 1970-жылдары укук коргоо органдары тарабынан кармалган туруктуу жашаган жери жок адамдарды милициялык протоколдордо БОМЖ (лица Без Определенного Места Жительства) деген аббревиатура түрүндө каттоодон улам пайда болгон[25]. Милиция кызматкерлери тарабынан кармалган адам өзү жашаган жерде расмий катталбаса, же кокус даректер боюнча жашап жүрсө, анын жашаган жери "аныкталбаган" деп табылган.

[25] 1971-жылы «Следствие ведут ЗнаТоКи» деген аталыштагы детективдүү телефильмдер циклинде «Ваше подлинное имя…» деген аталыштагы серия чыгат. Бул серияда советтик кино менен адабиятта алгачкылардан болуп БОМЖ аббревиатурасы колдонулат. Бирок, фильм боюнча милиция кызматкерлерине бул термин илгертен эле тааныш жана көндүм болуп саналат.

Заманбап Орусия менен постсоветтик геосаясий мейкиндикте ботала кир болуп, тамак же башка зарыл нерселерди издеп көчөдө таштандыларды шимшип, сыз жерде уктап жүргөн селсаяк алкоголик бомждун стереотиптик образын берсе да, «бомж» сөзү күнүмдүк тилде да, публицистика менен массалык маданиятта да үй-жайсыз адамдарга карата гана айтылат [Лиходей О. А., 2002. - С. 46-50]. Ааламдашуу шартында “постсоветтик республикаларда жашаган бомждор жөн гана аббревиатура эмес, бул мамлекетке үй-жайга ээ эмес миллиондогон адамдардын жашоосуна кол шилтеп коюусуна мүмкүндүк берген түшүнүк” [Сигутина М. А., 2002], - деген авторлор менен толук макулбуз.

Заманбап кыргыз коомунун маанилүү көйгөйлөрүнүн бири болуп социалдык структуранын деформациясы эсептелет. "Өтмө мезгилдин" шарттарындагы социалдык өзгөрүүлөр маргиналдуу, өтмө статустарды (позицияларды) жаратып, алар болсо коомдогу индивиддер менен топтордун маргиналдуу абалын, аң-сезимин жана жүрүм-турумун детерминациялаган факторлорго айланууда.

Анын үстүнө коомдун социалдык-экономикалык түзүмүндөгү татаал өзгөрүүлөр коомдук максаттарды бир орунга топтобой, тескерисинче, туш тарапка чачыратып, коомдук, топтук жана индивидуалдуу аң-сезимдеги дезориентацияны пайда кылгандыктан, инсан проблемасы да өтө татаалдашып кеткен.

Азыркы күндө дал ушул бомж атка конгон туруктуу жашаган жери менен кылган иши жок адамдар коомго карата маргиналдуу позицияны ээлеп, инсандын деградациясына алып келүүдө. Жашоо образынын спецификасына байланыштуу адамдардын мындай категориясын эсепке алуу кыйынга тургандыктан, заманбап Кыргызстандагы үй-жайсыз калган, көчөдө жашаган адамдардын толук жана туура статистикасы жок. Ааламдашуу процесси менен СССРдин кулоосунун натыйжасы социалдык топ катары калыптанган туруктуу жашаган жери менен кылган иши жок адамдардын саны эркиндиктен ажыраган жерлерден кайтып келген адамдардын эсебинен

туруктуу түрдө көбөйүп тургандыктан, бул топту потенциалдуу криминогендүү жана социалдык жактан кооптуу деп айтууга толук негиз бар.

Айтылгандар төмөнкү корутундуларга негиз боло алат:

1. Ааламдашуу идеологиялык да, саясий да өтө кызыктуу окуяларга бай жагдайлар менен шарттар үстөмдүк кылган мезгилде пайда болуп, XX кылымдын аягында «кайрадан жөнгө салуу» («дерегулирование») демилгесин көтөрүп чыккан Р. Рейган, М. Тетчэр, Г. Колл сыяктуу лидерлердин бийликке келиши менен консервативдүү күчтөр тарабынан колдоого алынган тоталдуу жана глобалдуу либерализмдин толкуну менен байланышкан.

2. Бул демилге коомдук турмуштун төмөнкүдөй эки көрүнүшүнө берилген консервативдүү жооп болгон: 1) социал-демократиялык өкмөттөрдүн аракети астында бир катар Батыш өлкөлөрүндө экономиканы жана социалдык кепилдиктерди мамлекеттик жөнгө салуу багытындагы «жалпы жыргалчылыктын өлкөлөрү» деген аталыштагы көңүл көтөргөн программалардын пайда болушу; 2) бардык өнүгүп келе жаткан 100 дөн ашуун өлкөлөр бардык багыттагы дүйнөлүк чарбанын байланыштарын кайра карап чыгуу программасын сунуш кылышып, аталган өлкөлөр тарабынан Жаңы эл аралык экономикалык тартипти орнотуу багытындагы кубаттуу кыймыл көтөрүлүп чыккан.

3. Глобалисттердин жогорудагыдай ишмердигинин натыйжасында постсоветтик мейкиндикте көңүл борборуна дайыма акчаны койгон түзүм болуп саналган капиталисттик система калыптана баштаган. Натыйжада Кыргызстандагы калктын социалдык жана экономикалык стратификациясындагы мындай трансформациялар 1) соодадан алыс көчмөн элдин урпактарынын массалык түрдө кызыл кулак соодагерге айлануусу, 2) элеттен шаарга көчүп келип, элет менен шаардын ортосундагы маданий ара жолдо калган калк, 3) чыныгы интеллигенттердин ордун басып калган люмпен-интеллигенция, 4) диний маргинализм жана 5) бомж деп аталган маргиналдуу субмаданияттарды жараткан.

4. Советтик экономикалык чарба талкалангандан кийин постсоветтик КМШ өлкөлөрүнүн көпчүлүгү, айтсак, Орусия (жарым-жартылай), Украина (дээрлик толугу менен), Кыргызстан менен Молдавия (толук түрдө), Азербайджан (жарым-жартылай) ж.б. республикалар «Спекулятивдик Типтеги Керектөө Экономикасына» өткөн.

5. Бул республикалардын бардыгында схема бирдей эле: соодагерлер (торгаштар) чет өлкөдө өндүрүлгөн товарды сатып алып, аны өлкөгө алып келип, үстүнө акча кошуп, кайра сатышат. Мындай жол менен ата мекендик өндүрүүчүнү жок кылууга ыңгайлуу шарттар түзүлүп жатканы өкүндүрөт. Айтсак, Кыргызстанда 15 АКШ долларына сапаттуу бир даана үтүк өндүрүү мүмкүн эмес. Ал эми климаты жылуу, эмгек акысы аз төлөнгөн, чийки заты (сырьё) арзан болгон Кытай аларды арзан баада өндүрүүгө кудурети жетет. Натыйжада, эбегейсиз ири өлчөмдөгү акча каражаттары мамлекетке салык түрүндө түшпөй калып жатат. Кыргызстандын ар бир коммерциялык фирмасында «кош кабат» (ал эми алардын көпчүлүгүндө «үч кабат»!) бухгалтерия иштеп, салыктын толук көлөмүн мамлекеттин казынасына төлөп бөрүүнү каалаган эч ким жок.

6. Каалагандай капиталисттин (же «бизнес» ээси - «бизнесмендин») негизги максаты максималдуу пайда көрүүнү көздөйт. Акчанын дүйнөсү, ишенген дини да акча болуп калган коомдук мамилелердин капиталисттик системасында акчалай пайда көрүү үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Акчанын үстөмдүгү орногон мындай дүйнөдө адамдар бизнестин ээсине, же “кожоюнга” акча таап берүүгө, же пайда көрүүгө көмөк берген куралга, же каражатка гана айланып калышат. Айтсак, XX кылымдын 90-жылдары “жапайы” капитализм күчөп турган маалда адамдын ден соолугу үчүн өтө зыяндуу болуп эсептелген техникалык спиртке суу аралаштырып, “арак” деген аталыш менен бир кыргыз экинчисине сатып, акча таап, жан бакканы баарыбызга маалым. Ошентип, адамдын өмүрү менен ден соолугуна зыян келсе да, “торгаш” аткан конгон “бизнесмендерге” пайдалуу болгон иш-аракеттен миңдеген адамдар жарык дүйнө менен кош айтышса, он миңдеген

адамдар (алардын арасында аялдар менен балдар) түбөлүккө инвалид болуп калышты.

7. Совет бийлиги учурунда Кыргызстандагы шаарлар мурда болуп көрбөгөндөй, дүркүрөп өнүгүп, шаар ыңгайлуулук менен новациянын символуна гана айланбастан, көчмөндөрдүн урпактары үчүн тигил же бул жалпылыкка кире албай, маданий ара жолдо калган адамдардын калыптануусу үчүн жагымдуу шарттарды түзөт. Мындай учурда көчмөндүн үй-бүлөсүндө туулуп, шаарга келип, орустардын арасында жашап калган маргиналдуу инсан «өз» баалуулуктарынан жетишээрлик четтеп, «чоочундун» элементтерин толук кандуу өздөштүрө албай, ички дүйнөнүн жаңжалына чалдыгат.

8. 1980-жылдардын аягында Бишкек шаарынын тегерегиндеги аймактагы жерлерди басып алуу концепциясы пайда болуп, 1990-жылдардын башында ал иш жүзүнө аша баштаган. Белгилүү болгондой, ар бир шаар өзүнө гана таандык юридикалык (административдик) чек арага же шаардын чегине ээ. Бирок, шаар калкынын өсүшү менен шаардын курулушу алгач чоң жолдордун бою аркылуу, андан соң шаар айланасындагы бош мейкиндикти толтуруу аркылуу коңшу жайгашкан шаарчалар менен айыл-кыштактарды өзүнө сиңирип, өзүнүн юридикалык чек арасынан сыртка чыга баштайт.

9. Юридикалык жана фактылык чек аралардын ортосундагы айкалыштыктын жоктугу шаар чарбасын башкаруу ишин бир кыйла татаалдаштырат. Шаардык администрация өзүнүн административдик чектеринде жашаган шаар калкын гана эмес, шаардын чеке белинде жашап, күн сайын шаардагы жумушуна келип турган калкты да транспорт жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылууга аргасыз. Маятник сымал миграциялар жаңы магистралдарды куруу, транспорт байланышын жакшыртуу, ылдам жүргөн транспорт линияларын ишке киргизүү сыяктуу транспорттук инфраструктурага ири капиталдык салымдарды киргизүүнү талап кылат. Бул проблеманы 1) шаардын чыгымдарын төлөө ишине шаар

менен шаарга жакын жерде жашаган калкты кошо катыштыруу же 2) шаардын административдик чектерин кеңейтүү жолу менен чечүү мүмкүн.

10. Атаандаштыкка негизделген, жумушсуздук менен коштолгон, кирешелердин асман менен жердей айырмасына таянган рынок экономикасы коомдук тепкич боюнча өйдө карай жана ылдый карай багыт алган процесстерди күчөтөт. Ааламдашуунун шартында ылдый карай багыт алган процесс «келечеги күмөн, эртеңи жок» мүнөзгө ээ. Объективдүү жана субъективдүү себептерден улам этномаданий жана социомаданий чөйрөдөн оолактап, люмпенизацияланган катмарга (диний маргинализмге, люмпен-интеллигенцияга, жакырларга, селсаяктарга, бомждорго) айланган маргиналдуу катмар өсүп бара жатат. Коом үчүн негативдүү кесепеттерди алып келген бул процесстин өсүп жана тереңдеп кетиши кандайдыр бир социалдык статусун жоготкон адамдарды социалдык коргоого алуу проблемасы актуалдуу болуп саналат.

11. Протестант динин туткан кыргыздар ааламдашуу доорунун жаңы белгиси болуп калышкан. Мисалы, Бишкек шаарында протестанттардын бир топ аралаш жамааттары болсо, алардын үчөө диний жөрөлгөлөрдү кыргыз тилинде жүргүзөт. Протестанттык миссиялар Кыргызстандын өтө исламдашкан түштүк чөлкөмүнөн башка бардык булуң-бурчтарына кеңири жайыла баштаган. Кыргызстанда ар кыл борборлорго ээ жана өз ара атаандаш болуп саналган көп түрдүү протестанттык чиркөөлөр иш алып барышат. Алардын ичинен корей чиркөөлөрү, Жетинчи күндүн Адвентисттери ж.б. диний уюмдар өзгөчө активдүү жана динамикалуу өнүгүшкө ээ. Жаңы динди кабыл алгандардын арасында жаш кыргыздар көп. Алардын басымдуу көпчүлүгүн аялдар түзөт. Бул болсо, жакынкы келечекте алардын балдары да протестант динин тутат дегенди билдирет.

12. Салтка ылайык, кыргыздар дүйнөдөн өткөн адамдын сөөгүн урууга тиешелүү көрүстөнгө коет. Бирок, протестантизм динин кабыл алгандан соң көз жумган адамдын жергиликтүү жамаатка же мусулман динине таандык болгон тууган-туушкандары үчүн маанилүү көйгөйлөр

жаралууда. Кыргыздардын массалык протестантизациясы улутту конфессионалдык негизде экиге бөлүп, тукум курут болууга алып келиши толук ыктымал.

## 2.3. Эгемендүү Кыргызстандын маданиятындагы маргиналдуулуктун өнүгүшүнүн аксиологиялык мааниси (тенденциялары)

2003-жылдын башында Кыргыз Республикасында жашаган кыргыздардын жалпы саны 3337, 0 миң киши болуп, алар жалпы калктын басымдуу көпчүлүгүн, б.а. 66,9 %ин түзгөн [Бакиров Н., Егембердиев И., 2004. – С. 363]. Кыргыздардын чакан топтору Өзбек[26], Тажик[27], Казак Республикаларында[28], Орусия Федерациясында[29], Украинада[30], Белоруссияда[31], Түркмөнстанда[32], Молдовада, Арменияда, Грузияда, Латвияда, Литвада[33] жашайт, алыскы чет мамлекеттерден Кытай Элдик Республикасында[34], Түркияда[35], Афганистанда, Пакистанда, Европанын айрым өлкөлөрүндө, АКШда, Австралияда, Иорданияда бар.

Диссертациялык иштин мурунку бөлүгүндө айтылгандай, XIX кылымга чейин гомогендүү болуп келген кыргыздардын этномаданий жашоосу XX кылымда ири өзгөрүүлөргө дуушарланган. Этномаданий жашоонун трансформациясы саясий, экономикалык, социалдык факторлордун, о.э. метисация, ассимляция ж.б.у.с. калктын башка этностор менен аралашуусунун натыйжасында болуп, маданият, өз кезегинде, коомдук турмуштук бардык чөйрөлөрүнө таасир этип турган.

---

[26] Акыркы маалыматтар боюнча Өзбекстанда 175 миң кыргыз жашайт // Караңыз: Осмонов О. Дж., 2005. – С. 577.
[27] Тажикистанда 106 миң кыргыз жашайт // Караңыз: Осмонов О. Дж., 2005. – С. 580.
[28] Казакстанда 15 миң кыргыз жашайт // Караңыз: Осмонов О. Дж., 2005. – С. 582.
[29] Орусия Федерациясында 600 миңден ашык кыргыз жашайт // Караңыз: Осмонов О. Дж., 2005. – С. 582.
[30] Украинада 3 миң кыргыз жашайт. Алардын басымдуу бөлүгүн XX кылымдын 30-жылдарында «кулак» катары айдалгандардын урпактары түзөт // Караңыз: Осмонов О. Дж., 2005. – С. 582.
[31] Белоруссияда болжол менен 600 чамалуу кыргыз жашайт // Караңыз: Осмонов О. Дж., 2005. – С. 582.
[32] Түркмөнстанда болжол менен 634 кыргыз жашайт // Караңыз: Осмонов О. Дж., 2005. – С. 582.
[33] Молдова, Армения, Грузия, Латвия, Литванын ар биринде болжол менен 200 дүн тегерегиндеги кыргыздар жашайт // Осмонов О. Дж., 2005. – С. 582.
[34] КЭРде 170 миң кыргыз жашайт // Караңыз: Осмонов О. Дж., 2005. – С. 573.
[35] Түркияда жашаган кыргыздардын саны азыр болжол менен 4 миң адамды түзөт // Осмонов О. Дж., 2005. – С. 575.

Салттуу коом (айталык, кыргыз коому) модернизацияланып жана ааламдашып бара жаткан дүйнөгө кантип ыңгайланыша алат? Ал коомдордун өкүлдөрүнүн башка мамлекеттер менен маданияттардын шарттарындагы трансформациясы кандайча жүрөт? Өтө динамикалуу жана тез өнүгүп, адамды бир да минутка тынч койбогон мегаполистер сыяктуу жаңы шарттарда белгилүү бир этноско таандык адамдар, алардын үй-бүлөлөрү, өсүп келе жаткан жаңы муундарынын кантип алакалар менен мамилелерди түзө алышат? Жаңы жерде мигранттар эмнеден кол жуушат да, эмнелерге ээ болушат? Мигранттар сыяктуу айрым кичи жана орто топтордун тажрыйбасынан өздүк модернизациясы үчүн мекенинде калып, уюткулуу болуп саналган коом кандай сабактарды ала алат?

Жогоруда коюлган суроолорго жооп берүү максатында дүйнөнүн ар кыл мамлекеттеринде мигрант катары эмгектенип жана билим алып жүргөн кыргыз диаспораларына кайрылууну ылайык таптык.

Берилген диссертациялык иште «диаспора» терминин колдонуунун кажети кандай? Диссертациялык иште бул термин уламдан улам интенсивдүү өзгөрүүгө дуушарланып бара жаткан дүйнөнүн шарттарында кеңири жайылып бара жаткан эски түшүнүктү жаңыча интерпретациялоо зарылдыгы менен тыгыз байланышкан. Салттуу түрдө диаспора (грекчеден διασπορά – чачыроо, чачыраган) деп өздөрү жашап жаткан башка өлкөдө бекем ширелген жана туруктуу этникалык топту түзүү менен өздүк иденттүүлүгү менен жалпылыгын калыптандырган жана өнүктүргөн социалдык институттарга ээ, бирок, өз теги менен тамыры келип чыккан өлкөдөн сырткары жашаган элдин (этностун) бир бөлүгү аталат [Социология: Энциклопедия, 2003]. Алгач бул түшүнүк тарыхый мекени болуп эсептелген Палестинадан сырткары жашаган еврейлер менен еврей жамааттарын туюндуруу үчүн гана колдонулган. Акырындык менен бул түшүнүктүн мазмуну кеңейип, ал өзүнүн тарыхый мекенинен же негизги этнос жашаган аймактан сырткары жашаган этникалык топторду туюндурууга чейин өсүп жеткен. Бир аз убакыт мурда эле диаспоралар эл аралык мамилелердин

объектисине гана таандык кылынып, бир катар жагдайлардын таасири астында өзүнүн улуттук түзүмдөрүнөн – мамлекетинен оолактап, башка аймакта жашап калган этникалык жамаат катары каралып келген («тышкы» диаспора). Бүгүнкү күндө да көпчүлүк изилдөөчүлөр ушул көз караштьы жактап келишет [Караңыз: Дятлов В. – 1999. - № 1].

Диаспора менен тыгыз алакада болуп туруу көп сандаган мамлекеттердин тышкы саясатынын маанилүү багыты болуп эсептелет. Айрым өлкөлөр (айтсак, Израиль, Армения, Индия) үчүн тарыхый мекенине саясий жана экономикалык колдоо көрсөтүп турган диаспоралар маанилүү ролду ойношот.

Бирок, мурдагы СССР мамлекеттериндеги кардиналдуу трансформациялар менен аймактык (территориалдык) жиктелүүгө, о.э. Кыргызстандагы түндүк-түштүк диагоналы боюнча кеткен чөлкөмдүк (регионалдык) бөлүнүп, жарынуусунун күч алышына байланыштуу «ички» диаспора тууралуу түшүнүмдөр пайда болгон. Мисалы, СССР жана постсоветтик Орусиянын мисалына кайрылуу менен Ж. Тощенко диаспораны бирдей этникалык текке ээ болуу менен өз тарыхый мекенинин (же өз эли орун-очок алган ареалдын) чегинен сырткары башка этникалык чөйрөдө жашап, өздүк улуттук жаматтынын өнүгүшү жана жашоосу үчүн зарыл болуп эсептелген социалдык институттарга ээ адамдар жыйындысын атаган. Изилдөөчү диаспораны тышкы жана ички деген принципиалдуу карама каршы өңүттөрдө кароонун зарылдыгы жок деп белгилейт. Мурдагы СССР менен азыркы постсоветтик республикаларды изилдеген Батыш окумуштуусу С. Лаллукка Орусиянын ичиндеги диаспора деген түшүнүктү киргизет [Лаллукка С. – 2000. - № 7. - С. 92]. Ал өздөрүнүн Ата Мекенинен алыстаган этникалык топтор орун алган жерлерди республика-кожоюн жана область-кожоюн деп атаган. Автор СССРдеги улуттук-мамлекеттик түзүлүш жана аны менен байланышкан этносторду аймакташтыруу (территориализация) бүгүнкү Орусияда «этникалык мекен» тууралуу ар кыл түшүнүмдөрдүн жаралуусуна алып келип, бул түшүнүмдөр конкреттүү

мейкиндик чектерине ээ көп сандаган этностордун коомдук аң-сезиминде бекем орноп калган деп белилейт. Ошондой болсо да, айрым окумуштуулар мындай тоталдуу мүнөздөгү «диаспоризацияга» каршы чыкса да, бул термин жаңы мазмунга ээ болуу менен кеңири жайыла баштаган.

Кыргызстан мурдагы падышалык Орусия менен “улуу байке” аталышка конгон орустар жана Москванын жетекчилиги астында башкарылган СССР мамлекетинин курамына «улуттук республика» статусуна ээ болуу менен киргени – тарыхый факт. Ошол себептен, постсоветтик Орусиядагы кыргыз диаспорасын ички да, тышкы да деп атоого толук мүмкүн. Бул учурда диаспора деп негизги этномаданий массив орун алган аймактан сырткары жашаган этномаданий жамаат түшүнүлөт. Модернизациянын өнүтүндө айрым постсоветтик республикалар алга карай арымдуу кадам таштап кетсе, калгандары көп мезгил бою бутуна тура албай, экономикалык, айрым учурда, саясий маанайдагы миграциялык агымдардын жаралышын шарттаган.

Изилдөөчүлөр диаспораны 1) эмиграция, 2) колонизация, 3) мамлекеттүүлүккө ээ эмес, ар кайсы жерлер менен аймактарда чачкын, чачыранды болуп жашаган, өздүк мамлекеттүүлүктү түзүү милдетине ээ эмес эл, 4) өзүнүн тарыхый мекени менен байланыштарды тап-такыр үзүп койгон этникалык топ сыяктуу түшүнүктөрдөн айырмалоо зарыл деп белгилешет [Караңыз: Колосов В. А., Галкина Т. А., Куйбышев М. В. – 1996. - № 5. - С. 35]. Көпчүлүк учурларда аттары аталган категориялардын ортосундагы айырмачылыктар жокко эсе сымалданып кетет.

Берилген диссертациялык изилдөөдө этномаданий процесстердин жүрүшү менен мүнөзүн аныктаган экономикалык жана саясий факторлорду эстен чыгарбастан туруп, изилденип жаткан объекттин маданий жашоосуна кеңирирээк токтолуу туура деп чечтик. З. И. Левин белгилегендей, өнүгүү логикасы боюнча диаспорадагы өзгөрүүлөрдүн вектору маданий дистанцияны, б.а. ички өзгөрүүлөр менен трансформацияларды кыскартууга багытталган [Левин З. И., 2001. - С. 74]. Дал ушул себептен, диаспоранын

ичиндеги процесстерди изилдөө салттуу коомдун модернизациялуу өнүгүүсү жана этникалык маданияттын трансформациясынын проблемаларын анализдөө үчүн кызыктуу материалдарды берет. Изилденип жаткан маселе илимий адабиятта кол менен кармоо, көз менен көрүү кыйын болуп саналган, о.э. аны иликтөөгө мүмкүндүк берген булактардын жоктугу менен шартталган эмигранттардын дүйнө көрүмүнүн өзгөрүү проблемасына таандык [Левин З. И., 2001. С. 135]. Изилдөө ишинде тарых илимдеринин, этнологиянын, социалдык психологиянын, социологиянын маалыматтарын эске алган социалдык-философиялык анализдин методдоруна таянуу менен гуманитардык илимдеги бул өксүктү толтуруу аракетин жасап көрсөк.

Кыргыз диаспорасы тууралуу кеп кылууда көңүл борборунда руханий маданияттын салттары менен баалуулуктарынын (же маданий категориялардын) трансформацияга дуушарлануусу турат. Албетте мындай трансформация көп кырдуу жана көп өңүттүү болгондуктан, келечекте бул тематика этнология, этносоциология, лингвистика ж.б. илимий чөйрөлөргө таандык адистердин изилдөө иштерине негиз боло алмакчы.

Мурда келгендерге Кыргызстандан Орусияга совет мезгилинде эле келип, ондогон жылдар бою мекенинен алыс жашаса да, кыргыз этносуна таандыкмын деген сезимин жоготпой, тарыхый мекени менен элинин маданиятын эсинен чыгарбай, көөдөнүнө бекем сактаган адамдар кирет. Алардын бир бөлүгүнүн балдары Кыргызстанда туулса да, Орусияда социализацияланышкан, ал эми башка бөлүгүнүн балдары менен неберелери Орусияда туулуп, өсүшкөн. Мурда келген кыргыздар окууга же субъективдүү - үй-бүлөлүк (аралаш никелер) себептерден улам Орусияга келип, орун-очок алып калышкан. Мындай кыргыздарда диаспора сезими жокко эсе.

Качан гана миграциянын «экинчи» толкуну менен байланышкан «кийин келгендердин» саны көбөйгөн саны Орусиядагы мигрант кыргыздарда жамаатык белгилер пайда боло баштайт. Бардык постсоветтик республикалар сыяктуу эле Кыргызстанда да саясий жана социалдык чөйрөлөрдөгү олуттуу экономикалык кыйынчылыктар менен узакка созулган

кризистүү кубулуштар үстөмдүк кыла баштаганда, жарандарда нечендеген кылымдар, жылдар бою өз үйү-өлөң төшөгү болуп калган айылына, мекенине, миграцияга болгон мамилелери кескин өзгөрө баштаган. Берилген баптын мурунку параграфында айтылгандай, республиканын өзүндө эле элеттик калктын шаарга, биринчи кезекте, борбор калаа Бишкекке карай багыт алган массалык түрдөгү жер которуу болгон. Натыйжада, салттуу түрдө агрардык-мал чарбачылык чөлкөмү катары таанылып келген Кыргызстанда шаардын калкы элеттик калк менен дээрлик тең санга жеткен. Ошондой эле республикадан сырткары аймактар менен мамлекеттерге, ири алдыда, Орусия менен анын ири шаарларына багытталган тышкы миграция да пайда болгон.

СССР кулагандан кийин тышкы миграция теги кыргыз болбогон Кыргызстандын жарандарынын Орусияга карай массалык түрдө жер которуусунан башталган. Алар өз кезегинде республикага советтик автономиялардын бири болуп саналган Кыргыз ССРинин экономикасын көтөрүүгө "агалык жардам кылуу" сыяктуу социалисттик идеяларды турмушка ашыруу үчүн адис катары келишкен. Кийинчерээк алардын келүүсүнүн негизги максаты болуп жогорку айлык акылар менен сапаттуу жана заманбап турак-жайлар саналган. Постсоветтик мезгилдеги экономикалык кризистин шарттарында теги кыргыз эмес жарандар өздөрү мурда жашаган жерлер менен ата-бабаларынын кичи мекенине кайтып кете башташкан. Алардын Кыргызстанда жашоо узактыгына жараша мындай мигранттардын айрымдары кыргыз жери менен элине таандык болуу сезимин сактап калышкан. Мисалы, көп жылдар бою Нарын шаарында жашап, В. Чкалов атындагы атактуу мектепти жетектеп келген немец улутундагы Унгефухктун үй-бүлөсү Германияга көчүп кетсе да, кыргыз маданиятынан кол үзбөй, немец жергесинде кыргыз этномаданий борборун ачып алышкан. Мындай мигранттар тарабынан «биз - кыргыздар», б.а. Кыргызстандан келгендер тибиндеги иденттүүлүк фактору аларды шарттуу түрдө кыргыз диаспорасына таандык кылат.

Мейкиндик бөгөттөрүн жеңүүгө умтулган интернационалдаштыруунун бир формасы болуп постсоветтик мезгил аралыгында абдан таасын байкалган эмгек миграциясы эсептелет.

Кыргызстандыктардын жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө багытталган эмгек миграциясына объективдүү да, субъективдүү да факторлор таасир эткенин белгилеп кетүү абзел. Объективдүү факторлордун катарына төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

- экономикалык системанын трансформациясы жана структуралык кризистин тереңдеши;
- менчиктештирүү процесси менен байланышкан менчик формаларынын өзгөрүшү;
- жумушчу орундарынын кыскарышы жана жумушсуздардын санынын өсүшү;
- чарбалык байланыштардын үзүлүшү жана айландыруу каражаттарынын таңсыктыгы (акча дефицити);
- айлык акыларын кечиктирип берүү, же тап-такыр эле төлөбөй коюу.

Субъективдүү факторлор катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

- эмгек жана калкты социалдык коргоо чөйрөлөрүндөгү мыйзамдарды сактабагандык;
- эмгек акысынын көлөмүн аныктоодогу өзүм билемдикке жол берген социалдык-эмгек мамилелеринин бышып жетилбегендиги;
- калктын рынок шарттарына ыңгайланышуу даражасынын төмөндүгү;
- коомдун криминализациясы жана экономикадагы көмүскө сектордун өсүшү;
- минималдуу эмгек акынын өтө эле төмөндүгү;
- кирешелерди бөлүштүрүүдө жана эмгек мамилелерин жөнгө салууда мамлекеттин таасирин чектеп коюу.

З. И. Левиндин системасы боюнча түзүлгөн диаспоралардын эволюциясынын схемасына ылайык, чет өлкөлөрдөгү кыргыз диаспорасы чоочун жерде жан багуу (выживание на чужбине) деп аталган биринчи стадия менен жамаат-анклавын калыптандыруу сыяктуу экинчи стадиянын ортосундагы өтмө абалды ээлейт. З. И. Левин белгилегендей, мындай абалды ээлеген жамаатта иммиграсттык массаны топтоо менен аны структуралаштыруу жүрөт [Левин З., 2001. - С. 45]. Бүгүнкү күндө башка мамлекеттерде калыптанып жаткан кыргыз диаспораларында жамааттык белгини көрүүгө болот, алардын өкүлдөрүн кызыкчылыктары, о.э. жаңы жерге ыңгайлашуусу боюнча ар кандай топторго ажыратуу мүмкүн.

Диаспоранын «мурда келген» өкүлдөрү жарандыгы, туруктуу каттоосу, өзүнө таандык турак-жайы, адистиги боюнча иши бар Орусиянын дээрлик өз жашоочусу болуп саналат. «Жаңы келгендердин» басымдуу көпчүлүгү турак-жайды убактылуу ижарага алып жашайт, өз адистиги боюнча эмес, табылган жумуш менен алектенет. «Жаңы келгендердин» өздүк аң-сезиминин өзгөчөлүгү болуп туруктуу турак-жайдын жоктугу жана стабилдүү эмес материалдык абал менен коштолгон тарыхый мекенинен ажырап калуу жана аны сагынуу сезиминин курчтугун атоого болот. Бирок, мындай жагдай аларга ылайыктуу иш таап берүү, диаспоралдык аң-сезимди калыптандыруу сыяктуу иш-чараларга тоскоол эмес. Ушундай жол менен жан сактап, күн өткөрүп жүргөндөрдүн катарына окуусунан сырткары жумуш менен да камсыз болгон Орусиянын ЖОЖдорунда окуган кыргыз студенттерин атоого болот. Кыргыз студенттери, аспиранттары ж.б. диаспоранын маанилүү бөлүгүн түзгөн кыргыз жаштарынын бирикмеси деген уюмга ээ. Жаштар «канаты» Орусиядагы кыргыз жамаатынын бир бөлүгү болуп саналат жана диаспоранын ишине активдүү катышат. Кыргызстандагы ар кандай объективдүү жана субъективдүү жагдайлардан улам Орусияда окуган жаштар Орусияда калып, иштеп, Кыргызстанга келүүгө азырынча ашыгышпайт.

Диаспоранын жашоосу менен коомдук ишине катышуу даражасы боюнча 1) ишкер индивиддер, же активисттер (он чакты адам), 2) диаспорага таандыгы этномаданий идентификация фактору аркылуу гана аныкталган пассивдүү катмарлар сыяктуу эки топту айырмалоого болот.

Орусия менен Казакстандагы кыргыз диаспорасынын кызыкчылыгын коргоо ишинде ЗАМАНДАШ саясий партиясы бир кыйла айырмаланып турат. Партиянын Программасынын "Миграция" деп аталган 4.7-бөлүгүндө мындай деп айтылат [Караңыз: Программа политической партии «Замандаш-Современник». 4.7. Миграция]: "Биздин партиянын мүчөлөрүнүн арасында тагдырдын эркине баш ийип, чет өлкөлөргө жумуш издеп кеткендер көп. Кыйынчылыктарга карабастан, алар жогорку квалификациялуу адистер, ар кыл кесиптердин ээлери, ийгиликтүү иштермандар болуп чыга келишти. Алардын тажрыйбасы менен шык-жөндөмдөрү өлкөбүздү өнүктүрүү, Кыргызстанды атаандаштыкка жөндөмдүү мамлекетке айландыруу үчүн эбегейсиз зор күч-кубатка ээ импульс берүүчү өзөктүү адам капиталы боло алат. Өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү үчүн партия республикабызга жардам берүүгө даяр эмгек мигранттарынын тажрыйбалуу өкүлдөрүнө таянууга ниет кылат.

Партия тышкы жана ички миграциянын маселелерин төмөнкүдөй үч блоктун өңүтүндө карайт.

Биринчиден, эмгекке жарамдуу калктын сыртка чыгып кетүүсү, квалификациялуу адистердин массалык түрдө кетип жатышы улуттук эмгек рыногундагы эмгек ресурстарынын жакырданышына алып келип, акыр аягында өлкөбүздүн экономикалык өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизет.

Экинчиден, жакшы төлөнгөн эмгек акы издеп өлкөдөн чыгып кетүүгө мажбур болгон мекендештерибиздин эмгек укуктарын коргоо өтө актуалдуу маселе болуп саналат.

Үчүнчүдөн, чет өлкөдө жүргөн жарандарыбыздын улуттук аң-сезимин, өз алдынчалуулугун коргоо жана сактап калуу да эң актуалдуу маселелерге кирет.

Жогоруда көрсөтүлгөн маселелерди чечүү максатында партия төмөнкүлөрдү чечүү зарыл деп билет:

- Кыргыз Республикасынын өнөктөш-мамлекеттеринин макулдашуулары менен программаларын турмушка ашыруу процессинде кыргызстандык уюмдар менен мекендештерди өзүнө тартууга багытталган мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн чегинде конструктивдүү өз ара алака менен кызматташтыкты өнүктүрүү;
- Кыргызстандыктар менен мекендештерге алар жашап жаткан өлкө менен Кыргыз Республикасындагы улуттук, чөлкөмдүк (регионалдык) эмгек рынокторундагы туруктуу, убактылуу жана сезондук жумуштарга керек болгон жумушчу күчү тууралуу маалымат берүүгө көмөк көрсөтүү;
- Кыргызстандыктар менен мекендештердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо ишине укуктук, маалыматтык, методикалык жана уюмдук көмөк берүүнү көздөгөн Фондду негиздөө демилгесин колдоого алуу;
- Кыргызстандын тарыхый-маданий мурасын сактоо жана коргоого багытталган иш-чараларды чет өлкөдө жашаган кыргызстандыктар менен мекендештердин этномаданий иденттүүлүгүн чыңдоо жана жарандык патриотизмин калыптандыруу үчүн өтө маанилүү шарт деп эсептөө;
- Өздөрү жашаган өлкөнүн саясий, экономикалык жана маданий жашоо-тиричилигинде алдыңкы абалдарды ээлеген кыргызстандыктар менен мекендештердин потенциалын кыргыз элинин улуттук-маданий иденттүүлүгүн сактоону жана жарандык патриотизмин калыптандырууну камсыз кылган факторлордун бири деп эсептөө;
- Чет өлкөдө жашаган кыргызстандыктар менен мекендештер, кыргыз тилинде окутуу жүргүзгөн жекшембилик мектептер (воскресные школы с кыргызским языком обучения) үчүн Кыргызстандын тарыхы, маданияты жана заманбап жашоо-тиричилиги тууралуу китептерди, мезгилдүү басма сөз булактарын, видео-аудио жазмаларды сатып алуу максатын көздөгөн бийликтин мамлекеттик жана жергиликтүү

органдарынын, о.э. жеке кыргызстандыктар менен мекендештердин кайрымдуулук жана практикалык иш-чараларын колдоого алуу”.

Эми диаспорага таандыгы этномаданий идентификация фактору аркылуу гана аныкталган пассивдүү катмарлар тууралуу учкай кеп кылсак. Заманбап Кыргыз Республикасынын түндүк жана түштүк чөлкөмдөрүнүн ортосунда экономикалык, социалдык, маданий ж.б. өңүттөрдөгү айырмачылыктар бар. Айрым саясатчылардын пикиринде 2005-жылдын 24-мартынан кийин К. Бакиевдин ысымы менен байланышкан жаңы бийлик Кыргызстандын түштүк чөлкөмүндө жашаган калктын социалдык-экономикалык жана психологиялык абалын жакшырткан [Караңыз: Ракымбай уулу Н., Шыкмаматов А. http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1259617560. 01.12.2009]. Чындыгында эле, 2007-жылдын ноябрында жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоонун учурунда алынган эки чөлкөмдүн социалдык абалына болгон салыштырмалуу анализ көрсөткөндөй, түштүктүн калкынын 76 %ы өлкө туура саясий багытта бара жатат деп белгилесе, түндүктө жашаган калктын 46 %ы гана мындай пикир менен макул болгон. Түштүктүк кыргыздар мындай маанайды өлкө башына алардын жердеши келгени менен түшүндүрүшкөн [Караңыз: Ракымбай уулу Н., Шыкмаматов А. http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1259617560. 01.12.2009].

Албетте, айрым жергиликтүү изилдөөчүлөр адилет белгилегендей, совет мезгилинен айырмаланып, эгемендүүлүк жылдары түштүк чөлкөмүндө жашоо-тиричилик менен маанайлардын жакшырышы 2005-жылдын 24-мартында болгон бийлик алмашуу менен эмес, кыргыз коомундагы саясий атмосфера менен регионалдык күчтөрдүн жайгашуусун өзгөртүүгө түрткү болгон төмөнкүдөй объективдүү мүнөздөгү бир катар толкундар менен байланышкан [Караңыз: Ракымбай уулу Н., Шыкмаматов А. http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1259617560. 01.12.2009;

Ички миграциялык толкун. СССРдин кулашы Кыргызстандын экономикасы менен жашоо-тиричилигинин деңгээлине оор запкыларды алып

келген. Республика боюнча бюджеттик мекемелерде иштегендер айлап, жылдап эмгек акыларын ала алышпай, заводдор иштебей токтоп, колхоздор бүлүнгөн. Акчалай каражаттарга, тажрыйбага жана шыктарга ээ адамдар соода-сатык ишмердиги жана тейлөө тармагынын жардамы аркасында оор кырдаалдан чыгып кетишкен; мугалимдер, врачтар, мамлекеттик кызматкерлер «челнок» деп аталган бизнести аркалаганга өтүп, коммерциялык дүкөндөрдү, чач тарачтарды ж.б. ача башташкан. Мындай мүмкүндүктөргө ээ эмес элет калкына оор мүшкүл түшкөн. Колхоздор тарагандан кийин аларга жер үлүштөрү берилгени менен аларда жерди иштетүү үчүн зарыл болуп саналган айыл чарба техникасы болгон эмес. Айдоо жерлерине бай түндүк региондорунда таратылган жер үлүшү да чоң өлчөмдө болсо, калк жыш жайгашкан түштүк аймагында киши башына 4-6 соток өлчөмүндөгү жер тийген. Бул болсо региондогу салттуу түрдө көп бала күткөн үй-бүлөлөрдү жакырчылык менен айласыздыктын сазына батырган.

Түштүк аймагынын тез өсүп жаткан калкы жерге, сууга жана жумушка зар болуп тургандыктан, мамлекеттик саясат талап кылынган. Бирок, мындай саясат жок эле. Натыйжада бүткүл республика боюнча калктын стихиялуу миграциясы күч алган. Эл массалык түрдө региондордон борбор калааны, айрыкча түштүк аймактарынан түндүктү карай көчө баштаган. 1990-жылдары, 2000-жылдардын башында Бишкек шаарын курчай жайгашкан жаңы конуштарды, негизинен, түштүк областтарынан келген калк ээлей баштаган. Бишкектин чет-жакасындагы айыл чарба жерлерин өзүм билемдикке салып, элей баштаган алгачкы жер баскынчылары болуп борбор калаада туруктуу жашап калууну көксөгөн үй-жайсыз элеттик студенттер саналышкан. Алар туулган жерине кайтып барган менен ал жерде жумуш да, жер да, келечектеги өсүш жана балдарынын өнүгүшү үчүн эч кандай перспективалар жок экендигин түшүнүп, кандай гана оорчулуктар болбосун, борбор калаада калууну чечишкен. Мамлекеттин жаштарга карата жоопкерсиз саясаты аларга мындан башка жолду табууга мүмкүндүк берген эмес.

1. Сырткы миграциялык толкун. Жогоруда айтылгандарга карабастан, ички миграция да түштүк регионунун бардык проблемаларын чече алган эмес. Регион мурдагыдай эле калкы жыш жана экономикасы жакыр бойдон кала берген. Ошол себептен, ички миграциянын артынан эле сырткы миграциялык толкун башталган. Үй-бүлөсүн багуу максатында алар башка мамлекеттерге карай багыт алышкан. Калктын айрым тобу Казакстанда тез темп менен курулуп, жумушчу күчүнө муктаж болуп жаткан жаңы борбор калаа Астанага жөнөшкөн. Бирок, калктын басымдуу бөлүгү Орусияга бет алып, ал жерден Москва менен Питер шаарынан Сибирь жана Ыраакы Чыгышка чейинки кеңири аймактарга тарап кетишкен. Чет өлкөлөргө валюта менен аттанган «челнокчу»-соодагерлерден айырмаланып, эмгек мигранттары башка мамлекетке карай кайра кайтып келээр-келбесин алдын ала болжобостон эле кете бетишкен.

2. Финансылык толкун. Кыргыз мигранттары жумуш издеп башка мамлекетке жол тарткан мезгилде Орусиянын экономикасы кризиске кабыла элек болчу. 2000-жылдан тартып мунай менен газга болгон дүйнөлүк баанын уламдан улам өсүүсү бул өлкөнүн кескин түрдө алга карай өнүккөнүн шарттагандыгын айттык. Орусиянын күндөн күнгө бекемделип жаткан экономикасы эмгек ресурстарын да көп талап эте баштаган. Президент В. В. Путиндин экинчи мөөнөтүнүн башында кыргыз улутундагы көчө шыпыргычтардын, жүк ташуучулардын жана кара жумуш аткаргандардын катарын ширетүүчүлөр (сварщиктер), электриктер, айдоочулар, механиктер өңдүү бир кыйла квалификациялуу кадрлар толуктаган. Орусиялык областтар менен крайлардын администрациясы өздөрү келишимдик негизде Кыргызстандын региондорунан жумушчуларды алып кете баштаган. 2007-жылы Владимир Путин мекендештердин Орусияга өз эрки менен көчүп келүүсүнө көмөк берген мамлекеттик программаны ишке киргизген. Натыйжада республикадан врачтар, мугалимдер, инженерлер… Орусияга көчө баштаган. «Воскресный вечер с Владимиром Соловьевым» (НТВ, 22.06.08) деп аталган телекөрсөтүүдө бир нече эксперттер бүгүнкү күндө

Орусиялык экономика чет өлкөлүк жумушчу күчүсүз жашай албайт, Орусия Федерациясы эмгек миграциясына тоскоол кылгандан көрө, башка мамлекеттерден (ири алдыда, Борбордук Азиядан) келген жумушчу күчүн максаттуу окутууга жана пайдаланууга мезгил келди деп баса белгилешкен.

Бүгүнкү күндө Орусиянын ар бир регионунда алардан мурда барып, орун-очок алып калышкан тууган-туушкандары, достору, жердештери бар кыргыз мигранттары өз өмүрүн тобокелге салышпайт. Алар өз эмгеги үчүн жогору деп саналган эмгек акысын ала баштагандыктан, алардын Кыргызстанга которгон финансылык каражаттардын да көлөмү өсүүдө. Түштүк регионунун финансылык абалынын байкалаарлык жакшырышы 2004-жылы, б.а. март окуясындагы бийлик алмашууга чейин эле көзгө уруна баштаган. Ошол кезде түштүк аймагында жумушчу визити менен болгон Аскар Акаев ал жердеги жеке турак-жай курулушунун масштабына таң калган да, борбор калаага кайтып келээр замат 2005-жылды «Социалдык стабилдүүлүктүн жана турак-жай курулушунун жылы» деп жарыялоо тууралуу буйрукка кол коюп, аны ишке ашырууга жоопкер катары Мамлекеттик катчы Осмонакун Ибраимов жана Премьер-министр Николай Танаев өңдүү эки чиновникти дайындаган.

3. Түштүк регионунун пассионардуулук толкуну. Жогоруда айтылгандардын негизинде бир нече жыл мурда өз районунун чегинен чыкпаган, жумуш таппай, балдарынын келечеги кандай болоору үч уктаса түшүнө кирбеген карпайым түштүктүн бүгүнкү күндөгү абалын элестетип көрсөңүз. Тууганынын же туугандарынын (атасынын, ага-инисинин же балдарынын) чоочун мамлекетте таман акы, маңдай тери менен табылган акчасынын жардамы аркасында 1) анын үйүндө цивилизациянын баардык жыргалчылыктары пайда болуп жатса, 2) чөнтөк телефону менен ал Орусиянын ар кыл региондорунда жашап, иштеп жаткан туугандары, достору, жердештери менен ээн-эркин сүйлөшүп жатса, 3) анын үйүндө DVD ойноткучу, спутник телевидениеси, муздаткыч, ал гана эмес, компьютер пайда болуп жатса, 4) ал хан сарайын же баасы асманды чапчыган машина

сатып алып жатса, 5) борбор калаага көчүп келип, каалаган жогорку окуу жайына өтө алса, 6) ал жаңы кийим-кече кийип, жаңы көнүмүш адаттарга ээ болуп, улам өзгөрүп жаткан дүйнө ага улам жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берип жатса, анда бул адам өзүн кандай сезет? Албетте, ал адам эйфориянын таттуу кучагында калат. Ал жашоодогу кыйынчылыктар тез эле өтүп кетет, мамлекет бутуна туруп, өнүгүүгө бет алат деген оптимизмге ишенет, келечекке ишенүү менен карайт.

Постсоветтик мезгил аралыгында Кытайдан келе жаткан экспансиядан коргонуу, өлкөнүн демографиялык балансын калыптандыруу жана анын экономикасын андан ары өнүктүрүү максатында Орусия Федерациясынын миграциялык саясатында КМШ (СНГ) өлкөлөрүнөн келген миграциянын оң ролу тууралуу түшүнүмдөр жаралат. Орусия Федерациясынын мамлекеттик миграциялык саясатынын 2025-жылга чейинки Концепция [Концепция государственной миграционной политики Российской Федерации на период до 2025 года, утверждена Президентом Российской Федерации 13 июня 2012 года] чет өлкөлүк жумушчу күчүн өлкөгө тартуу жана Орусияны миграциялык жактан камсыз кылуу максатын көздөйт. Жалпы жонунан Орусиянын миграциялык саясаты Орусия менен КМШ ортосунда Орусия аймагында эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүү максатында чет өлкөлүк жумушчуларды мыйзамдуу кабыл алуу тууралуу макулдашууларды туруктуу негизде түзүүгө мүмкүндүк берген механизмди иштеп чыгууга багытталган.

Бирок, Концепциянын алгачкы этабын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы жар салынаар замат эле миграциялык саясаттагы жаңы чектөөлөр менен тыюу салуулар пайда болду. Берилген иштин темасына байланышкан айрым жаңы киргизүүлөргө токтолсок. «Мигранттарды адаптациялоо жана интеграциялоо» боюнча иш-чаралардын чегинде 2012-жылдын 1-декабрында Орусия Федерациясында турак-жай – коммуналдык чарбасында (ЖКХ), соодада, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө иштеген мигранттарды орус тилин билүү боюнча тест сынагынан өткөрүүгө

милдеттендирген мыйзам күчүнө кирген. Демек, орус тилин мыкты билген чет өлкөлүк мигрант бир кыйла артыкчылыктар менен жеңилдиктерге ээ болуусу - айдан ачык иш. Инсандык жана адискөйлүк (профессионалдык) сапаттар менен бирдикте орус тилин мыкты билүү эмгек ресурстарын эффективдүү мобилизациялоого көмөк берип, акчалай формадагы минималдуу жоготууларга дуушарлануу менен Орусиядагы эмгек мигранты статусунан максималдуу пайда көрүүгө жардам кылып, аларды кабыл алып жаткан коомго интеграциялоону жеңилдетмек.

Постсоветтик Борбор Азиядагы башка өлкөлөрдөн айырмаланып, Кыргызстанда орус тили расмий тил статусуна ээ болсо да, советтик мезгилге салыштырмалуу орус тили өз позицияларынан бир аз тайып калган. Социологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, кыргызстандык эмгек мигранттарынын орус тилин билүүсүн жетишээрлик жогору деп субъективдүү баалоого болот [Исследование «О статусе соблюдения прав женщин трудящихся-мигрантов в Кыргызстане, Таджикистане и Узбекистане (страны происхождения), Российской Федерации и Казахстане (страны назначения)», которое было проведено в 2009 году по заказу ЮНИФЕМ консалтинговым агентством «Эксперт». – 2013. - № 18. – С. 115]. Айтсак, Кыргызстанда сурамжылоого тартылган эмгек мигранттарынын 90,9 %ы эмгек ишмердигин аткаруу, ал эми 91,3%ы формалдуу жана формалдуу эмес пикир алышуу үчүн зарыл болуп саналган орус тилин билүүсүн жетишээрлик деп баалаган. Сурамжылоого тартылган ар бир бешинчи респондент (21,8 %) документтерди орус тилинде толтурууда кыйынчылыктарга туш болот.

Көбүнчө айыл жеринде мектепти аяктаган жаштар орус тилинен абдан кыйналышат. Жогоруда айтылгандай, Орусияга эмгек акы табуу максатында келген мекендештерибиз документтерди толтурууда көп мүшкүлдүктөрдү баштарынан өткөрүшөт. Бирок, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө эмгектенген бардык мигранттар, айрыкча, кыска мөөнөткө келген жана айлык акысы өтө эле төмөн, престиждүү деп табылбаган

чөйрөлөрдө иштеген мигранттар үчүн орус тилин билүүгө тест сынагын берүү талабы өтө эле оор болуп саналат.

Мыйзам боюнча мигранттар, жок эле дегенде, орус тилин базалык деңгээлден төмөн даражада билүүсүн далилдей алышы керек. Бул үчүн ал орус тилин чет тили катары билүүгө болгон тест сынагынан өткөндүгү тууралуу сертификатты, же мигрант туруктуу жашап келген өлкөнүн аймагында берилип, Орусия Федерациясы аны тааныган билими тууралуу документ менен аттестаттын нотариалдык ишендирилген орус тилиндеги котормосун көрсөтүүсү керек.

Эмгек мигранттары орус тилин билүү боюнча базалык деңгээл деп аталган алты деңгээлдин экинчисине ылайык келген сынакты тапшыруусу абзел. Күнүмдүк пикир алышуу үчүн Орусиядагы мигранттар биринчи, же элементардык деп аталган деңгээлден төмөн эмес болгон деңгээлдеги тилди билүүсү зарыл. Мигранттардын көпчүлүгү компьютерде иштей албагандыктан, орус тилин билүү боюнча он-лайн тест берүү өтө эле кыйын болуп саналат. Мындан сырткары, тилди билүү боюнча экзамен-сынак оозеки да бөлүмдөн турат.

Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө иштеген эбегейсиз зор сандан турган эмгек мигранттары үчүн тест сынагын тапшыруу борборлору, о.э. орус тилин үйрөтүү же мигранттарды адаптациялоо боюнча акысыз курстары абдан эле жетишсиз же аз санда болуп саналат.

Орус тилин билбөө жана компьютердик сабаттуулуктун негиздеринин жоктугунан сырткары, мигранттар үчүн тилдик курстарда окуу жана сынак тапшыруу үчүн зарыл болуп эсептелген акча каражатынын жоктугу да кошумча бөгөттөрдү жаратууда. Мигранттарды тестирлөө акы төлөө жолу менен жүргүзүлгөндүктөн, тил үйрөтүү борборлору үчүн мигранттарды кайрадан сынак тапшырууга таштап коюу каржылык жактан өтө пайдалуу болуп саналат.

Тил боюнча экзамен-сынак тапшыруу жагдайы милдеттүү түрдө медициналык кароодон өтүү менен байланышкан аргасыз жана мажбурлуу

практикага окшош. Тил билүү боюнча экзамен-сынак деген аталыш менен коррупция, акча дооламай жана эмгек мигранттарынын укуктарын басмырлоо үчүн жаңы каналдар мыйзамдаштырылып жаткандай сыяктанат. Мигранттар эмгектин өтө эле престиждүү эмес, абдан оор, анын үстүнө, мыйзамсыз мүнөздөгү чөйрөлөрүнө тартылгандары аз келгенсип, аларды престиждүү жана көп төлөнүүчү деп айтууга ооз барбаган кызмат көрсөтүү чөйрөсүнөн да сүрүп салуу күч алууда.

Орусиянын тарыхы жана Орусия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздери боюнча экзамен-сынактарын тапшыруу милдеттери да Орусияга чет өлкөлүк жумушчу күчтөрүн тартууга жана эмгек мигранттарын интеграциялоого көмөк бере албайт деген пикирдебиз.

Узак мөөнөттүү жана туруктуу миграциянын, үй-бүлө менен келген миграциянын артыкчылыктарын декларациялоо менен Орусияда каттоодон өтпөгөн мигранттардын балдарын мектепке кабыл алууга тыюу салган токтомдор чыгууда. Үй-бүлөсү менен келген мигранттар кабыл алып жаткан өлкөдө туруктуу калып, анын мыйзамдары менен тартиптерине баш ийүүнү көздөөрү жалпыга маалым. Мындай мигранттар кабыл алып жаткан жамаатка интеграциялануу потенциалына ээ болушат. Алардын Орусиянын мектептеринде окуп, орус тилин мыкты билген балдары орус тили менен орус маданиятынын эң мыкты агитаторлору жана трансляторлору болуп саналышат.

Орусия өкмөтүнүн планынын дагы бир маанилүү пункту болуп 2013-жылдын экинчи кварталынан тартып чет өлкөлүк жарандар тууралуу маалыматтарды алуунун, калыптандыруунун, сактоонун жана дактилоскопиялык (бармак издери) информацияны пайдалануунун автоматташтырылган системасын ишке киргизүүсү эсептелет. Документте мындай маалымат «компетенттүү» органдарга да маалым болуусу абзел деп айтылат.

Социалдык процесс болуп саналган миграцияны башкарууда өлкөгө кирип жаткандарды күчөтүлгөн тартипте көзөмөлдүккө алуу жана

мыйзамсыз миграция менен байланышкан кылмыштар үчүн жазалоо системасын дагы бир кыйла күчөтүү практикасы көрсөткөндөй, мамлекеттин максаттары жана милдеттери жеке адамдардын кызыкчылыктары жана жоболору менен дал келбей калуусу да ыктымал.

Бир жагынан, заманбап миграциялык процесстер өтө эле баш аламан өнүгүп жаткандыктан, миграциялык процесстерди тескөөгө алып башкаруу Орусия мамлекетинин алдында турган улуттук коопсуздуктун бирден бир башкы милдети болуп саналат.

Экинчи жагынан, Орусия Федерациясынын аймагына кирип жаткан ак ниеттеги чет өлкөлүк жарандардын статусу (статус добропорядочных иностранных граждан) так кесе аныкталган эмес. Орусияга Кыргызстандан келген эмгек мигранттарынын басымдуу көп бөлүгү мекениндеги жакырчылык менен жумушсуздуктун айынан эмгек акы издөө максатында гана чет өлкөгө жер которгон ак ниеттеги жарандар болуп саналышат. Чет өлкөлүк жарандар тууралуу маалыматтарды алуунун, калыптандыруунун, сактоонун жана дактилоскопиялык (бармак издери) информацияны пайдалануунун автоматташтырылган системасын ишке киргизүү менен мындай жарандар кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылган кылмышкерлер менен бир катарга туруп калуусу толук мүмкүн. Ошентип, Орусия мамлекети тарабынан «өз» менен «жаттын» ортосундагы демаркациялык түз сызык жасалма түрдө жүргүзүлүүдө.

Мамлекеттик органдардын колу таза эмес кызматкерлеринде «чоочундардын», ири алдыда, эмгек мигранттарынын ичинен «күнөөлүүлөрдү издөө» менен байланышкан арам ойдун жаралышы да ыктымал. Же болбосо, эмгек акыны төлөбөй коюуну көксөгөн жумуш берүүчү тигил же бул кылмышты ачуу үчүн өзүнө иштеген мигрантты пайдалануусу да толук мүмкүн. Мындай шарттарда эмгек мигранттары өзүнүн күнөөсүздүгү менен укуктарын коргоого болгон аракеттери эч майнап бербеси – түшүнүктүү иш. Ошентип, алар эмгек миграциясынын

шарттарында мигранттар укугу тепселген экинчи сорттогу адамдын статусуна ээ болуу менен оор жагдайларда күн кечирип келишет.

Мыйзамсыз миграциянын масштабдарын да эстен чыгарбообуз тийиш. Мындай жагдайды коомдук системанын өзү, миграциялык режим, нормативдик-укуктук актылардагы карама каршылыктар, бизнес менен капиталдын оотосундагы пикир келишпөөчүлүктөр, акыр аягында келип эле, көмүскө экономика жаратууда. Орусия Федерациясынын жаңы миграциялык саясатында тыюу салуулар менен чектөөлөр, мигранттарга карата кошумча талаптар көбөйүп, мыйзамсыз миграция менен байланышкан кылмыштар үчүн жазалоо системасы да бир кыйла күчөтүлүүдө. Албетте, булардын бардыгы тең мигранттарды мыйзамдаштыруу ишине эч кандай көмөктөрдү бере албайт.

Чет өлкөлүк жумушчу күчүн квоталаштыруу визасыз өлкөлөрдүн эмгек ресурстарын жөнгө салуу үчүн пайдаланылат. Бул процедура ири жумуш берүүчүлөрдү тескөө үчүн гана колдонулат. Квотага арыз берүүдө жумуш берүүчүдөн эмгек менен камсыз болуунун мамлекеттик кызматына катталуу, ал жерге өз вакансияларын жайгаштыруу жана уюм тууралуу толук маалымат берүү талап кылынат. Орто жана кичи жумуш берүүчүлөрдүн керектөөлөрү эске алынбайт. Анын үстүнө, алар анча көп эмес сандагы жумушчулар үчүн өтө татаал бюрократиялык процедураларды жасоону каалашпайт.

Федералдык миграциялык кызматтын (ФМС) башчысы К. Ромодановскийдин сөздөрү боюнча квота механизми «эң эле эффективдүү болуп саналбайт» жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берүүгө үлгүрбөй келет. Орусия Федерациясынын токтомуна ылайык 2013-жылы ишке 1 млн 745 миң 584 уруксаат кагазын жана Орусияда иштөө үчүн 410 миң 126 чакыруу кагазын берүү пландаштырылган. Ошентип, 2012-жылга салыштырмалуу квоталардын саны бир кыйла кыскарган: «Үч жыл мурда эле кризис маалында квоталар эки эсе көп берилчү. ... азыр арзан жумушчу күчүнө болгон зарылдык бир нече эсеге көп». Өлкөгө квотасыз эле кирген

чет өлкөлүк арзан жумушчу күчүнө болгон зарылдык жылдан жылга өсүүдө. Чет өлкөлүк жумушчу күчүнө квоталардын азайышы эмгек ресурстарынын таңсыктыгын (дефицитин) эске албайт. Чет өлкөлүк жумушчу күчүнө квоталардын азайышы мигранттарга, жумуш берүүчүлөргө гана эмес, жалпы эле орусиялык экономикага да кесепетин тийгизиши мүмкүн. Квоталардын азайышы эмгек мигранттарына укуктук талаага кирүү мүмкүндүгүнөн айрыйт. Натыйжада, алар мыйзам боюнча күчөтүлгөн формадагы жазаларга тартылышат. Жумушчу күчүнө болгон зарылдык чиновниктердин мыйзамдары менен эмес, рынок механизмдери аркылуу жөнгө салынууга тийиш. Эгерде 2015-жылы эмгек мигранттары Орусияга карата миграциялык кызыкчылыктарын жоготпосо, анда аларды эмгек мигранттарын квота боюнча кабыл алуу түрүндөгү сыйлык күтүп турат.

Орусия Федерациясынын жаңы миграциялык саясаты Орусия жана КМШ өлкөлөрүнүн ортосунда Орусия аймагында эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүү максатында чет өлкөлүк жумушчуларды мыйзамдуу кабыл алуу тууралуу макулдашууларды түзүүгө мүмкүндүк берген механизмди иштеп чыгууга багытталган. Күтүлүп жаткан система визасыз режимдин шарттарында тап-такыр эле иштей албайт. КМШ өлкөлөрүнүн чегинде визалык режимди киргизүү Орусия Федерациясынын мыйзамдарына гана эмес, бир катар эл аралык нормативдик-укуктук актылар менен өкмөттөр ортосундагы макулдашууларга да каршы келет. Орусиянын КМШ өлкөлөрү үчүн миграциялык жагымдуулугу Орусия аймагында каттоосуз (регистрациясыз) 90 күн калуу мүмкүндүгү менен байланышкан.

Айтылгандардан төмөнкүдөй корутундулар жаралды:

1. Буга чейин ата мекендик илимий адабиятта кыргыздардын, о.э. өз мекенинен сырткары жашаган этникалык кыргыздардын, айтсак, кытайлык кыргыздардын, этномаданияты тигил же бул деңгээлде изилденип келгенин айттык. Бирок, ааламдашуунун шартында жумуш издеп дүйнөнүн төрт тарабына чачылып кеткен кыргыз этносунун өкүлдөрүнүн этномаданияты да, социомаданияты да илимий изилдөөгө тартылбай келет.

2. Кыргыздардын үй-бүлөсү дайыма көп балалуулугу менен айырмаланган. Бирок, калктын тез өсүүсү көчмөндөр арасында туруктуу түрдө болуп турган ачкачылык жана эпидемиялык оору-сыркоолордун бийик деңгээли аркылуу ооздукталып турган. Совет бийлиги кыргыздарга отурукташкан жашоо-тиричиликти, социалдык-экономикалык өнүгүүнү тартуулап, медициналык тейлөө жакшырган. 11 жыл аралыгында (1959-1970) кыргыздардын саны 53%га өскөн. Кыргызстандын түштүгүндө төрөлүүнүн эң бийик чеги 1970-1980-жылдарга туура келет. Бирок, мындай демографиялык жарылуудан пайда болгон балдар бойго жеткенде СССР кулап, калкы жыш жайгашкан түштүк регионунун жашоочулары жумушсуз жана үй-жай куруу үчүн зарыл болгон жер үлүшүсүз калышкан. Натыйжада, калктын жыштыгы түштүктө тамак-аш продуктылары, жер, суу, жумуш ж.б. ресурстардын тартыштыгы менен байланышкан демографиялык проблеманы жараткан. 2000-жылдары бул чөлкөмдө аларды жумуш, келечекке карай үмүт, социалдык колдоо менен камсыз кыла албаган мамлекеттин саясатына наараазы болгон жаштардын эбегейсиз зор массасы топтолгон. Мындай жаштар олуттуу мүнөздөгү социалдык жана саясий күчкө айланган. Ал эми, каалагандай күч эйфорияны жаратаары белгилүү.

3. Диаспоранын изилдөө теорияларында сунуш кылынган терминдин көп кырдуу белгилери болсо да, көпчүлүк авторлор анын эң негизгиси катары диаспоранын мүчөлөрүнүн өздүк идентификацияга ээ болушун, өздөрүн тарыхый мекенде «калган» этноско таандыкмын деп билүүсүн аташат.

4. Ааламдашуу мезгилинде илгери колония кылып басып алуу максатында келген өлкөлөргө карата ошол колония болгон аймактын жергиликтүү калкы эмгек мигранты катары баруу практикасын Францияга келген африкалыктардын, Англияга келген индустар менен пакистандыктардын, Орусияга келген Кавказ калкы менен Борбор Азия мамлекеттеринин тургундарынын миграциялык толкундары таасын көрсөтүүдө. Постсоветтик мезгил аралыгында кыргызстандык мигранттар

дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндө эмгектентенип, кыргыз диаспоралары көп мамлекеттерде пайда болгонуна карабастан, диссертациялык иштин көлөмүнүн чектүүлүгүнө байланыштуу Орусиядагы кыргыз диаспоралары жана Орусия Федерациясынын миграциялык саясатындагы өзгөчөлүктөргө кенен токтолууну дурус көрдүк.

5. Орусиядагы кыргыздар 1990-жылдардын аягынан тарта гана өздүк диаспорага ээ боло баштаган. Дал ушул мезгилде Кыргызстандан Орусияга карай кеткен миграция массалык мүнөзгө ээ боло баштайт. Белгилүү болгондой, советтик мезгилде Кыргызстандан Орусияга багыт алган миграция аз санда болуп, тескерисинче, “артта калган” Кыргызстандын экономикасы менен маданиятын көтөрүү максатында Орусиянын ар кайсы чөлкөмдөрүнөн келген адистер басымдуулук кылган. Постсоветтик мезгилде СССРдин чөлкөмдөрүнүн ортосундагы мурдагы экономикалык байланыштардын талкаланышы миграциянын багытындагы тескери процесстин пайда болушуна алып келген.

6. Кыргызстандан Орусияга багыт алган миграциянын «толкундарын» 1) советтик жана 2) постсоветтик мезгилдеги деп айырмалоого болот. Бул толкундардын натыйжасында ар кыл топтор менен катмарлардан түзүлүп, Орусияда жамаат-анклав болуп эсептелген кыргыз диаспорасы калыптанган. Жалпы жонунан, Орусиядагы кыргыз диаспорасы көчүп келүү убакыты боюнча «мурда келгендер» жана «кийин келгендер», ал эми демографиялык курамы боюнча орточо эсеп менен эки-үч муундун өкүлдөрүнөн турат.

7. Орусия жана башка мамлекеттерде жашаган кыргыз жамааттарына диаспоралардын классикалык мүнөздөмөлөрүнө өтө жакын болгон төмөнкүдөй белгилер таандык: 1) диаспоранын тарыхый-маданий келбети калыптанып, ошол диаспора бөлүнүп кеткен уюткулуу коом жашаган «мекендин» (чөлкөм-региондун же өлкөнүн), 2) «тарыхый мекен», анын маданий жетишкендиктери тууралуу түшүнүмдөрдүн, 3) идеалдуу деп табылган тарыхый мекенге болгон ностальгиялуу ишенимдин, 4)

диаспоранын өкүлдөрү тарыхый мекенди сактоо жана калыбына келтирүү, анын гүлдөп-өнүгүшү менен коопсуздугу үчүн “бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып”, чын дилден, ынтымактуу жана коллективдүү кызмат өтөөсү тийиш экенине ишенүүнүн, 5) кандайдыр бир диаспоралуу топтун уюткулуу негизги коомдон алыстап, ажырап кетүүдөн жаралган сагыныч, күйүт сезиминин болушу.

8. Орусиянын каалагандай жеринде кыргыз мигранттарын эң эле оор, маяна өтө аз төлөнгөн, адамдын инсандыгын кемсинткен жумуштар күтүп турган. Бирок, Кыргызстанда аларды ачка үй-бүлө (ата-энелер менен балдар, аялдар менен күйөөлөр, ага-инилер менен эже-карындаштар) күтүп жаткандыктан, мигранттар мекенине кайрылып келбестен, оор жумуштарды жасоону уланта беришкен. Кыргыз мигранттарынын алгачкы мууну өз үй-бүлөсүн гана жакырчылыктан куткарбастан, өз мекендештери үчүн башка мамлекеттерде иштеп, акча табуу жолун көрсөтүп беришкен. Расмий маалыматтар боюнча 2005-жылы Орусия менен Казакстанда жарым миллиондон бир миллионго чейинки кыргызстандыктар эмгектенишкен.

9. 2003-2004-жылдардан тартып кыргызстандык эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын суммасы жылдан жылга өсө баштаган. 2005-жылы ал 500 миллион АКШ долларын түзсө, 2007-жылы ал 1,5 миллиард АКШ долларына барабар болгон. Орусиядагы эмгек мигранттарынын басымдуу көпчүлүгү түштүктөн, демек, сөз болгон 1,5 миллиард долларды алгандар да алардын түштүктө жашаган туугандары экени жогоруда айтылды. Мындай эбегейсиз зор суммадагы акча каражаттары эмнеге сарпталган? Заводдору таланган, туризми али да болсо жакшы өнүкпөгөн, айыл чарбасы рентабелдүү эмес заманбап Кыргызстанда акча салымын киргизүүгө ылайыктуу өндүрүш болбогондуктан, аталган каражаттардын басымдуу бөлүгү керектөөгө жумшалган.

10. Жогоруда айтылгандай, Орусияда эмгектенген мигранттардын 90 %дан көп бөлүгүн түштүктөн чыккандар түзгөн. 2005-жылдын 24-мартынан кийин түштүктүктөрдүн колуна тийген машиналар менен квартиралар,

Бишкек шаары менен Ысык-Көлдүн тегеретесиндеги жер үлүштөрү менен менчик үйлөр, тиричилик техникасы өңдүү нерселер асмандан түшкөн эмес, алар 2003, 2004, 2005, 2006, 2007 жана 2008-жылдары Орусиядан келген эмгек акыга сатылып алынган.

# К О Р У Т У Н Д У

Философиялык адабиятта бир улутту башкасынан айырмалоого, улуттук жана жалпы адамзаттык маданияттын өз ара алакасы менен жуурулушун көрсөтүүгө, ошону менен катар эле берилген маданияттын адамдардын тигил же бул жамаатына таандык экендигин аныктоого мүмкүндүк берген улуттун маданиятынын мүнөздөмөсү берилген.

Этникалык өзгөрүүлөрдүн учурдагы практикасы көрсөткөндөй, улуттук консолидация процессин шарттаган тенденциялар үч багытта жүрөт: 1) ири сандагы жана компакттуу аймактары боюнча айырмаланган этностордо акырындык менен нацияга айлануу тенденциясы байкалат [Гордонов В. К., Жданко Г. А., Долгих Б. О. - 1961. - № 4]; 2) башка этностордо башка ири нациялардын таасиринин негизинде этникалык феномендер менен катар эле улуттук атрибуттардын калыптануусу байкалат [Караңыз: Гурвич И. С. - 1967. - № 5]; 3) үчүнчүлөрдө этникалык процесс адамдардын жамаатынын жогорку тибин көп сандаган этникалык маданиятты бир бүтүндүккө жуурулуштуруп, бирдей маңыз менен формага каныктыруу жолу аркылуу жүрөт.

Мындай буркан-шаркандуу жана активдүү процесстер көп сандаган майда этностор менен этникалык топторду адамдардын мурда белгисиз, азыр маргиналдуу болуп саналган тарыхый-интернационалдуу жамааты формасындагы бир бүтүндүккө бириктирген социалдык-саясий жана аймактык-экономикалык концентрациялар менен коштолот.

Этникалык түзүлүштөр (этностор) баштарынан өткөрүп жаткан мындай өтмө доорлор постсоветтик геосаясий мейкиндикке гана эмес, бүткүл дүйнөлүк практикага да мүнөздүү болу менен тарыхый зарыл объективдүү факторлор болуп эсептелишет.

Ааламдашуу менен “эркин рынок” деп аталган заманбап капиталисттик коомдун шартында каалагандай этностун маданиятындагы маргиналдуулук феноменине кандай өзгөчөлүктөр таандык?

Диссертацияда айтылгандай, капиталисттик коом адамды, анын билимин, тажрыйбасын, моралдык жана интеллектуалдык сапаттарын түккө арзытпай, күн көрүү менен жан багуунун жападан жалгыз стимулу катары акча менен акчанын үстөмдүгүн атайт.

Ааламдашуу шартында «табигый ресурстар баарыбызга жетпегендиктен, биз жакшы жашообуз үчүн башкалар жаман жашоого тийиш!» деген принципке таянуу менен так кесе жана агрессивдүү маанайдагы тышкы экономикалык саясатты жүргүзгөн АКШ, Япония, Батыш Еврошериктештиги, Канада, Израиль, Бириккен Араб Эмираттары өңдүү «алтын миллиард» категориясына кирген өлкөлөр бар. Күч-кубаты кредиттик-финансылык механизмдерге айландырылган «мунай», «газ» жана нарко-акчаларга таянган империалисттик олигархтардын анча чоң эмес тобу тарабынан башкарылган бул агрессор өлкөлөр алдамчылык менен шылуундукка негизделген маркетинг технологияларын (технологии мошеннического маркетинга) башка өлкөлөргө активовдүү таңуулап жаткандыгы айтылды. Жогоруда аты аталган өлкөлөрдүн саясатынын маңызын түшүнүү үчүн дүйнөлүк процесстердин жүрүшүнө глобалдуу ой жүгүртүү талап кылынат.

Түпкүрүнөн заманбап кыргыз мамлекеттүүлүгү суурулуп чыккан Советтер Союзу төмөнкүдөй эки багыт боюнча кулатылган:

- экономикалык багыт (колдорунда акча басып чыгарган станогу, мунайдын дүйнөлүк рынокторунда чоң акча каражаттары менен ойногон мамлекеттердин тобун эч качан жеңүү мүмкүн эмес экендигин алдын ала билип туруп, СССР үчүн чыгашалуу болуп эсептелген жарыша куралдануу саясатын таңуулоо);
- идеологиялык (советтик жарандардын акыл-эсине «жашоо-тиричиликтин Батышка таандык образын» акырындык менен киргизүү, болмуштун тарыхый эс-тутум, тил, каада-салт, руханият, адеп-ахлак, адамкерчилик өңдүү чыныгы баалуулуктарын «пепси», «кола» жана «микки-маус» өңдөнгөн арзан, жеңил-желпи, өтчү-кетчү нерселер менен

алмаштыруу, аморалдуу жүрүм-турум менен паракорчулукка көмөк көрсөтүү, аларды колдоого алуу, б.а. руханий жактан чирип, акырындык менен манкуртка же зомбиге айлануу).

Бүгүнкү күндө Кыргызстан сымал КМШ өлкөлөрү жогорудагы факторлордон улам жаралган тири укмуш катастрофанын кесепеттеринен жапа чегүүдө. Мындай учурларда аргасыз кытай акылмандарынын «Өзгөрүүлөрдүн доорунда жашагандан Кудай өзү сактасын!», - деген кооптонуу сөздөрү эске түшөт.

Диссертацияда люмпен-интеллигенцияга бекер жеринен токтолгон жокпуз. Төбөсү көрүнүп келе жаткан жаш таланттарга асылганды, кыргыз баалуулуктары менен тарыхын жерип, телевидение менен радиодо коррупция менен күрөшкөн каарман катары элге көрүнсө да, кол алдындагылардан, көз каранды адамдардан тиленип, асылып жатып өндүрүп алган конверттеги доллар түрүндөгү паранын эсебинен күн көргөн, айыл-кыштактар менен шаарлардагы жумушсуздукка кол шилтеп койгон, мамлекеттик бюджетти амалдуу схемалар менен жеген, ипотекага алынган евроремонттуу квартираларда жашоону, авто-кредитке келген иномаркаларды айдоону самаган, бири биринен эч айырмаланбаган супермаркеттердеги көз жоосун алган буюмдарга кызыккан, порносайттан башы чыкпаган, смартфону менен мактанган, жакынкы жердеги пабда порошоктон жасалган пиводон курсагы чандайган, педерастияга кызыккан, целлюлит менен акылсыз балдар тууралуу сөздөрдөн тажабаган адам бүгүнкү капиталисттик доордун чыныгы люмпен-интеллигенти, кызыл кулак экономиканын чала-бучук маргиналы.

Батыш менен капитализмдин бизге таңуулаган жогоруда сыпатталган негативдүү маргиналдуулугунан кантип оолак болуп, өз этномаданиятыбыздын бийик баалуулуктарын сактап калууга болот? Анын негизги жолдору катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

1. Ааламдашууга, керектөөгө, кулдук эмгекке жана финансы-кредит мамилелерине негизделген «эркин рыноктун» дүйнөлүк системасы артта

калган өлкөлөрдө жашаган миллиарддаган адамдары деградацияга, аморалдуулукка жана биологиялык өлүмгө алып келген жол болуп саналат. Бул максатта банктар менен камсыздоо компаниялары, торгаштар менен паракорчулар сыяктуу дегенеративдүү «Батыш баалуулуктарын» туу туткандарга карата бир аз башкача мамилени калыптандыруу зарыл. Кыргыз эли руханий мурастары жана табигый ресурстары менен бай. Башка мамлекеттер ошол ресурстарга көз артып, биздин жер байлыктарыбызды тартып алуу максатында эч кандай кепилдиктер менен бекемделбеген жашыл кагазына баарын сатып алууга даяр. АКШ менен Евросериктештиктин акчасы төлөм каражаты катары кабыл алынуудан калганда гана алардын күч-кубаты түгөнөт. Бүгүнкү күндө алар биздин элди амалкөй маалыматтык технологиялардын жардамы аркасында баш айландыруу аракетин көрүүдө. Ошол себептен, өсүп келе жаткан жаш муундарды капиталисттик ойлом менен митече жашоо психологиясына эмес, бабалардан келе жаткан улуу мурастардын негизинде тарбиялоо өзгөчө маанилүү. Бул биздин балдарыбыз менен неберелерибиздин алдындагы ыйык парзыбыз!

2. Руханий тарбиядан сырткары, этномаданияттык бийик үлгүлөрүн сактап калууда патриоттук тарбия да зор мааниге ээ. Кадыресе адамдарда эле эмес, Батыштан келген акчага баардыгын сатууга даяр чиновниктерге чейин өз мамлекетин сыйлоо, эмгекти урматтоо жана ата мекендик өндүрүштү өнүктүрүүгө аракеттерди жасоо сыяктуу сезимдерди калыптандыруу керек. Кыргызстан экологиялык жактан таза өлкө. Демек, экологиялык таза товарларды өндүрүү өлкөбүздү дүйнөлүк атаандаштыкка татыктуу жана экономикалык жактан көз каранды эмес мамлекетке айландыра алат! Кыргыздын чыныгы мекенчил уул-кызы өз балдарынын келечеги үчүн кооптонот, өлкөсүндө жашоо-тиричиликтин мыкты, адам үчүн татыктуу болуп саналган шарттарын түзүүгө, башкаларга адамкерчилик мамилесин кылууга, ыплас жол менен эмес, таман акы, маңдай тер менен акы табууга умтулат, эли аз ооруп, көңүлү шат, көөдөнү ток болуусун чин дилден каалайт.

3. Каалагандай акыл-эстүү элдин маанилүү милдеттеринин бири болуп мамлекеттик идеологияны калыптандыруу эсептелет. Идеология – коом менен өлкөнүн өзөктүү пайдубалы, же фундаменти. Батыш коомунун «демократиясы» менен өнүгүүгө бет алган, цензураны жана өздүк идеологиясын түп орду менен талкалап, «өзүмдү өзүм билем, өтүгүмдү төргө илем» формасындагы «либералдык баалуулуктарды» ашкере жайылткан мамлекет акырындан деградация менен социалдык жок болуунун курмандыгына айланып, келечегинен айрылып калганы - айдан ачык иш. Жарандырдын аң-сезими менен адеп-ахлагын сактоонун методикасы катары мелүүн цензура менен «Кыргызстан – руханий тазалык менен бийиктиктин өлкөсү" сыяктуу идеологиялык доктринаны, алкоголь менен өндүрүш каражаттарына карата мамлекеттик монополияны киргизүү аркылуу гана биздин балдарыбыздын келечегин камсыз кыла алабыз.

4. Чет өлкөлүк айрым товарлар, кызмат көрсөтүүлөр жана маалымат үчүн чек араны жаап таштоо, б.а.

- айрым товарларды мамлекеттик чек арадан киргизбей коюу өлкөнүн экономикасынын негизи болуп саналган ата мекендик өндүрүштү кайра жаратууга жол ачат;
- айрым кызмат көрсөтүүлөргө бөгөт коюу өлкөнүн жарандары үчүн миңдеген жумушчу орундарын түзүп, орто таптын пайда болушун шарттап, коомдун моралдык жана руханий кайра жаралуусун камсыз кылат;
- маалыматтык-психологиялык согуштун, Батыштагы атайы кызматтардын (спецслужбалардын) колунун, эл аралык «укук коргоочулук» жана сионисттик уюмдардын жардамы аркасында империалисттик капчыктуулар биздин коомду караңгылык менен майдаланып-бытыроо шартында кармоону максат кылгандыктан, Батыштан келген маалыматка бөгөт коюу – бирден бир маанилүү милдет болуп саналат. Көпчүлүккө эл аралык финансылык атка минерлердин «бөлүп алып, бийлигиңди кыла бер!» («разделяй и властвуй!») деген принциби кеңири маалым. Азыр Югославияда, Ливияда, Иракта, Афганистанда, Украинада эмнелер гана

болуп жатат?! Мындан артык аргументтин деле зарылдыгы болбосо керек. Мындай абалды колдо болгон бардык мүмкүнчүлүктөр менен оңдоого аракет кылуу абзел. Жаратман коомду түзүүнүн ачкычы болуп элибизге эзелтен эле мүнөздүү болуп келген руханий дөөлөттөр менен ыймандуу тарбия эсептелээрин түшүнүүгө мезгил жетти! Ошол себептен, жаштар менен жалпы эле коомду өз маданияттынын чыныгы баалуулуктарына үгүттөө, кыргыз тарыхын, сергек жашоону жана этномаданиятыбыздагы бийик нарк-насилдерди, Чыгыш цивилизациясынын руханий артыкчылыктарын популяризациялоо – бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринен.

5. Кыргыз үй-бүлөсүндө кыргыз болуп туулуп, кыргызча тарбияланган адам канчалык англисче сүйлөп, Батыштан билим алса да, эч качан англичанин, же америкалык болуп калбайт. Анын болушу принципиалдуу түрдө мүмкүн эмес, же анын болушуна жол бербөө зарыл. Көчмөндөрдүн бийик руханий дөөлөттөрүнүн фонунда заманбап Батыштын «баалуулуктары» деструкция, же псевдо-баалуулук гана болуп саналат. Англосаксондук ойлом индивидуализм (кыргызча –кер баштын артыкчылыгы, өзүмчүлдүк, орусча - жлобство) жана космополитизм (кыргызча кызыл, кызыл кекиртек, кыйла жерге секиртет, орусча – крыса ищет, где сытнее) деген принциптерге негизделгендиктен, капитализм менен руханият бири бирине кайнаса каны кошулбаган нерселер болуп саналышат. Өзүбүздүн улуттук гана эмес, дүйнөнүн башка элдеринин достук жана адамкерчилик, пейил жана көңүл, марттык жана ак ниеттик, патриотизм, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, өлкөнүн тарыхы менен салттуу үй-бүлөнүн турмуш куруу, бала күтүү, баланы татыктуу тарбиялоо ж.б. сыяктуу интернационалдуу руханий жана моралдык баалуулуктарын көздүн карегиндей сактап, кийинки муундарга бийик жетишкендик катары өткөрүп берүү - ааламдашуу шартында жашап жаткан ар бир аң-сезимдүү адамдын ыйык милдети!

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Аалиева Г. К. Кыргыздардын улуттук мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү. Монография. – Бишкек, 2013.
2. Аалиева Г. К., Аалиева Н. К., Аалиева Ш. К. Философиянын тарыхы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. – Бишкек, 2008.
3. Абдылдабек кызы Ж. Трансформация менталитета // Республика. – 1993. 19 июня;
4. Абдылдаева Т. Ч. Ааламдашуунун (глобализациянын) шарттарында исламды модернизациялоо маселелери. – Бишкек: философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация, 2008.
5. Абрамзон С. М. Киргизии и их этногенетические и историко-культурные связи. – Фрунзе, 1990;
6. Абрамзон С. М. Киргизы // Народы Средней Азии и Казахстана. – Т. 2. – М., 1963;
7. Абрамзон С. М. Очерк культуры киргизского народа. – Фрунзе, 1946.
8. Абрамян А. Г. Краткий очерк истории армянских переселенческих очагов. - Ереван: Армянское государственное издательство (Айпетрат), 1964;
9. Абрамян А. Г. Краткий очерк истории армянских переселенческих очагов. - Ереван: Издат-во «Айастан», 1967 (на армянском языке).
10. Авксентьев В. А. Этническая конфликтология: в поисках научной парадигмы. - Ставрополь: СГУ, 2001;
11. Азроянц Э. А. Глобализация: катастрофа или путь к развитию Современные тенденции мирового развития и политические амбиции. - М.: Новый век, 2002;
12. Айнура Элебаева, Нурбек Омуралиев, Рафис Абазов, “The Shifting Identities and Loyalties in Kyrgyzstan: the Evidence from the Field”, Nationalities Paper, Vol.28, No:2, 2000.
13. Айтбаев А. А. Менталитет кыргызского народа как обьект философского исследования. Дис. …доктора филос.наук. – Бишкек, 2007.
14. Айтбаев М. Т. Историко-культурные связи киргизского и русского народов (По материалам Иссык-Кульской области Киргизской ССР). – Фрунзе, 1957.
15. Айтмамбетов Д. О. Культура киргизского народа во второй половине XIX-и нач. XX вв. – Фрунзе, 1967.
16. Айтматов Ч. // Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Бишкек: Бийиктик, 2008. 1, 2, 3, 4-том.
17. Акаев А. Мы идем по пути, который называется третьим: [Президент Республики Кыргызстан отвечает на вопросы главных редакторов газет «Слово Кыргызстана» и «Кыргыз туусу»] // Слово Кыргызстана. – 1991. – 9 октября.
18. Акмолдоева Ш. Б., Ниязова Ж. К. Этикет кыргызов. – Бишкек: «Илим», 2005.
19. Алтмышбаев А. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. – Фрунзе, 1985.
20. Алтухов В. Многомерный мир третьего тысячелетия // Мировая экономика и международные отношения. - 2000. - № 7. - № 12;
21. Алымбаева Б. Культура и быт Кетмен-Тюбинских киргизов. – Фрунзе, 1979; Алымбаева Б. Стационарное жилище кыргызов (конец XIX – начало XX веков) // Культурное наследие и народное творчество. – Бишкек, 2006.
22. Алымкулова С. К. Кыргызско-алтайские этнокультурные связи // Авторев.дис. …канд.ист.наук: 07.00.07. – Бишкек, 1999.
23. Аманалиев Б. Из истории философской мысли киргизского народа. – Фрунзе, 1963.
24. Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары. 1-китеп. - Б., 1992;
25. Анилионис Г. П., Зотова Н. А. Глобальный мир: единый и разделенный. Эволюция теорий глобализации. - М.: Международные отношения, 2005;
26. Антипина К. И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. – Фрунзе, 1962;

27. Артановский С. Н. Историческое единство человечества и взаимное влияние культур. Философско-методологический анализ современных буржуазных концепций. - Л., 1967.
28. Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы: Очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии. - Б., 2001;
29. Арутюнов С. А. Диаспора - это процесс // Этнографическое обозрение. - 2000. - № 2.
30. Арутюнов С. А. Этничность - объективная реальность // Этнографическое обозрение. - 1995. - № 5.
31. Асанканов А. А. Кыргызы: рост их национального самосознания. – Бишкек: Мурас, 1997.
32. Аттокуров С. А. Кыргыз этнографиясы. – Бишкек, 1998.
33. Ачылова Р. Кыргыз эли // Кыргыз руху. – 1994. 20-май;
34. Аширалиев Д. А. Философия кыргызов в номадической культуре // Вестник КНУ имени Ж. Баласагына. Материалы международной конференции «Философии истории и образования: поиски и проблемы», посвященной 70-летию профессора А. И. Исмаилова и 15-летию Института социально-гуманитарных наук (бывшего факультета философии и госуправления) КНУ имени Ж. Баласагына. Декабрь, 2007. – Сер. 1. – Вып. 1. – Бишкек: КНУ, 2007.
35. Байбосунов А. Донаучные представления киргизов о природе. – Фрунзе, 1990.
36. Байгазиев С. Кыргыз журту ободогу бүркүттүн көзү менен // Кут билим. – 1994. 26-январь;
37. Бакиева Г. А. Психология познания // Социальная память и ее роль в развитии культуры и общества. - Бишкек, 2001.
38. Бакиров Н., Егембердиев И. Кыргыз Республикасынын калкы // Кыргызстан географиясы. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.
39. Бактыгулов Дж. С., Плоских В. М., Мокрынин В. П. Кыргыз элинин тарыхы. Очерктер // Эл агартуу. - 1990-1991;
40. Бараталиев Ө. Жалпы маалымат // Кыргызстан географиясы. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.
41. Баялиева Т. Д. Религиозные пережитки у киргизов и их преодолоение. – Фрунзе, 1981.
42. Безертинов Р. Н. Тенгрианство – религия тюрков и монголов. – Набережные Челны, 2000;
43. Бергер П. Л. Культурная динамика глобализации // Многоликая глобализация. Культурное многообразие в современном мире. - М.:Гардарика, 2004.
44. Бернштам А. Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1997-1998. - Т. I; II;
45. Бичурин Н. Я. Собрания сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. – Ч. 1-2. – М., Л., 1950.
46. Большой энциклопедический словарь / Под редакцией А. М. Прохорова. – М.: Научное издательство «Большая Российская энциклопедия»; СПб.: «Норинт», 1998.
47. Брокгауз и Ефрон. Энциклопедический словарь. - Т. 25. - СПб., 1894.
48. Бромлей Ю. В. Этносоциальные процессы: теория, история, современность. - М.: Наука, 1987;
49. Валиханов Ч. Ч. Избранные произведения: В 5-ти томах. – Т. 1-5. – Алма-Ата, 1958.
50. Галкин А. А. Глобализация и политические потрясения XXI века // Полис. - 2005. - № 4.
51. Гачев Г. Национальные образы мира. Центральная Азия: Казахстан, Киргизия. Космос Ислама (интеллектуальные путешествия). – М.: Издательский сервис, 2002.
52. Голенкова З. Т., Игитханян Е. Д., Казаринова И. В. Маргинальный слой: феномен социальной самоидентификации // Социс. - 1996. - № 8.

53. Гордонов В. К., Жданко Г. А., Долгих Б. О. Основные направления этнических процессов у народов СССР // СЭ. - 1961. - № 4.
54. Гурвич И. С. Некоторые проблемы этнического развития народов СССР // СЭ. - 1967. - № 5.
55. Гусейнова М. Дж. Этническая культура турков-месхетинцев в Кыргызской Республике. – Бишкек: диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук, 2013.
56. Дербишева З. Кыргызская нация переживает период раздробленности // 07/12/11 14:57, Бишкек – ИА «24.kg»;
57. Дергачев В. А. География маргинальной комплиментарности // Известия русского географического общества. - 1995. - Вып. 3.
58. Джусупбеков А. К., Тогусаков О. А. Родоплеменные идентичности кыргызов - Социально-философский анализ // Kırgıstan. Problemy kulturowe i społeczno-polityczne. – Biszkek-Warszawa, 2011.
59. Диалог историков. Письмо А. Дж. Тойнби Н. И. Конраду // Новый мир. – 1967. - № 7.
60. Дононбаев А. Д. Мировоззрение акынов-заманистов // Общественно-философская Мысль народов Востока. – Бишкек, 1991.
61. Дятлов В. Диаспора: попытка определиться в термине и понятии // «Диаспоры». – 1999. - № 1;
62. Егоров В. К. Философия культуры России: контуры и проблемы. – М.: РАГС, 2002;
63. Ефремова Т. "Новый словарь русского языка. Толково-словообразовательный". «ГРАМОТА.РУ» (2001–2002).Архивировано из первоисточника 31 мая 2012.
64. Жолдасбеков М. Доисламская культура и менталитет казахов // Парасат. - 1994. - №.9;
65. Жээнбеков С. Трайбализм – улуттук трагедиябыз // ЭрК. – 1993. сентябрь;
66. Земскова Елена. Круглый стол «Национализм в имперской России: идеологические модели и дискурсивные практики». – М.: Российский государственный гуманитарный университет, 24 июня 2002 г.;
67. Ибраев К. Миропонимание древних кыргызов. – Бишкек, 2001.
68. Ибраимов К. Б. Философско-познавательные измерения мифологического сознания в контексте современной Социальной мысли (по творчеству Ч. Айтматова). – Бишкек: Дис. ... канд. филос. наук, 2000.
69. Иванов Н. Глобализация и проблемы оптимальной стратегии развития // Мировая экономика и международные отношения. - 2001. - № 2, 3;
70. Иглицкий А. Глобализация: за гуманистический выбор // Полис. - 2001. - № 3;
71. Игнатовская Н. Б. Природа как ценность культуры. - М., 1987.
72. Илебаев А. К. Кыргызские игры и развлечения // Автореф. дис. …канд.ист.наук: 07.00.07. – Бишкек, 2007.
73. Илларионова Т. С. Этническая группа: генезис и проблемы самоидентификации (теория диаспоры). - М.: Наука, 1994;
74. Исмаилов А. И. Философия духа кыргызского народа. – Бишкек, 2002;
75. Исраилова-Харьехузен Ч. Традиционное общество кыргызов в период русской колонизации во второй половине XIX-и нач. XX вв. и система их родства. – Бишкек, 1999.
76. Какеев А. Ч. Философская мысль в Кыргызстане: поиски и проблемы. – Бишкек, 1995.
77. Капалбаев О. Э. Кыргыздардын салтык жыгаччылыгы: (Тарыхый-этнографиялык изилдөө. XIX к.аягы XX к.башы) // Автореф.дис. …канд.ист.наук: 07.00.07. – Бишкек, 2007.
78. Карасик В. И. Языковой круг: личность, концепты, дискурс. – М., 2002.
79. Каратаев О. К. Кыргыздардын этномаданий байланыштары (эн тамгалар, этнонимдер, жер-суу аталыштары, этнографиялык маалыматтардын негизинде) // Автореф.дис. …докт.ист.наук: 07.00.02, 07.00.07. – Бишкек, 2004.

80. Кебекова Б. Арстанбек Буйлаш уулу // Кебекова Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери. – Бишкек: «Турар», 2009.
81. Кебекова Б. Калыгул Бай уулу // Кебекова Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери. – Бишкек: «Турар», 2009.
82. Кирквуд К. Ренессанс в Японии. – М., 1988.
83. Койчуев Т. О менталитете кыргызов // Республика. – 1992. 21 июля;
84. Колосов В. А., Галкина Т. А., Куйбышев М. В. География диаспор на территории бывшего СССР // Общественные науки и современность. - 1996. - № 5.
85. Кондаков И. В. К феноменологии "грядущего хамства" // Д.С. Мережковский: мысль и слово. - М., 1999.
86. Концепция государственной миграционной политики Российской Федерации на период до 2025 года, утверждена Президентом Российской Федерации 13 июня 2012 года.
87. Котин И. Ю. Процессы формирования южноазиатской диаспоры (XIX -XXI). Автореф дис...доктора исторических наук. - СПб.: СПбГУ, 2007. - С. 19; Бабаков В. Г. Кризисные этносы. - М.: ИФ РАН, 1993;
88. Коул М., Скрибнер С. Культура и мышление: психологический очерк. - М., 1997.
89. Кузнецов В. Что такое глобализация? // Мировая экономика и международные отношения. – 1998. - № 2.
90. Кулматов Н. Кыргызчылык. – Бишкек, 1994;
91. Кыргыз Руху. – 1997. 5-11 марта.
92. Кыргыз Совет энциклопедиясы. – Фрунзе, 1980. – Т. 3.
93. Кыргызско-русский словарь. В двух книгах. Около 40000 слов / Сост. К. К. Юдахин. – Ф.: Главная редакция Киргизской Советской энциклопедии, 1985. – Кн. 1.
94. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. – Бишкек, 2003.
95. Кыргыз эл ырчылары. – Бишкек, 1994.
96. Кюнер Н. В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. - М., 1961;
97. Лаллукка С. Диаспора. Теоретический и прикладной аспекты // Социол исследования. – 2000. - № 7.
98. Ларюэль М. «Русская диаспора» и «российские соотечественники» // Демократия вертикали / Сост. А. Лебедева М. М., Мельвиль А. Ю. «Переходный возраст» современного мира // Международная жизнь. - 1999. - № 10; Верховский. - М.: Гардарика, 2006;
99. Левин З. И. Менталитет диаспоры (системный и социокультурный анализ). - М.: ИВ РАН «Крафт+», 2001.
100. Лиходей О. А. Субъективные факторы маргинализации // Материалы конференции «Ценности советской культуры в контексте глобальных тенденций XXI века». - М., 2002.
101. Лосев А. Ф. Философия. Мифология. Культура. - М., 1991.
102. Маанаев Э., Эралиев 3., Эсен уулу Кылыч. Кыргызы в древности и средневековье. - Б., 1997;
103. Маркс К., Энгельс Ф. Соч. - Т. 4.
104. Милитарев А. О содержании термина «диаспора» и к выработке его определения // Диаспоры. - 1999. - № 2-3.
105. Миллер Алексей. Русификации: классифицировать и понять // «Ab Imperio». – 2002. - № 2.
106. Мокеев А. К вопросу об этнических связях киргизов и карлуков // "Манас" университети. Коомдук илимдер журналы. - Б., 2001;
107. Молдобаев К. Национальный ренессанс и диалог цивилизаций, менталитетов и новаций // Слово Кыргызстана. – 1992. 18 июня;
108. Мукасов Ы. М. Историческая динамика Социально-философской мысли кыргызского народа (до начала XX века). – Бишкек: Дис. ... д - ра филос. наук, 2000.
109. Мусаев К. История Великой Кыргыз-Кыпчакской империи. – Бишкек: Кыргызстан, 2002;

110. Мустафаев Н. Доисламская культура и менталитет казахов // Арай-Заря. - 1993. - №7-8-9.
111. Мюрдаль Г. Современные проблемы "третьего мира". - М., 1973;
112. Народы Передней Азии. - М.: Изд-во АН СССР, 1957.
113. Незихоглу Х. Постсоветтик Кыргыз Республикасындагы улуттук иденттүүлүктүн саясий процесстердеги орду жана ролу. Бишкек: Саясат таануу илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражаны изденип алууга талаптанып жазылган диссертация, 2013;
114. Ночевкин В. Все чаще кажется, что действует тайный план спаивания киргизстанцев // Дело №... . – 2004. 21 апреля.
115. Нэсбитт Д., Эбурдин П. Что нас ждет в 90-е годы. Мегатенденции. Год 2000. Десять новых направлений на 90-е годы. - М., 1992;
116. Омурзаков С. История кыргызов и Кыргызстана. Учебное пособие. - Бишкек, 2002;
117. Орусбаев А. Языковая жизнь Киргизии. - Фрунзе, 1990.
118. Осмонов О. Дж. История Кыргызстана. (С древнейших времен до наших дней). Учебник для высших учебных заведений. – Бишкек, 2005.
119. Осоров З. Это действительно национальная болезнь // Свободные горы. – 1994. 7 января;
120. Өмүралиев Ч. Уруучулук трайбализмби? // Асаба. – 1992. 5-март.
121. Өмүрканов А. Арданyу // Республика. – 1997. 11-17 марта;
122. Перепись населения и жилищного фонда Кыргызской Республики 2009 года. Книга 2 (часть первая) // НАСЕЛЕНИЕ КЫРГЫЗСТАНА. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики. – Бишкек, 2010
123. Петров Н. Я. Салман Рушди и его "сатанинские стихи" // Народы Азии и Африки. - 1990. № 5.
124. Пефтиев В. Развивающийся мир: глобализация или регионализация // Мировая экономика и международные отношения. - 2000 - № 7;
125. Пінчук О. Мова та духовний потенціал людини і етносу. // Генеза. - № 2. - 1994.
126. Платон. Соч.: В 3-х томах. - Т. 3. – Ч. 1. - М., 1972.
127. Плюскин Ю. М. Личность на перекрестке культур: модели социализации в условиях межкультурного взаимодействия. - Новосибирск. 1995.
128. Попков В. Д. Феномен этнических диаспор. - М.: ИС РАН, 2003;
129. Попова И. П. Новые маргинальные группы в российском обществе // Социс. - 1999. - № 7.
130. Поршнев Б. Ф. Социальная психология и история. – М., 1979.
131. Потерянный Юг. – Бишкек, 2007.
132. Программа политической партии «Замандаш-Современник». 4.7. Миграция.
133. Радлов В. В. Опыт словаря тюркских наречий. – Т. 1. – М., 1963.
134. Ракымбай уулу Н., Шыкмаматов А. Регионализм в Кыргызстане - мифы и реальность // http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1259617560. 01.12.2009
135. Рахманалиев Р. Империя тюрков. Тюркские народы в мировой истории с X века до н.э по XX век н.э. Монография. – М.: Прогресс, 2002.
136. Рашид-ад-Дин. Сборник летописей. – Т. 1. – Кн. 1. – М., Л., 1952.
137. Риттер К. Землеведение Азии. География стран, находящихся в непосредственных сношениях с Россией. – Т. 3. – СПб., 1860.
138. Рожков К. Глобализация как вызов национальной экономике // Международная жизнь. - 2001. - № 1;
139. Рюмина М. Т. О маргинальном характере гротеска // Маргинальное искусство. - М., 1999.
140. Салиев А. Человек входит в мир. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983.
141. Салморбекова Р. Б., Исраилова Н. А. Социальная напряженность в современном Кыргызстане. – Б.: 2010.

142. Сарыгулов Д. И. Тенгрианство и глобальные проблемы совремменности. Теңирчилик – кыргыздардын дүйнө таанымы, түбөлүк билими. – Бишкек: Фонд «Тенгир Ордо», 2002;
143. Семенов Ю. И. Этнос, нация, диаспора // Этнографическое обозрение. - 2000. - № 2.
144. Сигутина М. А. Бездомность: состояние и пути решения проблемы. – Ростов, 2002.
145. Силласте Г. Г. *Интеллигенция* в канун и в период бури глобального кризиса: Монография. – Харьков, 2009.
146. Смирнов И. Н. Обрусение инородцев и задачи обрусительной политики // Исторический вестник. - 1892. – Т. 47. - № 3.
147. Соколова З. П. Культ животных в религиях. - М., 1972;
148. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. – Бишкек, 2003.
149. Социология: Энциклопедия / Сост. А. А. Грицанов, В. Л. Абушенко, Г. М. Евелькин, Г. Н. Соколова, О. В. Терещенко. - Минск: Книжный Дом, 2003.
150. Стамова Р. Д., Соорбекова Ж. Ж. Истоки и особенности кыргызского национализма. – Бишкек, 2011
151. Сыдыков О. Кыргыз санжырасы. – Фрунзе, 1990.
152. Тишков В. А. Исторический феномен диаспоры // Национальные диаспоры в России и за рубежом в XIX-XX вв.: сборник статей. - М., 2001.
153. Тишков В. А. О феномене этничности // Этнографическое обозрение. - 1997. - № 3.
154. Тойнби А. Постижение истории. – М.: Прогресс, 1991;
155. Токтакунова Э. Ж. Народный традиционный календарь кыргызов // Автореф.дис. …канд.ист.наук. 07.00.07. – Бишкек, 2008.
156. Торопова Е. Л. Феномен маргинальной этничности в антропологии Великобритании и США // Этнографическое обозрение. - 1999. - № 2.
157. Тощенко Ж. Т. Чаптыкова Т. И. Диаспора как объект социологического исследования // Социс. - 1996. - № 12.
158. Тугаринов В. П. Личность и общество. - М., 1965.
159. Уголовное право // Манас и право. - С.284.
160. Упорова Г. И. Маргинальность и проблемы перехода к новой системе ценностей // Социальный професс: проблемы гуманизации. - Сыктывкар. 1992.
161.Урманбетова Ж. К., Абдрасулов С. М. Истоки и тенденция развития кыргызской культуры. – Бишкек, 2009;
162. Фиельструп Ф. А. Из обрядовой жизни киргизов начала XX века. – М., 2002.
163. Хазанов А. М. Кочевники и внешний мир. – Алматы: Дайк Пресс, 2002;
164. Хантингтон С. Столкновение цивилизаций. - М.: Изд-во АСТ, 2003.
165. Хоруженко К. М. Культурология. Энциклопедический словарь. – М., 1997.
166. Хрестоматия по истории Кыргызстана (с древности до XX века) / Сост. В. А, Воропаева. – Бишкек, 1997;
167. Чернышевский Н. Т. Поли. собр. соч. - М.: Гослитиздат, 1949. - Т. 2.
168. Чешков М. А. Глобалистика как научное знание. Очерки теории и категориального аппарата. – М.: Международные отношения, 2005;
169. Чешков М. А. Двойная спираль глобализации (опыт теоретического конструирования реальности). - М.: ИМЭМО РАН, 2007;
170. Чоротегин Т., Омурбектегин Т. Хунну доорундагы бабаларыбыз / Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Өнөр / Түзгөн К. Жусупов. - 3-китеп. - Бишкек, 1995.
171. Шакирова Д. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы Чыгыш-Батыш маданияттарынын диалогу проблемасы: тарыхый-философиялык анализ. - Бишкек: Философия илимдеринин кандидаттыгына талаптанып жазылган диссертация. – Бишкек, 2011.
172. Шеффер Г. Диаспоры в мировой политике // Диаспоры / Diasporas. - 2003. - № 4.

173. Эдилова М. М. Жакырчылык социалдык көрүнүш катары (Өтмө мезгилдеги Кыргызстандын мисалында): Философия илимдеринин доктору илимий даражасына жазылган диссертация. – Бишкек, 2001.
174. Эриксон Э. Идентичность: юность и кризис. - М.: Флинта, 2006;
175. Юнг К. Г. Архетип и символ. - М., 1991;
176. Яхонтов С. Е. Древнейшие упоминания названия «киргиз» // Советская этнография. – 1970. - № 2.
177. Adrienne Lynn Edgar, "Marriage, Modernity, and the 'Friendship of Nations': Interethnic Intimacy in Post-War Central Asia in Comparative Perspective", Central Asian Survey, vol.26, no.4, December 2007.
178. Antonovsky A. Toward a refinement of the "Marginal Man" concept // Social Forces. - 1956. - Vol.35.
179. Armstrong J. A. Mobilized and proletarian diasporas// American Political Science Review. – 1976 - № 20 (2).
180. Ashkenazi A. Identitutsbewahrung, Akkulturation und die Enttauschung in der Diaspora-// Dabag M. und Piatt K. (Hg.).Identitat in der Fremde. Bochum : Universitatsverlag, 1993.
181. Baneijee N. Modernisation and marginalisation // Social scientist. - Trivandrum, 1985. - Vol.13.-№ 149/150.
182. Chotaeva Cholpon. Ethnicity, Language and Religion in Kyrgyzstan, (Japan: Tohoku University Press, 2004).
183. Clifford J. Diasporas II Current Anthropology. - 1994 . - № 9 (3).
184. Edward C. Thaden, Ed. 1981. Russification in the Baltic Provinces and Finland, 1855—1914. - Princeton: Princeton University Press. ISBN 0-691-05314-6;
185. G. Kitching, "Nationalism: The Instrumental Passion", Capital & Class, no. 25, 1985.
186. Gene Huskey, "Kyrgyzstan: The Politics of Demographic and Economic Frustration", in Ian Bremmer and Ray Taras (eds.), New States, New Politics: Building the Post-Soviet Nations, (Cambridge: Cambridge University Press, 1997).
187. Geoffrey Hosking. Russia: people and empire, 1552-1917. - Harvard University Press, 1997. ISBN 0674781198, 548 pages.
188. Giddens A. Modernity and Self-Identity: Self and Society in the Late Modern Age. - Stanford: Stanford University Press, 1991;
189. Golovensky D. The marginal man concept: An analysis and critique // Social Forces. - 1956. - Vol.30.
190. Karen Dawisha and Bruce Parrott, Russia and The New States of Eurasia: The Politics of Upheaval, (Cambridge: Cambridge University Press, 1994).
191. Landau J., Kellner-Heinkele B. Politics of Language in the Ex-Soviet Muslim states: Hurst and Company, 2001.
192. Mirzohid Rahimov. "From Soviet Republics to Independent Countries: Challenges of Transition in Central Asia", Perspectives on Global Development and Technology, vol.6, issues.1-3, 2007;
193. Montserrat Guibernau, Nationalisms: The Nation-State and Nationalism in the Twentieth Century, (Cambridge, Polity Press, 1996).
194. Park R. Human migration and the marginal man // American Gournal of Sociology. - 1928.- Vol. 33.
195. Simon Crisp, "Kirgiz", in Graham Smith (ed.), The Nationalities Question in the Soviet Union, (London: Longman Group, 1990).
196. Smith A. D. The Ethnic Origin of Nations. - Oxford: Oxford University Press, 1987;
197. Steven Sabol, "The Creation of Soviet Central Asia: The 1924 National Delimitation", Central Asian Survey, vol. 14, no.2, 1995.
198. Stonequist Б. The Marginal Man. A Study in Personality and Culture Conflict. - New York, 1961;
199. Terner J. C Towards a cognitives redefinition of the social group. - Cambridge. University Press, 2003;

200. Tololiyan Kh. Exile Governments in Armenian Polity II Shain Y. (ed.) Governments-in- Exile in Contemporary Tuomo Polvinen. Imperial Borderland. Bobrikov and the Attempted Russification of Finland 1898—1904. C. Hurst & Co. Publishers 1995. ISBN 1850652295;